Кырг
Д 72



# ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ

# ӨМҮР
# АШУУЛАРЫНДАГЫ
# ИЗДЕР



«Улуу тоолор»
Бишкек 2017

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4
Д 71

*Бул жыйнак атабыздын 70 жылдыгына арналды.*
*Уулдары:* ***КЫЛЫЧБЕК***
***ЖЫЛДЫЗБЕК***
***СЫЙМЫКБЕК.***

Д 71 **Өмүр ашууларындагы издер:** Элестер, эстеликтер.
Түз. *Кылычбек Өмүрбеков.* – Б., 2017 – 360 б.

ISBN 987–9967–477–07–0

Акын Өмүрбек Дөлөев алыскы Ак-Талаа районунда, касиеттүү Теңир-Тоонун бир бурчунда туулуп-өсүп, ошол жерде агарып-көгөрүп, калайык-калкына да ошол жерден орошон талантын, ак эмгегин арнаган акын, мыкты журналист. Китептин аты эле айтып тургандай элетте тоодон бууракандап аккан дайрадагыдай акын өмүрүнүн шапааты ага ар жылдарда ар кимдерден айтылган, кол тамга катары же башка түрдө жазылган калоо-тилектеринен айкын сезилип турат. Бир карасаң акын-журналисттин өмүр ашууларындагы издери, кайрылып ойго салчу элестери жана жашоо-турмуштан жанып турган жаркыраган ажарлуу сөз менен тартылган сүрөттөрү. Ошол өмүр бейнесине, таланттуу чыгармачылыгына карата ак дилден ыроолонгон азыноолак пикирлер. Башкысы-өмүр башаты, эмгеги чагылдырылган.

Китеп акын-журналисттин өмүр, турмуш жолундагы эң сонун эстелик болмокчу.

Д 4702300100–17

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–4

ISBN 987–9967–477–07–0

© Өмүрбеков К., 2017

*Атамдын жазмасынан*

## УЛУУЛАР ЖОЛУ – УРПАКТАРГА
*(Өмүр баяны)*

**БАБАМ НАМАЗ (1798-ж. Ат-Башы. Келтебик – 1876-ж. жаз айы. Ак-Талаа. Кара-Бүргөн) ЖӨНҮНДӨ**

Ак-Талаа районунун Коңорчок айылында негизги бөлүгү, өзөгү жашаган, калгандары Бишкек ж.б. жерлерди туруктаган «Намаз уулу» тукуму Жумагулдун (Коңорчок айлындагы моңолдор тукуму) 6 уулунун (Тыныкул, Жанай, Жаныбек, Чобо, Намаз, Тердик) бешинчиси Намаздан Акымбек. Жумагул, андан баштагы тукумдарынан бери кандайдыр илмекайып касиеттүүлүк жылоологон тукумдун (Жумагулдун) бул бешинчи уулу Намаз карыялардын айтымында жана өз атам Дөлөнүн уламасында атасы Жумагул намаз окуп жатканда төрөлгөн экен. Жумагул өзү да Жума күнү төрөлүптүр.

– Уулум намаз окуп жатканда туулду, кудай бешенесине касиеттүүлүк ыроологон, тукуму да ошондой жылоолуу болот экен. Атын «Намаз» коёмун, – деп, молдону алып келип асан чакыртып, атын айтканындай коюптур. Намаз бабам эмне жумушка болсо камбыл, кичипейил, тил алчаак, эч качан бой көтөрбөгөн, алдуу-күчтүү, оокатына тың адам болуптур. Улуу агасы Тыныкул Ат-Башыда болуш болуп турганда, үйүнө чоң коноктор келип, аларды шыпылдап тейлеп, кирип-чыгып турган, суусар тебетейчен жигитке «Ой, Тыныкул! Тиги отуң менен кирип, күлүң менен чыгып, эки күндөн бери так кызмат

кылып жүргөн мырза жигит бөрүбашың ким болот сага», – дешет кымызга кууленгөн меймандар.

– Башындагы суусар тебетейи сүрдүү карышкырдын терисиндей көрүнгөн өзүмдүн иним Намаз. Ар дайым силердей азис меймандар келгенде ушул гана иниме ишенип кызмат жасатамын. Колунан баары келет. Таза, ак көңүл, дили менен кимге болсо да жаккан азамат, -дейт Жумагул конокторунун инисине суктанган сөзүнө маашырлана.

Ошол бойдон тели-теңтуштары да «Бөрүбаш» атап калышат. Кийин Намаз уландары чоңоюп, ат жалын тартып минип, эр уулу менен тең болуп калышканда, очор-бачар болгондо «Жумагул уулу» Ат-Башыдан Ак-Талаага Нарын аркылуу көчөт. Айлап улам конуш которуп, жайлуу жер издешип, мал-мүлкү менен жолго нечен өргүү алып келишет. Жумагулдун балдарынын тыңы аталган Намаз балдарын кыр-кырдан каратып, жылкыларына көз болот. Ар кимдер конуштардан «бул кимдин жылкысы» дешип, сурамжылашат. Коноктор койгон атка терикпей, ал тургай сыймык менен атап калышкан Намаздын (болжолдо 1798-1876) балдары да «Бул бөрүбаш Намаздын башчылыгындагы жылкы» дешет. Мындан улам Нарын районунун аймагында жана Ак-Талаанын Байгөнчөк айылынын ылдый жагында да «Бөрүбаш коктусу», «Бөрүбаш-Коо» деген аталыштар калган. Намаздын сөөгү атам Дөлөнүн, Токтор молдонун, Мааметнасыр Океевдин айтымдарында райондун Кара-Бүргөн айыл округу жайгашкан айылдын түштүк тарабындагы көрүстөнгө коюлган экен. Анткени моңолдорлор – Жумагул уулулар адегенде ошол аймакты да туруктап туруп, анан Кыргоого көчүп, андан Мазарга, Ноот, Орто-Кырчын, Сай-Кырчынга өз ара ымаласына жараша жана ата уулулар аталышып, бөлүк-бөлүк болуп жайланышып калышыптыр.

Чоң атам Акымбектин атама айтуусу боюнча Акымбек Намаздын 55 жашында, 1843-Коен жылы төрөлгөн.

Намаз Акымбек 33 жашка чыкканда 1876-Чычкан жылында каза болгон.

Намаздан улуу аялынан Мамырбай, Бакыбай, эң кичүүсү Акымбек.

Кичүү аялынан Кадаке, Мурзабай.

## ЧОҢ АТАМ АКЫМБЕК




*(Чоң атама эстелик такта. Аны менин уулум Кылычбек тактаны Бишкектен жасатып келип, 2013-жылы, 3-сентябрда, Шейшемби күнү Мазардагы Акымбек бабасынын мүрзөсүнүн дубалынын түбүнө орноткон. Жандык союп, куран окутканбыз. Карындашым Саадаткан да кошо келген. Маманазар бийдин небереси Кулумбай Жыргалбек уулу да биз менен ал күнү бирге болгон).*

## БИР БЕЛГИ БОЛСУН БҮГҮН УРПАГЫҢДАН

*(Чоң атам намаз уулу Акымбектин арбагына)*

Таба албайм, Күн карайын, Ай карайын,
Артыңдан жашың жаштап, жай барайын.
Жашайбыз сен тилеген тилек менен,
Чоң ата, арбагыңдан айланайын!

кылып жүргөн мырза жигит бөрүбашың ким болот сага», – дешет кымызга күүлөнгөн меймандар.

– Башындагы суусар тебетейи сүрдүү карышкырдын терисиндей көрүнгөн өзүмдүн иним Намаз. Ар дайым силердей азис меймандар келгенде ушул гана иниме ишенип кызмат жасатамын. Колунан баары келет. Таза, ак көңүл, дили менен кимге болсо да жаккан азамат, -дейт Жумагул конокторунун инисине суктанган сөзүнө маашырлана.

Ошол бойдон тели-теңтуштары да «Бөрүбаш» атап калышат. Кийин Намаз уландары чоңоюп, ат жалын тартып минип, эр уулу менен тең болуп калышканда, очор-бачар болгондо «Жумагул уулу» Ат-Башыдан Ак-Талаага Нарын аркылуу көчөт. Айлап улам конуш которуп, жайлуу жер издешип, мал-мүлкү менен жолго нечен өргүү алып келишет. Жумагулдун балдарынын тыңы аталган Намаз балдарын кыр-кырдан каратып, жылкыларына көз болот. Ар кимдер конуштардан «бул кимдин жылкысы» дешип, сурамжылашат. Коноктор койгон атка терикпей, ал тургай сыймык менен атап калышкан Намаздын (болжолдо 1798-1876) балдары да «Бул бөрүбаш Намаздын башчылыгындагы жылкы» дешет. Мындан улам Нарын районунун аймагында жана Ак-Талаанын Байгөнчөк айылынын ылдый жагында да «Бөрүбаш коктусу», «Бөрүбаш-Коо» деген аталыштар калган. Намаздын сөөгү атам Дөлөнүн, Токтор молдонун, Мааметнасыр Океевдин айтымдарында райондун Кара-Бүргөн айыл округу жайгашкан айылдын түштүк тарабындагы көрүстөнгө коюлган экен. Анткени моңолдорлор – Жумагул уулулар адегенде ошол аймакты да туруктап туруп, анан Кыргоого көчүп, андан Мазарга, Ноот, Орто-Кырчын, Сай-Кырчынга өз ара ымаласына жараша жана ата уулулар аталышып, бөлүк-бөлүк болуп жайланышып калышыптыр.

Чоң атам Акымбектин атама айтуусу боюнча Акымбек Намаздын 55 жашында, 1843-Коен жылы төрөлгөн.

Намаз Акымбек 33 жашка чыкканда 1876-Чычкан жылында каза болгон.

Намаздан улуу аялынан Мамырбай, Бакыбай, эң кичүүсү Акымбек.

Кичүү аялынан Кадаке, Мурзабай.

## ЧОҢ АТАМ АКЫМБЕК




*(Чоң атама эстелик такта. Аны менин уулум Кылычбек тактаны Бишкектен жасатып келип, 2013-жылы, 3-сентябрда, Шейшемби күнү Мазардагы Акымбек бабасынын мүрзөсүнүн дубалынын түбүнө орноткон. Жандык союп, куран окуткканбыз. Карындашым Саадаткан да кошо келген. Маманазар бийдин небереси Кулумбай Жыргалбек уулу да биз менен ал күнү бирге болгон).*

## БИР БЕЛГИ БОЛСУН БҮГҮН УРПАГЫҢДАН

*(Чоң атам намаз уулу Акымбектин арбагына)*

Таба албайм, Күн карайын, Ай карайын,
Артыңдан жашың жаштап, жай барайын.
Жашайбыз сен тилеген тилек менен,
Чоң ата, арбагыңдан айланайын!

Мекени Мазар, терек көк тиреген,
Эрдигиң, өткүрлүгүң өрт жиреген.
Баарысын акыл калчап, чече билген,
Адамдык жолдо көрктүү, көп түр элең.

Турмушуң өрлөп турган тоону карай,
Урпакка өмүрүңдүн жолу уядай.
Так айткан келечегин балдарыңдын,
Өзгөчө адам элең олуядай.

85 курагыңа жете берген,
Алдыда не болоорун сезе берген.
Сейрек бир көзү ачыктык касиетиң,
Кош айтып, таза туруп кете берген.

Турабыз арбагыңдан түз кезигип,
Биргелик бир эле эмес, жүз сезилип.
Так азыр Дөлө уулуң 113 жаш,
А. өзүң туулганга жүз жетимиш!

Мазарсың биз сыйынчу ар убакта,
Кылымдап куран окуп калынат да.
Айкашып сени менен жергең Мазар,
Жол болуп муундарга барылат да.

Кең жолсуң, таазим, жарык нур чагылган,
Жакшылык келет жаткан турпагыңдан.
Кылымдап бизде жашай бермекчисиң,
Бир белги болсун бүгүн урпагыңдан!

*(2-сентябрь, 2013-жыл. ).*

**АКЫМБЕК** – (1843-Коен жылы, Мазар участкасы-- 1928-Маймыл жылы, азыркы Коңорчок айыл аймагына караштуу Мазардагы ошол кездеги моңолдор айылы) – касиеттүү, нарктуу адам. 85 жыл жашаган. Чоң атам кыдыр

жылоологон, Жумагул бабабыз айткандай көзү ар нерсеге жетик, калыс, чынчыл, эч кимге кара санабаган, бей-бечерага ар убак кайрылган, алпейим, жоомарт, кимге болсо өң-ыраага карабай тике айткан, өөдөсүнбөгөн, бийик адамгерчиликтүү, өз күчү, уландары менен орто байыган, 500 кой, үч айгыр үйүр жылкы күткөн, анча-мынча аштык айдатып, кышка чөп жыйып алган, бирөөгө көз карандысыз жашаган адам болгон. Моңолдор тууганы (Тыныкулдан Өмүрзак, андан Маманазар) Маманазар бийге «Бий, тууганыңа тартып койдуң. Жакшы эмес. Калыс бол, тең кара. Чоңдорго жасакерлене бербе» дечү Акымбек» дейт маркум Токтор Куламышов карыя. Кеч күздө семиз бээсин сойдуруп коюп, чучугун бүт бышыртып, боз үйдүн капшытына чийге жайдырып салып, көңүлү сүйгөн адамдарды чакырып, «кел, чучуктун мөлүнөн же. Кубат эмеспи» деп кыя кесип бере берүүчү экен. Орозодо атайын бир бээсин сойдуруп, үч-төрт муунап айылдагы элдин жаш-карысынан бери өз-өзүнчө баарын чакырып, ооз ачтырган. Согумга эки бээден согум кылып, кыштата элге согум ооз тийгизген. «Менин малымда элдин көз акысы бар, элден аябай тамак берели» – деп, качан болсо жайылып турган. Жазда бээни эрте байлатып, кымызды чаначы менен жанына алдырып, өзү ичкен бир литрдик жыгач кесесин койдуруп, дөңгө отуруп алып, өткөн-кеткенди чакырып кымыз ичирген. Бей-бечараларга айрыкча караган. «Каныңар толсун» деп, кымыздан көбүрөөк ичүүнү сунуштаган.

1910-жылы Көтмалдыда (Балыкчыда) сыяз – сьезд (курултай, чоң жыйын) болгон. Ага Нарын, Ысык-Көл, Чүйдөн аттуу – баштуулар катышкан. Коңорчоктон Маманазар бий да чакырылган. Бийдин жубайынын боюнда болуп, ай-күнүнө жетип калган учур экен. Барбайын деп, андан, барайын деп, аялынын мындай абалынан сарсанаага түшүп, акыры Акымбек байды үйүнө чакыртат.

– Акымбек бай! Айылдагы кадырлашым, кандай иш болсо да кеңештешим, курбалдаш кыйбасым сен элең.

Ушуга чейин эркек баланын үнүн уга элекмин. Буюрса, байбичем көз жарган турат. Кудайдын мандайга жазганындай болот. Антсе да үмүтүм бар, «Уулдуу болуп каламбы» – деген. Эгерде уул төрөлүп калса, сенден башка сүйүнчүлөп, тээ Көтмалдыга чейин барчу ишенимдүү кишим жок. Тилекти кудай берсе өзүң барып бер, – дейт чын дилинен.

Чоң атам астейдил макул болот, аны өзүнүн жакшылыгындай кабылдап.

Бий кетет сыязга. Ошол 1910-жылы жайда Балыкчы аймагында өткөн Курултайды Жети-Суу аскер губернаторунун чечими менен Кыдыр аке башкарып, анда мүлктүк маселелер, соттук иштер, кыргыз каада укугунун булагы болгон эрежелер кабыл алынган. Кыдыр аке 1906-жылдан 1917-жылга чейин орус империясынын Мамлекеттик Думасынын 4-чакырылышынын депутаты болгон. Кыдыр аке кыргыз элинин каада-салттарын мыкты билгендиги үчүн мыйзам чыгаруу иштерине жигердүүлүк менен катыша алган («Теңир-Тоо» гезити. 7-бет. 22-ноябрь, 2013-жыл).

Маманазардын көктөн тилегени туш келип, аялы эркек төрөйт. Убадалашкан Акымбек бай Бөгөнөк урруусунан болгон күйөө баласы Кармышакты жанына ээрчитип алып Көтмалдыга жөнөйт. Жолго үч күнү коно жатып, акыры сурамжылап жүрүп олтурушуп, Курултай өтүп жаткан жерге жете келишет. Айланасы кызыл чоктор менен тегерете кайтарылган, катуу тартипте көзөмөлдөнгөн жайыкта, сыртынан ортого чейин бир чакырымдай аралыкта сыяз тынч, бейкапар өткөрүлгөн. Ортого бир жан да өткөрүлбөйт.

Акымбек бай бекем тосмолоп турган кызыл чокторго өз орду менен, жүйөөлүү сөз салып, өзүнүн да бул жерге даатутуп келген оңой адам эмес экенин даана сездирип, кайта-кайта суранып атып, Маманазар бийдин уулдуу болгонун, ал жакшылык үчүн канча күндүк жерден ат

арытып, бийдин суроосу боюнча атайын сүйүнчүлөп келгенин толук түшүндүрөт. Алар эптеп жолун табышып, жыйынды башкарган Кыдыр акеге айтышат. Кыдыр аке аркылуу Маманазар бий өмүрдөгү бул чоң бактысын эмне кылаар айласын таппай, зор кубаныч менен угат. Кыдыр аке Жети-Суу аскер губернаторунан келген өкүлдөр, өзүндөй төбөсү көрүнгөндөр менен кеңешип, Маманазар бийдин ак эткенден, так этип жүрүп көргөн, тукум улаар перзентин андагы элге жарыя салып, Курултайды үч күнү токтоттуруп, той өткөртөт. Ал жерден Маманазар бий 40 бышты байтал алып, элден уулуна бата алат. Курултайдын катышуучулары «Уул жыргалдуу кезде төрөлдү, аты Жыргалбек болсун!» – дешип, азан чакыртып, баланын атын Жыргалбек коюшат. «Баланын жанын кудай таштан жаратсын!» – деп, келечегине ак тилектерин айтып бата беришет. Анда Курултайды жогорку деңгээлде өткөргөндүгү үчүн орус, казак, кыргыз өкүлдөрү Кыдыр Байсариевге ыраазычылык билдиришкен.

Маманазар бий ишенимдүү курбалдашы, кайраттуу, каарман адам Акымбекке төөсүн тайлагы менен сүйүнчүгө берген. Чоң атам тайлагын күйөө баласы Карымшакка ыроологон.

Ошол Жыргалбек Маманазар уулу элдин батасы менен көгөрүп, элдин башындагы, акылдуу, уюштургуч, адамга боорукер, нарктуу, салттуу мыкты адам болуп өскөн. Ал кишини мен да көрүп, нечен курдай аңгемелешип, мен иштеген райборбор Дөрбөлжүнгө келгенде үйгө жаткырып, коноктогон учурларым болгон. Ал тургай Жыргалбек аке атам, апамдын өкүл атасы болуучу. Тээ чоң атам Акымбектен башталган Маманазар бий менен болгон алакасы алардын балдарынан, неберелеринен ушул кезге чейин үзүлө элек. Коңорчоктогу үйлөрүбүз да бир көчөдө, кошуна-колоң элек. Балдары да Коңорчок айылынын эле эмес, Ак-Талаанын, кыргыз жергесинин мыкты уулдарынан болушту.

Октябрь ыңкылабында Акымбекти «бай» деп кулакка тартмакчы болушкан. Райборборго Мазардан айдап келишкен. Айылдагы букара адамдардан 5-6 адам ээрчий келишип, «Акымбек бай кул күткөн эмес. Өмүр бою уландары менен оокат кылган. Баарыбызга ичээрибизге аш, минээрибизге унаа берген. Ар дайым бей-бечарага кайрылып, каралашып турган. Кулакка тартсаңар, бизди кошо тарткыла» дешип, биротоло бошотуп кетишкен. Ал боюнча экинчи бул маселеге кайрылбоого чоң атамдын колуна кагаз берген. Үйүнө келгенде элди чакырып бата алган.

Өзү нооча бойлуу, көзү чөйчөктөй жайнаган алыбеттүү, карылуу адам болгон. Анжыянга барып соодалап, андан келатып, Мынакелдиге (азыркы Кош-Дөбө кыштагы турган жер) жеткенде жоон топ каракчылардын караанын алыстан шектүү көрүнөт. Чоң атам жанындагы жолдошторуна «эмне болсо чогуу көрөлү, алар деле биздей адамдар» деп мунаса айтса болушпай, жан айласын алдын-ала кылышып, ар кайсы жакка качып кетишет. Каракчылар эртелеп качкандарды өздөрүнүн бир тобу менен кууп жөнөшөт. Бир тобу чоң атамды көздөй ат коюшат. Чоң атамдын аты да начарыраак болуп, «эмне болсо көрүшө жатайын» деп качпайт. Аңгыча, аттары жараган тигилер жете келишип, кеп-сөзгө келбей туш-туштан уртокмокко алышат, чай кайнамча ат үстүндө таймашат. Союлга согулган денеси көгала болот. Акыры каракчылардын жетекчиси баарын токтотуп, «Баатыр ченемсиз эр экенсиң. Биз көппүз. Сен жалгызсың. Эми тийбейли. Алып келаткан буюм-тайымыңды эркиң менен бер. Эрдигиң үчүн атыңды өзүңө калтыралы» -дейт. Жүйөөлүү сөзгө жыгылып, айткандарын жасайт. Жолдо келатса баягы жолулаштары жөө, башы-көздөрү көгөрүп, араң-араң илкип тосуп алышат. «Акымбек бай, сенин тилиңди алып өлбөй, жаман өлбөдүкпү» дешет. Чоң атамдын атына алмак-салмак, чарчагандары алгоолошуп минишип, Мазарга араң, өлдүм-талдым дегенде, кыйналып жетишет.

Элде чоң атам жөнүндө жагымдуу аңыз кептер айтылат. Жазгы баарда, ар жылкы адаттагыдай дөңдө чоң атам ары-бери өткөндөрдү чакырып, аксакалдар болуп кымыз ичип олтурушат. Эгини ал жылы жакшы түшүм берген, дыйкан тууганы Мамырбай уулу Мантай (Эл Куутай дешчү экен) да олтуруп, кептен улам кеп чыгып, «Акымбек бай, мен да сендей бай боломун. Тогуз ургаачы торпок сатып алдым. Алар менен үч жылда уйларым 50дөн ашат. Көрөөрсүңөр, баарыңар күбө болгула» дейт.

– Ээ, Куутайым. «Бай болом» деген киши эле байый берсе, элдин баары бай болбойт беле. Теңир мага маңдайыма ырыскы кылып момундай чийим чийген (Чоң чийимди тегерете чийет). Сага кудай таала момундай ырыскыны (Кичине чийим чийет) чийген. Чийимден эч кимибиз чыга албайбыз. Ооз кесир сүйлөбөй жүр! – деп, чапанын күбүнүп туруп кетет. Мантай, «Жок, андай дебе, сөзсүз байыйм» деп кала берет. Мантай дыйкан киши экен, ошол жылы түшүмү мол түшүп, ага торпокторду сатып алыптыр. Ошол эле жазда Көк-Сайдын «Уу-Жабыр» деген жерине Мантай 9 ургаачы торпокторун чыгарат. Жаанда торпоктор уу чөптөн жеп, баары кырылып калат. Ошондон ушул күнгө чейин Коңорчокто, ал эмес аймакта «Акымбектин чийими», «Акымбек айткандай чийим» деген кеп айтылып, турмушта колдонулат.

Атам Дөлө Акымбектин кичүү уулу. 1980-жылы, 80 жашында, Коңорчок айылында, 7-ноябрда каза болду.

– 1928-жылы, жазда, апрель айында, – дейт атам 1970-жылы, 70 жашында. – Атам (Акымбек чоң атаны, атасын айтат)» балдар, кош бүттүбү?» – деп сурады. «Бүттү» дедик. «Анда уландарды, үй-бүлөсү менен чакыргыла» – деди. Чакырып келдим. Бардыгыбыз атамды тегеректей олтурдук. «Балдарым, сапарым карыды. Баарына, баарыңарга ыраазымын. Силер да ыраазы болгула. Аксарбашыл чоң ирик бар короодо. Ошону алып келип сойгула. Элден да ыраазылык алайын. Койду союп, этин казанга салгандан кийин кайра келгиле. Кебим бар силерге» – деди. Эч

кимибиз үндөбөдүк. Айтканын жасадык. Очоктун айланасына топтолдук. Атам баарыбызга мүнөздөмө берип, алдыда эмне күтүп турганын айтты. Улуубуз Бабыгулга «өркөнүң өсүп, тукумуң көбөйүп, жыдык көрбөй өтөөрсүң» – деген. Ал ошондой эле болду. Саалы агама «ишинден изиң калаар, андан аркысын көрө албай койдум» – деди. Чын эле Коңорчок колхозунун алгачкы жылкычысы болуп, биринчи жолу медаль менен сыйланып, райондо алдыңкы аталып жүрүп каза болду. Тукум калбай калды. Карыбек иниме «артыңды байкай албай калдым» – деп гана тунжурады. Балбан адам эле, көз тийип, дүйнөдөн эрте өтүп кетти. Мага «көрөөрсүң, көрөөрсүң. Бара-бара, кыйналып, кыйналып оңолоорсуң. Артың жакшы болот. Чыдам күт, сабырдуу бол» – деген. Курманжан, Айша эжелеримди «барган жерлеринен бак айтат, күйөө балдарымдын тукумун көбөйтөт» – деген. Алар чын эле коңшу Кара-Бүргөн айылдарына турмушка чыгышып, алардын тукумдары ушул күнгө чейин өсүп-өнүгүшүүдө.

Курманжан эжем (Жалжа – бала кезинде оозу жыйылбай күлгөнүнөн ушундай атап коюшуптур) азыркы Кара-Бүргөн айылындагы Бөгөнөк уруусунун Кармышак аттуу жигитине күйөөгө чыккан. 3–4 жылы согончогу канабай, анан ата-энесин сагынат. Себеби, төрөгөндөн кийин төркүлөтчү экен. Мүмкүн «кетсем» деп да эч кимге айтпай, купуя ойлонгонбу, ким билсин. Илгери антип, эриш бузуп, келин өзү кете алчу эмес да. «Сагындым силерди» деген шылтоосун Мазардагы атасы Акымбекке айттырат. Акылдуу киши кудасы менен кеңешип, жүйөөлүү макулдашып, күйөө баласына үй көтөртүп, энчи бөлүп берип, көчүрүп алат. Андан кийин Жалжа эжем көз жарып, уул-кыз төрөп, очор-бачар болушту. Ошол бойдон Коңорчокто жашап калышып, тээ кийин 60-жылдарда Кара-Бүргөнгө – туугандарына көчүп кетишти.

«Балчебек колуңарга мал койбойт, кара ашымды кошо бергиле» – деп, калбаат, демейдегидей эле сүйлөгөн.

Ошентип, эт бышты. Элди чакырып келдим. Эки элиден ашыгыраак чыккан тайдай ириктин эти желе баштаганда, «Агайын туугандарым! Өмүр сапарым карыды. Кайтамын. Мен силерге ыраазымын. Силер мага ыраазы болгула. Аласа-бересеңер болсо ачык айткыла. Менин андай таклибим жок. Ыраазылык сурап коеюн деп чакыргамын» – деди. Теңтуштары «Акымбек дөөрүбөчү. Тап-таза туруп, түш көрдүңбү?» – дешти таңдана. «Айтты-айтты дээрсиңер. Буюрса аркы дүйнөгө жол тартамын» – деди камаарабай. Эл тарады. Атам «башыма жаздык койчу» – деди мени. Жаздык жаздадым башына. Анан эле көзү сүзүлүп кетип баратат... Окей молдого чуркадым. Үйү биздин үйдөн 150 метрдей алыстыкта эле. Эшигинин алдына жетип калыптыр. Кайра чакырып келдим. Атам аттана берди, молдонун үнүнө кулагын астейдил төшөгөн боюнча. Ашын кошо бердик өзү айткандай. Жылкы, койлорубузду бүт чарбага өткөрүп бердик. Атамдын Чамбыл айгырынын тукумдары Саалы агам жылкычы болгондо, кийин мен жылкычы болгондо да үзүлгөн жок. Биз колхоздо жылкы баккандыктан, ал өзүбүздүн эле жылкыбыздай таасирде, жүрөгүбүзгө канат байлатып, аларды жакшы багууга ынтызардантып жүрдү.

Кийин бүт турмушум атам айткандай келди. Өмүрлүк жарым каза болду. Балдарым төртөө тең бири-биринен бир жаштан эле кичүү. Көрбөгөн кордукту көрдүм.

Алган 8 аялым тең балдарыма ылайкабыл келбей, биринен сала экинчиси кетти. Ачкачылык, оор жылдар. Анан согуш апааты. Жумушчу батальонуна коңшу айыл Чолок-Кайыңдан Ажыманбет Шерманбетов болуп Комсомольск-на-Амуреге бардык. Ал бригадирликке дайындалып, анын көп жардамын көрдүм. Ит өлгөн суук, калың кар. Өлүп кала жаздап, ашказанымдын эки бөлүгүн алдырып келдим. Дөрбөлжүндөн атка таңып жөнөтүшүп, Коңорчокко (50 чакырымдай аралык жолу) үч күндө жеттим. Сыркоомдон араң-араң дегенде оңолдум. Канчалаган азап-тозок менен кызыл чиедей балдарымды ачкадан, ач-

жыланачтыктан өлтүрүп албай, жанымды – жанга уруп жүрүп аман сактап калдым. Чабалакейдей чарк уруп Тянь-Шань районунун айылдарын кыдырып, элдин түбү түшкөн казанын түптөп, күндөп-түндөп иштедим, оор жумуштарын дароо жасап берип, колго тийген азыкты улан-кыздарыма улам ташып келип, жанды сактадык. Анан буйрук экен келиниме үйлөнүп, очор-бачар болдум.

Өмүрүм бүт чарба, Коңорчок айылы, анын ордолуу эли менен ажырагыс байланышты. 25 жылы суу сугардым, 8 жылы жылкы, 5 жылы уй бактым. Арпаны, Миң-Жылкыны, Кум-Белди, Ак-Сай, Көк-Сайды, Баярды жайлап-кыштап жүрдүм. Жашым 75тен ашканча, кийин ардагер болгондо деле жайкысын орто жайлоодон түшкөнүм жок, өмүрүм мал-жан менен өттү. Жаман болгон жок, ак эмгегимдин убайын бала-чакам менен көрдүм. Эл алдында медалдар ж. б. сыйлыктарды алдым. Башкысы – элдин алкышы, ишиме, өзүмө ыраазычылыгы дайыма жүрөгүмө дем берип турду. Атамдын сөөгү Мазарда.



Мен, улуу уулум Кылычбек, карындашым Саадаткан. Чоң атамдын мүрзөсүнө коюлган тактанын жанындабыз.

## АТАМ ДӨЛӨ



Акымбеков Дөлө (1900-ж. Чычкан жылы, Мазар – 7-ноябрь, 1980-ж. Маймыл жылы. Коңорчок айылы)-уста, алдыңкы малчы, «Эмгеги сиңген колхозчу». Бала кезинен дыйканчылык, мал чарбачылык менен шугулданган. Бардык нерседе чарчабай, чаалыкпай, кабагым-кашым дебей иштөөгө көнгөн. Ат таптаган, капкан салган. Чабендестиги, каруусу бардыгы менен өзгөчөлөнгөн. Мыкты улакчы болгон. Өзү жашаган кыштакта кол өнөрчү, устачылыгы менен калкына таанылган. Согуш учурунда жокчулуктун айынан Нарын районунун айыл-кыштактарын аралап казан түптөгөн. Үйүндө көөрүк, боз үйдүн өзү кийин даярдаган бардык илгерки жабдыктарын, тери ийлөөчү талкуу ж.б. станок сыяктуу устачылыкка бүтүндөй керектүүлөрүн өзү карылардан укканы боюнча ойлоп таап, жасаган, капкан чапкан, боз үй жасаган. Анын жасаган 20дан ашуун боз үйлөрү райондун чарбаларына тараган. Кароолордо сыйлыктарга ээ болгон. Орокту, бычакты, молоташты, жаргылчакты жасаган. Чалгыны кесип, ылайыгына жараша кайра кадап чыккан. Кайындан

түндүк жасаган. Кара мээнети, ак эмгеги менен кужурмөндүүлүгү аркылуу элине кызмат кылган. Бак, жемиш дарактарын өстүрүп, түшүмүн мол алган. Үч огороддун чөбүн 75 жашка чыккыча өзү чаап, чий оруп келип боолап, бооланган бедени бастырмасынын үстүнө ар чабыгы сайын жыйып турган. 76 жашында колхозго өз демилгеси менен тоодон атайын атчан түшүп келип, 3 тонна чөп чаап, тартып берип кеткен. Чарбанын башкармасынын төрагасы Эсенгул Карасартов Коңорчоктогу жыйында Акымбеков Дөлөнүн мындай патриоттук демилгесин элге өрнөк катары айтып, даңазалаган. Ошол эле курагына чейин чарбанын башкармасынын сунушу, Жыргалбектей аксакалдардын суроосу менен колхоздун эт багытындагы койлорун Жалал-Абад эт комбинатына чейин Жыргалбек (атамдан 10 жаш кичүү болгон) болуп, айдашып барып, өзүнүн, талаа түлөктүгүн, малга эң эле ыңгайлуулугун көрсөткөн. «Кокуй, мен улуумун, сакалдуумун»– деп, түк бир отуруп албаган, жерге жакын, элпек, жүйөөкеч, жумушту өзү билип эле майын чыгара иштей берген, бир тыным алып отуруу деген болбогон. Мен ойлой берүүчүмүн «Атам канчалык кыймылдап, таңдан кечке тынымсыз иштегени менен эс алат го» деп. Себеби, аксакал болуп калганда, ошол этке кой айдашканда деле атка чаалыкпай, чарчабай жүргөн, кайсы жерге түнөсө ал жерге дароо отту алоолонткон, этин бышырып, сорпосун талкан чалып, тоюнушкан. Жыты буркураган максымды, сүзмө эзип ачытышып, канча ысык болсо да суусундуктан өксүшпөгөн. Суусундугун өзү ыштап, даярдаган жаңы чаначтарына куюп, артынып алган. Ошон үчүн атамды жыл сайын этке койлорду айдаганда сөзсүз кошуп алууга тээ жайдан баштап эле сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүчү. «Дөкөм менен этке мал айдаганда эс алып эле Ошко чейин барып келгендей боломун. Кудай бир зор күч-кубат ыроологон, таза кара мээнет адам да. Силер атаңар менен сыймыктансаңар болот» – деп Жыргалбек аке көп айтуучу эле.

1976-жылдын жыйынтыгында колхоздун Эсенгул Карасартов жетектеген башкармасынын жалпы эл колдогон токтому менен атама «Эмгеги сиңген колхозчу» деген ардактуу наамы ыйгарылып, чарбанын эсебинен айына 13 сомдон наамдын сыйлык акчасы берилип турган.

«Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы 16-июнь, 1942-жылы ыйгарылган. Эмгек фронтунун катышуучусу катары «1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун 30 жылдыгы» юбилейлик медалы менен 5-май, 1975-жылы, райондун борбору Дөрбөлжүн кыштагындагы райондук маданият үйүндө өткөрүлгөн райондук жыйында сыйланган. Бул чогулушка Коңорчоктон атам, анан УАМ согуштун катышуучусу, нечен жыл бригадир болгон Ысаманбент Шерманбетов экөө гана катышышкан. Ушунда атам айрыкча сыймыктануу менен келгени эсимден такыр чыкпайт. Өмүр бою атамдын бир да жолу тигиге же буга мактанганын уккан да, көргөн да эмесмин. Эл өзүн көзүнчө мактап жатса да укпаган немедей, боюна сиңирип, бейгапар тура берүүчү. «Эмгек ветераны» медалы 18-июнь, 1976-жылы берилген. Бул медалдарын эң чоң сыйлык катары, эмгегин өкмөт менен партия ушунчалык баалагандай, таза эмгеги эч бир талаага кетпегендей, канааттануу менен ичтен туюучу. Райондук аскер комиссариатындагы ченем боюнча 44 жашындагы боюнун узундугу 1 метр, 60 сантиметр, бут кийими 41 өлчөмдө, баш кийими 56 өлчөмдө болгон.

Атты алчылантып, дайыма сынын бузбай, мыктылап багып минген. Атка максым жасатып ичирип, күкүрт кошуп жем жедирген. Атты тердетпей, эч бир жоорутпай, бапестеп пайдаланган. Бирөөгө көңүлүн калтырбай, сураганын ар убак берүүчү, жардамын аячу эмес. Эгерде берген атын жоорутуп же суутун бузса, атайын көңүлү бузулуп, уруша кетүүчү.

Жаш кезинде Кара аты күлүк чыккан. Атам улакка да өтө шыктуу, кыйла карылуу экен. Беш бакса ноолудан



Нарын облустук
китепканасы
№ 60927 сбо

аты башын чыгарып туруучу дешет, окуранып. Ошол аты менен бир чоң тойдо улакка түшүп, Чоң-Кечүүдө улакты «алды-кеттиде» алып, каршылаштары каптап, көптөп сууруп кетмекчи болгондо, беш метрдик жарга атын тик сала берген. Жанагы жанга өлчөп, таптап минген Кара аты так түйүлгөн бойдон, төрт аягы менен сайга так түшүп, аман-эсен ары карай жүрүшүн улаган. Көкбөрүнүн кызуусу менен аттын да, өзүнүн жанын да мерт болот деп аябай, жаштык жалыны менен киши даабай турган жардан секиртип кетип, мөрөй алган экен. Менимче атам атына да, өзүнө да ишенсе керек. Калган каршылаштары ат тизгинин тартып, таңдана туруп-туруп эле калышыптыр. Биздин бала кез да атам жылкычы кезде ошол жардын башында, Чоң-Кечүүнүн ал чоң сайынын капталында, өйүз-бүйүзүндөгү конуштарында өттү. Жөө басып, астын карасаң көөнүң айланат.

Атамдын чабендестиги да укмуш эле. Нечен азоо жылкыларга атчан укурук салуучу. Күчү да кудайга шүгүр болсо керек. Атам өзү айтып калуучу эле, биз жанын койбой, «ата эл сени Дөлө балбан болуучу» деп эле айтышат, ошол жөнүндө айтсаң, деп сураганыбызда, бир жолу мындай деген: «оң, сол жамбашыма келе түшкөндү, тоо болсо да бир чаап алчу элем. Жаш кезимде бир жолу күрөшкө түшө коём деп, атамдан «бирөөнүн көзүндө, бирөөнүн сөзүндө бар. Мындан кийин балбан боломун дегениңди койгун» – дегендей катуу тилин угуп, андан кийин экинчи жолу күрөшкө түшкөн эмесмин» – деп.

Атам жөө басып, чогулган жылкыдан улоолорго боолук салганда, калгандары туйлаган бойдон кеткенде, атам аркан учун бекем кармап, бир нерсени тээп, катуу тартканда, асман айга секирген жылкы чалактайынан чабыла түшкөнүн көргөн жерлерим бар. Канчалаган азоолорду үйрөттү. Жылкы менен бир туулгандай жүрүүчү эле.

Акын Жаныбек Кырбашевдин «Заман жаңырыгы» аттуу китебинде (Бишкек-2013) атам жөнүндө (85-бетте):

Орден сыйга ээ болгон,
Булардан да бөлөгү.
Өзгөчө кетем белгилеп,
Мамытакун, Дөлөнү, –

деп, жылкычылык учурун даңазалаган.

Уйчулар Жолдош, Жумабай,
Касымбай, Дөлө, Аяндай.
Уйдун башын көбөйткөн,
Болгон күчүн аянбай, –

деп, уй багуучулук мезгилине серп салган (87-б).

Ошол эле китептин 128-бетинде, «Дөлө атага» аттуу ыры басылган. Анда:

Сегиз жыл болуп жылкычы,
Төрт, беш жылча уй баккан.
«Эмгеги сиңген колхозчу»,
Кем болбой элдик урматтан.

Ала жаздан чаалыкпай,
Арпа, буудай сугарчу.
Жулунуп иштеп талыкпай,
Жумуштун эсин чыгарчу.

Чейрек кылым жер багып,
Колхозго эмгек кылды зор.
Дөлө ата болгон, солярка,
запчасть жебес трактор!

Казан түптөп, капкан чаап,
Усталыктан баар таап.
Үй алдында гүлдөткөн,
Жийде, өрүк, алча, алма бак.

Жасаган бой үй, түндүгү,
Жетимишке жетиптир.

Чогултуп тиксең, бул күнү,
Бир айыл куруп кетиптир.

Тери ийлеп, ээр каптаган,
Саяпкер күлүк таптаган.
Жетимиш беш өнөргө,
Жетмейин тынчып жатпаган.

Кан күйгөн беш жыл урушта,
Кабылып кара жумушка.
Карагай кесип, кен казган,
Комсомольскиде, Чыгышта.

Акымбек-ойчул, олуя,
Адеп, нарк уюп оюна.
Алтымыш ашып Дөлө да,
Атанын түшкөн жолуна.

«Чийимден» аттоо болбогон,
Чын дилден ислам жолдогон.
Чечип жапкан аябай,
Чепкенин Кары молдодон.

Атамдын оокатка камбылдыгы, сарамжалы, бышыктыгы, өтө мээнеткечтиги, бир да чарчадым, чаалыктым дебегени таң калтыруучу. Айрыкча от жылдыздуулугу сейрек кездешүүчү чыгаандык десем да жарашат. Жылкычыбыз. Жаман-Дабаан менен жүктү жүктөнүп, балдарды өңөрүшүп, жылкыны айдап, Арпага ар жыл сайын көчүүчүбүз. Нөшөрлөгөн жаанда Көк-Кыймадан көч кулап, жүк ооп, көрбөгөн азаптарды малчылар тартышуучу. Ошондо атам жүктү жайык жерге түшүрө салып, сайма алачык жасай коюп, жөжөдөй 4–5 балдарды-бизди ичине дароо киргизип, үстүбүзгө жууркандан жылуулап жаап, анан кайдан-жайдан экени көзгө илеешпейт, отунду да-

роо беленден, доолдото отту жагып, бизди да, элди да жыргатуучу. Кошо көчүп келаткандар «Дөкөмдүн отуна жылынып алып, анан алачыгыбызды тигип, от жагалы» дешчү. Дегеле, кайсы мезгил, убак болбосун атам өлөөр-өлгөнчө эле үйүбүздөн от алоолоп туруучу.

Атам көк башы болуп да, Ак-Сайдын алкынган суусун 4–5 жыл бою кара мээнети менен күн-түнү эгин талааларына буруп турду. Сөөгүнөн өтүп, чучугуна жеткен тоонун шыргалаң аңги суусун килейген таштар менен, бардык айла-амалды жасап бууп, тийиштүү жерге буруу, улам алып кетип, улам кайра тосуп туруу эмне деген күнтү, кубатты талап кылат?! Эл атама ишенип, колунан келет деп ошол татаал, жаштар да чыдабас ишке жиберишкен. Атам жетекчилер жумшаган, сунуш кылган ишке өмүрү өткүчө «жок» дебеген. Анткени, эмнени гана болбосун аткараарына өзү ишенсе керек деп ойлой берем.

Кийин эле өзүнөн 10–15 жаштай кичүүлөр, мурда башкарма, сельсовет болуп жүргөндөр атама келишип, «Дөкө, тикен чаап келели, жардам бер, менин да, балдарымдын колунан да ал келгендей эмес. Анан аны менен огородду тосолу» дешчү. Ушул сыяктуу башка жумуштарына да атамсыз басышчу эмес. Атам эмне жумуш болсо да, «аны эртең деле бүтөөрмүн, сакалдуу киши (мурдагы жетекчи да) айтып атса, шагын сындырган болбойт. Булар коош чычаар болуп калган да, кара жумуш колдорунан келбейт. Көзүнөн кар учкан үчүн келип жатат да, кол кабыш кылайын» – деп, дароо жөнөп кетчү. Барганда аттарын аларга карматып коюп, өзү чечинип алып, тикенди түбүнөн чаап, анан атка артып, үйүнө түшүрүп, эртеси огородун тосуп берчү. Бир да бирөөнүн да шагын сындырчу эмес. Тоскондо да түбүн арыкча кылып чаап, анан жыш отургузуп, зым менен бекемдеп чыгуучу. Менимче, атам мындай «гумжардамдарынан» аябай канааттанып калуучу, аны «балдарыма батасы тийген соопчулук иш» деп эсептөөчү.

Турдубек байкем чабан. Жаз, күз дайыма атам жардамда. Койлорун Арпага, Кашка-Суугa чейин айдашып, көчүрүп, коюн да кайтарышып, тыңытып коюп кайра тартуучу. Малга ушунчалык тыкырлыкта карачу. Атам кой кайтарганда бир да жолу карышкырга бир койду алдырган эмес. Жылкычы кезинде кышкысын, кандай укмуш суук болсо да жылкы кайтаруучу. Кышкысын да кысыр эмди тайларды колго энеси менен багып, кымыз ичип жүрдүк. Өмүр бою корообуздан 10–15 жандык үзүлгөн жок. Жайы-кышы менен семиз асыралчу. Козу туулгандан баштап, сары май менен оозантып (кулунду да ошентүүчү, жабуулап), анан чоңоё түшкөн сайын камырдан кичинеден үзүп жедирип, балык майынан берип, жем жедирип, тез эле ирдентүүчү. 4–5тен эчки болоор эле он-онбештей койлорубуз менен бирге. Көпчүлүк убакта эгиздөөчү. Улактарын, серкелерин чанач союп, жыл сайын өзү ыштык жасап, ага татынакай кылып ыштоочу. Айылдаштары бүт андай чаначтарын атама алып келип, ыштатып кетишчү.

Келиндери боюнда бар кезинен эле камданса керек, бирден чоң ириктерин семиртүүчү да неберелүү болгондо алып келип союп, кошуна-колоңдорунан апам экөө катышып, бата алып кетүүчү. Кыздары балалуу болгондо да сөзсүз бир нерсе ыроолочу.

1971-жылы жайда менин үйлөнө турганыма карата, Көк-Сайдан килейген чапчактай болгон жээрде бээсин жетелеп алып, эки эркеч чанач кымызын артынып, Баетовго келди. Редакцияны билбейт да. Жакын эле келген окшойт. Мени сурап, кайда иштээримди эптеп түшүндүрүп атып, мекеме алдына токтоптур. «Өмүрбек эле Өмүрбек!» – деген атамдын үнүн угуп калдым. Карай салсам эле атам. Экөөбүз Токтосун жезденикине барып, кымызын түшүрүп, жездемдин кошуналарын, туугандарды чакырып, суусун берип, эртеси бээни союп, дароо этин тараттык. 29-Октябрда-комсомолдун туулган күнүндө үйлөнүп, бээнин акчасын керекке жараттык.

Жаш кезинде тиши ооруп, насвай тартып калыптыр. Анын кумары ушунчалык белем, кээде тамекиси калбай калганда туталанып, урушуучу кишидей түнөрүүчү. Бирок, андай учур аз эле болгон. Себеби, атам ушунчалык сарамжал эле. Баарын, эмнени болсо да алдын -- ала даярдап алуучу. Насвайга запасталган тамекиси, жанаягы, ийлегичи, чекендиси, чакчасы бүт үйдө туруучу.

6–7 жаш учурунда өпкөсүнө суук тийгизип алып, катуу сыркоолоптур. Акымбек чоң атамдын теңтушу, кыйбас кошунасы, бий Маманазар тамырчы, кыл табып экен. Андай өнөрү болсо да, бий атагы бар үчүн элге көп колдонуучу эмес тура. Чоң атамдын суранычын кыйбай, үйүнө кошо келип, атамдын тамырын кармап, туура 30 күн суу ичириптир. Ошондон соң атам бир буудайды жеп койгон экен. Эртеси Маманазар көрүп, «Акы, балаңа тамак берип койгон турбайсыңбы? Ысыгынын баары чыгыптыр. Мындан кийин эзели өпкөсү оорубайт. Тергеген күн да так бүттү. Эми буудайды түктөп, бир кичине казанга сууну куюп, бир табак буудайды салып, кайнатып, анан түгөнгөнчө ичирип, жедиргин. Мындан соң бир баглан козуну сойдуруп, күнүгө бир жиликтен бышырып жедирип, сорпосун ичир. Ал түгөнгөндөн кийин таруудан таттуу кылып бозо салдырып, бир чыныдан ичирип тур» – деп өнөрүн көрсөтүптүр. Атам ал табып айкандарынын бардык бөлүктөрүнөн жакшы өтүптүр. «Бозо ичкен сайын дароо уктап калуучу элем. Ошентип, тамакка кадимкидей аралашып кеткемин. Андан кийин дегеле жөтөлгөн да жокмун» – дечү атам.

Ошентип, 60 жашка жакындаганда бир жолу сыркоолоп, ооруканага жатып калды. Бир жумача дарыланды да, андан чыккандан кийин насвайын тап-такыр таштап койду. Себебин такыр сурабапмын. Анын үстүнө атамдын ооруганы деле жап-жалгыз ошол эле болду. Дегеле башым да дечү эмес. Кээде эле суук оорум кармап калды окшойт деп, ачуу эрменден кайнатып, чоң чыны

менен бирден ичип алуучу. Беш бармакты жакшы көрүүчү. Үйдө көп убакта беш бармак жасалчу. Атам калориялуу, кубаттуу тамакты жакшы көрүүчү. Өзү да алыбеттүү жүрүүчү.

Арак, вино, пиво аттууну дегеле ичүүчү эмес. Бозо да татпаган. Апама таза максым салдырып, андан ичкен. 60тан ашкандан кийин Тентикей, Акун, Аалы усталар менен (тоодон түшкөндөн, малчыдан бошонгондон кийин) жакынтадан катышып, устачылыкты өркүндөттү. Боз үй жасаганды ишке ашырды. Анын жабдууларын (сөөгүн жасоочу, эзелтеден келаткан кыргыз аппаратураларын) өзү жасап чыкты. Ал атама гана таандык, усталардын айткандарына өзүнүкүн да кошуп, өзүнчө кылды. Атамдын цехинен бир катар айылдардын кардарлары боз үйлөрдүн сөөктөрүн бирден жылкыларын жетелеп келип алып кетип турушту. Алгачкы 80 баш боз үйдү (атам менен мен бир да) мага, анан байкем Турдубекке, анан Токтоболот акеме жасады

Капкан чапканды өздөштүрүп, он чакты килейген капкан жасады. Жогорудагы усталар менен Миң-Жылкыга – Ала-Буга дарыясынын ары өйүзүнө – Күңгөй-Тоого маал-маалы менен чыгышып, капкан салышып, эрмектешип, 4–5 күн жүрүп, эс алып келишчү. Таза максым салдырып, чаначка куюп кетишчү. Анда үйдөй болгон байыркы үңкүрлөргө жайгашышып, жарптарын жазышып, айтпаган кепти айтышып, капканга түшкөн кийик эттеринен катөлөктөрүнө кайнатып коюшуп, рахатка батып келишүүчү.

Ара-чолодо ээр чаба коюп, аны каптап жүрдү. Ыңырчакты арчадан тез жасай койчу. Айырмачты эң сонун жасачу. Мени алгач атка мингизгенде, жорго тайга укмуштуудай коздогон айырмачты токуп, эки жанында байлап коймо үбөлүк сыяктуу жумуру жыгач, үсөңгү ордуна эки бутту салма саймаланган татынакай кийиз баштыкча (куржун өңдүү ортосу туташ), аземделген, устага коздо-

туп, атайын жасаттырган жүгөн, куюшканы, көмөлдүрүгү өзүнө чап-чак, жарашыктуу эле. 4–5 жашта болсом керек, эсимде күнү бүгүнкүдөй сакталып калыптыр, атам, апам экөө бир козусун союп, кийим-кечесин кошо алып, мени тайга мингизип, жетелеп алышып, Артыкбай чоң атамдыкына түшүргөн. Ошондой, кыргыз баласы алгач ат мингенде ырым болсо керек, шаан-шөкөт менен тосуп алышып, чоң сый кылышкан. Андан кийин атам мени жылкыга кошо ээрчитип жүрдү.

Короого оро казып, ага эгин сактачу. Ал ошол бойдон жап-жаңыдай болуп туруучу. Козуларга да «жылуу болот» деп, өзүнчө күпкө белендөөчү. Козу-улакка тактайдан чакан ноо жасап, ага жем берүүчү. Балык майынан маалдап ичирүүчү.

Мындан башка да эки-үч центнер эгин баткыдай чоң үкөктү тактайдан жакшынакай кынап, үстүн да чычкан кирбегидей жапкычы менен ашкананын бир бурчуна ыктуу койгон. Сокуну арчадан ичин күйгүзүп, оюп, соккбилеги менен жана таштан эки-үч жолу чегип, сомдоп, жаргылчак жасаган. Өзүнүн устачылыкка пайдалануучу жабдыктары, бүткүл шаймандары өзү гана алгыдай, биз эч качан тийбеген, өзү койгон жерде, кайсы убак болбосун дароо таап алгыдай жерде туруучу.

Мазардын бийик чабына жылыга Ителги уя салып, жумурткалап, балапандарын чыгарчу. Байкем жылыга ага жакын жерге кой төлдөтүүчү. Атам андан эки жылы учайын деп калган балапандарын этияттап чыгып барып алып келип, багып, түлөккө салып жүрдү. Биз да аны жемин берип, ардактоочубуз.

Кыштактын жигиттеринен, курбалдаштарынан атама атайын келип чачтарын алдырып кетишчү. Биздин чачыбызды да атам гана алуучу. Өзү жасаган укмуш курч устаралары атайын жасаган кичинекей баштыкчасында, ага ылайыкташкан кичинекей бүлөөсү менен сакталчу. Устараны атам өзү курч темирден жасачу. Ал менде азыр

да курмадан жасалган теспеси менен катылган бойдон жүрөт. Чачты алганда бир кылайган жерин кеспей, тасырайта, сонун кылып шыпырчу. Чачты алып жатканда кеп кылып калаар эле, «Бабыгул акем устараны эч бир курчута алуучу эмес. Бала-чаканын чачын алганда мокок устарасы менен улам сүргүлөй берип, алар чыдабай кеткенде, айрымдары тура качып ыйлаганда, ого бетер кежелип, ныгыра басып, алдынан чыгарбай, «Найзага, кылычка деле чыдайт тура. Былкылдабай отур» – деп, кызыл-жаян кылып, баш терисин тамтыгы жок кесип салчу» –деп. Атам кайсы убак болбосун устара гана эмес бычактарын, балта, чот, керкилерин, чалгыларын албарстай курчутуп коюучу.

Өрмөчүлүктү да мыкты өздөштүргөн. Терини апам татынакай ашатып берип, атам булгаарыдай сонун ийлечү. Көктү жакшы ийленген теке, уй терилерден тилип алып, бештен жана төрттөн кылып жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, ноктолорду, камчыларды өрүүчү. Өргөндө да сапаттуу, канча жылдар пайдаланса да «Дөлө өргөн турбайбы» дегендей туруучу. Атка эки буттук, үч буттук чидерлерди жасачу. Тээктерин мүйүздөн коюучу. Апама аркандан желе чыйраттырып, ага кулундар үчүн байлангыдай тээктерин, ноктолорун кыштан баштап даярдап коюучу. Ошондой эле жылкычы кезде уйдун терисинен апам экөө саба жасап жүрдү. Атамдын өрмөлөрү, бир катар жасаган буюмдары менде аликүнчө бар.

Жайкысын Көк-Сайга, Ак-Сайга койчу байкем Турдубек коюн алып чыкканда, биз да балдар тараганда кошо барып, конуп, байкем жайлоого кеткенде биз 4-5 бээбизди байлаган бойдон ошол орто жайлоодо, биз сыяктуулар менен жайлап калчубуз. Анда да атам Улуу-Айрык, Орто-Айрык, Кичи-Айрык жайлоолоруна чейин капкан салып, ал жерлерге барып-келип, кийик этин алып келип туруучу. Айылдагыларды чакырып, этин салып, баарына ооз тийгизчү. Кээде алардан кошулуп барышчу. Коңшулар менен

шерине жеп, малын семиртүүчү. Чөп жетилген убакта кыштакка-Коңорчокко атын токунуп минип, эки чанач кымызын, кошумча айранын артынып алып ойго түшчү. 600–700 боо бедени таза чаап, боолап, тамдын үстүнө сандыктай тыкырайтып жыйып коюп, бир сыйра сугарып, анан тоого чыгып келчү. Бир жумага жакын аралыкта кабагым-кашым дебей жыргап иштеп келчү. Сентябрда, балдар окууга кирээрде кыштакка көчүп келүүчүбүз.

Ошол жайдын биринде Чолок-Кайың айылынан Мамытбек аттуу адам биздин үйгө түшүп, атам менен аркы-беркини сүйлөшүп, көпкө чейин аңгеме-дүкөн курушту.

– Дөкө, баягы бир окуя эсиңдеби? Сен анда жыйырмадан өтүп калган кезиң болсо керек эле – деди жылмая, атамды карап.

– Ии, айтып көрчү? – деди атам, ал кайсы окуя экенине баам деле салбай.

– Биз беш атчан кишилер Мынакелдиден Бычанга чейин барып, кайра келатканбыз. Жайык талаа бетинде силер үч атчан экенсиңер. Силер экениңерди кийин билдик. Караанынарды алыстан көрдүк. Аңгыча коктудан төрт атчан адам суурулуп чыгып эле, силерди көздөй ат коюшту. Жете келип эле, ат менен омуроолотушуп, силер да бетме-бет болуп калдыңар. Ал кезде ошол аймактан андай бейбаштар чыгып, ары-бери өткөндөрдү коркутуп-үркүтүп, уртокмокко алышып, тоноп кетишчү. Ошон үчүн ал тарапка топ-топ болуп барышчу. Себеби, ошол жак менен түштүккө барып, соода-сатык жасап келишчү да. Биз да тигилер көптүк кылып, тигил үч атчанды карактап кетишпесин деп, «чу» койдук. Бизди сезип калыштыбы, үчөө кача беришти. Силерден келишкен Кара атчан бирөөңөр каракчылардын ат үстүндө бойлошкон бирөөн эңип, ээр кашына бекем бастырган бойдон тээ коктуну карай алып жүрүп кетти. Аты болсо талаалады. Биз жете келдик. Коңорчоктук силер экенсиңер. Жанагы бирөөн эл аңаза кылып жүргөн күлүк Кара атыңа баскан бой-

дон кеткен сен экенсиң. «Аны эмне кылдың?» – десек, «Ээрдин кашына бекем ныгырган бойдон, эсин оодарып, коктунун ичине кулатып таштадым. «Акмакка токмок да» – дедиң. Биз сенин күчүңө, жигиттик карууңа ыраазы болгонбуз, – деди.

Атам ал окуяны ичине батырып эле, унчуккан жок.

«Дөлөнүн көлү». Кыштакта жаздан баштап жайкысын чарбанын эгин, чөп аянттарынан суу бошобой, огороддор суудан өксүй түшөт. Анын үстүнө кезек. Суу алуу талаштартыш. Көчөнүн башындагы адырдын боорунун түбүнөн сайга кичинекей булак сызылып чыгат. Атам ошону бир жумалап көзүн кеңейтип ачып, таманын казып, шагылын өзүнчө айланта үйүп, түбүн чым менен бекемдеп, суу шимилбегидей кылып түптөп, үстүн бийиктетип, анын ылдый жагына түтүк ноо жаткырып, анын ички бетине оозун тосуучу кепкек (ылатасы менен) коюп, андан чыккан суу көчөнүн башындагы арыкка түшкүдөй кылып чечинип алып, жакшылап казып чыккан арык кылып. Анан булактын тамчыдайдан чогулган, кийин көзү кеңейгенден анча-мынча көбөйгөн суусу тигил көлмөчөгө түшөт. Ал бир суткада толуп чыгат. Толгон сууну түтүктүн кепкегин ачып коё бергенде көчөнүн башындагы арыкка аламандап келип түшүп, ал суу бир огородду толук сугарууга жарайт. Ушинтип, ал «Дөлөнүн көлү» аталып, биздин көчөдөгүлөр башкалардан суу талашпай, атамдан келип кезеги менен сурап алышып, огороддорун сугарып турушчу. Атам Жаныбектин «трактор» дегениндей эле болчу.

Атам улуу кишилерди, молдолорду, жетекчилерди айрыкча сыйлай билген. Бир жолу кош-дөбөлүк азис молдо Коңорчоктогу бир сөөк коюуга келип калды. Атам дайыма жок дебестен, «сооп болот» деп, сөөктү казанакка коюуга катышчу. Мен да бул жолу ал жерде элем. Эл топо салып, узай беришти. Айылдан маркумга куран окутуп, үйгө келсек, атам чепкенчен экен. Анын ичиндеги жаңы баркут кемсели жок. Аны мүрзөгө бараткында көргөмүн

да. «Ата кемселиңиз кана?» – дедим. «Ээ балам, сообу тиет. Азис молдо Сатыбалдыга (Кары) жаап койдум» – деди. Апам деле «макул» тапты окшойт, унчукпады. Мен деле үндөбөдүм.

Кийин үч жылдай ат ордуна эшек минип калды, кейпи, жерге жакындыгынан болсо керек. Баскан – турганы тың, кыдыңдаган жүрүштүү эшекти деле аттай бапестеп багып, кыштак ичине тиги-бу жумушуна минип алуучу. Өңгөдөн да орозодо ооз ачтыруудан таркаганда же башка жерде айылда аксакалдар чогулган учурдан чыкканда Мамытбек молдону эшегине мингизип, өзү жетелеп алганын көрүп жүрдүм. Анда да жогорудагыдай суроо салсам «Сакалдуу киши, молдону сыйлаш керек. Сообу канча алардын» деген, ал ишине канааттануу менен.

Молдого атамдын ишеними жогору эле. Биз кичине кезибизде «тиги жерим, бу жерим» дегенде, дароо молдону алып келип, окута койчу. Бир жолу Арпада мен «ичим» деп, атам «садагаң кетейин, касиети бар молдо акенин, азыр эле ичиң айыгат» – деп, койчу болуп жүргөн Мамытбек молдону үйүнө чаап барып, чакырып келип, ал киши жарым сааттай окуса эле, ичим айыгып калганы эсимде.

...1977-жылы улуу кызым Жазгүлү (1972-жылы, 15-октябрда, Чычкан жылы туулган) Коңорчокто, атамдарда, алар жаштайынан багып жүрүшчү. «Башым» дей калат, эки күнчө сүзөктөп, көңүлү ачылбай. Көрсө, менингит экен, кийин билдик. Экинчи күнү атам Мамытбек молдону алып келип окутат, баштагыдай, бизчилеп. Кызым оңоло албай, ошол күнү – 11-мартта, кечте чарчап калат. Бала деген кыйын экен. Ошондо биринчи, акыркы жолу атама катуу айтып койдум, догдурга алып барбай, молдого окуткандыгы үчүн, күйүтүм менен. Атам унчуккан жок. Бирок, мага катуу таарынып калганын балалык жүрөгүм менен туюп, өзүмдү ушул убакка чейин эч качан кечире албай жүрөмүн... Кылыч да атамдарда эле. «Айланайын Кылычыңды ал, алып кет, сааты

жок. Элде айтылгандай, » ата балам дейт, бала балам» дейт, «атанын көөнү балада, баланын көөнү талаада» да дегендей, өзүндө эле болсун балдарың» – деп, дагы мага карата айтылуучу көп сөздөр көөдөнүндө күйгөн күйүт болуп турганын, купуя, армандуу көз карашы менен жашып айтты. Мага, жубайым Букенге караганда атам менен апам анда жүз эсе кайгыга чыланып турганын кийин – кийин гана билдим, курган жаным. Балалык-чалалык, алды-кийинди байкабастык, атаны балалык жүрөк менен урматтабастык кылыптырмын. Аны мен кеч ойлонуп, ката кетирип алганыма ушунчалык уялып, атаман өлөөр өлгөнчө кечирим сурай албай бул жалгандан өткөрүп ийдим. Көрсө пенделик деген ушундай тура. Өз күнөөңдү кеч билсең билип, ондой албай жүрүп, бир күнү жалп этип жарыктан өчөт экенсиң да. Жазгүлү атам менен апамдын бери болгондо эки-үч жылдай өмүрүн алып кетти. Канткенде да алар өздөрүнчө күйгүлтүккө батышып, арылбас армандары ошол кыздын чарчап калышы болуп, өздөрүн күнөөлүү сезип жүрүштү. Ал го ал. Менин атама катуу айтышым, мага андан да ашкан чоң кайгы экенин түбөлүк сезип жүрөмүн.

Атам апам Сейнеден 17 жаш улуу эле. Атамдын эң улуу агасы Бабыгул атамдан бери болгондо он чакты жаш жогору болсо керек. Себеби, Бабыгулдан кийин Саалы, Жалжа, Айша, Карыбек, анан атам Дөлө. Бабыгулдун уулу Бекиш– апамдын биринчи күйөөсү (согушка барып кайтпай калган) 1910-жылы туулган. Анан кудайдын буйругу, татаал тагдырдын жолу менен атасы менен бир туугандын баласынын аялына үйлөнүп, «коюндан төгүлсө-кончко», «жакшыны жатка чыгарба», «эки бакыр, бир тукур», «эгиз козуга-айры шыбак» болуп калып жатпайбы. Атамдын апама ушунча купуя да, ачык да сыйы бар экенин мен жан дүйнөм менен туюучумун. Келини болгону үчүнбү же кыйла кичүүлүгүнөнбү, апамдын аябагандай ажарлуулугу да коштоп турганынанбы, балда-

рына оюжою менен болгон адамгерчилигиненби, айтор апам да тике мамиле кылуучу эмес, атам да бир серпилип, тиги-бу деп камчы үйүрүп же катуу сөз айтканын уккан да көргөн да эмесмин. Экөө 1946-жылдын башында баш кошушкан экен. Апам айткандай, «бир карарып, бир агарганда», 1947-жылы мен боз кыроодо жарык дүйнөгө келипмин. «Караргандагы» аттуу-баштуу, райондун алгачкы активи болуп жүргөн күйөөсү Бекиш абабыз УАМ апаатка кетип, андан мерт болуп, кызы Рысбү чарчап калып, уулу Токтоболот бычак менен көзүн чукуп алып, бир көзүнөн түбөлүк сокур болуп, күйөөсүнүн бир туугандары Мурзабек, Турсунбайлар да согуштан кайтпай, өзүнүн бир туугандары бүт Ат-Башыда репрессиядан, кулакка тартуудан кыйрап, кара тумоодон дүйнө салышып, кайгынын кара булуту үстүнөн кетпей айланып турган убак экен. Мен туулгандан кийин үйгө, апамдын көңүлүнө жарык кирип, «тобоо» деп, «барына азыр» болуп, жакшылыкка бет коюп, эзели өйдө карабаган, кайнатасындай болгон кайнагасы менен бир очокко жылынып, бир дасмалдан бетмандайлаша чай ичип, данакер уулу менен жашоого жакшылап киришиптир.

Атам апам үчүн баарын жасачу, баарын белендечү. Кайсы убак болбосун от жакса көңү, как кургаган жыгачтары, от тамызса кургак отуну дап-даяр эле. Тоонун катары, от тамызса кургак отуну дап-даяр эле. Тоонун кабырган куу арчаларын, агындыларды, кышында зарыл болуп калса Төкөнүн-Токоюна же Сүттү-Булакка аты менен барып, ага чычырканактан сылай жүктөп келип, баарын татынакай кылып кыркып, иреттүү жыйып коюучу, аны да меш жанына көтөрүп келип, тыкан коюп, азайганда кайра толуктап турчу. Жайкысын чоң жана орто жайлоолордо деле биздин эшиктин алдында отун дөбөлөнүп, үйүлүп, кертилгени үй капшытында болоор эле. Эзели оор нерсени көтөртпөгөн, оор жумуш жасатпаган. Экөөнүн эрди-катындай болуп, казан-аяктарын кагыштырып, бир да нерсеге наарazылашпагандарына таңданчумун. Ту-

каба, баркут, шайы сыяктуу адеми материалдарды апама айтпай эле алып келип, «ме, кемпир, сага жарашат, ыктуу кийим бычтырып, тиктирип ал» дечү. Апам кубанычын ичине батырып эле, ыраазылыгын жүзүнөн билдире, өзүнө жарашыктуу кийим тиктирип, кийүүчү. «Бала» дегенде экөө тең жанын таштачу.

Атам ушунчалык баласаак эле. Бирөө балдарын какыс-кукус кылып же тилдеп койсо деле «жоону кайдан таптың» – деп, баласын ээрчитип алып алардын чоң-кичинеби, үйүнө чейин барчу.

Атамдын маңдайында жарылгандан пайда болгон тырыгы, булчуңунда төрт тиштин даана тагы бар эле. Мен ичтен итий түшүп, атам Мазардан Сүттү-Булакка – 10 чакырымдай жерге Мейманбай молдого алпарып окутуп келип турчу экен. Анан жанда жок бейбаш, ою-жоюмча жүргөн тентек чыгыптырмын. Баярда атам жылкычы кезде кошуна койчу Борсунбайдын менден 6–7 жаш улуу уулу күздө короонун оозун тосуп олтурат. Мен үйдөн чуркап чыгып, анын этегине жаба сийип ийиптирмин. Ал колундагы шалпылдак менен жылаңач куйрукка тартып ийет. Чыңырып-чычып ыйлапмын. Атам мага болушуп, Борсунбай менен жакалашып, аны көтөрүп чабат. Ал астында жатып, атамдын булчуңун тиштеп алыптыр. Булчуңу өмүр бою так болуп калган.

Атам бир жолу үйдө балка-чотун жанына алып, усталык кылып олтурса, 4–5 жаштагы мен жанында ойноп олтуруп, балка менен атамды чекеге тартып жиберипмин. Чекеси жарылып, каны токтобой агып, ошентсе да атам мени бир чаап же жаман сөз айтпаптыр. Ал жери да тырык изге айланган.

Биздин үйгө кымыз ичкене келген кишилерди да камчы менен башы-көзүнө карабай чаап ийип жүргөнүмдү, эти ооруган алар атамды сыйлап, мага тийбей коюшканын апамдар көп айтышуучу эле. Ошенткен атама мен эч нерсе кылганым жок.

Таң калганым атамдын атын Дөлө деп койгонун өзүнөн да такыр сурабапмын. Токтогул районунан ушундай бир атты учураттым. Башка эч бир жерден укканым жок. Бул мага табышмак бойдон калды.

Ошондой дагы бир купуя нерсе, улуу уулум төрөлүп калды. Коңорчокко чаап барып, атамдарга сүйүнчүлөдүм. Атам, «уулуңдун атын ким койдуң?» – деди капысынан. Дилимде «уулум-муунум, кылычым болсун» деген элем. «Кылыч» – дедим. «Аа, «Кылычбек» турбайбы! Өмүрү узун, өрүшү жайык болсун!» – деди, кубанычы койнуна батпай, ууртуна күлкү жая. Анан айтканындай эле аты Кылычбек болду. Ошол эле ой менен анан Жылдызбек, анан Сыймыкбек коюлду. Өкүнүчүм, атамдын өз атын эмнеден коюлганын сурабаганым сыяктуу, эмне үчүн «бекти» кошконун да сурабапмын. Ырымдап, Акымбек чоң атамдын «бегин» алганбы, улуу байкемдин аты да Турдубек да. Мен да «Бек» болуп жатпайымбы. Айтор, белгисиз калып, ушул нерселер атамдын жан дүйнөсү боюнча өзү менен кошо кетти.

Атам баарыбызды үйлүү-жайлуу, бала-бакыралуу кылды. Эки энеден туулган балдарын «сен тигинден, сен мындансың» деген жок. Турдубек (1930–24. 11. 2003) байкеме эки аял алып берди. Койчу эле, ар убак малын багышып, биз да кошо жардамдашып, Арпага чейин барып жүрдүк. Ал эмес улуу агасы Бабыгул чоң атамдын небереси Сары акеге да ошондой эле жардамдарын аяган жок. Ал райондогу эң алдыңкы чабандардан болду. Жайкысын бизди да кошуп берип, коюн кайтартып, кол кабышын аябаган. Ал эми атамдын менден улуу баласы болуп калган, апам Сейнени ээрчий келген, Бабыгул чоң атамдын баласы Бекиштин жалгыз тукуму Токтоболотту (1940–11. 05. 1995) бизден ашыгыраак көрүп, «өлгөндөн калган жалгызым» – деп, үстүнө үйрүлүп түшүп жүрүп чоңойтту, эл катарына кошту, «атанын уулу» атантты. Турмушка такшалдырды, аябагандай эмгекчилдикке, так өзүндөй кажыбас кылып

тарбиялады. Кошуна эле башкарма болуп жүргөн Кырбаш акенин кызы Майрамбүбүнү алып берди. Атамдарга «макул» деп, бирок, атамды сөз ээрчитип, катардагы эле колхозчу көрүп, башка жакка да убада берип жүргөн окшойт, Токтоболот акем жеңени алып келгенде, үйгө жетип келип, чыр түшүрүп, кызын алып кетмекчи болуп, кыйла дүрбөлүң салган. Макисин чыгарып алып атамды «соёмун» деп кууп, атам тамдын үстүнө чыга качып, беттей албай, анан эл-журт, кошуна– колоң менен ачуусу басылып, кийин ага атамдан артык эч кими жакын болбой калган. Бүткүл кара жумуштарына атамды гана чакырчу. Токон акем 10 балалуу болуп, колхоздун айыл чарбасы боюнча мыкты адистеринин бири болуп жүрдү.

Атамдын агасы Бабыгулдун балдары – Бекиш, Турсунбай, Мурзабек согуштан кайтпай, аялдары жесир, балдары жетим калып, кыйын күндөр баштарына келген. Бабыгул чоң атамдын кыздары: улуу кызы Жамыйла, ортончусу Турдубү (Бөпөн), кичүүсү Токон да Тогуз-Торого орун-очок алышып, биринен сала экинчиси ал жакка келин болушкан. Ал тургай Бурулбү (1929-7. 06. 2003) эжемди да алар өздөрүнө жакын туугандарына алып беришип, эжем да Казарманда жашап калды. Алардын чоң атасынын иниси жалгыз атам гана аларга «өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк» болгон. Ал учурда атамдын үй-бүлөсүндө да «Мышык ыйлагандай», тирүү киши көтөрө албагандай сезилген, укмуштуудай кыйынчылык турганына карабай, Бир тууганынын балдарынын тукумдарынын бүтүндөй жакшылык-жамандыктарынын башында, тике турган. Моралдык да, материалдык да жардамын аянбай берген. Бабыгулдун аялы, Айымжан чоң эне кийин эле токсондон жашы ашып барып, неберелеринин колунан каза болду. Атам жайлоодон эки чанач кымызып чалкылдатып артынып алып, ал чоң энеме кымыз чыгаары менен ооз тийгизип, Арпага көчөөрдө да эт-ашы менен жүктөнүп, апамды, бизди ээрчитип алып келип, бизге ба-

тасын алдырып кетчү. Чоң энем атамды жакшы көрүүчү. Мен да 1-класстан ал жашаган Сары акеникинде жүрүп окуп калдым. Атамдар тоодо, жылкычы да. Чоң энем мага тигилерден-неберелеринен жашырып, колтугуна көмөч катып коюп, акырын чакырып берчү эле. Жайык денесине пейили келишкен, айкөл чоң эне эле.

Атам жерге жанын бала күнүнөн кошкон адам болсо керек. 1980-жылдын октябрь айынын акыры ченде эмгек өргүүсүндө райондук «Сельхозхимия» мекемесинин начальниги Капар Маметов экөөбүз Көлдү бир кыдырып келүүгө бир жумага кеттик эле. Атам жакшы эле жүргөн. Келсек эле жубайым Букен «атам беш күндөн бери сыркоолоп атыптыр, сени «келээри менен келсин» деп айттырыптыр» – деди. Кичүүбүз Сыймык төрт айлык. Улуу уулубуз Кылычбек 6, андан кийинки уулубуз Жылдызбек эки жашта эле. Негедир санаам санга бөлүнүп, ойлорум дүрбөп калды. Үй-бүлө менен дароо жөнөп кеттик. Атам Коңорчоктогу үйүбүздө, керебет үстүндө кырданып жаткан экен. Катуу ооруган жери деле жок. Көзү саал чүңүрөйө түшүптүр. Аркы-беркини сүйлөшүп, чай ичип, анан жатаарда баштагыдай эле тамактандык. Неберелерине, мага үйрүлүп түшүп, жалынып, калбааттыгына салып, сыркоосун билдирбеди. Каяктагы уйку, атамдын жанында түн термеп олтурам. Дегеле сыркабаган киши, минтип төшөк тартып калганда башкача болоорун ойлоп көңүлүм караңгылай түшөт.

Бир убакта атам мага карап, бүткүл аталык мээрими менен: – силерди берген, ушунча жашоо-турмушту берген кудайга, ата-энеме ыраазымын. Анча кыйналган деле жокмун, эч нерсеге көңүлүм жок. Анан жатасың да. Кыйналбастырмын! Канчалаган жерге өмүр бердим! Суу сугарганда мен суу жайган ал жерден, атчан киши тургай, жөө адам тыгылып, баткакка батып, карыш жылып баса албай калуучу эле. Кана суу ичкен аянттагы тизеге чейин көлкүлдөгөн муздак ылайдан бутумду араң суурун чыгып,

андан кургакка, күнгө чыкканда, күн нурун шимип, как боло түшкөн балтырым жарылып, кара кочкул шуүшүн кан чыга түшчү эле. Бригадир Карыбек (сүйлөгөндө ар убак өңгөчүн тартып сүйлөөчү) бир жолу келип, менин андай учурумду көрүп, өңгөчүн тартып туруп, бүткүл адамдык ыраазылыгы менен «Дөкө сен ташка да чөп чыгарасың! Сага кудай берет! Жерге жан киргизесиң!», – дегени эсимде – деди, бүт өмүрүн ошол 25 жыл суу сугарган күндөрүнө байлап. Унчуккан жокмун, баштагыдай эле.

Атам намаз окуучу, кудайга ишенчү. Намазын окуп, бата кылганда, дайыма, бир да жолу жаземдебей «Ээ кудай, бала-чакамды, эли-журтумду бөөдө кырсыктан сакта, тынчтыкты, балдарыма өмүр бере көр?! Ээ кудай, чын кылып мени жаратсаң, кемпиримдин алдына алакөр?! – дечү.

Атамдын тагдыры өзү теңирден тилегениндей, кудайдап сураганындай болду. Чын эле чабалактап же жан алакетке түшүп кыйналган жок. Таңга жуук акырын сүзүлүп барып, кемпиринин алдында үзүлүп кетти. Апам анын алдында муздагына тартып бараткан колун кармап, «абышка мага ыраазы бол, мен сага өмүрүм менен чоң ыраазымын!» – деди жашка муунгандай, сөзү колкосуна тыгылып, жубайы менен бирге өмүр сүргөн 35 жылдык өмүрүн закымга айландырып. Атам апамдын ал күчтүү сезимдеги каргылданган сөзүн азайып бараткан тамчыдай өмүрүнө, апам үчүн актай көңүлүнө толук синдирип, терең кудуктай көрүнгөн алсыз көзүнө бүт чөгөрүп, «макул» таап, ыраазы болуп турду. Атам өлүмдөн кылайып да корккон жок. Ажалдын келгенин туура эле тапкансыгандай сезилди мага. Жарык дүйнө менен коштошооруна бир кейип, тигиним-мунум калды, антсем-минтсем болмок ж.б., аркы дүйнөгө узачу адамдарда боло беруучү көйгөй, арман, өксүктөрдү оюна да салган жок. Атамдын төшөк тартып калганында деле апамдар «Карабайды (мени ошентишчү) чакырталы, минтип сыркоолочу эмес

элең» – дешсе. «Келет да. Тынчын албай эле койгула. Кудайдын буюрганы бар да» – деп коюптур, өлүмдөн деле шекшинбей. Мен келгенде тигинтип, «кыйналбай гана кете берээрин» эскертип жатпайбы. 7-ноябрь, 1980-жылы 80 жашында эл-журту болуп жерге бердик.

Атама, апама да сырты коргондолгон, астына сүрөтү, менин арнаган ырым, туулган, өлгөн жылы жазылган эстелик орноттук.

## АПАМ СЕЙНЕ



Атактуу Чериктин Дүйшөмбү уруусунан жана анын ичинен Кочкорок Жумакадыр (Чот) байдын кызы СЕЙНЕ (10.06.1917-ж. Жылаан жылы. Ат-Башы району, Келтебик (азыркы Казыбек айылы) – 1989-ж. 23.04. Уй жылы. Ак-Талаа району, Коңорчок айылы). Тилеке, Кара Муса (Карагойчу), Кабылбек, Чымыр бир тууган болгон. Тилекеден Жумакадыр (Чот). Мусадан Турдалы, Ысмайыл (согуштан кайтпаган), Сулайман, Кармышак,

Турдакун (согуштан кайтпаган). Сулаймандан Жанузак ж.б. 3-4 бала бар. Сулайман, Кармышак Пограничникте (колхоз, баштагы Келтебик) каза болушкан. Кабылбектен Асанакун, Касмакун (тукум жок), Калык. Калыктан Бейшенбек, Майрамбек, Жыргалбек, Бактыбек. Чымырдан Сатылган (андан Байгазы, тукум жок), Турганбай, Турдубек-экөөнөн балдары бар.

Апам 8 бир тууган болгон:

1. Мамбет – Кытайда каза болгон. Кызы Жамыйла. Жамыйладан – уулу Аскарбек, кызы Букен Чолок-Кайында. Уулу Ниязаалы ж.б. Жамыйла эже Ак-Талаанын Терек айылындагы Жумакадыр аттуу адамга турмушка чыгып, андан Аскарбекти көргөн. Андан ажырашып, кийин биздикинде-Коңорчокто баласы менен жүрүп, кутчу Нусупка баш кошкон. Нусуптан Букен. Карынын уулу Жаныбек менен жашап, бала-чакалуу.

2. Ысак – ырчы, комузчу, таланттуу экен. 1931-жылы «бай баласы»– деген жалаа менен репрессияда кармалып, андан каза болгон.

3. Наамат – Ысак менен бир кармалып, ошол бойдон каза болгон.

4. Маамыт – Ат-Башыда каза болгон.

5. Ыйса – Кытайга качып барып, ошол жактан набыт болгон.

6. Алмадай – каза болгон. Кызы Кара-Сууда, Байгазы уулу Үсөн дегенде. Аты Жийдебүбү. 9 баласы бар.

7. Сейне – Коңорчокто моңолдор, Намаз уулу Бекишке турмушка чыгып, андан кийин кайнагасы Дөлөгө баш кошуп, баш-аягы 17 балалуу болгон.

8. Толгонай – тукум жок.

Апамдын тууган-уругун (жогоруда жазылган) 1995-жылы, 11-сентябрда Турук көмүр кенинин ачылышына келген ат-башылык, Черик, Акчубак уруусунун ичинен Мамек уулу аталган, 80 жаштагы Солто уул Кожонияз имамдан тактагамын. Ал кишинин эжеси Жаңыл-менин

таянемди Чот таята алган экен. Алмадай таяэже Кожонияздын агасы Шаршенаалынын аялы болуптур. Шаршенаалы каза болгондон кийин Алмадайды Кожонияз алып, экини төрөп, алары чарчап калыптыр. Алмадай таяэже 1993-жылы жарыкчылык менен коштошуптур.

Ат-Башылык, Чаполоң уруусунун өкүлү 68 жаштагы Каракойчу Мамытбековдун жана черик, Ниязаалы таякемдин жакын теңтушу, 73 жаштагы Туйтаң Шерманбетовдун айтуусунда таякелерим-апамдын бир туугандары таланттуулардан экен. Ниязаалы таякем:

Эки жакшы туш болбойт,
Эки жакшы туш болсо,
Чамгарагы ыш болбойт, – деген. Сүйлөгөнү ыр болуп, куюлушуп турган. Элге дароо окшоштуруп ат коюп, мүнөзүн да бап келтирип ырдаган. Алмадай жоош, илээндирээк тура. Туйтаңдар тамашалап, «элдин баарын кошуп ырдайсың, эжеңди да ырга салып көрчү» -дешет.

Эжемдин аты Алмадай,
Тамга чапкан чалмадай.
Кылган ишин карасаң,
Өтө эле кыйын, «шамдагай» – деген. 17 жашында, колхоздошуу учурунда дүйнө салыптыр.

Таякелерим – Ысактар апам Бекиш абага турмушка чыккандан кийин, 30-жылдары Коңорчокко чейин келип, эл ичинде өнөрлөрүн да ара-чолодо тартуулай коюп кеткендерин апам жана башкалар «сенин таякелериң таланттуу адамдар эле, сен тайыларыңды тартсаң керек»– деп, айтып калуучу эле. Анын үстүнө ал учурда бай тукумдарына куугун-сүргүн болуп, тайыларым куюндай удургуп, кудаларында, карындашыныкында кең-кесири жүрүүгө эмне кылаар айлаларын таба албай турушкан да.

Апам 15дан 16га караганда, 1933-жылдын жай толугунда Коңорчокко келин болуп келген. Бабыгулов Бекиш

аба райондун алгачкы активдеринен болуп, Ат-Башыга чейин барып, катташып, жоро-жолдош күтүп калган учурда Ысак таяке менен жакынтадан таанышып, ал Коңорчокко келип, аны менен бирге Келтебикке 1932-жылы барып, үй-бүлөсү, ага-туугандары менен кең-кесири таанышып, жашы 14 төн 15ке карап калган сулуу кыз Сейнени – Ысактын кичүү бир тууганын көрөт. Ошол жерден эле ашык болуп, баш кошоору айкын болуп, апам менен бетмаңдайлаша таанышып, 2–3 күн жүрүп, болочок кайын журту менен сүйлөшүүлөрдү так жүргүзүп бүтүп, элине келет. Бабыгул чоң атам иниси атам Дөлөнү көкүлүнө ак кебез байлатып, жакшы ат менен 9 топозду кудаларына – Ат-Башыга жеткиртет. Кийинки жылы эле Садык деген жигитти күйөө жолдош кылып, колуктусун алууга шааниси менен барат. Узатуу тою салты менен башталат. Чарбага толук өтө элек малдын түбү дагы эле колдо болгондуктан, байланбас тайлар союлуп, кыз-күйөөгө 100 баштуу ак өргөө көтөрүлүп, чоң сый кылынган. Бирок, кыйсыпырлуу кыйын учур. Басмачылар, Совет бийлигине каршы чыгып, Кытайды карай кеткендердин артынан сая түшүү, шектүүлөрдү кармап, камоо, айдатуу, бай-манаптарга каршыгуу ал кезде өз күчүндө турган. Келтебиктин кулуну, апам Сейненин жердеши, жалпысынан Черик тууганы, айтылуу казалчы Казыбектер сары изине чөп салдырбай, Кытайда азып-тозуп качып жүргөн. Ушундай кырдаалга үйлөнүү үлпөтү туш келип, Ат-Башы райондук ички иштер бөлүмү тарабынан бир милиция той өтүп жаткан жерге жиберилип, «Жаш кызды сатып атат» деген күнөө менен Бекиш кармалып, абакка жаткырылат. Бир ай бою анда кармалып, апамды алып барып сурап, «өз каалоом менен» дегенине болбой, убакытты созушат. Дүнүйөнүн күчү менен бир айда араң чыгат. Байыртадан келаткан каада-салты менен апам узатылат. Ошондо да Кара-Коюндун талаасынан атышуулар болуп жатканын өз көздөрү менен көрүшүп, коогаландан

жашырынып, түн жамынып Ак-Талаа районунун Коңорчогунун Чоң-Кечүү конушуна эртеси бешимде келишет. Апамдын суусардан тебетейи, баркуттан ички-тышты кийимдери, таза күмүштөн сөйкө, шакектери, чолпусу, атайын арналган Ак боз жоргосуна токулган төөнүн терисине күмүш чөгөрүлгөн тердиктүү, зымпоч ээрлүү, күмүштөн жүгөн-куюшканы, көмөлдүрүгү болгон. Жибек кара баркутка укмуштуудай сайма менен сайылган белдемчисинин баркуту жыртылып, жердигиндеги саймасы ошол боюнча түрүн өзгөртпөй калган өзүгү, так ошондой сакталган күмүш тердиги, жүгөнү менин үйүмдө сакталуу.

Кырдаалга жараша апамдын себин тез эле беришкен. Бергенде да ченемсиз жогорку сапатта, айтымдуу алып келишкен. Тымызын эки куда тарап ичара гана туура түшүнүктө сүйлөшүшүп, эч кимге айтышпай, ашкере шаан-шөкөтүн кыскартышып, апама арнаган жууркан-төшөк, килем-кечесин, буюм-тайымын эл суктанаарлык беришкен.

Эзелтеден келаткан салтты, наркты тутунган апам Бабыгул чоң атадан-кайнатасынан качып, бир жыл бою көшөгөдө олтурган. Бекиш аба Коңорчок колхозуна эсепчи боло коюп, жалган жалаа менен кесилип, 6 ай түрмөдө сожатып, анан акталып, кутулуп келет. Андан кийин согушка кеткиче райборбор Дөрбөлжүндө райондук аткаруу комитетинде иштейт. Апам промартелде кийим тигет.

Апам улам – улам боюна болгон сайын боюнан түшүп, төрөлгөндөн кийин чарчап калып, 5 баласынан ушинтип куржалак калган. Алтынчысы Токтоболот акем 1940-жылы согуш астында туулат. Ырым кылып, төрөгөндөн кийин ыңырчак минип качырып, колу-бутуна кишен салдырып, 7 күн бою баланы өзүнө көрсөтпөй, бирөөгө бактырып, анан баланын кулагын көзөп, бир жумадан кийин бир тайга сатып алат. Атын азан чакыртып, «эми кудай жар болуп, токтосун!» – деп, атын Токтоболот («Токто, Болот!») коюшат.

Аңгыча, 1941-жылы УАМ согуш башталып, 1943-жылы, апам менен туура 10 жыл жашап калганда, Бекиштин бир тууганы Мурзабекти согушка жөнөтмөкчү болот. Бекиш абанын Нарын аскер комиссариатында көздөй таанышы бар экен, агасынын ордуна өзү жазылып, агасын калтырып, ага барып өзү да калмакчы болуп, сүйлөшөт. Нарынга барганда ал таанышын Фрунзеге алып кетишип, ошону менен боюнда бар сүйгөн жарын, эки жаштан өтүп калган уулун таштап, өзү согушка жакшы тилеги, аппак үмүтү менен аттанат. Айлалуу күн кайда? Артынан Мурзабекти да, Турсунбайды да майданга жөнөтүшөт. Үч бир тууган бүт согушта апаат болушкан.



Бекиш аба согушка кеткенден кийин жүктүү апам Коңорчокко-кайын журтуна барат. Туугандар тез эле көчүрүп алышат. Бекиштин салган ошол кездеги стандарттуу тамында кайненеси Айымжан, абысыны Дилдеби, Бүбүлөр менен бирге турат. Аман-эсен көз жарып алып, атын Рысбү коюшат. Карындаштары сүйүнчүлөп, «кыздуу болдуң!» – деп, кат жазышса, «Айыгышкан кармашта жүрөбүз. Кыз эмес, кызыл битке зар болдук. Аман болсун! Токтоболотума ат казык болуп жүрсө болду!» – деп шашылыш жооп жазган боюнча эч бир кат жазбаган. Күйөөсү апааттан курман болгонун угузгандан соң, апам

бир жылча кара кийип үйдө олтурат. Анда анчалык убакытка үйдө олтурууга кан күйгөн согуштан улам оорукта шарт болбосо да, Бекиштин элдеги кадыр-баркын сыйлап жеңилдик беришет.

Айылда ый, муң. Майдандагылардан кара кагаз келгенде кыштак ичи «чуу» түшүп эле калат. Ачарчылык, кара тумоо, жокчулук да жондон алган. Ага жараша сталиндик катуу тартип. Ууч буудай, бир машак эгин үчүн соттолуп, жер котортуп, башка жерге айдалуу турган иш болгон. Күн-түндөп мээнеттенмей, жууркан сөгүп жүнүн алмай, байпак, кол кап түймөй, ушул өңдүү кийим-кечени согушка жөнөтмөй.

Апамдын себиндеги баалуу нерселерден Айымжан чоң энем алып, аны Түштүккө чейин алпарып, соодалап, болоор-болбос бир нерселерди алып келип турат. Ал да жашоолору үчүн кичине сеп болот.

Тирүүнүн күнү кечет. Оорукта тынымсыз эмгектенүү, согушка белектер дайым топтолот. Кары-картаңдар, касогушка белектер дайым топтолот. Кары-картаңдар, кабыргасы ката элек жаш балдар. Апамдай жесирлер, Токон акемдей жетимдер.

Апам кызыл үйчү болуп иштейт. Ага удаа өзү сыяктуу аялдар менен Коңорчоктон Дөрбөлжүнгө, андан Нарынга унаа менен (ат, уй, араба) эгин тапшырууга бармай. Ошондой бир күнү, Улуу Жеңиш жакындап калган кезде Нарындан ары төркүндөрүнө бармакчы болуп, жолго чыгат. Өзүндөй эгин ташып келген арабанын ээси-аял киши жол тосуп турган жеринен кадыр-көңүл кылып, салып алат. Жолду ката кимдин кызы, кайсы жердени экенин сурап билип, «Байдын кызы турбайсыңбы, менин да жалгыз кызым бар эле, ошого сөйкөңдү бер, жол акысына» – деп күмүш эки сөйкөсүн алып коёт.

Төркүндөрүндө да жакшылыктуу күн эмес. Улуу агасы Мамбеттин эр жетип, бой тартып калган уул-кыздарынан үчөө кара тумоо менен ооруп аткан. Алар апам баргандан кийин дүйнө салышат. Кайгыга аралашып, кара

тумоо эми апамды басат. Жети күнү көзүн ачпай жатып, араң эсине келет. Эжеси Алмадай а кудайлап, тегеренип ыйлап отурган. Оңоло баштайт күндөн-күнгө. Жеңиш да келип калат. Айлар өтөт зымырап. Август ченде бир күнү түшүндө Бекиш «Токтоболот эмне болду? Барсаң боло?» – дейт, өңүндөгүдөй. Куландан соо боло түшкөндөй сезимге келип, баласы көзүнө элестеп, «Ээ кудай, экинчи жолу көзүмө Ат-Башыны көрсөтпө!» – деп, өзүнө-өзү бекем ант кылып, жолго чыкмакчы болот. Төркүндөрү дале жолго чыгышка алы жоктугун айтышып, анын үстүнө жесир келинди кор кылбай, ошол жерге эле алып калууну ич ара туура көрүшөт. Бирок, алар деле ылайыкташтыра албай, ичинен антына бекем турган Сейненин «уулума барайын» деген сунушуна көнүшөт. Ноябрдын аягында аталаш тууганы Кармышактын жардамы менен жөө-жалаңдап, бутун жоорутуп олтуруп, Коңорчокко үч күндө келет.

*Күжүрмөн кызыл жоолукчан,*
*Калыйпа, Сейне, Жумакан,*
*Жарышып кетмен чабышкан.*
*Жигиттердей иштешип,*
*Эркектен качан калышкан,* – дегендей («Заман жаңырыгы» китеби. Жаныбек Кырбашев. Бишкек-2013. «Кут конгон айылым-Коңорчок» темасындагы тарыхый ырдын 81-бетинде) апам Сейне колхоздун ар кыл жумушунда эл катары иштешкен.

Колхоздо өзү көнүп калган кызыл үйдө, чарбанын ар кандай жумуштарында аялдар, абысындары менен катарлаш иштешип, 1946-жылдын да күндөр, айлары улам алмашат. Августтун аягында жаздан бери жайлоодо тууганарынын үйүндө эс алып жүргөн 6 жашар уулу Токтоболоттон кабар алат. Ал буга чейин да уулуна барып-келип, улам сагынычын таратып турган болчу. Андан көп өткөрбөй эле капысынан «уулуң тоодо, ооруп атыптыр» – дешет. Ансыз да перзентин эстеп, ойлогон сайын санаасы

санга бөлүнүп, кыялы алда кайда кетип жүргөн келин, шашыла, алып-учуп дароо тоого барат. Токтоболот акем оорубай-этпей эле чуркап, ойноп жүргөн болот. Көрсө, ага чейин эле аксакал-көксакалдар арасында атама баш байлоо жөнүндө сөз бүтүп, болбой атып атамды макул кылып коюшуптур. Атамдын 18 жашар улуу кызы Жумабүбү төрдө олтурган болот, апам барганда. Апамдын бир нерсени сезгендей, кандайдыр жүрөгү «шуу» дей түшөт.

Тез эле айтышат, «кудай кылса, кубаарыңдын акысыбы», буйрук, жаман уулуңа ата болот, сен анын балдарына апа болосуң» – дешип, айтпаган нарк-насил сөздөрдү баскан-турганы сайын жаадырып атышып, башын кыргызча «жакшыны жатка чыгарба» менен бекем байлашат. Апам «кайнатам менен бир тууган кайнагама баргандан көрө, өлөм!» – деп, аябай карышат. Күн-түндөп кайтарышат, кезеги менен кароолго турушуп. Апам анан ары ойлоп, бери ойлоп, жалгыз уулу, Бекиштин көзгө басаар тукуму Токтоболоттун келечек тагдырына акыл чабытын салып, төркүндөрүнө өзү тирүү турганда эч жол жоктугун жүрөгүнөн таразалап, тагдырына моюн сунат. Апамдын экинчи турмушу башталган кез 1946-жылдын сентябрь айынын башы ченге туура келет.

Апам 29 жашында атама барган. Бекиш абадан бир кыз, 6 эркек, баш-аягы 7 бала көрүп, колдо калганы жалгыз Токтоболот акем. Атамдан 10 балалуу болду. Андан кармангаңы алтоо эле, жетинчиси Темираалы 6 айлыгында чарчап калыптыр. Мен билгенден: 1 – мен 1947-жыл, 15-сентябрда туулгамын, 2 – иним Өмүраалы (1950–1962-ж. 28-август. Арпага байкем Турдубекке жардамдашканы барып, андан окууга келатып, окуучуларды алып келаткан автоунаадан Ат-Башынын Кара-Коюндун-Талаасы аймагынан авариядан каза болгон, 4–5 адам болуп), 3 – Темираалы (1951-ж. туулган, 6 айында чарчап калган), 4 – Саадаткан 13-январь, 1953-ж. туулган, Кайыңдуу-Булак айылында жашайт), 5 – Өмүркожо

(11-март, 1955-жылы туулган, Бишкекте Беш-Күңгөйдө жашап туруп, 22-сентябрь, 2013-жылы бөөдө кырсыктан каза болгон), 6 – Сакмали (16-февраль, 1959-жылы туулган, 18-июнь, 2006-жылы белгисиз себептерден, Баетов айылынан, кайнатасынын үйүнөн каза болгон), 7-Жүзүмкан (22-февраль, 1962-жылы туулган. Баетов айылында жашайт). Жүзүмканды-кенжебизди төрөгөндө апам 45, атам 62 жашта болгон.

Дагы үч баласы чарчап калган же боюнан түшкөн. Эсимде, бир жолу Арпа жайлоосунан байкем Турдубек бир чоң балык алып келип, апамдын алдына таштап ийсе, апам катуу чочуп калып, боюнан дароо түшүп калган. Ушинтип, байкуш апам 17ни төрөптүр! 111 даражадагы энелик Даңк ордени бар эле.

Саадатканды төрөгөндө, 36 жашында апам көчүп баратып көз жарыптыр. Атамдар жылкыны айдап кетишип, апамдын толгоосу бышып, көчтү эптеп кыштоого жеткиришип, анан төрөгөндө, жылкычы Калыбек перзенттин киндигин кесиптир. Ал бой иштеп, аял киши жок экен. Кечинде союлган тайдын этин салып коюшуп, бир убакта эт бышкан кезде кечке чарчаган жылкычылар уктап калышып, апам казанды чыгара коёюн дегенде бели «зыр» дей түшүп, олтуруп калат. Андан бир ай жатып, араң оңолуптур.

Жаанга жатып, күнгө күйгөн малчылык турмуш, көчүп-конуу бир учурдагы мыкты активдин аякөз аялы, менменсинген атактуу байдын эрке кызы үчүн бир жагынан оңой болгон эмес. Экинчи жагынан, согуш апаатынан ит көрбөгөн кордукту жаш да болсо көрүп, ал турмуш, ошол татаал, жанды кечип жиберүүчүдөй болгон айласыз жашоо аны тотуктурган, анча-мынча болсо да жамандык-жакшылык эмне экенин туйдуруп, бышырган. Кол жооруткан, бел ооруткан, орок оруп, машак тердирген, норманы аткарбасаң азабыңды колуңа берген, жөө-жалаңдап Нарынга чейин эгин ташыган сыяктуу ж.б. колхоздун

оoруктагы толгон токой опсуз жумушу кыйынчылыктарга чыдоого көндүргөн. А малчынын, айрыкча жылкычыга чыдоого көндүргөн. А малчынын, айрыкча жылкычынын аялы болуу ага чейин көргөн кордуктарына караганда актив жумуш эле.

Апам мен төрөлгөндөн кийин, мени көрүп, мен аркылуу атамда турмуштук бактысы бар экенин боолголой баштаган. «Көч бара-бара түзөлөт» демекчи, анан уул-кыздары төрөлүп, атамдын анын кареги менен тең айланган мамилесине, өмүр, жашоосунан ашык сыйлаган купуя сыйына акырындык менен купулу толуп, ага жооп кылып, жашоо деген керемет нерсеге берилүү, кумарданууу менен жашай баштаган. Очор-бачар болгондо, бактыга балкып, тагдырдын бир кездеги тайгалак, таш боор жолу менен таалайы ошол кайнатасы менен бир тууган кайнагасына түбөлүк туш келгенин ак сезген. Апамдын сөзүнөн да, караган көзүнөн да, жүрүм-турумунан да, баскан-турган келбетинен да улуттук маданият, өзүн таскан-турган келбетинен да улуттук маданият, өзүн такыба алып жүрүү, таза кармоо, этият, мунайым болуу үлгүсү даана сезилип туруучу.

Апам 1946-жылдан 1989-жылга чейин, айрыкча атам менен өмүр кечирген 34 жылында атамдын өзгөчө камоосу, бапестөөсү менен жашады. Бир оор жумуш жасаган жок, атам андай ишке апамдын колун да тийгизүүчү эмес. Өзүнө тийиштүү аял жумуштарын өзүнө гана таандык тыкандык, тазалыкта аткаруучу. Жайда эжигей кайнатуучу, сүзмө жасап, курут жайчу. Жайлоодон келгенде капка толтура курут, карын-карын сары май менен келүүчү элек. Ал кыш бою азык болуучу. Орозодо элди чакырып ооз ачтырчу, дасмалы кенен эле. Кичине эле кыушураак сезилгендей болсо атам да «Кемпир дагы кеңейт» дей берчү. Уздугу бар эле. Бизге, атама кийим-кечени өзү бычып, татаалыраагын өзүнөн улуулардан сурап, кээсин үйгө чакыртып келе коюп жасай салчу. Өзү да жарашыктуу, чак кийинээр эле. Үйдүн, сырттын тазалыгын жактыруучу. Айылда Бекиш аба биринчи актив-

дерден, аттуу-баштуунун алгачкыларынан болгондугу, абысын-ажыны «эрке келинибиз – деп кара жумуш жасатпай, аны өздөрү аткарышып, жогору сыйлагандыгы үчүн, кийин атама келгенде «Чоң үйдүн баласы» атамдын жубайы болгондугу үчүн башынан келаткан, салтка айланып калган сыйы менен ардакташчу. Апам башындагы Бекиш менен теңтуштардын аялдары менен ошол кездегидей эле катышып, барып-келишип, чай ичишип жүрдү. Атап айтканда Кулубайдын аялы Батыйна, Канчоронун аялы Ракыйма, Кырбаштын аялы Куулкан, Нияздын аялы Өмүрбү, Турсунияздын аялы ж. б. менен. Ошол эле учурда карапайым аялдардан кыйбас курбулары бар эле. Аларга апам материалдык, моралдык жактан дайыма жардам берчү. Тоодон кымыз, айрандарын, сүзмөлөрүн каттаган кишиден же атам кыштакка түшкөндө берип ийип, айылда экенинде согум ооз тийгизип дегендей өзүнөн эч алыстатпай мамиле жасачу. Ошон үчүн алар кайсы убак болбосун апама да күнбү, түнбү өз жумуштарын таштапып, чий чырмамай, кийиз бышырмай, шырдак шырып, ала кийиз жасамай, кийизден чокой чапмай, ичик жасамай (апам бүйүрмө жана жөн ичиктерди, кемсел, чыптамалардын, аял көйнөктөрдүн түрлөрүн, түлкү, суур, көрпө тумак, тебетейлерди жасай билчү) ж.б. аял жумуштардын майын ак дилдеринен келип чыгарышчу. Абысыны, Турсунбай абамдын аялы Бүбү апа да кыйын уз эле. Көбүнчө ага кеңешип, экөөлөп бычып, тиккенин билемин. Жылкынын кылдарын өзүнчө жана жүн кошуп эшип, андан 5–6 метрлик аркандарды, жүгөнгө чылбырларды чыйратчу. Биз эчен курдай анын куйругун кармап калдык. Терилерди ашаткандан кийин ышкын түптөөчү, бизге, атама тон, ичиктерди, чолок тондорду жарашыктуу кийгизип жүрдү. Мага суур тон жасап берген эле. Өрмөк согуп, андан кыргыз каптарды, чатарларды камдаган. Сексен баш боз үйдүн боо-чуусун бүт апам курбулары менен бирдикте даярдап чыккан.

Турдубек байкем, Токон акемден баштап баарыбызга үйлөнө электе эле бирден шырдак, ала кийиз (аттарын чекесине жаздырып), тийиштүү төшөк, жуурканын ылайыгына жараша апам даярдаган. Кыздардыкы болсо өзүнчө, алдын-ала беленделген.

Энекең периште эле, атаң дыйкан,
Ак көңүл адам эле кууланбаган.
Жүрөктү эзип турат бир гана арман,
Ырыңды ошолоруң укпай калган! – деп.

профессор Турду Жыргалбеков «Өмүрбек иниме» аттуу ырында, 16-сентябрь, 1993-жылы жазгандай, апам периштедей, адамдын бир асылзаты эле.

Менин да бир арманым, апамды Ат-Башынын өзү туулуп-өскөн Келтебик жерин көрсөтө албаганым. Мен ушунча кылып суранып, атамдын көзүнүн тирүүсүндө да барып келүүнү көп ирет сунуштадым. Апам кабагына кара булут айланып эле «барбайм балам, «барбайм» деп койгомун, суранба, ал жөнүндө кеп кылба!» – деп койгон.

Дагы бир нерсе, Калык таяке менден кийинки иним Өмүраалыны багып алууну сураптыр. Ал киши бала көрө элек экен. Атам, апам экөө тең бербей коюшуптур. Мен буга да арман кылып, «эгер берип коюшса, Өмүраалы өлбөй калат беле?» – дей берем, өзүмчө күйгүлтүккө түшүп. Экинчи жагы, таякем багып алганда, ал киши экинчи аялын албай, бала көрбөй калмак экен.

Коңорчоктун аялдары арасында апам кадыр-барктуу жашап өттү десем жаңылышпайм. Ким менен болбосун тил таап, жакшы маанайда сүйлөшө билүүчү. Жайдары, мунайым, жароокер, мунасалуу, мээримдүү, адамга карамдуу, өңдүү-түстүү, көзүнүн ысык нуру чачырап, жаш кезинин жалынын билдирип туруучу. Кишинин кыялын таап сүйлөшө, сүйлөй билүүчү. Адамга бир жолукса да жакшы таасир калтыруучу. Сүйкүмдүү, ажарлуу, сулуу эле апам. Чачын жууп, эки бөлүп тарап турганында ас-

мандагы Айдай көрүнүүчү. Бирөөгө бир катуу айтуучу эмес, жүйөөлүү, сабырдуу, көтөрүмдүү, ар нерсеге чыдамдуу эле. Атамдын мурдагы аялынан төрөлгөн балдарын эч бир өгөйлөгөн же алар жокто жамандап, өгөйсүнткөнүн көргөнүм жок. Аларга өнтөлөп, калыс пикирин айтып, көбүрөөк карамалап туруучу. Анын үстүнө Бекишке чукул эле бир тууганы болуп жатпайбы. Апам Бекиштин да бир туугандарынын, атамдын балдарына да күйүмдүү эне болуп калган. Атамдын баштагы аялы Кадича ападан калган үч кызынын (Жумабү, Бурулбү, Медербү) себине апам өзүнө келген тукаба жууркандарын бөлүп берген. Турдубек байкемдин да, Токтоболот акемдин да балдарын «Ий» дедирбей баккан. Себеби, атам так ошондой орунда эле. Атамды бекеринен жеңелери «Чоң үйдүн уулу» дешпеген да. Атам өлгөндөрдөн калган тарыхый ата уулу эле.

Атам коюу, күчтүү тамактарды жактыраар эле. Ошон үчүн апам атам жактырган тамактарга басым жасап, көбүнчө бешбармак, манту сыяктуу калориялуу тамактарды жасачу. Өпкө куюп, курут эзип, кошкон май жасап, буудайга чөкмө салып, көмөчтү сары майга, каймакка мыкчып берчү. Буркурата максым ачытуучу. Өзгөчө кымызды эң эле укмуштуудай ичкиликтүү, күчтүү жасачу. Эсимде, Арпада Кенжаалы койчу. Таң менен коюн чыгарып коюп, биздикине келип, кымыздын тунугунан керден чыны менен үчтү ичип, аттанып кеткен. Бир аздан кийин ары секиге чыгып, мас болуп, аттан жыгылып калыптыр. Өзү да андан кийин үйгө келгенде «экияттабасак, Сейненин кымызы күчаладай күч алып, таза спирттей эле» – деп, баштагысын эске салып, күлүп калаар эле. Жылкычы кезде кышта атам бирден жылкыны соғумга союучу. Кийин деле жылкынын этин кышында өксүткөн жок. Кеч күзгө жакын ириктен 1-2ни куйкалап коюучу. Биз балалуу болгон сайын бирден ирикти куйкалап келүүчү. Атам өлөөр өлгүчө ун-талкан жыл бою үйдөн

бир өксү болбогон. Атам күздө жылдык унду, талканын тээ Кара-Бүргөн, Жаңы-Тилекке чейин эгинин жүктөнүп барып, коно жатып тегирменге тарттырып келгенин бала күнүмдөн билемин. Кийин Коңорчокто тегирмен болуп, андан түндөп туруп даярдатып алуучу. Нан, жарма деген үйдө эч бир жок калуучу эмес. Апам сарамжал менен баарын астын-ала даярдай билүүчү. Сергек, абдан сезгич аялзаты болуучу. Ошон үчүнбү, жогоруда белгилегендей, атамдан бир катуу сөз апама чыкканын көргөн да, уккан да, билген да жокмун.

1989-жылы жазда апам сыркоолоп калды. Саадаткан медик эмеспи дарылады, дарыгердин белгилөөсү боюнча. Жаштайынан каптаган кайгы-муңу, ысылы-суuктагы жашоосу ошол кезден сөөгүнө өтүп калган да. Ал жаш жогорулап калган кезде чыга баштайт да. Ошентти го. Анчалык тез оңолуп кете албады. Бирок, дале сергек, мүнөзү жаркылдап, бизге анча билинттирбеди. Мен Жазуучулар Союзунун Пленумуна катышууга, ал жерден Союзга мүчө болуп өтүүгө атайын чакырылып, Бишкекке кеткемин. Төрт күн болуп калдым, антип-минткиче. Келсем, апамды Майрамбү жеңе келип, Коңорчокко алып кетиптир. Ал да медик. Апамдын жөнүкпөсүнө көздөрү жетиптир да. Апам болбой атып барыптыр. Токтобой кыштакка жетип бардым. Балдарым да барды. Жаткан экен. Апам эбелектей жеңилдикте тура калып, Жазуучулар Союзуна өткөнүмдү куттуктап, ак тилегин айтып, «мына мен айыкпадымбы, өмүрүң узун, өрүшүң жайык болсун, балдарың, ага-тууганың менен аман бол, кут болсун жазуучулугуң!» – деп, ак батасын берди. Апам менин өмүрүмдөгү чыгармачылыгымдын элдик жакшылыгын угуп, болуп көрбөгөндөй жүрөгүн жарылта сүйүнүп калды. Бир козу союлуп, апам биз менен таза кишидей эле жыргап олтурду. Эртеси жакшы болуп калыптыр, кадыресе эле. Күндөр өттү. Союздун билетин тапшырууга кайра чакыруу келди. Барып билетимди алдым. Эртеси

кетейин деп, кечте Макен курбумдукунда, жатуучу үйүмдө жайма-жай олтургамын. Андан бир саат өттүбү, өткөн жокпу, райондон апамдын 23-апрелде, таңга жуук, (24-апрель эле болуп калат да) дүйнөдөн өткөнүн кабарлашты. Мага Коңорчоктон айткыча да убакыт зуулап, кеч кирип, бир убак болуп калган. Кантип эртеңге калмак элем. Курбум Төлөгөн Кубаталиевге барып, айтып, ал кылчактабай, дароо мени жеткирип бармай болуп, ак дилинен өзү демилге кылып, сөөктү бир агартты. Түндөп, «түн бакырдыкы» дегендей, менин шартыма жараша, шашылыш чыгып, Долон, андан түшкөндөгү капчыгай ичи да кыламык кар экен, тездеп, шашканыбыздан «Жигулибиз» тайгаланып, аз жерден ала салып кала жаздап, кыйла жерге буйтактап барып оңолуп, анан жакабызды муунбагандай кармап, кудайга «тобоо» кылып, жүрөгүбүз түшкөн бойдон жолду уладык. 25-апрелде, эртең мененки саат 9да Коңорчокко жете келдик. Казганактаган эл. Апамдын неберелери менен бирге менин үч уулум боздоп ыйлап атышат. Дегеле токтоно алсам эмне.

1989-жылы, апрелде, 72 жашында бизге өмүр, жашоо, кең келечек берген апам жарыкчылыктан жер астына берилди.

*Өмүрбек Дөлөев,*
*Баштап, Январь, 2017-Тоок жылы.*
*Бүттүм Апрелде.*

## ӨМҮР ТАРЖЫМАЛЫ



Дөлө уулу Өмүрбек, 1947-Доңуз жылында, 15-сентябрда, Дүйшөмбү күнү, Нарын облусунун, Ак-Талаа районунун Коңорчок айылында, жылкычынын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз. Билими жогорку.

1964–65-окуу жылында Чолок Кайың айылындагы Ленин атындагы №1 орто мектебин бүтүрүп, 1966-жылы Нарын шаарынан шоферлук курсту аяктап, 8. 04. 1966-30.07.1967-ж. ж. «Кыргыз айыл чарба техникасынын» Ак-Талаа райондук өндүрүштүк бирикмесинде шофер болгон. 1967–1970-ж. ж. Бишкекте финансы-экономикалык техникумунда окуган. 1970-жылы августтан, 1970-ж. 22-декабрына чейин Ак-Талаа райондук финансы бөлүмүндө киреше боюнча инспекторлукта иштеген.

22. 12. 1970-1. 08. 72-ж. ж. Ак-Талаа райондук «Колхоз эмгеги» гезитинде адабий кызматкер, 5. 06. 1980-ж. чейин аталган басылмада айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 4. 12. 1999-ж. чейин «Колхоз эмгеги» газетасында редактордун орун басары, 4. 12. 1999-жылдан бери «Айыл турмушу» (мурдагы аты 1988-жылы өзгөргөн) газетасында редактор, 1999-жылдан, 2013-жылдын июль айына чейин (өзүнүн арызы менен) Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын коллегия мүчөсү.

1982-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «журналистика» факультетин бүтүргөн. СССР Журналисттер Союзунун (1978), СССР Жазуучулар Союзунун (1988), эки кошуундун тең башкармалыктарынын мүчөсү. Окурмандарга таанымал белдүү таланттын чыгармалары калың журтка 1-январь, 1969-жылдан бери (»Ленинчил жаш» республикалык газетасынын аталган жылдагы №1-саны) белгилүү. Азыр 24 китепке, ырдалып жүргөн обондуу 90дон ашуун ырларга, 7 дастандарга автор.

Демократияны калыптоодо №22-Ак-Талаа округдук шайлоо комиссиясынын (1995-ж. Президенттик шайлоодо) төрагасы, шайлоо жана Референдум өткөрүүдө №12-Кара-Суу (эки жолу) жана №6-Байгөнчөк участкалык шайлоо комиссиясына (бардыгы үч жолу) төрага болуп, өз үлүшүн кошкон. Эки жолку Президенттик шайлоодо (күбөлүк №55. 22. 09. 2000-ж. күбөлүк №218. 19. 06. 2008-ж) «Президентке ишенимдүү адамы» кызматын өтөгөн.

СССР Эл депутаттыгына талапкер Жунусбек Туташовдун (1989), КР Жогорку Кенешине талапкерлер Жайлообай Абдиев, Эркинбек Аманалиев (2000), Дөөлөтбек Берикбаевдин (2005) ишенимдүү адамы болуп, Ат-Башы, Нарын, Кочкор, Жумгал, Ак-Талаа райондорунун, Нарын шаарынын шайлоочуларында айлар бою жолугушууларда жүрүп, кеңири чыгып сүйлөө вазийпасын аткарган. КР Жогорку Кенешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты

Шамшыбек Осмонкулович Медетбековдун (2000-2005) Ак-Талаа району боюнча коомдук жардамчысы (күбөлүк №717) болгон.

1975-жылдан 1990-жылга чейин республикалык «Советтик Кыргызстан», «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери» газеталарынын штаттан сырткаркы кабарчысы болгон жана Ак-Талаа району боюнча алардын кабарчылар постун жетектеген. Бул милдет ага «Коммунист», «Кыргызстан аялдары», «Жаш Ленинчи», «Ден-соолук» журналдарынын редакциялары тарабынан да зор ишеним менен жүктөлгөн. Облустук «Нарын правдасы», «Ысык-Көл правдасы» гезиттери, республикалык жана облустук радио, телеберүүлөр редакциялары менен дайыма тыгыз байланышта, активдүү иштешкен. ММКларга Ак-Талаа жөнүндө ар убак ар кыл материалдарды берип турган жана азыр да берүүдө.

1995-жылдан облустук «Тенир-Тоо», 1997–1998-ж. ж. республикалык «Асаба», 2008-ж. республикалык «Айыл өкмөтү» гезиттеринде Ак-Талаа району боюнча өз кабарчылыгында иштеген.

Журналисттердин республикалык VI (28.11.1981), VII (31.01.1987), Кыргыз ССРинин жумушчу жана айылдык кабарчыларынын 11 (1989) сьезддерине, Кыргызстан элдеринин Курултайына (6.03.2003), Журналисттердин улуттук конгрессине (21–23.08.2001), Кыргыз Жазуучуларынын VIII Курултайына (23.12.2006), андан кийинки эки курултайына, Кыргызстан калкынын Ассамблеясынын VI Курултайына (17. 04. 2009) катышкан.

1985–1986-ж/ж. коомдук башталышта «Сергектик» аркоомунун райондук Советинин төрагасы милдетин аркалаган. 1992-жылдан бери «Ак-Талаа-Эл» коомунун Ак-Талаа району боюнча вице-президенти. 2001-жылдан бери «Тайлак баатыр» коомдук фондусунун төрагасы (2014-жылга чейин). 2003-жылдан 2013-жылга чейин Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзунун облустук бөлү-

мүн жетектеген. Ак-Талаа райондук ардагерлер кеңешинин 2013-жылдан бери төрагасы. Эл аралык Ч. Айтматов атындагы клубдун мүчөсү.

Май, 1974-жылдан, август, 1991-жылга чейин КПСС-ке мүчө болгон. Райондун 50, 60, 70 жылдыгын, Тоголок Молдонун 130, 150, Мусанын 90, Тайлак баатырдын 200, 220, Муса Баетовдун 100, Казыбек казалчынын 100, Ажыбек баатырдын 200 жылдыктарын өткөрүүгө өз салымын кийирген. Илимий-практикалык конференцияларда доклад менен чыккан. Кыргыз Эл жазуучусу Шүкүрбек Бейшеналиевдин 60 жылдыгы (1988) Ак-Талаада өтүп, башкы докладчы Ө. Дөлөев болгон. Жазуучунун 70 (1998) жылдыгына да активдүү кызмат жасаган. Ак-Талаанын 70, 80 жылдык, Нарын облусунун 70 жылдык энциклопедияларына автор.

КР Журналисттер Союзунун республикалык чыгармачылык конкурсунун Нарын облусундагы үч жолку жалгыз жеңүүчүсү. Жаш акындардын Токтогул районунда өткөн республикалык фестивалынын (1988), КР Журналисттер Союзунун Нарын облусундагы Сулайман Мамбеталиев атындагы сыйлыгынын биринчи лауреаты (1998). «Маданияттын мыкты кызматкери» (2004), «КР Президентине караштуу тил боюнча улуттук комиссиясынын «Кыргыз тили» (2007), «Айыл чарбасынын отличниги» (2008), ВЛКСМ БКнын «Комсомолдук активист» (1973), Тоголок Молдонун 150 жылдыгына арналган жана «Ак-Талаа районунун 80 жылдыгы» төш белгилеринин, КР өзгөчө кырдаалдар министрлигинин «Аскердик-жарандык кызматташтыкты чыңдагандыгы үчүн» медалынын ээси.

«КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер» (16. 10. 2006) наамын, «КР алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсия алуучу» (6. 02. 2007) наамын, «Нарын облусунун Ардактуу атуулу» (2007), »Ак-Талаа районунун Ардактуу атуулу» (2008), Баетов (2008), Ак-Кыя, Конорчок (1997) айылдарынын Ардактуу атуулу Ардак наамдары, КР өкмөтүнүн Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү

Канатбек Муратбековдун,, Ыраазычылык Каты, балдар адабияты боюнча улуттук Жазуучулар Союзунун Тоголок Молдо атындагы сыйлыгы 2017-жылдын 1-июнунда ыйгарылган.

КР Грамотасы (1995) баштаган КР көзөмөл комитетинин, КР Журналисттер Союзунун, «Билим» коомунун, ВЛКСМ БКнын, Кыргызстан ЛКЖС БКнын, партиянын Нарын обкомунун, Ак-Талаа райкомунун, комсомолдун райкомдорунун 24 Ардак грамоталары, «Манас-1000» эстелик кол сааты менен сыйланган.

Райондо «Талант» музейин (1992) түзгөн. Шаардагы жашаган ак-талаалыктар менен райондун байланышын чыңдоого, «Ак-Талаа-Эл» коомун ошол биримдик менен түзүүгө жеке салымын кийирген. 1982-жылдан гезиттин алдындагы «Үмүт оттору» адабий ийримин түзгөн жана жетектеген. Республикадагы 20дан ашуун аты элге белгилуу журналисттер, акын-жазуучулар «Үмүт оттору» адабий ийриминен таалим алгандар, райгазета аркылуу алгачкы чыгармачылык тушоосу кесилгендер. «Түрк антологиясында» «Кыргыз адабияты» томдугунда (410–412-беттер. Анкара-2005), «Кыргыз поэзиясынын антологиясында» (2000) өмүр баяны, ырлары жарык көргөн, «Кыргыз поэзиясы англис тилинде» китебине (2010) басылган, жаштардын орус тилиндеги жыйнагына которулган ырлары, «Кыргыз акын-жазуучулары балдарга» эки томдук (2016) балдар үчүн хрестоматиясына (172–179-беттер) өмүр баяны, ырлары кирген. Чыгармачылыгы «Азаттык» эл аралык радиосунда, республикалык мезгилдүү басма сөздөрдө, үналгы, сыналгы берүүлөрүндө 1969-жылдан бери берилип, чагылдырылып келүүдө.

Ак-Талаада 1993-жылы сентябрда эл массасынын катышуусу астында адабий чоң кечеси, 1997-жылы 50, 2007-жылы 60 жылдык маарекелери Кыргыз Жазуучулар, Журналисттер Союздарынын биргелешип түзгөн жана Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын, райкенештин түзгөн юбилейлик уюштуруу комиссияларынын

жетекчилиги, Шүкүрбек Бейшеналиев, Маркабай Аматов, Кожогелди Култегин, губернатор Эмилбек Узакбаев сыяктуу республикадан, облустан келген жетекчиликтердин, коомдук уюмдардын өкүлдөрүнүн жоон топ делегацияларынын катышуусу астында салтанатталган.

2015-жылы «КР эмгек сиңирген мугалим», Нарын облусунун, Ак-Талаа районунун Ардактуу атуулу, маркум Жамангулов Мукамбет (Мукаш) ажы атындагы адабий, маданий кароо-сынактын 1-Майга карата чыгарылган жыйынтыгы менен жеңүүчү аталып, Араб Эмираттарына атайын жолдомо аркылуу жубайы менен 20-сентябрдан баштап, бир жумага барып келген.

Ушул эле 2015-жылдын, 15-майында түрк тилдүү калктардын маданияты эл аралык ТҮРКСОЙ, Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзу, коомдук телерадиоберүү корпорациясы биргелешип уюштурган «Беш акын» теледолбоорунун алгачкы адабий-музыкалуу кечесине катышкан. Ал кече жыл бою телекөрсөтүүдөн берилген. Аны жыйынтыгы менен Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзунун «Сиңирген эмгеги үчүн» медалы менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү. Кыз алган жары Турганова Бурганбүбү (2-февраль, 1952–2005-ж. 29-май) 34 жыл бирге жашап, капилет сыркоодон каза болгон. Бул багытта «Кош бол, жазым!» эстелик китебин чыгарган. Кийинки жубайы Арыкова Айнаш Жумабековна жеке ишкер.

Акын, журналисттин үч баласы бар-Кылычбек, Жылдызбек, Сыймыкбек. Кылычбеги төрт кыздуу. Жылдызбеги эки уул, бир кыздуу (бир уул, бир кызы эгиз). Кичүү уулу Сыймыкбек үйлөнө элек. Үчөө тең жогорку билимдүү. Кылычбек менен Сыймыкбек техникумду да бүтүшкөн. Неберелери жетөө. Үй-бүлөсүнөн, бир туугандарынан эч кимиси соттолгон эмес.

Райондук «Айыл турмушу» газетасы 8-март, 1940-жылдан бери чыгат. ӨМҮРБЕК анда 1970-жылдан же гезитке 77 жыл толсо, анын 47 жылында иштеп келаткан. Газета

республикада алдыңкы газеталардан аталат. 2016-жылы Тарых жана маданият жылындагы иш-чараларды басма сөздөрдө мыкты чагылдыргандыгы үчүн «Айыл турмушу» газетасынын эмгек жамааты республикада экинчи орунду ээлеп, Диплом, 30 миң сом акчалай сыйлыгы менен сыйланган.

## ТАЛАНТ МӨМӨЛӨРҮ

**Жарык көргөн китептер:**

1. «СЕЗИМ ТАМЧЫСЫ» – 1979-жыл. «Мектеп» басмасы. Жалпы окурмандарга. Ырлар. 1, 125 б. табак. 34 бет. нускасы 2000.

2. «АЛТЫН ТОП-1981-жыл. «Мектеп басмасы». Бөбөктөр үчүн. Ырлар. 1, 13 б. табак. 12 бет. 11000 нускада.

3. «МЕН-МЕКЕНДИН ЧЫРПЫГЫ» – 1987-жыл. «Мектеп» басмасы. Кенже балдар үчүн ырлар. 3 б. табак. 30 бет. 4000 нускада.

4. «ҮМҮТ ОТУ» – 1989-жыл. «Кыргызстан» басмасы. Массалык окурмандарга. Ырлар. 1, 75 б. табак. 47 бет. 2000 нускада.

5. «ӨМҮР КӨЧҮ-1» – 1996-жыл. Нарын облустук басмаканасы. Массалык окурмандарга. Ырлар жана поэмалар. (Чакан томдук). 13 б. табак. 206 бет. 1000 нускада.

6. «АК-ТАЛАА-КУТТУН ЖЕРГЕСИ» – 1996-жыл. КР Президентинин Аппаратынын алдындагы Финансы-чарба башкармасынын басмаканасы. Район, айыл аймактары, мекеме-ишканалар, мектептер тууралу кара сөз менен жазылган чакан энциклопедиялык жыйнак. Тарыхый баяндама. Ушул китептин негизинде 2006-жылы «Ак-Талаа району» энциклопедиясы түзүлгөн. 13, 75 б. табак. 219 бет. 2000 нускада.

7. «ӨМҮР КӨЧҮ-2» – 1997-жыл. Нарын облустук басмаканасы. Массалык окурмандарга Ырлар жана поэмалар. (Чакан томдук). 12,5 б. табак. 200 бет. Нускасы 1000.

8. «КАЗЫБЕК. КАН-ЖАНДАН ЧЫККАН КАЗАЛДАР» – 2003-жыл. «Бийиктик» басмасы. (Түзгөн жана жазган тарыхый баян). Массалык окурмандарга. 18,5 б. табак. 300 бет. Нускасы 1000.

9. «АК МӨӨР-АК-ТАЛААНЫН АЙПЕРИСИ» – 2005-жыл. «Учкун» ААКнын басмаканасы. Тарыхый очерк. Кара сөз баяны. 7 б. табак. 113 бет. 1000 нускада.

10. «ӨМҮР КҮҮСҮ» – 2007-жыл. «Бийиктик» басмасы. Массалык окурмандарга. Ырлар, дастандар. 29 б. табак. 464 бет. 500 нускада.

11. «ЫСЫК-АТА-КУРОРТТОРДУН АТАСЫ» – 2010-жыл. «Бийиктик» басмасы. Ырлар, дастандар. Массалык окурмандарга. 15 б. табак. 239 бет. 250 нускада.

12. «УЛУУ ИНСАНДАРГА УРПАКТАРДАН ТААЗИМ» – 2010. Авторлошкон китеп. Массалык окурмандарга. Кара сөз менен. 15, 125 б. табак. 242 бет. 1000 нускада.

13. «КУЛУБАЙ АТА» – 2010-жыл. «Бийиктик» басмасы. Массалык окурмандарга. Райондун тарыхы камтылган даректүү баян. Кара сөз менен. 24 б. табак. 384 бет. 1500 нускада.

14. «КОШ КАЙРЫК» – 2011-жыл. Улуттук китепкананын басмаканасы. Автордун музыкант Жалил Сыдыков менен бирге иштеген обондуу ырлары (25 ыр). 4, 5 б. табак. 71 бет. Нускасы 200.

15. «ӨСКӨН ЖЕР ЖАШЫЛ ДҮЙНӨМСҮҢ» – 2011-жыл. «Авангард» басмасы. Бөбөктөр үчүн. Ырлар. 1, 25 б. табак. 19 бет. нускасы 500.

16. «МЕН МЕКЕНМИН КИЧИНЕ» – 2012-жыл. «Авангард» басмасы. Бөбөктөр үчүн. Ырлар. 1, 25 б. табак. 16 бет. 500 нускада.

17. «КОШ БОЛ, ЖАЗЫМ» – 2012-жыл. «Авангард» басмасы. Массалык окурмандарга. Эскерүү, кошоктор, ырлар. Кара сөз баяны. 5, 25 б. табак. 84 бет. 500 нускада.

18. «КӨЛДҮ АЙЛАНГАН КУТ» – 2011-жыл. «Бийиктик» басмасы. 28. 125 б. табак. 450 бет. 1000 нускада. Даректүү баян. Республикалык маанидеги коомдук ишмер, уюштургуч жетекчи жөнүндө. Массалык окурмандарга. Кара сөз менен.

19. «ЖАҢЫ КЫЛЫМДЫН ЖАЛТАНБАС БААТЫРЫ» – 2012-жыл. Массалык окурмандарга. Нарын облусунан чыккан алгачкы реформатор жөнүндө даректүү баян. «Китеп компании» ЖЧКнун басмаканасы. 36 б. табак. 576 бет. 1500 нускада.

20. «ТАЙЛАК БААТЫРДЫ ПЕРИ КОЛДОГОН. ТҮЛКҮНҮН ТҮРКҮН АМАЛЫ» – 2013. «Авангард» басмасы. 2 б. табак. 32 бет. 250 нускада. Өспүрүм балдар үчүн. Ырлар.

21. «АК-ТАЛААНЫН АРГЫМАГЫ-ДҮЙНӨНҮ ДҮҢГҮРӨТКӨН ЖАРЫКТӨШ»

2014. «Авангард» басмасы. 11 б. табак. 184 бет. 500 нускада. Массалык окурмандар үчүн. Кара сөз менен.

22. «АРНООЛОР». -2014. . «Авангард» басмасы. 208 бет. 13 б. табак. 500 нускада. Массалык окурмандар үчүн. Ырлар.

23. «Теңир-Тоо» таланттары» 2014. (Түзгөн Ө. Д. ) Бишкек. КР Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Материалдарды даярдоо жана полиграфия башкармалыгында басылган. 203 бет. 16,8 б. табак. 150 нускада. Массалык окурмандар үчүн.

24. «Кыргыздын Тайлак баатыры». «Улуу тоолор» басмасы. 215 бет. 12 б. табак. 500 нускада.

**Обондуу ырлар**

1. Экөөбүздүн бактыбыз. Об. Сатылган Осмонов. Ат. Мамет Исаев.

2. Махабат жалгыз гана. Об. Сатылган Осмонов. Ат. Мамет Исаев.

3. Эки ашык. Об. Сатылган Осмонов. Ат. Мамет Исаев.

4. Кошуп алдың өзүмдү. Об. Сатылган Осмонов. Ат. Мамет Исаев.

5. Жашыл жазым жашоомдун рахаты. Об. С. Осмонов. Ат. Мамет Исаев.

6. Сен менин түшүмсүң (фондуда). Об. Атайбек Бөдөшов. Ат. Каныкей Эралиева, Султан Каримов, Кадыралы Артыковдор.

7. Теңир-Тоо (фондуда). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Курал Чокоев, Аида Кулуева.

8. Соң-Көлгө бир жол келип кет. Об. Жалил Сыдыков. Ат. Наргиз Найыпбекова.

9. Жубайыма (фондуда). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Гүлзат Батырканова.

10. Казыбектин казалы (фондуда). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Эркайым Жапаркул кызы.

11. Соң-Көлдө сүзгөн аппак куу (фондуда). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Рая Нургазиева.

12. Жакшы кал көлүм, жакшы кал. Об. Жалил Сыдыков. Ат. Наргиза Абдраева

13. Эгемендүү кыргыз элим. Об. Жалил Сыдыков. Ат. Алина Асан кызы.

14. Ак Мөөр-Соң-Көл периси (фондуда). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Анапия, Дилбара, Лира Райымбековалар жана Бермет Байкелова, Зулфия Бейшеновалар.

15. Көксулуу (фондуда). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Рая Нургазиева.

16. Мусакемдин «Ак Зыйнат» (фондуда). Об. Жалил Сыдыков. Ат. «Арашан» үн-аспаптар ансамбли жана Тынчтыкбек Инакбеков, Рая Нургазиевалар.

17. Кош жылдыз. Об Жалил Сыдыков. Ат. Сайра Момунбаева.

18. Ыр кесе. Об. Жалил Сыдыков. Ат. Ак-Талаа районунун маданият үйүнүн хору.

19. Ак Мөөрдүн арманы (фондуда, дастан). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Кундуз Таштаналиева, Улар Жапарова, Бурул Дүйшөевалар.

20. Нооруз. Об. Жалил Сыдыков. Ат. Асел Турдалиева.

21. Нооруз майрам. Об. Жалил Сыдыков. Ат Асел Сыдыкова.

22. Бөбөк ыры. Об. Жалил Сыдыков. Ат. Асел Сыдыкова.

23. Эл башы болбой куруп кал. Об. Жалил Сыдыков. Ат. Өмүрзак Кайыпов, Перизат Эрманбетовалар.

24. Хан Шырдакбектин арманы (фондуда). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Адилет Кожобергенов, Жеңишбек Токтобеков, Токтобек Асаналиев, Ширин Абдрахмановалар.

25. Агаларга гүлдесте. Об. Жалил Сыдыков. Ат. Тынчтыкбек Инакбеков.

26. Дордойдун жигиттери. Об. Жалил Сыдыков.

27. Кутман эл. Об. Жалил Сыдыков.

28. Ак Калтар. Об. Жалил Сыдыков.

29. Түбөлүк жарым кайыр кош. Об. Жалил Сыдыков.

30. Тагдыр сени мага ыйгарган. Об Жалил Сыдыков.

31. Келгиле Ысык-Атага. Об. Жалил Сыдыков.

32. Калкагар . Об. Жалил Сыдыков.

33. Эркайымдын арманы (дастан). Об. Жалил Сыдыков. Ат. Ширин Абдрахманова.

34. Эр Тайлак (дастан). Об. Жалил Сыдыков.

35. Эки ашык. Об. Кыдыкбек Усупбаев. Өзү аткарат.

36. Акыркы коңгуроо. Об. Кыдыкбек Усупбаев. Өзү аткарат.

37. Бактыбыз турсун утурлай. Об. Шарипа Кемелгазиева. Өзү аткарат.

38. Сен бактылуу болсоң экен. Об. Шарипа Кемелгазиева. Гүлжан Кемелгазиева жана өзү аткарат.

39. Араксыз болсун жакшылык. Об. Шарипа Кемелгазиева. Өзү аткарат.

40. Классташыма. Об. Шеркул Дүйшөналиев. Өзү аткарат. Фондуда.

41. Энелерге. Об. Шеркул Дүйшөналиев. Өзү аткарат. Фондуда.

42. Өскөн жер. Об. Хабибилла Азиреткулов. Өзү аткарат.

43. Жолугалык (Фондуда). Об. Адылбек Кыязов. Ат. өзү жана Дамира Баратбаева.

44. Экөөбүздүн бактыбыз (фондуда). Об. Адылбек Кыязов. Ат. өзү жана Дамира Баратбаева.

45. Асмандап өсө бермек кыргыз улут. Об. Адылбек Кыязов. Ат. өзү жана Дамира Баратбаева. Хор. Ак-Талаа райондук маданият үйүнүн артисттери.

46. Кыз чабан. Об. Дербишкан Ажиев. Ат. Жаныбек Маатов.

47. Элиме таазим. Об. Үмөткул Оморов. Ат. Камчыбек Мамбеталиев.

48. Кайрылчы. Об. Үмөткул Оморов. Ат. Канайым Бегишова.

49. Балдар тоого баралы. Об. Үмөткул Оморов. Ат. «Тынчтык» балдар бакчасынын тарбиялануучулары.

50. Мейли өтсүн күндөрүм. Об. Тилеген Аруунов. Ат. Бактыгүл Жусуева.

51. Ак-Талаам (хор) . Об. Тилеген Аруунов. Ат. Ак-Талаа райондук маданият үйүнүн артисттери.

52. Түшүнүп кой сен мени. Об. Тилекген Арууновдуку. Ат. Бактыгүл Жусуева.

53. Тоо шаңы (Хор). Об. Асан Калиясов. Ат. Ак-Талаа райондук «Тоо шаңы» ыр-бий ансамбли.

54. Сен жүрөсүң тирүүлөрдү мекендеп. Об. Асан Калиясовдуку. Ат. Нарынкүл Султаналиева, Райымбү Алымбаева, Рыскүл Бекболотова.

55. Жубайыма. Об. Асан Калиясовдуку. Ат. Акчайым Абдрахманова.

56. Ак-Талаам (хор). Об. Асан Калиясов. Ат. Ак-Талаа райондук маданият үйүнүн артисттери.

57. Өскөн жер сага арналып. Об. Бейшенаалы Ободоев. Өзү аткарат (фондуда).

58. Эки ашык. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. Кармышбек Окелов.

59. Өмүрүмдүн жылдызы. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. Камчыбек Мамбеталиев.

60. Наристем. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. Талант Алыкеев.

61. Өчпөсө экен жаштыгым. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. Акчайым Абдрахманова.

62. Гүлбакча. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. Аманбү Бейшенаалиева.

63. Шырдакбектин арманы (дастан). Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. Өзү жана Мамбетиса Жанузаков.

64. Эркайымдын арманы (дастан). Об. Бейшеаалы Ободоев. Ат. өзү.

65. Ак-Талаам сенсиң жүрөгүм! Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. өзү.

66. Бек болсун сенин бешик боон. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. өзү.

67. Өзгөчө өмүр алтымыш. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. өзү.

68. Бөлө албайм сенден өзүмдү. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. өзү.

69. Жалгыз сен гана... Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат өзү.

70. Ач көздүн ыры. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат өзү.

71. Сулууга арман (дастан). Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат өзү.

72. Кудаларга ак тилек. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат. өзү.

73. Ыйманың жолдош болсун, жолдош болсун! Об. Б. Ободоев. Ат. өзү.

74. Көксулуу. Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат. Казыбек Элетенов.

75. Ак Мөөрдүн арманы (дастан). Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат. Казыбек Элетенов.

76. Ак-Талаа (хор). Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат. Ак-Талаа райондук маданият үйүнүн артисттери.

77. Эки ашык. Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат. өзү.

78. Ата Журт. Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат. өзү.

79. Кусалык. Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат. өзү.

80. Талантка таазим. Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат. өзү.

81. Чалкыган Ысык-Көлүмсүң. Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат. өзү.

82. Ата конуш. Об. Жолдошбек Нуркасымов. Ат өзү.

83. Эки ашык. Об. Асан Сыдыков. Ат. өзү.

84. Терезең. Об. Асан Сыдыков. Сулкарбекова Айткан.

85. Наристем. Об. Бактыбай Бүдүков. Ат. Стамкулова Сүйүн.

86. Ак тилек. Об. Бактыбай Бүдүков. Ат. өзү.

87. Кыргызым. Об. Бактыбай Бүдүков. Ат. өзү.

88. Жаштыгыбыз күн болсун. Об. Бекзат Өмүров. Ат. Камчыбек Мамбеталиев.

89. Өмүрүмдүн жылдызы болуп калдың. Об. Бекзат Өмүров. Ат. Гүлнара Канкожоева.

90. Кайрылчы. Об. Нурдин Баев. Ат. өзү.

91. Наристем. Об. Нурдин Баев. Ат. өзү.

92. Тоо суусу болуп кала бер. Об. Нурдин Баев. Ат. өзү.

93. Конституциям. Об. Нурдин Баев. Ат. өзү.

94. Сүйүүдө бакыт. Об. Нурдин Баев. Ат. өзү.

95. Алдей, бөпөм (Саадатым). Об. Нурдин Баев. Ат. өзү.

96. Тайлак баатырдын арманы (дастан). Об. Жутаке Султаналиев. Ат. өзү

97. Наристеме. Об. Марат Бердалиев.

98. Сагындым досум. Об. Ат. Баян Сарыгулов.

99. Жаңы жыл. Об. Элзар Сыдыков. Ат. өзү.

100. Эр Тайлак. Об. Бейшенаалы Ободоев. Ат өзү. Баласы.

101. Табылгам. Об. Бакыт Мамаев. Ат. өзү.

102. Жашоонун көркү аялзат. Об. Бакыт Мамаев. Ат. өзү.

103. Сенсиңби мени даңктаган? Об. Бакыт Мамаев. Ат. өзү.

104. Кайрылчы. Об. Бакыт Мамаев. Ат. өзү.

105. Алыстык. Об. Бакыт Мамаев. Ат. өзү.

106. Жээкте. Об. Бакыт Мамаев. Ат. өзү.

107. Сен экенсиң —//—//—

108. Бир күн бар —//—//—

109. Сенсиңби мени бөлгөн —//—//—

110. Тойбосмун —//—//—

111. [illegible] —//—//—

112. [illegible] Об. Мирлан Табылдиев

113. Теңдешсиз сүйүүм олмен —//—//—

# АКЫНГА АР КЫЛ ЖЫЛДА АЙТЫЛГАН АК ТИЛЕКТЕР

Урматтуу Өмүрбек иним! «Сезимиңдин тамчысы» булактан булакка куюлуп, андан дарыяга айлансын! Сен бул жыйнагың менен адабияттагы өзүңдүн таланттуу келечегиңди көргөзө алдың. Кут болсун!

**Байтемир Асаналиев**, акын, редактор. 10. 02. 1979.

Өмүрбек иним! Өркөнүң өсүп, келечектин кең пейил уулу бол!

**Сансызбай Иманалиев**, окумуштуу, 27. 04. 1979-ж.

Өмүрбеке! Ийгилик каалайм!

**Асан Жакшылыков**, акын. 1979-жыл.

Өмүрбек! Чыгармачылык түйшүктөгү жолуң байсалдуу болсун! Сенин балдар үчүн чыгармаларды жаратууга да мүмкүнчүлүгүң сезилет. Көбүрөөк иште, талба!

**Эсенгул Ибраев**, акын. 2. 04. 1979-ж.

Кымбаттуу досум Өмүрбек Дөлөевге ак дилимден поэтикалык ийгилик каалаймын!

**Вячеслав Шаповалов**, акын, профессор. Апрель, 1980.

Өмүрбек! Чыгармачылыктагы жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун!

**Сүйөркул Тургунбаев**, акын. 10. 07. 1980-ж.

Акын иним Өмүрбек! Тилегениң ишке ашсын! Кыргыз адабиятынын гвардееци болуп жүрө бер! Ак дилим менен,

**Камчы Жунусов**, акын, жазуучу. 10. 01. 1980-ж.

Кымбаттуу Өмүке!

Бул турмушта канча ашуу,
Ашабызбы, ким билет?
Дагы кырктан экини,
Жашайбызбы, ким билет?!

**Анасбек Жумалиев**, акын. 3. 07. 1980.

Кымбаттуу уулум Өмүрбек! Өмүрүңө нур, өнөрүңө гүл каалайм!

**Акеш Иманов**, профессор. 8. 07. 1980.

Кымбаттуу калемдеш иним Өмүрбек! Өмүрүң дайым, өзүң да дайыма мезгилдин бийигинде болушуңду, өмүрүң тоолордой түбөлүк, калемиң курч болушун агалык жүрөк менен каалайм! Ыр ыргагында көп-көп термел!

**Нурпайыз Жаркымбаев**, акын. 4. 01. 1980.

Кыйбас иним Өмүрбек! Чыгармачылыгыңдын өөрчүй берүүсүн каалайм!

**Дайырбек Казакбаев**, жазуучу, философ. 24. 06. 1981.

Өмүрбек! Билимдин, чыгармачылыктын үзүрүн көр!

**Калыбай Осмоналиев**, жазуучу. 9. 01. 1981.

Өмүке! Сага бардык жакшы каалоолорумду билдирип, чыгармачылык иштериңе зор ийгиликтерди каалаймын!

**Керимкул Абдылдабеков**, сынчы, окумуштуу. 11. 01. 1981.

Өмүрбек иним! Сени финансыдагы кезиңден бери билемин. Чоң акын бол, тилегим!

**Турар Кожомбердиев**, акын. 27-.01.1983. Дөрбөлжүн.

Өмүрбек!
Өмүрдө сендик өмүр көп,
Өмүрдө сендик көңүл көп.
Өмүрүң өсө берсин өмүрлөп,
Көңүлүң өсө берсин көңүлдөп.
Өзүңдү алга сүрөөчү,
Эмгегиң билген элиң көп!

**Байдылда Сарногоев**, акын. 28. 01. 1983. Орто-Сырт өрөөнү.

Кымбаттуу Өмүрбек! Кыргыз тоолорундай бийик бол!

**Анатолий Сальников**, жазуучу. 28.01.1983. Орто-Сырт.

Өмүрбек! Тилегиңе жет! Өзүңө зор келечек каалайм!

**Жакып Медетов**, жазуучу. 28. 01. 1983. Дөрбөлжүн.

Өмүрбек! Өмүрлүү болуп, чыгармаларыңды улантып жаза беришиңди каалаймын!

**Мелис Абакиров,** жазуучу. 31. 01. 1983.

Калемдеш иним Өмүрбек! Чыгармачылык ийгилик каалайм! Көп окуп, көп иште!

**Кеңеш Жусупов**, жазуучу. 17. 02. 1983.

Өмүрбек! Өмүрлүү бол! Чыгармаларың окурмандардын жүрөгүнөн орун алсын!

**Түмөнбай Байзаков,** акын. 22. 06. 1985.

Өмүрбек! Сизге ар кандай жакшылыктарды каалаймын!

**Мурза Гапаров**, жазуучу. июль, 1985.

Өмүке! Мүрөк суусун балким өзүң татасың,
Эмгектериң алтын ачкыч жасасын!

**Каракойчу Ысакбеков**, акын. 15. 01. 1986.

Өмүке! Өмүр жолуңда дайыма жашыл жарык жанып турсун! Ырларың Ала-Тоонун арчасындай дайыма гүлдөп турсун!

**Абзий Кыдыров**, акын. 24. 04. 1987.

Өмүрбек! Сага чоң чыгармачылык эргүү, акындык жаркын маанай каалаймын!

**Кармышак Ташбаев,** акын. 10. 06. 1987.

Өмүке! Дайыма үй-бүлөң, балдарың менен бактылуу болууңарга тилектешмин! Чыгармачылык бийикте жүрүүңдү каалаймын!

**Жолдошбай Абдыкалыков**, акын. 23. 04. 1987.

Өмүке! Чыгармачылыкта бактыга жолук!

**Гүлсайра Момунова**, акын. Июль, 1988.

Урматтуу иним Өмүрбек! Талыбаган эмгек, тереңдеп изденүү, такай окуу менен талантыңды талпынта берсең, адабият төрүнө жетесиң. Максатыңа жет!

**Шүкүрбек Бейшеналиев**, жазуучу. 28. 10. 1988.

Өмүрбек! Сен дагы татаал, бирок, сыймыктуу өнөргө дилгир экенсиң. Ошол дилгирлик отуң өчпөсүн!

**Бакы Өмүралиев**, драматург. 29. 01. 1989.

Өмүрбек жезде! Букен эже!

Жашыл аалам болуп дайым түбөлүк,

Жаркып жүрсүн, кайгы билбей көөнүңөр.

Келчү күндүн бакыттарын күтүнүп,

Кейибесин эч убакта зээниңер!

**Гүлжамила Шакирова**, акын. 2. 09. 1989.

Таланттуу иним Дөлөев Өмүкеге! Чыгармачылык ийгилик тилеп, агайың

**Кадырбай Мамбетакунов**, акын, драматург. 3.06.1989.

Өмүрбек иним! Чыгармачылыкта чарчоо билбе! Поэзияда талыкпай эмгек кыл!

**Омор Султанов**, акын. 27. 01. 1990.

Урматтуу Өмүрбек! Ак дилимден чыгармачылык ийгилик тилейм!

**Закия Алимжановна Муллоджанова**, тажик жазуучусу. 3. 10. 1990.

Өмүрбек! Салкын Ленинграддан ысык салам! Бардыгы үчүн рахмат. Сизге чыгармачылык ийгилик!

**Мая Борисова**, жазуучу. 3. 10. 1990.

Иним Өмүрбек! Узак өмүрлүү бол!

**Кубат Осмонбетов**, профессор. 16. 01. 1991.

Ардактуу Өмүрбек! Ар дайым бактылуу бол! Чыгармачылык ишиң дагы илгерилей берсин!

**Балбай Алагушов**, музыка изилдөөчү. 15. 06. 1991.

Иним Өмүрбек! Бакыт каалайм!

**Карбоз Дыйканов**, профессор. 1. 07. 1991.

Урматтуу иним Өмүрбек! Чыгармачылык жолуң узарып, арымың артып, зоболоң бийиктесин! Жаштарды илимге үгүттөй жүр!

**Калыгул Жусупов**, профессор. 15. 01. 1992.

Урматтуу иним Өмүрбекке! Чыгармачылык ишиңе зор ийгиликтерди, өзүңө узак өмүрдү каалаймын!

**Жеңиш Сыдыков**, профессор. 20. 01. 1992.

Өмүрбек байке! Ак-Талаа десек Сизди, Сизди айтсак – Ак-Талааны түшүнөбүз! Дайыма эл уулу болуп эле аман жүрө бериңиз!

**Бакыт Орунбеков**, журналист. Сентябрь, 1995-жыл.

Өмүрбектин эл үчүн деген жүрөгүнүн, болгондо да жөн эмес, ырдан бүткөн жүрөгүнүн оту өчпөсүн деп тилеймин.

Сенин ырларыңды Өмүке, акын катары эмес, баягы бала кездеги ырга ышкыбоз боз улан катары, окурман катары элеп-желеп болуп окуп жүрө бергим келет.

**Шайлообек Дүйшеев**, акын. 25. 01. 1996.

Урматтуу Өмүрбек байке, жеңе! Биз сиздерге ушул китебибизди («Сезим ыргагы» Бишкек-1995) эстеликке сунуп жатып, сиздердин биздин үй-бүлөгө каалаган ак тилегиңерге ыраазыбыз! Эч качан унутпайбыз! Үйүңөрдөн кут кетпесин. Балдарыңыздар менен бактылуу болуңуздар. Бизге каалаган ак тилекти сиздерге да каалайбыз! Эл ичинде аман болуп, чыгармачылыгыңыз өркүндөй берсин! Сиздерди терең урматтап,

иниңиз **Жалил Сыдыков,** музыкант, акын., келиниңиз **Тынара Абды кызы.** 2. 03. 1996.

**Иним Өмүрбек!**

Шыкаалаган шыгымды жылчыктан көрүп, баалаганыңа жетине албайм. Таалайына талпынган куштай демилгеңе рахмат. Талантыңа табыш тилейм! Эжең

**Жибек Султаналиева**-адабий талапкер. Бишкек. 19.05.1996.

Өмүке, бар бол, иним. Сендей акындар кыргызыңда көп деле эмес. Кадырыңды билгендер көбүрөөк болсо экен. Анткени, жакшы акындын тагдыры өзүнүн ойлоруна окшош катаал да, татаал да болчу эле. Сенин андайга муңбасыңды билем. Бир гана тилегим өмүрүң узун болсун, а калганы сенде, шүгүрчүлүк, бар: балбан талантың, адамдык тунук ыйманың.

Ал эми ырларыңдын эч качан, эч кимдин көңүлү кайт болбосуна ишенем. Чыгармачылык байсал жолуңду улан-та бер!

**Омор Султанов**, акын. 29. 04. 1996.

Өмүке! Ишиңе ийгилик, чыгармачыл эргүү каалайм!

**Муса Сапаев**, журналист. 16. 07. 1996.

Өмүке! Дайыма эл уулу болуп жүрө бериңиз!

**Жаныбек Өмүралиев**, акын. 29. 10. 1996.

Өмүке!

Ойлобо ырды жеңил деп,
Колдосун сени Теңир көп.
Ыр жолунда бараткан,
Акын курбум Өмүрбек!

Ак дил, чын жүрөктөн ишиңе ийгиликтерди каалап,

**Анатай Өмүрканов**, акын. 20. 12. 1996.

Урматтуу Өмүке! Жердешим, замандашым, тууганым, талантым катарында ызаатап, сыйлаймын! Узак өмүр, бакты каалаймын! Талантың өссүн! Элиңдин, мекениң-дин үгүтчүсү катарында ай-ааламга даңазалап жүрө бер!

**Турду Жыргалбеков**, профессор, журналист. 1.07.1997.

Өмүрбек акын иним! Бар бол! Зор урматым менен

**Мухтар Шаханов**, акын жана коомдук ишмер. 13. 07. 1997.

Өмүрбек ава менен эжеге ушул чакан китепти ак дилден берүү менен бекем ден-соолук, үй-бүлөгө бакыт каалайм!

**Аида Эгембердиева Абдыжапаровна**, акын. 24.03.1999.

Урматтуу Өмүке! Поэзиянын чоң жолунда чоң-чоң ий-гиликтерге жетиңиз! Терең урматтоом менен иниңиз

**Болотбек Таштаналиев**, акын жана журналист. 23. 08. 2001.

Ардактуу Өмүрбек иним Дөлөевге!

Теңир Манастын арбагы колдоп, чыгармачылыгың өркүндөй берсин! Бекем ден-соолукта, үй-бүлөң менен бактылуу бол!

Агаң **Дайырбек Казакбаев**, жазуучу, окумуштуу. 25.01.2002.

Кымбаттуу жана урматтуу Өмүрбек иним! Каалаганым эң башкысы темирдей бекем ден-соолук, андан соң «Манас» дүйнөсүндөй агылган чыгармачылык илхам болсун, алар ишке ашсын! Дагы бир тилек дайым ийгилик гана коштоп жүрсүн!!!

**Тайлак Абдылдабеков**, философ, журналист. 29.01.2002.

Тирүү болуп санда жок, өлүк болуп көрдө жок дегендердин катарынан алыс Өмүрбек иним, эл үчүн өмүрүн арнайт деген ишенич менен, адашуу ой-пикир, түшүнүктөрдөн арылсын деген каалоо менен

**Дастан Сарыгулов**, коомдук ишмер. 6. 03. 2002.

Өмүке! Баарыбызды Боогачынын арбагы колдосун! Сага акындык чоң жолду каалаймын!

**Шаршек Мусабеков**, акын, коомдук ишмер. 4.06.2002.

Уулум Өмүрбек! Сизге узак өмүр, чексиз бакты-таалай каалаймын! Кыргыздын мыкты акыны болуп эле аман жүрө бер!

**Маамет Абышбаев**, акын, 80 жашта. 8. 09. 2002.

Өмүрбек таяке! Узун өмүр жашап, аман жүрүңүз! «Мен киммин?» жыйнагым сизге.

**Ниязбек Бердалиев**, акын, фермер. 15. 12. 2002.

Өмүрбек байкеме, жакшы көргөн устатыма өмүрдөгү бакытты,

Чыгармачылыктагы ийгиликтерди, үй-бүлөдөгү ынтымак, таалай-бактыны каалайм!

**Аркабаев Кубанычбек Сапаралы** уулу, жазуучу. 12. 04. 2003.

Өмүрбек аба! Жүрөгү бир болбосо да тилеги бир, максат, мүдөөсү бир адамдар болот. Сизге узун өмүр, чың ден-соолук гана керек...

Академик **Абды Обозканов**, 12. 11. 2003.

Иним Өмүрбек! Кыргызча жазылган геологиялык биринчи эмгек. Кызыкчылык үчүн окуп кой. Ийгиликтерди каалап, агаң

**Кубат Осмонбетов**, геодоктор, коомдук ишмер. 17. 11. 2004.

Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич! Чыгармачылыгыңызга чыйыр жол, ишиңизге ийгиликтерди каалайм! Китебим сизге эстелик болсун.

**Кулматов Алмаз Окинович**, коомдук ишмер. 13. 01. 2005.

Өмүрбек аба! Сизге ийгиликтерди тилеп, жакшылыктарды каалаймын!

**Аида Эгембердиева**, акын. 05. 09. 2005.

Өмүкө! Турмушка бир күн болгон киши жок. Акындар гана калат. Оттуу ойлоруң кылымдарга өчпөсүн!

**Абдыжапар Эгембердиев**, акын. 18. 12. 2005.

Ардактуу акын агам Өмүрбек! Өмүр дөөлөттөрүн, бардык жакшылыктарды тилек кылам! Урматым менен

**Бактыгүл Чотурова**, акын 17. 01. 2006.

Өмүке! Тайлак Рыскул уулу ченсиз баатыр! Бул эбегейсиз улуу инсан үчүн экөөбүз эгиз козудай эмгектенели, балдарга «бирдеме» калтыралы! Сага мен чыгармачылык ийгиликтерди тилейм!

**Тайлак Абдылдабеков**, философ, журналист. 9.02.2006.

Акын иним Өмүрбек!
Бак кошулсун багыңа,
Бактылуу болгун дайыма.
Узун болсун өмүрүң,
Кудайым,
Кубат берсин жаныңа!

**Анатай Өмүрканов**, акын. 25. 07. 2006.

Кадырлуу Өмүрбек байке! Сизге ар дайым ак тилектеримди кошомун! Көп жашаңыз, дөөлөттүү карылыкка жетиңиз!

**Каныбек Бокоев**, жазуучу. 16. 11. 2006.

Өмүрбек!

Өмүрүң узун, өрүшүң кең, чыгармачылыгыңдын жолу үзүрлүү болуп, элиң менен аман бол!

**Шарипа Кемелгазиева**, музыкант, ырчы, комузчу. 8. 08. 2007.

Урматтуу Өмүрбек! Тоюң тойго улансын! Эгем жакшылыктарыңды жалгай берсин!

**Сулайман Мамбеталиев**, жазуучу, журналист. 14. 09. 2007.

Өмүрбек иним! Элиңдин сүймөнчүлүгү болуп, чыгармачылык эргүүгө толуп, узак жашап жүрө бер!

**Камчыбек Кадыралиев**, коомдук ишмер, 15. 10. 2007.

Урматтуу Өмүрбек! Иштериңизге ийгилик, бекем ден-соолук, узак өмүр каалап,

**Ташбоо Жумагулов**, коомдук ишмер. 31. 03. 2008.

Өмүрбек ага! Өмүрлүү, бак-таалайлуу болуңуз! Сизге чыгармачылык ийгиликтерди каалайм! Сизден үлгү алсамбы деп, батаңызды тилеп, иниңиз

**Жолдубай Сүйүнбаев**, журналист. 1. 08. 2008.

Акын Өмүке иним! Талант карыбайт, арыбайт. Сен да түбөлүктүү талант жолундасың. Иштериң ийгилик берсин!

**Тургунаалы Молдобаев**, акын. 8. 04. 2008.

Өмүрбек агай! Ишиңизге ийгиликтерди тилеп, терең урматым менен карындашыңыз

**Жазгүл Жамангулова**, акын, журналист. 28. 02. 2009.

Кадырлуу Өмүрбек мырза! Башыңыздан бак-дөөлөт, ырыскы, кут кетпесин! Оомат жылоолоп, зоболоңуз көтөрүлсүн! Асыл башыңыз аман болсун!

Сизди сыйлап, **Кален Сыдыкова**, жазуучу, публицист.

Өмүрбек иним! Өркөнүң өсүп, зоболоң бийиктесин! Мага берген чыгармачылык жардамың үчүн ыраазымын. Өмүрлүү бол!

**Табылкан Ашымова**, 81 жаштагы ыр жазган байбиче 12. 05. 2009.

Өмүке! Теңирге ыракмат, сени мага жолуктурган. Өркөнүң өссүн, 85 жаш курагымдан ак батам сага!

**Күмүш Суранова**, коомдук ишмер, акын. 6. 06. 2009.

Өмүке! Бул китеп менден сага белек, менин отчетум. Сен биздин кичи мекенибиздеги акын, журналист, тарыхчы, адабиятчы, кыскасы, басып жүргөн энциклопе-

диясың. Сенин талантыңа биз чоң кубанычтабыз! Оюмдун баарын бул бетке батыра албаймын. Сага өмүр, ден-соолук, ийгилик тилеймин. Балдарың менен аман бол! Урматтоо менен байкең

**Турду Жыргалбеков**, профессор. 20. 11. 2009.

Элетте жүрүп, эл жүрөгүнөн түнөк тапкан ырларды жазган, Казыбек изилдөөчү Өмүрбек Дөлөевге!

Өмүке! Эл үчүн жасап жаткан эмгегиңдин өтөлүнө чыгыш үчүн чың ден-соолук, узак өмүр, бакубатчылык, анан чыгармачылык канат каалайм!

**Ысмайыл Кадыров**, акын, жазуучу. 6. 04. 2010.

Урматтуу Өмүрбекке эң мыкты тилектерим менен узак өмүрдү, бактылуу жылдарды каалайм!

**П.Н. Чесноков**, «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер». Дүйнөлүк марафондун призёру, УАМ согуштун катышуучусу, чыгаан спортчу. 14. 07. 2010. Каракол шаарынан жазылды.

Кадырман иним Өмүке! Сиздин ырларды окуганда тоо булагын ичкендей суусунум кана түшөт.

**Уркаш Мамбеталиев**, манасчы. 20. 07. 2010.

Урматтуу Өмүрбек мырза! Ишиң дагы бийикти карай илгерилей берсин!

**Бактыбек Максүтов**, коомдук ишмер, жазуучу. 27.07. 2010.

Өмүрбек байке! Улуу тоолордун арасында улуу идеялар менен алпурушуп келатасыз. Сизге ийгилик, амандык каалайм!14. 07. 2010.

**Азимжан Ибраимов**, журналист, коомдук ишмер. 19. 08. 2010

Өмүрбек Дөлөевич жөнүндө ар кай жерден жакшы сөздөрдү угуп жүрөм. Атактуу аалым, бийик адам Жамин Акималиевич «Бул жигит абдан таланттуу, мыкты жигит эле. Эмнегедир Ак-Талааны өтө эле сүйөт экен. Борбор жакка келбей койду, – дейт акын жөнүндө.

**Тамара Алыбаева**, институттун башкы эсепчиси.

Өмүрбек иним! Чыгармачылыгыңдын убайын көрүп, бала-чакаң, үй-бүлөң менен эсен бол!

**Кемелгазы Ниязов**, акын, коомдук ишмер. 20. 10. 2010.

Өмүрбек аганын ыр кайрыктары ыргактуу, мукамдуу келип, кайсыл темада жазылбасын, кандай шартта жаралбасын көөдөндөн жаркын ойду суурул, көңүлдү терметип, сезимди күүгө салып турат. Тоо боорунан аккан мөлтүр булакка канча жутсаң да канбаган сыңары, Өмүрбек аганын ырларына магниттей тартылып келесиң. Ыр болобу, поэма болобу окурманды өзүнө оп тартып, имерип турат.

**Махабат Молдалиева**, акын. 3. 05. 2011.

Өмүрбек аке! Ден-соолук, узун өмүр каалап, «Эки ашыктай» лирикалык, «Акыркы коңгуроодой» балдар ырларын жарата берүүңүздү жараткандан тилек кылам!

**Кыдыкбек Усупбаев**, музыкант. 14. 02. 2012.

Иним Өмүрбек! Агаңдын эскерме китебин окуп кой. Ден-соолукта болуп, бактылуу жашоодон өксү болбо!

**Бакы Ороков**, коомдук ишмер. Тогуз-Торо району. 4.04. 2012.

Өмүрбек байке! Сизге чыгармачылык ийгилик менен бирге аманчылык, бардык жакшылыктарды каалаймын!

**Жаңыл Бердикулова**, акын. 20. 05. 2012.

Өмүрбек доско! Замандын изи, доордун доошу ырларыңдан туюлуп турсун. Тирүүлүктө өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп жүрөлү!

**Маркабай Ааматов**, акын. 22. 05. 2012.

Ардактуу Өмүрбек агама! Узун өмүр, чыгармачылык ийгиликтерди каалап, иниңиз

**Абдувахаб Мониев**, жазуучу. 22. 01. 2013.

Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич! Сизге урматтоо менен атамдын китебин беремин. Ийгиликтерге жетиңиз!

**Айсалкын Апсаматовна Масалиева**, дарыгер. 6. 11. 2013.

Урматтуу Өмүрбек байке!

Сизге бу дүйнөдөгү бардык жакшылыкты каалап, терең урмат менен

**Султан Раев**, жазуучу, драматург, 15. 01. 2014.

Мен сыйлаган иним Өмүрбек! Чыгармачылыкта арымың күчөп, ийгилигиң артсын! Ак-Талааны ушинтип алга сүрөй бер!

**Айылчы Абдрахманов**, ардак наам ээси. 11. 02. 2014.

Өмүке! Далай жыл артта калды. Баарын көрдүк. Жакшысы да, жаманы да коштоп келди. Өмүрдүн аз калган күндөрү эми бактылуу эскерүүлөрдүн, жакшы үмүт-тилектер, балдар менен неберелердин күлкүсү менен коштолсун! Бар болгула! Эч качан оорубагыла! Силердин

Шакеңер!

**Шайлообек Дүйшеев**, акын. 15. 04. 2014.

Өмүрбек иним! Ишиңе ийгиликтерди каалайм! Бар бол!

**Эрнис Турсунов**, акын. 16. 04. 2014.

Өмүрбек ага! Сизге ден-соолук, ийгилик, бактылуу карылык каалайм!

**Мурасбек Керимов**, акын. 5. 06. 20014.

Өмүрбек агай! Сизге, үй-бүлөңүзгө бардык жакшылыктарды каалайм!

**Айша Аалиева**, журналист. 30. 06. 2015.

Өмүрбек ага! Сизге бардык бактылуулуктарды каалаймын!

**Бектуруш Салгамани**, акын. 1. 07. 2015.

Өмүрбек акын иним! Акындык аруу жолуң узара берсин! Ак тилегим менен китебимди тартуулап,

**Нураалы Айсаракунов**, акын, дарыгер. 1. 07. 2015.

Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич! Сизге «Көгүлтүр Ысык-Көл» санаториясынын 50 жылдык тоюнан ушул китеп эстелик болсун! Сизге чың ден-соолук, албан-албан ийгиликтерди, үй-бүлөгө бакыт каалайбыз! Бар болуңуз, жакшылыктар коштоп жүрсүн!

**Лира Баатырбекова**, жетекчи. 15. 07. 2015.

Өмүрбек! Силерге, үй-бүлөңөргө жакшылык каалайбыз!

**Мукаш Базаркулов**, коомдук, мамлекеттик ишмер. 18. 09. 2015.

Урматтуу Өмүрбек байке! Ишиңизге ийгилик, өзүңүзгө чың ден-соолук, узак өмүр каалаймын!

**Мундузбек Тентимишов**, жазуучу, журналист. 20. 11. 2015.

Шакиртим Өмүрбек! Сага үч томдук китебимди арнаймын! Окуп жүр!

**Омор Султанов**, акын. 24. 11. 2015.

Өмүрбек ага! Урматтоо менен, ишиңизге ийгиликтерди каалаймын!

**Жанкороз Каниметов**, коомдук ишмер, педагог, окумуштуу. Ысык-Ата. 4. 12. 2015.

Урматтуу Өмүрбек байке! Атамдын китебин текчеңизге коюп, окуп жүрүңүз. Китептин чыгарылышына кошкон салымыңыз үчүн Сизге терең ыраазылык билдирем! Бекем ден-соолук, ишиңизге ийгиликтерди каалап, иниңиз

**Касен Азисов**, коомдук ишмер, жетекчи. 11. 12. 2015.

Калемдешим Өмүрбек! Ишиңе ийгиликтерди, үй-бүлөңө бакытты каалаймын!

**Ниязбек Касмалиев**, акын. 19. 02. 2016.

Урматтуу Өмүрбек замандашым! Чыгармачылыгыңа Жарыктөштөй чыгаандык келсин! Аман бол!

**Оболбек Мамытов**, саяпкер, Жарыктөштү таптаган адам. 20. 05. 20016.

Өмүке! «Аз элден чыккан асылдар» китебим сага! Сенин китепканаңа арнаймын!

**Карыпбек Асанов**, коомдук, мамлекеттик ишмер. 5. 06. 2016.

Кымбаттуу Өмүрбек мырза! Элибиздин эң мыкты элитасы болушуңду тилейбиз!

**Кусейин Исаев**, профессор. **Бактыбек Сейитбаев**, окумуштуу. Июль, Соң-Көл. 2016.

Урматтуу Өмүрбек аке!

Жараткан узун өмүрүңүзгө бекем ден-соолук берип, өчпөгөн чыгармаларды тынымсыз жаратып, эл сыймыгы болуп жүрө беришиңизге тилектешмин!

**Семетей Черикбаев,** Ак-Талаа районунун жетекчиси, «Маданияттын мыкты кызматкери». 29-май, Дүйшөмбү, 2017-Тоок жылы.

* * *

Жаш талапкер Өмүрбек Дөлөев «Жаш ленинчи» журналынын редакциясы менен тыгыз байланышта. Ал 1970-жылдан бери өзүнүн ырларын жиберип турат. Анын бир нече татынакай ырлары «Жаш ленинчи» журналына жарыяланган. Жаш калемдин чыгармаларынан көркөм элестүү, нагыз поэзия ачык сезилип турат.

**Жалил Садыков,**

акын, «Жаш ленинчи» журналынын редактору. 28. 05. 1976-ж.

* * *

Өмүрбек Дөлөев 1971-жылдан бери «Кыргызстан аялдары» журналына үзбөй макала, очерктерди жазып келе жатат. Ал макалаларында Дөлөев өзүн изденгич журналист болууга жөндөмдүү экендигин көрсөттү. Анын калеминен жаралган макалалар өзүнүн көркөмдүгү жана ойлуулугу менен айырмаланат.

**Гүлсайра Момунова,**

акын, «Кыргызстан аялдары» журналынын жооптуу секретары. 31. 05. 1976-ж.

* * *

Жаш калем Өмүрбек Дөлөевдин ырлары ар жыл сайын «Мектеп» басмасынан жарыкка чыгуучу жаш авторлордун «Учкун» аттуу альманахынын 1975-жылкы 4-чыгарылышына киргендиги анык.

Жолдош Ө. Дөлөевдин ырларын окуганда, айыл турмушун жакшы биле тургандыгы, ар кандай теманы поэтикалуу чагылдырып берүүгө умтулуусу ачык байкалат.

**Н. Кангелдиев,**

«Мектеп» басмасынын директору.

**Б. Асаналиев,**

«Учкун» альманахынын редактору. 21. 05. 1976-ж.

* * *

**Жазуучулар Союзунун облустук адабий кеңешчисинин алдындагы көркөм Советте 15-июнь, 1979-жылы «Сезим тамчысы» жыйнагына талкуудан**

**К. Айдарбеков**-журналист: – Адабият майданына өз үнү, өзүнүн бир изи менен кирүүгө далалаттанган жаш талапкердин ырлары окурманды кайдыгер калтырбайт. Андан өзүнө таандык үн, айтайын деген оюнун тактыгы, мазмуну камтылгандыгы даана сезилет.

**А. Керимбаев**– жазуучу, журналист: – Облусубуздагы чыгармачыл жаштардын бири Өмүрбектин алгачкы жыйнагына сезим козгогон, окурмандарга окугандан кийин бир рахат бере турган татынакай ырлары топтолгондугу көрүнүп турат. Мен анын ыр саптарынан граждандуулукту, көркөм ой айтууга ынтызарлуулукту, кандайдыр бир өзүнчө доош салган үндү байкадым.

**М. Аалыбаев**-журналист: – Алгачкы кадамдын жооптуулугун сезгендик, элге эмгегин тартуулоодон мурда өзүнө чоң жоопкерчилик менен карагандык анын жыйнагын окуп чыккандан кийин ойго «кылт» дебей койбойт. Автор областыбыздагы талбай изденген, бир жолго түшүүгө көшөөрүп аракеттенген, талант менен эмгекти айкалыштырууну максат кылган талапкер. Акындын жыйнагында чындыгында анын көп жылдык ой түйшүгүнүн үзүрү, бир сап ыр жаратуунун миңдеген азаптары, ошондой эле максатка жеткендиги даана байкалат.

**Э. Абдыкадыров** – жазуучу, журналист: – Мен Ө. Дөлөевдин ырларын мезгилдүү басма сөздөн окуп, радиодон угуп жүргөнмүн. Эми анын бул жыйнагын окуп чыгуу менен жаш таланттын чыгармачылык жүзүн даана көрө алдым. Өмүрбектин граждандуулукту, адамгерчиликти, көркөм ой айтууну башкы максат кылгандыгы жакшы жөрөлгө.

**Д. Кененбаев**-акын: – Ыр дүйнөсүнө белсенип кирүү канчалык жоопту экенин сезүү жаш акын үчүн биринчи планда туруу керек. Менин баамымда бул автор аны жүрөгүнөн сезет. Муну жыйнактан көрүп турабыз.

**Б. Курманкулов** – облус боюнча адабий кеңешчи:– Бул жыйнакты мен эки жолу окуп чыктым. Ырлары жогорку көркөмдүктө жазылган. Демек, жаш акын чыгармачылыкка сергек карагандыгынын күбөсү. Негизинен, автордун ар бир турмуштук деталга поэзиялык көркөм каражаттарды колдонуу менен философиялык ой салууга аракеттенгендиги, турмушту терең билгендиги шөкөттөлгөндүгү кубанаарлык көрүнүш.

## АРЫМЫҢ АРТЫЛА БЕРСИН!

Ырас, колуна калем кармап, чыгарма жазгандар көп. Окурман алардын баарына эле назар сала бербеши айгине. Мен Өмүрбектин ырларын окуганда кыргыз жергесинин күүсүн сезем, бирде көл толкундары жээкке шапата сепкендей аруу сезимим сергектене түшөт. Анын сезим ыргактары жан дүйнөңдү үлпүлдөтө сылап өтөт. Өмүрбек табиятынан лирик акын. Куш канатындай делбиреген ыр саптары дилиңе куюлуп, көңүл арзуусун козгойт. Ал азыр изденүү жолунда.

Өмүрбек бир катар жылдардан бери райондогу «Үмүт оттору» аттуу адабий ийримди жетектеп келе жатат. Ал өзүнө талапты коё билген аракетчил, «Үмүт отун» алоо-

лонто жандырган жөндөмдүү авторлордун бири. Анын «Сезим тамчысы», «Алтын топ», «Үмүт оттору» деген ыр жыйнактары чыгып, окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган. Бул күндөрдө акын «Мен-Мекендин чырпыгы» аттуу кол жазманын үстүндө эмгектенип, жыйнак басмага даярдалып жатат.

Ушул байсалдуу жолуңдан жазбай. «Үмүт отторуң» алоолоп, актала берсин, Өмүрбек!

**Каныбек Жунушов,**

Кыргызстан Жазуучулар союзунун Нарын областы боюнча адабий кеңешчиси. («Нарын правдасы», 25-октябрь, 1986-жыл).

**Түзүүчүдөн** (китептен)

... Акындын жердеши, анын чыгармачылыгы жөнүндө материалдарды талбай жыйнаган Ө. Дөлөевдин макаласы. Тоголок Молдонун адамдык насилине, талантына, ойчулдугуна, дарыгерлигине таң берген публицистикалык ой толгоо болуп саналат.

Китептин «эскерүүлөр» бөлүмү да жогоруда айтылгандай кыргыз адабиятынын классиктеринин сөздөрүнөн баштап, айыл адамдарынын ушу бүгүн кагазга түшүрүлгөн эскерүүлөрүнө чейин камтыйт. ... Ө. Дөлөев жыйнап, иреттеп ушул жыйнак үчүн жиберген эскерүүлөр да биринчи ирет жарыяланып жатат. Алар Сапия Байымбет кызы, Баяман Атыкан уулу, Жусупжан Молдоканов, Турсунбек Ибраимовдун эскерүүлөрү болуп саналат.

Сөз аягында ушул жыйнакты түзүү машакатын тең бөлүшкөн Ак-Талаа райондук «Айыл турмушу» газетасынын редакторунун орун басары Ө. Дөлөевге ... чын ыкласымдан ыраазычылыгымды билдирем.

(**«Тоголок Молдо. Изилдөөлөр, эскерүүлөр»** китебинен. Бишкек. «Адабият». 1991. Жаштар үчүн. Сулайман Кайыпов)

Китепти түзүүчү **Сулайман Кайыпов,** филология илимдеринин **кандидаты.**

**Китептин баш сөзүнөн**

## АКЫНДЫН КӨЧӨСҮ

Орустун бир белгилүү акынынын мындай деп айтканы эсимде. Түндүн бир оокумунда кызуу уйкуда жатканда, балким түнкү саат 2–3төрдө дейт, телефондун шыңгыраганынан чочуп туруп, ушул беймаал убакта сага чалып, ойготууга батынган ким болду экен деп ойлойсуң, анан трубканы алсаң, эски тааныш акының болуп чыгат. «Эмнеге чалдың элең?» – десең, «мен баланча деген көчөнүн, түкүнчө деген жеринде турам, бир жакшы ыр жаздым эле, кийинип келе кал, окуп берейин» – дейт. Анан, «барсамбы, барбасамбы?» – деп, ойлоно баштайсың. «Кокус жаман ыр болуп калсачы» – деп чочулайсың. Анан, «неси болсо да барып көрөйүнчү» – деп, туруп алып жөнөйсүң... Жакшы ыр деген ушундай, сени кандай убакта, кайсыл убакта болсун, түн уйкуңдан ойготуп алып ээрчитип кеткен сыяктуу.

Өмүрбектин ырларын окуган сайын ушул эсиме түшө берет. Экөөбүз курдашпыз. Адабият босогосун да бир аттаганбыз. Алгач телевизорго да, мурдагы «Нарын правдасы» газетасынын адабият бетине да чогуу чыкканбыз. Экөөбүз тең газетадан баштаганбыз, азыр да газетадабыз. Болгону Өмүрбек элетте калып, мен «шаардык» болуп кеттим.

Өмүрбек алгачкы «Сезим тамчысы» жыйнагына чыккан «Өскөн жер» деген ырында:

Көзүмө коөздук чегелеп,<br>
Көркөмүң укмуш керемет.<br>
Өскөн жер шыкты жараттың,<br>
Өмүрдө эч ким бере элек! – деп айткан эле.

Андан бери акын көптөгөн ырлар жазды жана жазууда. Ал азыр да ошол деми, шыгы, күүсүнөн жана элек, ал

тургай күчөгөндөн күчөп, шыктангандан шыктанып, тууган жерин, анда жашаган адамдардын жашоо-тиричилигин, карапайым турмушун, тагдырын, кайгы-касиретин, сүйүүсүн, күлкүсүн, эмгегин жар салып келет. Анын көп ырларына даңазалуу композитор Сатылган Осмонов, белгилүү обончулар Адылбек Кыязов, Шеркул Дүйшөналиев, Кыдыкбек Усупбаев, Атайбек Бөдөшов, Хабибилла Азиреткулов, жергиликтүү обончулар Ү. Оморов, Д.Ажиев, Н.Баев, Б. Ободоев, Б. Будүков, Б. Темиров, Т.Алманбетов, Ж. Нуркасымовдор обон чыгарышкан.

Акындын ырлары да өзүнүн кулк-мүнөзүнө окшош болот. Өмүрбектин өзүнө окшогон оор басырыктуу, токтоо, жулунуп-улунбаган, акыл-эстүү жана адамгерчиликтүү поэзиясы бир караганда анча буркан-шаркан түшпөй, өз нугунда агып жаткансып да көрүнүшү ыктымал. Балким, чын эле ошондойдур, анткени, терең дайра тынч агат эмеспи. Кандай болгон күндө да Өмүрбектин өзүнүн жүзү, өзүнүн өңү бар акын. Ал айрым акындарга окшоп, шугулданып турганда китеп артынан китеп чыгарып, сыйлык артынан сыйлык алып, атак-даңк кубалап кетмек. Кетсе ага деле жетет эле. Анын «Сары кардай бүткүл тоңду эриткен» деген ырындагы:

Кыруулаган каркырадай күз өткөн,
Жаш кумарды жыйып кетээр күндөрүм.
Болсоң да эне, чыкпайт сендей кыз эстен,
Жолуктурат жеңең өңдү түндөрүм... деген саптарын кайра-кайра эстей берем, мындай таамай айтылган, ой менен сөздүн ширелишинен бүткөн ырлар акында көп. Аны билип, түшүнүп, баалаш үчүн китебин шашпай окуп чыгыш керек. Акын акын үчүн эмес, же адабият сынчысы үчүн эмес, эл үчүн жазат. Акындын ырларынын андан аркы өмүрү элде. Ал эми Өмүрбектин эл үчүн деген жүрөгүнүн, болгондо да жөн эмес, ырдан бүткөн жүрөгүнүн оту өчпөсүн деп тилеймин.

Мен болсом, сенин ырларыңды Өмүкө, акын катары эмес, баягы бала кездеги ырга ышкыбоз боз улан катары, окурман катары элеп-желеп болуп окуп жүрө бергим келет. Кудай бизди дал ушул бактыдан өксүтлөсүн. Китебиңе ак жол!

Сенин окурманың **Шайлообек Дүйшеев.** 25-январь, 1996-жыл.

*(«Өмүр көчү-!». Нарын шаардык басмаканасы. 1996-ж. Китептин баш сөзү).*

**Китептин баш сөзүнөн**

## ПОЭЗИЯ, КАЙДАН ЖҮРҮП ЖОЛУКТУҢ?!.

Адам болгон жери -кандайдыр бир деңгээлде талanttуу. Анткени, ар бир адамдын ырдагысы келет. Ар бири ырдайт. Ыр адамдын жаны менен бирге бүткөндөй.

Андай экен, эмне үчүн адамдын баары тең акын болбойт? Менин оюмча, адамдын баары тең акын, музыкант, сүрөтчү. Бир гана айырмасы, биринде азыраак да, биринде андан да азыраак, а, дагы биринде эң эле аз. Көр тирлик азыраак көрөңгөнү улам түгөтүп отуруп, акырында, булактын оозун баскан көчкүдөй дымын чыгарбай салат окшобойбу? Анан да ар кимдин маңдайына жазылган тагдыр бар да. Андай болгон соң, акын деген тагдыр, болгондо да опсуз чоң тагдыр го деп ойлойм.

Өмүрбек Дөлөев аябагандай чоң тагдырга жолуккандыгы үчүн чоң акын болуп калды. Поэзия-бул өзү жан жыргаткан, жан кейиткен «Жакшы дарт». Ага бир жолугуп алган соң, андан ажыроо мүмкүн эмес. Ошентип, ажыроого мүмкүн болбой калганда гана экинчи өмүргө айланат болуш керек.

Өмүрбектин экинчи өмүрү-поэзия, салмактуу, булчуңдуу эч жеринен жасалмалуулук көрүнбөй турган асылдыгы бар поэзия. Акын бир сабында «Поэзия, кайдан жүрүп

жолуктуң?» – деп, же суроо, же таарыныч, же кубаныч экендиги белгисиз бир табышмактуу маселени алдына коюп алып, чечмелөөгө аракет жасайт. Ага жооп табуу мүмкүн эмес экенин биле туруп, жооп издейт. Аны издеткен улуу күч-ал, поэзия, ал көркөмдүк, ал асылдык.

Өмүрбек эгер чоң тагдырга жолукпаган болсо-ал ырды жазбай коё алат эле, башка бир кесиптин артында жүрсө да мындан артык майнап чыгарат болчу. Бирок, аны жанагы «Жакшы дарт» эч качан коё бербей койду. Ал анын кулу да, кожоюну да болуп калды.

Поэзиянын артында жүрүп, бир күн тарткан азабы миң жылдык жыргал экенин кимдер билет болду экен?!.

... Келдиң мага жомоктогу түн болуп,
Көмөкөйгө токтоп калдың үн болуп.
Бассам-турсам колдон алдың жетелеп,
Балалыктай бала күндөн бир болуп.

Кырды кырдап, аска үстүндө Ай менен,
Көлкүлдөп сен, көзү күйгөн кайберен...

Бул байлыкты, бул олжону эмне менен теңештиресиң, кайсы асыл санжырага салыштырасың?! Ушундай айкын десе айкын, терең десе терең ырлары менен 70–80-жылдардын оро-парасында Эгемберди Эрматов, Шайлообек Дүйшеев, Абдыжапар Эгембердиев, Өмүрбек Дөлөев сыяктуу бир кур акындар адабият эшигин кең-кесири ачып киришкен эле. Алардын ар биринин бүгүнкү күндө өз үнү, ар кимисинин өз алдынча акындык тагдыры, өз жолдору бар, элибизге кеңири белгилүү акындар болуп калгандыгын мен жеке керт башым, ыраазылык менен белгилегим келет.

Бул акындар жөн эле сөөнүп эмес, шартылдаган даярдык менен, акындык өнөргө жалган пафос менен эмес, чыныгы акындык чынчылдык менен киришип, кыргыз

поэзиясынын горизонтун кеңейтишти, окурмандар алдындагы вазипаларын аспиет аткарып жатышат.

Өмүрбек да өзүнүн акындык тагдырын, акындык чоң тагдырын жогоруда мисалга алган «калп айта албаган» жүздөгөн ырлары менен алыскы Ак-Талаа өрөөнүндө жатып алып, бүтүндөй ыр жандуу кыргызын жыргалга бөлөп жатканына миң мертебе ыраазы болом, алыстан болсо да элесин кучагыма кысып, мандайынан сүйөм. Анан ичимден угузбай, өзүмө-өзүм угузбай: – Өмүкө, бар бол иним! Сендей акындар кыргызында көп деле эмес. Кадырыңды билгендер көбүрөөк болсо экен. Анткени, жакшы акындын тагдыры өзүнүн ойлоруна окшош катаал да, таттаал да болчу эле. Сенин андайга муңбасыңды билем. Бир гана тилегим өмүрүң узун болсун, а калганы сенде, шүгүрчүлүк бар: балбан талантың, адамдык тунук ыйманың.

Ал эми ырларыңдан эч качан, эч кимдин көңүлү кайт болбосуна ишенем. Чыгармачылык байсал жолуңду улан-та бер! – дейм.

**Омор Султанов**, *Кыргыз Эл акыны. 29. 04. 1997-ж.*
*(«Өмүр көчү-2» китебинин баш сөзү.*
*Нарын облустук басмаканасы. 1997-ж.)*

**Президенттин куттуктоосу!**

**Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!**

Суверендүү Кыргыз Республикабыз үчүн зор тарыхый окуя болгон 24-декабрдагы жалпы элдик добуш менен Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону так, калыс, демократиялык негизде, мамлекетибиздин Конституциясынын жана мыйзамдардын чегинде өткөрүүдө кошкон салымыңыз үчүн Сизге Эгемендүү өлкөбүздүн Президенти катары терең ыраазычылыгымды билдирем.

Сиз, Сиздин үй-бүлөңүз жана жалпы эле калайык калкыбыз үчүн алдыдагы 1996-жаңы жыл ынтымак менен биримдиктин, кубаныч менен ийгиликтин, эмгек менен жакшылыктын ак жолтой жылы болушун чын жүрөгүмдөн каалайм.

***Кыргыз Республикасынын***
***Президенти А. Акаев.***

* * *

**Урматтуу Өмүрбек ага, жеңе!**

«Өнөр» дегениң ушунча күлүк аргымак экен, ал минген адамын ыракаттуу эс алуучу бекетке жеткирген. Сиздер эриш-аркак болуп, өнөрдү аркалап, ыр дүйнөсүндө өзүңүз белгилегендей ага, кумурска турмушуңуздарды алыскы ак чаптуу Ак-Талааңарда өткөрүп келе жатасыздар. «Эмгек бар жерде жемиш бар, акыл бар жерде жеңиш бар» дегендей ушул эки ыйык касиеттин үзүрүн көрөөр убакыт гана келди окшойт. Акыл башкарган жерде ынтымак үрөнүн чачат эмеспи. Балдарыңар менен бактылуу болуп, аман болгула. «Өнөр» деген жан дүйнөңүз өргөлөй берсин, Өмүрбек ага!

Идеясы келиниңиздердики, уулуңар Элзардын аткаруусунда сизге арнаган **«Гүлдесте»** ырыбызды кабыл алыңыздар. Сиздерди терең урматтап, **Жалил, Тынара, Мират, Элзар** жана **энебиз Дүйшөбүбү.**

*20-октябрь, 1997-жыл.*

* * *

Урматтуу **Өмүрбек Дөлөевич!**

Жаңы 2004-жылыңыз менен Сизди чын дилимден куттуктаймын!

Сизге мендей депутаттын Ак-Талаадагы коомдук жардамчысы, менин аймактагы эң ишенимдүү адамым, дегеле мыкты адам катары ушул кубанычтуу күндөрдө өзүмдүн аруу жана таза тилектеримди, чоң ыраазычылыгымды билдирип, Сизге бекем ден-соолук, узун өмүр, үй-бүлөңүзгө бакыт-таалай жана ишиңиздерге ийгиликтерди каалаймын!

Сиз элдин өсүп-өнүгүшү, адабият, маданият үчүн опол тоодой чоң иштерди жасап жатканыңызды бул куттуу күндө айта кетүү мен үчүн эң эле жагымдуу. Элибизде бейпилдик болуп, молчулук толуп, жүрөк жылыткан

жакшылыктар, көкүрөк толгон кубанычтар арбысын! Биз ал жакшылыктарда бирге бололу!

Теңирим колдоп, кажыбас кайратыңыздан жазбай, чаалыкпаган мээнетиңиздин үзүрүн көрүп, бакубат, дөөлөттүү өмүр сүрүңүз!

Сизди терең урматтоо менен **Шамшыбек Медетбеков,**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын Бюджет жана экономикалык саясат боюнча комитетинин төрагасынын орун басары.

## КАЗЫБЕК

Казыбекти биринчи изилдеп, чоң адабиятка алып чыккан ак-талаалык акын Өмүрбек Дөлөев.

Казыбектин казалдарын эл оозунан жыйнап, китеп кылып чыгарып, гезит-журналдарга жарыялап, карыган жубайы Зуурабүбү менен маектешип, эскерүүлөрүн жазып алган акын Өмүрбек Дөлөевдин эмгеги ат көтөргүс.

*Эрнис Турсунов,*

*Кыргыз эл акыны. «Кыргыз туусу». №79, 80. 21-23-жана 24-27-октябрь, 2008-ж.*

## ӨМҮР КӨЧҮ УЛАНА БЕРСИН...

Ушу тапта кыргыз элинин дагы бир атуулу-акын, журналист, публицист жана коомдук ишмер Өмүрбек Дөлөев 60 аттуу кутман курактын кучагына бөлөнүп, эл-журтуна чыгармачылык эсеп-чотун берип, жүзү жаркып, кубанып турган убагы.

Анткени, анын көп кырдуу ишмердиги башкалар үчүн да үлгү болгудай үзүрлүү, жемиштүү, мөмөлүү уланып келүүдө. Мындай ишмердикке өбөлгө түзгөн эң башкы шарт-биз, шаардыктар, командировка алып жете албай жүргөн абасы таза, суусу тунук, чокусу асман ти-

реген шаңкайган Ала-Тообуздун койнунда төрөлүп, ошол жерден эмгек жолуна аттанып, ошол бойдон пейли таза элинин көп катмарлуу турмушунун чордонунда бышып, эмгектенип келатканы. Анын чыгармаларынын күчү да ошондой шарттардан дүрмөттөлгөн. Ал эми дээринде талант уялаган Өмүрбек инибиз андай ыңгайлуу жагдайларды көркөм аң-сезиминин торко элегинен өткөрүп, жаркын маанайлуу образдардын галереясын жаратуу менен адабиятыбыздын алтын казынасына өз салымын кошуп жатканына баарыбыз кубанып келебиз.

Дээрлик 40 жылдан бери райондук гезитте иштеп келатканы да анын каламынын курчушуна мыкты шарттарды түзүп берүүдө.

Натыйжада анын көркөм чарбагы көз кумарын кандырып, замандаштарына руханий каниет, рахат тартуулап келет. «Акын болбой калышың мүмкүн, бирок, адам болууга милдеттүүсүң» деген акылман сөздүн Өмүрбек инибизге тиешеси жоктой, анткени, ал сөздүн нукура маанисинде акын да, адам да. Анын чыгармаларын тизмелеп, талдап отуруу бир топ убакытты алаар эле. Антсе да алардын ичиен бөлүп көрсөтчү көркөм дүйнөсү – «Өмүр көчү-1» (1996), «Өмүр көчү-2» (1997). Аталган жыйнактарда анын акындык дарамети бажырайып ачылып, поэтикалык дүйнөсү шаңкайып, баралына келип турганына күбө болобуз.

Өмүрбек инибиз көркөм чыгармачылыгынан башка да көптөгөн жооптуу кызматтарды майын чыгарып аткарып келаткан нукура элдик атуул.

1978-жылдан СССР Журналисттер Союзунун, 1989-жылдан СССР Жазуучулар Союзунун мүчөсү болуу менен ушул тапта алардын башкармалыктарынын мүчөсү, жазуучулардын Нарын дубандык бөлүмүнүн жетекчиси, «Ак-Талаа-Эл» коомунун вице-президенти сыяктуу коомдук иштердин түйшүгүн көтөрүп келүүдө.

Улуу манасчы Сагымбайдын, казалчы Нурдин Молдонун, Казыбектин, Тоголок Молдонун, Муса Баетовдун,

Абдыкалык Чоробаевдин, Шүкүрбек Бейшеналиевдин өмүр жолу менен чыгармачылыгын талдоого алган мазмундуу макалалардын да автору.

Анын эл алдында сиңирген ак эмгеги КР Грамотасына, «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер» наамына, «Маданиятын мыкты кызматкери» төш белгисине, «Манас-1000» кол саатына ж.б. ушундай мартабалуу сыйлыктарга татыган.

Мааракe ээси көп жылдык изденүүлөрүнүн натыйжасында кумдан алтындын күкүмүн бөлүп алгандай асыл нарктарды-«Ак-Талаа-куттун жергеси», «Казыбек. Канжандан чыккан казалдар», «Ак Мөөр-Ак-Талаанын айпериси» сыяктуу тарыхый эмгектерди жаратып, азыр да каламын бүлөп, чымыркануп эмгектенүүдө.

Биздин заманда эр ортону 70тен ашык жаш экенин эске алсак, Өмүрбек инибиз али жаш болгондуктан элине мындан ары да ак кызматын өтөй бериши үчүн ага чың ден-соолук, узак өмүр тилеп, **агасы**

*Санарбек Карымшаков,*
*филология илимдеринин кандидаты, профессор.*
*(«Кыргыз туусу». №70. 11-13-сентябрь, 2007-ж)*

## ЭЛЕСИМДЕ АКЫН ЖАШТЫГЫ...

Кез-кез үй-бүлөлүк сүрөт китепчесин ачып, өткөн күндөрдүн элесин кайрадан көрөм. Колдон келишинче учурунда кыргыздын улуу акындарынын катарында туруп көп эле сүрөткө түштүк. Аалы, Түгөлбай, Абдырасул, Кубанычбек менин көзүрлөрүм эле. Учурда биз да жаш калемгерлер менен сүрөткө түштүк. Мынакей, анын бири, азыр алтымыш жаш тоюн өткөрүп жаткан Өмүрбек Дөлөев экөөбүздүн опера жана балет театрынын алдында түшкөн сүрөтүбүз. Ал да мотурайып жаш, мен да өз курагыма жараша...

Өмүрбек иним менен көп бирге болдум. Анын кичипейилдиги, сылыктыгы жаш кезинен эле байкалган. Бишкекте же Ак-Талаада жүрсөк да ал инилик ийкеминен кайткан эмес. Калемдеш катары анын чыгармачылыгына жакшы баа берип келем. Ал, өзүнүн токтоолугу, ойчулдугу менен Алыкулга тете. Ал, аз, бирок саз жазат. Радиодон анын сөзүнө жазылган Ак Мөөргө арналган обондуу ырды угуп, дайыма рахат алам. Ал эми Өмүрбектин айтылуу Казыбек казалчынын өмүр жолун изилдеген эмгеги өзүнчө бир баа.

Мен жогоруда Өмүрбек инимдин элесиндеги акындык жаштыгын айттым эле. Мына, жылдар оошуп, иним баралына келиптир. Каалоом: узак өмүр, үй-бүлөлүк бакыт, чыгармачылык үзүр.

***Нурпайис Жаркынбай,***
***акын, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер. 13. 09. 2007.***

* * *

... «Кенди чыккан жерден каз» дегендей, улуттук адабиятыбыздын татыктуу өкүлдөрүнүн айтылуу куракталрын гана эли-журту белгилейт. Адабий улуу жолдун же жергеден чыккан Тоголок Молдо, Абдыкалык, Шүкүрбек аталардын улуу жолунун учун улаган, кыргыз адабият асманында, журналистикада өз орду, өз подчерки, өз жүзү, өз үнү бар, таланттуу, ошондой эле бийик адамгерчиликтүү, элге эң эле алымдуу инсан Өмүрбек аганын юбилейи бекеринен белгиленип жатпаганын дагы бир жолу эске сала кетмекчимин.

Элибизде «жөнөкөйлүк-сулуулук» дейт. А, сулуулукту бардык адам сүйөт да. Так ошол өңдүү Өмүрбек аганын жерге жакындыгы, карапайымдыгы, өтө жөнөкөйлүгү аны билгендердин ойлорунда дайыма жаркырап, бардыгына белгилүү. Анын адамгерчилиги эң бийик, адамга урматы ушунчалык! Ал бийликке, бай-жардысына, чоң-кичинесине карабай бирдей, алпейим мамиле

жасайт. Кимге болбосун жардамын эч качан аябайт. Өтө эмгекчилдиги, ишти тез, сапаттуу бүткөргөндүгү, бир нерсе айтсаң же тапшырсаң эч качан «жок» дебегендиги менен башкалардан кескин айырмаланат. Анткени, адам ага бир нерсени ишенип тапшырганын же айтканын жүрөгү менен туят жана анда ошончолук деңгээл, көрөңгө, турмуштук бай тажрыйба, коомду, эл-жерди, эзелкини-эмкини, турмушту таанып-билүүнүн кенчи, кору жатканын, аны эл терең түшүнүү менен бир нерсени сунуштап, аткарып берүүгө үмүттөнүп жатканын ак сезет. Адамды баалай да, түшүнө да билет. Кайсы жерде, кайда болбосун жүйөөлүү, калыс, алымдуу, өтүмдүү сөзү менен улууга да, кичүүгө да алынат. Кандай кыйдам учур, кырдаал болбосун адам менен тил таап, ачык-айкын сүйлөшө билет. Акындын дипломатиялык аздек мүнөзү, кеби журтубузга белгилүү. Сүйкүмдүү, жаадыраган мүнөзү аркылуу дайыма адамдарга жагымдуу. Кыйдамы келгенде тамашакөй, курч, юмордуу, таамай сүйлөгөнү, оюн тайманбай, ачык, кеңир айткандыгы, беттеген маселесине карата жыйналган пикирин эч качан ичинде калтырбай дароо билдиргендиги, анын сөзү жугумдуулугу менен өзгөчөлөнүп, элдин оюндагысына качан болбосун дал келгендиги акынды дайыма эли колдоп, сыйлап, башкалардан өзгөчөлөп, өзүнчөлүгүн, оригиналдуулугун, кайталанбастыгын дароо сездирип, туйдуруп турушат. Ошон үчүн ал дайыма ободогу эркин канат каккан куштай сергек, тоо суусундай шар, тазалыгы менен баскан-турганынан, ажарынан, сөзүнөн, адамга жан дүйнөнү аңтара тике караган акыл толгон көзүнөн даана билинип турат.

Өмүрбек акын турмушта турушунча таза, тунук адам. Эмне маселе болбосун өзүнүн туруктуу позициядагы көз карашы бар. Өз оюн дайыма аныктай алат. Намыскөйлүгү, жанар тоодой жандуу, кубаттуу таланты, өжөр, кашкөйлүгү аны жашоодо максаттарына жеткирүүдө.

Мен айтаар элем, «Өмүрбек аганын бардык сапаттары поэзиядагы, журналистикадагы чыгаан талантындай, ар кылдуу чоң таланттуулук, бир дарыяга куйган көп булактардай көп кырдуу таланттуулук!» – деп. Чынында эле бул кишинин өмүрү таланттарга толгон чоң үлгү, чоң өрнөк. Акын агабыз болбогондо Ак Мөөрдүн «Ак Мөөрдүгүн», анын Ак-Талаанын өз кызы экендигин, Казыбектин элге али белгисиз даана өмүр издерин, Ак-Талаанын алгачкы, андан ары ал жол менен кийинки урпактар улап кете берүүчү келечектүү энциклопедиясын («Ак-Талаакуттун жергеси» китеби), ж.б. көөнөрбөс чыгармаларды ким жазмак да, ким түзмөк?!. Ал - Ак-Талаанын алтын фондусу, асыл кенчи!

**Сейтек Кулубаев,** акимдин биринчи орун басары. Акындын 60 жылдыгын өткөрүү боюнча комиссиянын төрагасы, мааракe өткөн күндөгү салтанаттуу жыйындагы докладчы. *(Текст докладдан кыскача алынды).*

*14-Сентябрь, Жума. 2007-жыл.*

## БАЕТОВ АЙЫЛЫНЫН АЛГАЧКЫ АРДАКТУУ АТУУЛУ

Дөрбөлжүн колхозу 1928-жылы уюшулуп, 2008-жылы 80 жыл толгон. Сексен жылдан бери райондун борбору Дөрбөлжүн айылынын (кийинки аты Баетов) ардактуу атуулу сыйы эч кимге берилбеген. 2008-жылы, 7-ноябрда Баетов айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы, коллегия мүчөсү, өлкөнүн айыл чарбасынын отличниги Сьездбек Иманкулович Кашкарбаев атайын салтанаттуу жыйын кылып, 18 адамга сертификаты менен «Баетов айылынын Ардактуу атуулу» наамын берген. Айыл өкмөттүн атынан сый дасмалын жазып, наам ээлерин даңазалаган. Алар: Абдраимова Сүйүнбүбү, Абышбаев Мамет, Акунов Карыбек, Аркабаев Сапаралы, Байбачаев Кубатаалы, Байсеркеев Орокчу, Баатырбеков Акий, **Дөлөев Өмүрбек,**

Көлбаев Жумакадыр, Көлбаев Кубанычбек, Мамытбекова Сотбүбү, Матанов Такен, Сулайманов Мелис, Татыбекова Уулбек, Ташманбетов Өмүш, Токтосунова Акин, Шейшеналиева Зейне, Шыгаев Жусупбектер.

Бул айыл, анын жашоочулары үчүн тарыхый нерсе болгон. **(«Айыл турмушу» газетасы, №23-24, декабрь, 2008-жыл)**

* * *

Ө. Дөлөев Ак-Талаада туулуп-өсүп, киндик каны тамган жерден бир кадам алыс кетпей, чыгармачылык менен чаржыбас кайратында иштеп, элине эмне деген гана эмгектерди берди?! Эл жүрөгүнөн жеткен эмгек сөзсүз элге кызмат кылат. Өмүрбек элдик таанууга ээ болгон адам. Кай жерге барсаң да Өмүрбекти ким болбосун сурашат, ал жөнүндө жөнөкөйлүгүн, таланттуулугун, талбас эмгекчилдигин, намыскөйлүгүн, көшөрө мээнеттенген өжөрлүгүн, бийик адамгерчилигин, кыйбас мамилекечтигин чын жүрөктөрүнөн кеп салышып, салам айттырышат. Сыймыктанасың! Биз эмес башкалар аны «Ак-Талаанын Алыкулу», «Ак-Талаанын энциклопедиясы» дешет. Бул Ак-Талаага, Өмүрбекке кут болсун!

*Көчкөнбай Чымбаев, Нарын облусунун ардактуу атуулу. («Айыл турмушу» газетасы. Август-Сентябрь. . 2012.*

## КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНЫН АНТОЛОГИЯСЫ

«Кыргызстан-Сорос» фонду тарабынан 2000-жылы 3000 нускада чыгарылган, 56 басма табак көлөмүндөгү, 532 беттен турган «Кыргыз поэзиясынын антологиясы» окурмандардын кеңири чөйрөсүнө тараган. Мында 1860-жылы туулган (Тоголок Молдо) акындардан 1961-жылга чейин же бир кылымдын акындары топтолгон. Алардын кыскача өмүр таржымалы эле 27 бетти, мазмуну 32 бетти түзөт. Антологиянын бул 2-томдугуна белгилүү акын

Сүйүнбай Эралиев баш сөз жазган. Акындар Сагын Акматбекова, Сүйөркүл Тургунбаев, Токтосун Самудиновдор түзүп чыгышкан. Редакторлору Анатай Өмүрканов, Ысмайыл Кадыров. Көркөм философиялуу, кошумча тиркеме катары тартылган 12 беттеги сүрөттөрдү Таалай Курманов жүзөгө ашырган. Китеп 3 бөлүктөн турат. Кыргыз өлкөсүнүн бир кылымда төрөлгөн элге белгилүү 181 акындарынын жүзүн антология кеңири ачып берет

1-бап. **Алтын чачыла.**

Бул бөлүк 1860–1900-жылдарда туулган же 40 жылды камтыган кыргыз акындарын кучагына алат. Ар биринин ырлары өз ордуна карата берилген да, ошого жараша ыраатты менен коюлган. «Алтын чачылада» 29 акын топтоштурулуп, Ак-Талаадан **Тоголок Молдо, Абдыкалык Чоробаев** орун алган.

2-бап. **Улуулардан жуккан сөз.**

Мында 1901–1954-жылдарда туулган же 53 жылда төрөлгөн акындарды-135 акынды окурмандарга тастыктайт. «Улуулардан жуккан сөздө» Касым Тыныстанов, Аалы Токомбаев, Молдогазы Токобаев, Мукай Элебаевдерден башталып, алардан үлгү алып, жолун жолдогон 1955-жылга чейинки эл-журтка таанымал акындар аталат. 2-бапка 136 акындын бири болуп Ак-Талаадан **Өмүрбек Дөлөев** кирген. Китептин 383–384-беттеринде акындын «Ак-Талаа», «Тоого кеткен жол», «Эгерде сен көңүл тамын тургузсаң» аттуу 112 сап ыры тартууланган.

3-бап. **Үмүтүү толкун-жаш толкун.**

Аты айтып тургандай келечегинен үмүттөндүргөн жаш акындардан 1955–1960-жылдарда туулгандардан 16 акындын ырлары киргизилген. Жаш толкундун арасында Ак-Талаадан **Гүлжамила Шакирова** бар. Анын 4 ыры жарыяланган. **(«А. Т» 06. 2004)**

Ал эми **«Түрк адабияты антологиясынын»** «Кыргыз адабияты» томдугунда (410–412-беттер) өмүр баяны, ырлары түрк тилине которулуп берилген (Анкара-2005).

## КЫЛ КАЛЕМ ЧЕБЕРЛЕРИНИН КӨРГӨЗМӨСҮ

Жакында борборубуздагы сүрөт музейинде сүрөтчүлөрдүн республикалык көргөзмөсү ачылды. Көргөзмөгө коюлган сүрөттөрдү карап отуруп мазмунга бай ойлорду байкоого болот. Негизинен тематикалуу реалисттик багыттагы сүрөттөргө кеңири орун берилген. Мындан сырткары ар бир кыл калемчиге өздөрү каалагандай эркин чеберчилик берилген.

Сүрөтчү Үсөн Сарыбаевдин **«Акын Өмүрбек Дөлөевдин сүрөтү»** деген портреттик эмгеги комиссия мүчөлөрү тарабынан жогору бааланды. Анткени, мындай эмгек сүрөт жанрынын эң татаал түрү болуп эсептелет. Портреттеги акын жүзүнөн анын ич дүйнөсү ачык көрүнүп, кабелтең мүнөзү, баладай назик көңүлү даана байкалат... Акындын ушул мүнөзүн ачуу менен образга сүңгүп кире алган кыл калем ээсинин чеберчилиги, анын келечеги али алдыда экендигинен кабар берет.

**Т. Жакшыбаев.**

(«Кыргыз туусу». 11-бетте. 26–28-ноябрь, 1996-ж. №106(21787). Текстке кошумча сүрөттөрдү (Ө. Дөлөевдин портрети да бар) Ж. Казыболотов тарткан).

## «АДАБИЙ ОКУУ» КИТЕБИНДЕ

*«Адабий окуу» аттуу 3-класстын окуучула*ры үчүн окуу китебинде («Мектеп» басмасы. 1998-ж. тиражы 40 000. Токтоматов Алмазбек Даткабылович. 159-бетте) Ө. Дөлөевдин «**Чымчыктардын тилдери**» деген ыры жарык көргөн.

## АКЫН ЫРЛАРЫ КОТОРМОДО

Кыргыз эл акыны, филология илимдеринин доктору, профессор Вячеслав Шаповалов өзүнүн тандалган чыгармаларынын 2 томдуктан турган **«Горяший можжевельник»** атындагы котормолор жыйнагын 2003-жылы «Архи» басмасынан чыгарган. Азия, Европа жана Америка поэзиясы менен бирдикте **«Кыргыз поэзиясынын котормолорунда»** ак-талаалык акын Ө. Дөлөевдин **«Нарын»**, **«Отечество»** ырлары да жарык көргөн. **(«А. Т». №3-4. Январь-февраль, 2012-ж. )**

Ошондой эле орус тилиндеги **«Перевал»** альманахында, **«Литературный Киргизстан»** (№4. Июль-август. 1982) журналында, Корчубек Акназаровдун **«Мой жизненный университет»**. 2012. китебинде, миллион нуска менен Москвадан көркөмдөлүп, шөкөттөлүп чыгуучу **«Родина»** календарь-журналында жана **«Кыргыз поэзиясы англис тилинде» китебине** (2010) Мукан Асаналиевдин англис тилине которгон ырлары кирген.

## «ТИЛ, АДАБИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО МАСЕЛЕЛЕРИ» ЖУРНАЛЫНДА

Ушундай аталмадагы кыргыз улуттук илимдер академиясынан чыгуучу журналдын №2(7), 2009-жылдагы санына «Азыркы кыргыз адабиятынан» аттуу тема астында кыргыздын 23 акын-жазуучуларынын учурдагы чыгармачылык өсүштөрү, адабияттагы орду илимпоздор тарабынан иликтөөгө алынган. Журналдын 60–67-беттеринде филология илимдеринин кандидаты Карлыгач Жумакадырованын «Дөлөев Өмүрбек» аттуу көлөмдүү илимий макаласы акын-журналисттин чыгармачылык өрүүдөгү өрүштүү жолу, таланттуу табылгалары кеңири баяндалган. **(«А. Т». №3-4. Январь-февраль, 2012-ж. )**

## АДАБИЙ КЕЧЕ – ААЛАМГА ЖОЛГО АТТАНТАТ (1993, Сентябрь)

### Жөрөлгөлүү журналист, демилгелүү акын

Өмүрбек Дөлөев береги эле Коңорчок айылындагы колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Балалык чагы ошол айылда өтүп, коңшу айылдагы орто мектепте окуп жүргөндө эле анча-мынча ыр жаза баштаган. Көрсө «болоор бала болжолунан» дегендей Өмүрбекке кудайым ошондо эле ыр жазганга шык берген тура. Окуучулук ойноо күндөрүнөн оттонуп, сергек сезиминен, дүйнө таанымынан улам кабар, ыр жазууга өзүнчө эле дүрбөп, далалаттанып, кандайдыр көркөм дүйнөгө умтулган илмекайып кыялы менен поэзия дүйнөсүнө аралашып, өзүндөгү тубаса талантты сыртка, элге чыгара баштайт. Адегенде анын кабарлары «Кыргызстан пионери» газетасына жарыяланып, алгачкы жазган ырына Кеңеш Баратбаев деген журналисттен жооп кат келгенде өтө кубанычта болуп, ыр жазуудагы, кабар жазуудагы рухий дүйнөсү дагы артып, таланты күчөй берет. Анын журналисттик каарман жолу мектепте 5-класста окуп жүргөндө башталган десек эң туура келет. Ушул жерден белгилей кетүү керек, Өмүрбек учурунда жогорку окуу жайларынын бирине өтүүгө ашыкса да андан майнап чыккан жок. Капысынан финансы-экономикалык техникумуна өтүп калып, анын дипломуна ээ болгон соң гана кийин журналисттик чыгармачылыгы, акындык чеберчилиги жетилип, гүлдөп турган мезгилде КГУнун филология факультетинин журналистика бөлүмүн сырттан окуп бүттү.

Мен Ломоносов атындагы орто мектебинде директор болуп иштеп турганда, же 1980-жылдан кийинки мезгилде жубайым Турсунбүбү да ушул мектепте кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча мугалим эмес беле. Ошондо ал бир жолу: «Наке, ушул Өмүрбек Дөлөевдин айрым ырларын окуганда ага өтө терең маани берем. Окуучулар-

га поэзия жанрынан сабак бергенде кээде Өмүрбектин ыр саптарынан мисал келтирип, балдардын өздөрүнө окутам. Дегиңкиси, Өмүрбек ушул Баетов кыштагында элдин арасында чыгармачылыгы билинбей эле өркүндөп келе жатат. Газета-журналдарга сонун ырлары чыгат. Өмүрбекти мектепке чакырып келип, адабиятка, ырга шыктуу айрым окуучулар менен жолугушуу кечесин өткөрсөмбү? Ушуга уруксат кылып, жардам бербейсиңби?» -деди. Мен буга аябай кубандым. Бир чети Өмүрбектин акын катарында таанылып келе жаткандыгын байкабагандыгыма да өкүндүм... Анан Өмүрбек жөнүндө мугалимдерге, окуучуларга айтып, жолугушуу кечесин өткөрүүгө макул болдум. 3–4 күн өтпөй эле Өмүрбектин мугалимдер, окуучулар менен жолугушуу кечеси болду. Бул мектепте гана эмес, райондо биринчи жолу болуп жаткандыктан ал эң жакшы өттү.

Турсунбүбү жолугушуу кечени ачып: «биз бүгүн арабызда жүргөн, райондук «Колхоз эмгеги» газетасында кабарчы болуп иштеген жаш акын Өмүрбек Дөлөев менен жолугушуп жатабыз» – деп сөзүн баштап, андан ары улантты.

Кечеде Өмүрбек чыгып, Ата Мекен, партия, эмгек жана сүйүү жөнүндөгү ырларын биринин артынан бирин окуп берип жатты. Анан ал кадимки эле такшалган чоң акындардай берилген суроолорго жоопторду берди.

Ошол мезгилде Өмүрбектин «Алтын топ», «Сезим тамчысы» деген ырлар жыйнагы чыгып калган. Ошол китептердин бир нече нускаларын ал мугалимдерге, окуучуларга кол тамга калтырып таратып берди. Ошондон тартып Өмүрбектин адабиятка шыгына– шык, талантына талант кошулуп, чыгармачылыгы барган сайын өркүндөй баштады. Кийин Өмүрбектин тез эле «Үмүт оту», «Мен мекендин чыпчыгы» аттуу ырлар жыйнагы чыкты.

Өмүрбек Дөлөев өзүнүн чыгармачылыгына гана алек болуп жата бербей, райондо белгилүү инсан катары коомдук, саясий иштерге активдүү катышат. Тынымсыз иш-

терди жүргүзөт. Өмүрбектин өз элинин алдындагы патриоттуулугун өлчөй албаймын. Ал эми «Айыл турмушу» гезитинде системалуу иштегенине 23 жыл болду.

Ал элдик оозеки чыгармачылыкка, тарыхый инсандарга, санжыра жана тарыхка кайрылып, бул боюнча изденүү жолунда. Алсак жердештерибиз Тайлак баатыр, Ак-Мөөр, Тоголок Молдо, Молдобасан, Калмурат, Муса, Мусакожо, Казыбек, Калпа жөнүндө эң көп эскерүүлөрүн жазып, газета аркылуу элге жарыялады.

Ал эми азыркы мезгилдеги ак-талаалык мыкты инсандар Шүкүрбек Бейшеналиев, Жамин Акималиев, Кубат Осмонбетов, Турду Жыргалбеков жана башкалар жөнүндө өткөн жылы райондук газетанын саны сайын жазылып, сүрөттөрүн тарттырып, Ломоносов атындагы орто мектепке музей уюштурууда чоң эмгек жасады жана өзүнүн патриоттуулук демилгесин көрсөттү.

Мен элибизге, жерибизге өтө кубанам. «Аккан арыктан суу агат» дейт. Көзү өткөн мурдагы мыкты инсандарыбыздын атын өчүрбөй алардын артынан Шүкүрбек Бейшеналиевдей, Калый Молдобасановдой, Жамин Акималиевдей кыргыз элине, башка чет өлкөлөргө таанылган адамдарыбыздын артынан дагы алардын жолун жолдоочулар чыгып келе жатат. Биз ошого кудайга тобо дешибиз керек. Өмүрбек Дөлөев дагы ошондой таанымал адам катары Шүкүрбек акесинин артынан калбай келе жатпайбы. Буга да кубанышыбыз керек. Ал келечекте, кудай буюрса кыргыз эл акыны болот деп ишенем.

Эми Өмүрбек жөнүндө айта берсек сөз көп, ошондуктан биз, райондун жалпы коомчулугу анын 17-сентябрда боло турган автордук кечесине катышсак, талантына баа берип, сыйласак, урматтасак, бул Өмүрбектин чыгармачыл даңгыр жолуна дем, күч канат бермекчи.

***Назар Мусулимов,***
***эмгектин ардагери.***
*(«Айыл турмушу» 11-сентябрь, 1993-жыл. )*

## АКЫН ЖАНА ЖУРНАЛИСТ ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВГЕ

Урматтуу Өмүрбек! Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын атынан жана жеке өзүмдүн атымдан саамалык катары өтүп жаткан чыгармачылык тоюңду куттуктайм!

Өзүңдүн нукура, мөлтүр булактай тунук, Теңир Тоодой бийик поэзияң, кара кылды как жарган калыс, курч калемиң менен эли-журтуңдун ушундай аздектөөсүнө татыктуу болгондугуңду белгилөө биз үчүн өтө жагымдуу.

Элиң сага, сен элиңе демөөр болуп, талантың ташкындап, Мекенге үзүрлүү кызмат өтөй беришиңе, өмүрүң узун болуп, үй-бүлөң менен бактылуу жашашыңа тилектешпиз!

*Кемел Ашыралиев,*
*Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы.*

## АЛА-БЕЛДЕН АКЫН ИНИМЕ

Алыс турган кесирден,
Ырларыңды сезилген.
Окуп, угуп ар жерден,
Мурда билгем өзүңдөн.
Ойду көрүп турамын,
Акыл чөккөн көзүңдөн.
Токтогулда бир жүрдүм,
Эми,
Чыкпас болдуң эсимден.
Таанып келдим дайыма,
Айрый албай өзүмдөн.
«Адам» деп баалап калдым мен,
Сүйлөгөн турган сөзүңдөн.
Конуш кылып бир өзүн,
Жылдарга ырын көчүргөн.

Чыныгы бакты эмеспи,
Чырактай жануу сезимден
Адамдык эмес, күн өтсө,
Адамды ойдон өчүргөн.
Тоолук ыр болуп өсүпсүң,
Томуктай бала кезиңден.
Ийинге кирип кетсең да,
Ийрилген жолго жетсең да,
Өмүрбек иним мен сени,
Таанып алам кө... ңдөн!

*Туганбай Абдиев,*
*Суусамыр, Ала-Белдин үстү. 1. 06. 1987.*

*Акын Өмүрбек Дөлөевдин чыгармачылык кечесине карата*

## АРКАРДЫН САКАСЫН ӨКЧӨСӨК

Ак-Талаа райондук «Айыл турмушу» гезитинин редакциясы, «Басма» кичи ишканасы, маданият бөлүмү, «Орто-Сырт», Карл Маркс атындагы колхоздору, нефтебаза, коомдук тамактануу мекемеси, дегинкиси журтчулук өздөрүнүн көп кырдуу таланттуу кулуну, акын жана журналист Өмүрбек Дөлөевдин чыгармачылык кечесин ушул жумада өткөрө тургандыгын угуп астейдил кубандык.

Деги, ак-талаалыктар таланттарга бай да, таланттарды аздектей билген да эл. Калык ырчы көсөмдүк менен «Чап болгон менен Ак-Талаа, чатырап жаткан береке» деп бекеринен айтпаса керек. Берекени береке улап, талант берекеси да муундан муунга өтүп келаткан сыяктанат. Молдобасан-Калый, Тоголок Молдо-Шүкүрбек, Муса-Нурак сыяктуу бирин-бири улаган таланттарды сөз кылсак, ошол улуу көчтү улагандардын бири Өмүрбек экендигин тартынбай эле айтууга болот.

Эгерде Өмүрбек Дөлөевге төлгө ачып, аркардын чүкөсүн өкчөсөк, анда анын инсандыгына да, чыгармачылыгына да терең ыраазы болоор элек. Ушул бир мөлтүр талантын аздектеп райондо гана эмес, облусубузда саамалык болгон автордук кечесин өткөрүүгө демилге көтөргөндөргө чын жүрөктөн чыккан алкышыбызды айтмакчыбыз.

Эмесе, «Өмүрбек ким?» Саканы өлчөсөк айкүр-алчы түшөт. Өмүрбек Ак-Талаага гана эмес, облусубузга, республикабызга таанымал инсан. Адамдык бийик сапаты, акындыгы, журналистиги, коомдук ишмердиги, демилгелүүлүгү, изденгичтиги менен төбөсү көрүнгөн. Чоң мансапка, байманага умтулбайт. Өз кызыкчылыгынан эл-журтунун кызыкчылыгын жогору коет.

«Кимдер менен суу кечет» дейли анда чик түшөт. Демек селкилер менен суу кечет экен да! Ошондуктан:

Бийиктиктер мараасы – тоолуктардын,
Билчи мени кызыл гүл жоолукчаным.
Кайда жүрсөм канымда аралашып,
Өмүрүмдүн жылдызы болуп калдың, –

деген сыяктуу аруу сезимге жык толгон жүздөгөн саптар бекеринен жаралбагандыр. «Сөзү акын Өмүрбек Дөлөевдики» делип ырларына миң кайрык обондор чыкпагандыр. Көңүлүнө төп келген куплеттерди балдар жатка айтып жүрүшпөгөндүр. Алгачкы «Үмүт оту», «Мен мекендин чырпыгы» аттуу ырлар жыйнактарын, Москвадан чыккан альманахтарды, ал түгүл календарга чыккан орус тилиндеги ырларын окуган адам жаш акындардын республикалык Токтогул фестивалынын лауреатынын талант кунарына тамшанбай кое албайт.

Эми «Кимдер менен табакташ?» деп көрөлүчү. Бөк түшкөнүн карасаң. Сопулар менен табакташ экен го. Чын эле Өмүкең кара кылды как жарып, адалдык, адилеттик үчүн күрөшүп журналисттер менен табакташ болуп да-

лай жылдардан бери далбастап келатпайбы. Бул үчүн эмгек жолун баштаган шоопурдун правасына, техникумдун дипломуна кошуп, отуздан ооп калганда КМУнун журналисттик дипломун алды. Канчалаган түйүндүү маселелерди козгободу. Публицист жанрында Ак Мөөр сулуунун өмүрүнүн белгисиз барактарын ачты, Казыбек ырчынын жубайы менен тааныштырды, тагдырдын оор жүгүнө карабай жашоо үчүн күрөшкөн жигиттин талант булагынын башатына нук салды, ак-талаалык белгилүү инсандардын таржымал үйүн түзүүгө көмөктөштү. Бийлигине да, байлыгына да, көңүлүнө да карабай терс көрүнүштү тереңдеткендерге багыштап фельетон, памфлет жазды. Айыл маданиятын көтөрүүгө баш оту менен берилди. Райондогу бир дагы маанилүү иш чара Өмүрбексиз өтпөгөндөй. Ушунун баарын төш какпай эле коймаарек жүрүп, бөк түшүп алып жасады.

«Теги, жайы ким?». Мында аркардын жанагы сакасы кайрадан айкүр алчы конбоспу! Өмүкемдин теги-жайы уюткулуу кыргыз. Мекени – Теңир Тоо, анын ичинде чатырап береке жаткан Ак-Талаа. Ата-эненин колунда алпечтенип өсүп, улууну улуудай сыйлап, кичүүнү кичүүдөй ызааттап, жолдошту жолдоштой сыйлап келет. Үй-бүлөнүн башчысы, жубайы менен ынтымак, ырыскештиктүү жашап, бала-бакырасын татыктуу тарбиялап жатат.

Ошентип акын жана журналист Өмүрбек Дөлөев:

Бакыт-көңүл гүлдөсө,
Шаттуу күнүн гүл сезе.
Өзүңөргө арнаган,
Өмүрдөгү бир кече.
Эли сүйгөн эр жаркын,
Бул жашоодо эл даңкым.
Талант менен эли бир,
Силер барда мен бармын, –

деп, 17-сентябрда Баетов айылында өтүүчү өзүнүн автордук кечесине чакыруу сөздөрүн айтты.

*Ракым Асылбаев,*
*«Теңир-Тоо» газетасынын редактору.*
*«Теңир Тоо» газетасы № 93 (11879), 16-сентябрь, 1993-жыл, бейшемби .*

## ТАНДАП АЛЫП СӨЗ ӨНӨРДҮН ЖАКШЫСЫН, ӨМҮРБЕК ТАПТЫ ЫР ЖАЗГАНДАН БАКТЫСЫН.

### ЫРЛАРЫҢ-ЫРЫСЫҢ, ӨМҮКЕ!

Өмүрбек экөөбүз «Айыл турмушу» гезитинде ат жалын тартып, үзөңгү кагыштыра эриш-аркак эмгектенип келе жатканыбызга бат эле он жылга чамалап келиптир. Чиркин, убакыттын учкулдугун карабайсыңбы. Ал эми журналисттик кесипти туу тутуп, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп келе жатканыбызга 23 жылдын жүзү болду.

Деги биздин кесипти кээ бир адамдар текей тергенден да оңой көрүшөт. Ал тургай: «Силер тигил-бул гезиттерден эле көчүрүп ала коёсуңар» дегеничи. Мейли, ага деле терикпейбиз дечи, бирок бул дагы журналисттик чыгармачылык эмгек менен жаралып, жанагыл «көчүрүлгөндөргө» жаңы ой, үн берилип жатканына эч кимдин эсептешпегенине күйөсүң. Ал эми азыркы учурдагы, кырдаалдагы элдин үнүн, дилин жана көйгөйүн айтып гезитке чындыкты жазганыбыз үчүн биз бийликтегилерден гана тургай, кечээ эле «атка мингендерден» келтек жегенибизчи.

Азыр сынды эч ким көтөрө албай калды. Ким болбосун сылап-сыйпаганды жакшы көрүшөт, өз даңкын көтөргүлөрү келишет. Биз буга ар дайым каршы турабыз. Кээде сындап жазгандарыбыз болсо, алар бизди бутубуздан тартып башыбызга чейин сырдуу тиктешип, чыртыштап, ичтерине тaруу айланбай калышат. Мейли кудай буюрган кесибибиз ушул болсо эмне кылмак элек, кудайдын

көзү түз болсун. Журналист болгонубузга сыймыктанабыз. Биздин байлыгыбыз да, бийлигибиз да жана бактыбыз да ушул колубуздагы койкондогон калем сабыбыз. Ушуга гана баш ийип, калыстыкты, тактыкты да андан издейбиз.

«Жапыстан бийик болуп көрүнүүгө,
Жарыштан дулдул өндүү бөлүнүүгө.
Ар убак адамдардын сезиминен,
Ак таңдай ойлор болуп сөгүлүүгө,
Турмуштун туусу болуп жашап келем,
Миңдеген түйшүк артып өмүрүмө».

Бул ыр саптары Өмүкемдин туңгуч жыйнагы – «Сезим тамчысындагы» «Жашап келем» деген ырынан. Аны бизден башкаларга айырмалап көрсөткөнү – акындыгы, поэзия дүйнөсүнө тереңдеп кирип кеткендиги. Ырлары менен Өмүкөм түбөлүккө жашайт жана жашай бермекчи.

Өмүкемдин автордук кечеси анын гүлдөгөн чыгармачылык бир бийик өрү, эл журтуна бере турган акындык жана журналисттик отчету деп ойлойбуз. Ырларың-ырысың, Өмүке!

***Ыманбек Курманалиев,***
*журналисттер бирдигинин райондук уюмунун катчысы.*

## УЮТКУ АЛСАМ ДЕП ЖҮРӨМ

Нарындай толкуп чамынып,
Окусаң ырың агылып.
Ой жүгүртсөң тереңдеп,
Орчундуу сөздөр табылып.
Сүрөттөп турсаң сезимге,
Сүйүүнүн оту жагылып.
Арада чыгаан акынсың,
Ак-Талааң «Сен» деп сабылып.

Колубуздан келгенде,
Казыр,
Калмаксың орден тагынып.

Ташкындап турган учуруң,
Төрт китеп сизге кеп эмес.
Артыңдан коштоп сүрөй жүр,
Акыңдар бизде көп эмес.
Талантыңа кызыгып,
Тамшанган жалгыз мен эмес.
Алыскылар таанышат,
Ак-Талаанын эли эмес.
Борбордон окуйт ырыңды.
Баетов сизге чек эмес.

Ай менен бакты жыттатып,
Айбыгып өзүң селкиңен.
Салыштырма жагынан,
Саптарың укмуш өөрчүгөн.
«Шырдакбектин арманын»,
Уккандар көшүп көлпүгөн,
Сөзүңө обон жаратып,
Уландар чыкты телчиген.
Уюган талантээсисиң,
Мен,
Уютку алсам деп жүрөм.

*Кармышбек Окелов.*

## РАЙАЯЛДАР СОВЕТИНЕН АРНОО

Адамдык сапат, акындык талант менен айкашып,
Өмүрбек жүрөт, санжыра жана ыр жазып.
Жалган ушак, кошоматчыларды жек көрүп,
Чырдаша кетет, накта чындыкты бетке айтып.

Арымы кенен аргымактай бул жигиттин,
Таланты турган кези ашып-ташып.
Арабызда жүргөн акын инибизге,
Ар дайым кааларыбыз өмүр, жаштык.

Аялдар Советинин «анык мүчөсү» катары,
Өмүкем, көп эле эмгек жасады,
Биз кайда болсок, бирге болуп сапары.
Кыздар катышкан иштерди
Кыйла журтка даңазалады.

Марафон, Нооруз, көчө майрамдарды
«МужСоветке» караганда,
«ЖенСоветке» көбүрөөк аралашып,
Махабаттуу ырлар жаралды.

Эми Өмүке, сага айтаар сөз:
Өзүңө кудай жар болуп,
Эл берген бата бар болуп.
Көп жашап, өмүр сүрө бер,
Үй-бүлөңө, жарыңа
Бийик туткан пир болуп!

*Аялдар Советинин мүчөлөрүнүн атынан*
***Майраш Турдалиева.***

## КЛАССТАШЫМ – КЫМБАТЫМ

Жүрөктөн терең урматтаган адамыңа мындайда бардык жакшылыкты каалап, айткың келет. Эгерде ал адам элге сенден артык сезилип, бааланса ал сенин да бактың да. Турмушта көп учурда андай боло бербейт, сейрек. Ал эми Өмүрбектин бактысына ал элге айланган жигит. Мен бассам -турсам да:

Балага дагы чуркаган,
Карыга дагы чуркаган.
Өрнөгүнө Өмүкенин,
Өмүр бою суктанам.

Сөзү бар, айтса эл сезчү,
Намысы тоодой мелдешчү.
Жыланач баатыр аянбас,
Адамда сейрек кездешчү, – деген ойду кайталай берем. Тайлак баатырдын, Ак Мөөр сулуунун, Казыбек казалчынын арбагы колдосун дейм. Өмүрбектин бала кезде минген чыбык аты азыр касиеттүү «ПЕГАСка» айланды. Балапан эле, ааламга чабыттаган учкул кыял кушу болду. Класcташым-бактылуу адам.

*Нурдин Баев, классташы, обончу.*

## СИЗ ӨҢДӨНҮП ЫР ЖАЗУУГА АШЫГАМ

Салыштырам агай сизди,
Толкуп жаткан чоң дайрага.
Бала кыял кеме минип,
Мен да барам далайга...
Таппайм, издейм чоң дайраны,
Издеп келем таалайга.

Бир ойлоном,
Сиз булбулсуз сайраган.
Талант издеп,
Мен убара кайрадан.
Билбейм, билбейм не кылууну,
Эңсеп турам ыр угууну,
Таңшыйт булбул жайнаган.

Салыштырам агай сизди,
Не бир ыйык нерселерге.

Салыштырдым жадагалса,
Кол тийбеген периштеге.
Акырында миң толгондум,
Таттуу уйкумдан ойгондум.
«Апа» деген ыйык затка теңедим,
Кыял менен аалам кезип жөнөдүм.
Экөөңүздөр мага ыйык сезилип,
Жаныма бир жарыгымдай көрөмүн.

Кайра олтуруп
Ыр жазууга шашылам.
Дилим жетсе,
Тилим жетпей басынам.
Ага деле моюн сунбай күчөнүп,
Сиз өңдөнүп
Ыр жазууга шашылам.

***Жумабек кызы Каныкбү,***
*окуучу, Чолок-Кайың айылы.*

## «АК-ТАЛААНЫН ЖЫЛДЫЗЫ» АТАЛДЫҢЫЗ
*(Өмүрбек Дөлөевге)*

Жергебизди «таланттар бешиги» деп,
Атын даңктап, чыгарып саймедиреп.
Арабызда агайдай талант барда,
Акылуубуз айтууга биз кылып кеп.

Таразалап эмгегин мезгил чоту,
Алоолонуп тез жанды «Үмүт оту»
Баасын алып турмуштан өз ордун таап,
Колдон түшпөй келатат «Алтын тобу».

Мандай тери «Сезимдин тамчысы» да,
Айланганы ийгилик ачкычына.

Ыйык тутчу тумардай барктуулугу,
Айдан ачык элинин жалпысына.

Шык жөндөмдүн көктөгөн саябаны,
Намысына эл-жердин жараганы.
Ташты жарып, таңданткан талантка бул,
Кыдыр даарып, бакыттын караганы.

Келе жаткан жаштарды канат күүлөп,
Телчиктирип, жетелеп, алга сүрөп.
Кеп-кеңешин талыкпай берип келет,
Калемдерин төшөлтүп, дайым бүлөп.

Кечеңизге мен ушул күбө болуп,
Кубанычым көңүлгө мелт-калт толуп.
Куттук айтам ак дилден өзүңүзгө,
Жакшылыктын бардыгын каалап толук.

Чыгарманын чыгаанын жаза алдыңыз,
Ата-Журттан аппак дил бата алдыңыз.
Мээнетиңиз бааланып убагында,
«Ак-Талаанын жылдызы» аталдыңыз.

Максатыңыз ар убак орундалып,
Ийгиликти коштоңуз толкунданып.
Шам чырактай жаныңыз бүлөңүзгө,
Жаңы чыккан күн сымал шоокумданып.

Удургуган таланттын жеңишине,
Уучуңузду толтуруп жемишине.
Урмат-сыйга бөлөнүп улам дагы,
Узак жашай бериңиз эл ичинде.

*Сонунбүбү Жусубалиева,*
*акындын шакирти.*

## КӨРКТӨНҮП, ӨМҮРЛӨРГӨ ЖАРЫК АГА
*(Өмүрбек Дөлөевге)*

Ар дайым таазим кылган адам аттуу,
Акындар доор менен катарлашты.
Акын-бул, оттон бүткөн жан го деймин,
Арналган жылытууга адамзатты.

Адилет акыйкатты туу кармаган,
Намысын жүрөгүнөн чыгарбаган.
Элдин бир көңүл куту акын ага,
Өмүрүң өзүң жазган чыгармалар.

Өрт болуп бу жашоодо нелер өттү,
Өрнөктүү өмүрүңдөн эленет күү.
Жакшылык кылуу үчүн адамдарга,
Жаралган пенде белең кереметтүү.

Түзүлүп калеминден тарых, ага,
Как жарган кара кылды калыс ага.
Кут болсун жашоодогу чоң майрамың,
Көрктөнтүп, өмүрлөргө жарык ага!

***Адылбек Макеев,***
***шофёр, ийримдин мүчөсү.***

## АККУУГА ОКШОШ ТҮГӨЙЛӨР

Борбордук XX11 партсьезд көчөсү мелмилдеп аккан жайык терең дарыядай узун. Ушунун башынан аягына, аягынан башына чейин күн сайын эртең менен кечинде түгөй ак куулардай болушуп жайдары кабак, ачык маанай менен дегеле бүтпөгөн сөздөрү барчылап, сүйлөшүп жүргөн кыз-жигиттердей кыналыша Өмүрбек байке

менен Букөн эже өтүшөт. Күн сайын аларды жаңы көргөндөй суктана карап калабыз. Байкебиз ушунча кичипейилдик менен каршысынан жолуккан ар бир адамга көңүл бөлө учурашып өтөт. Биз аларды ушул көчөнүн ээлериндей сезип кетебиз. Алар көчөдө эмес, көздү тарткан көлдө сүзүп, көлгө окшош асманда тең жарыша канат кага бараткан ак куулардай, каркыралардай туюлат. Окшош уйкаш эки сап ырдай күндү утурлап эртең менен, күндү узатып кечте өтүшөт.

Өмүрбек байке жары менен ошондой асыл адам. Ошон үчүн ал ырга, биздей таланттуу инилери менен эл ырдаган обонго айланып олтурат. Көңүлдүн, өмүрдүн ак куулары түбөлүк эле ушинтип арабызда жүрө беришсин.

*Бейшеналы Ободоев, обончу.*
*(«Айыл турмушу», 16-сентябрь, 1993-жыл )*

## ТАНДАП АЛЫП СӨЗ ӨНӨРДҮНДҮН ЖАКШЫСЫН, ӨМҮРБЕК ТАПТЫ ЫР ЖАЗГАНДАН БАКТЫСЫН!

**Тайбуурулдай таскагынан жазбаган таланттуу акын, жазуучулар жана журналисттер Бирдигинин мүчөсү, республиканын журналисттер сыйлыгынын лауреаты, жердешибиз Өмүрбек Дөлөевдин автордук кечесинин райондун коомчулугу менен бирдикте өткөрүлүп жатышы анын чыгармачыл отчету болуп эсептелет. Бул акындын чыгармачылык өнөр өрүшүнүн бийик өсүп жетилгендигин, калайык-калкы алдында кадыр-баркка ээ болгондугун далилдейт.**

**Ө. Дөлөев «Айыл турмушу» гезитинин да кадырлуу Адамы. Анын чыгармачыл кечесине спонсор катары редакциянын жамааты ага атайлап газетанын эки ички бетин арнап отурат.**

## ЖУРНАЛИСТИКАНЫН БАБА ДЫЙКАНЫ БОЛО БЕРИҢИЗ

Урматтуу Өмүрбек ДӨЛӨЕВИЧ!

Турмуштук жолуңдун эрте жазын «Айыл турмушу» гезитинин бир канаты болуп баштаганыңызды бирге иштешкен калемгерлер жакшы билебиз. Журналист-бул адам тагдырына, учурдагы кырдаалга терең маани берип, ой жүгүртүп караган таразачы инсан. Сен жаштайыңан ушул жагдайда тарбияланып, чоң турмушка аралаштың, анын казанында кайнадың. Бүгүн сен канаты жетилген, алысты көрө билген бүркүттөй бийиктикте закымдап бараткан учуруң.

«Айыл турмушу» сага чоң бакты-таалай тартуулады. Журналисттик кесибиңдеги чеберчилигиң гана артпастан, акындык шык талантың копо өсүп, адабий чыгармачыл мейкиндиктен да орун таптың. Ырларыңды чоң адамдан тартып, жеткинчек жаштарга чейин сүйүп окууга жетишкендиктин өзү сага болгон элдик чоң урмат.

Эми Өмүке, сенин чыгармачыл адабий кечеңе чоң ийгилик каалоо менен акындык өрүшүң кеңейе берүүсүн, бекем ден-соолукта, үй-бүлөң менен бакыбат таалайлуу жашооңду каалайбыз. «Айыл турмушу» упчусун эмизип өстүргөнүн унутпай, журналисттик майдандын да баба дыйканы боло берээриңизге терең ишенебиз.

*Райондук «Айыл турмушу» гезитинин жана «Басма» кичи ишканасынын жалпы жамааты.*

## УРМАТТУУ ӨМҮРБЕК ДӨЛӨ УУЛУ!

Сизди 17-сентябрь-туулган күнүңүзгө дал келген автордук кечеңиз менен куттуктайбыз! Сиз Жазуучулар Союзунун Ак-Талаадагы жалгыз мүчөсү болуу менен кыргыз адабиятын, маданиятын өнүктүрүүгө өз салымыңыз-

ды кошуудасыз. Окурмандарга тартуулап 4 ыр жыйнагыңыз, газета-журналдарга чыккан, радио теледен берилген ар кыл чыгармаларыңыз анын айкын күбөсү. Айрыкча, Казыбек казалчы жөнүндөгү даректүү баяндарыңыз кыргыз журтун кубандырбай койбойт.

Кечеңизге ийгилик каалайбыз!

*Кыргыз Жазуучулар Бирдиги.*

## АРДАКТУУ ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ!

Куттуу күнүңүздө кызуу куттук айтабыз! Сиз бул чыгармачылык майрамыңызга татыктуу келдиңиз. Кыргыз журналистикасы элет жериндеги сиздей мыкты журналист, адамгерчилиги Ала-Тоодой бийик адам менен сыймыктана алаарын ак көңүлдөн, чын дилден билдиребиз. Басма сөздөгү ар кандай макалаларыңыз окумдуулугу, терең ойго каныккандыгы, турмуш чындыгынын мезгил менен айкалышкандыгы аркылуу элге даңазалуу. Жаш кабарчылыр, жаш журналисттер сизди тажрыйба мектеби катары көрүп, дайыма үйрөнүп, кеңеш алып, жолугуп, кай жерде жүрүшпөсүн кабарлашып турушкандыгы мыйзам ченемдүү. Алдыңкы журналист болуу менен акындыгыңыз айкашып, чыгармачылыктын эки тизгин, бир чылбырын ыйык кармап келгениңиз ак-талаалыктар үчүн эле эмес, республиканын журналисттер кошууну, жамы калемгерлер үчүн да жагымдуу.

Ак-Талаанын маданият оту катары ар дайым элиңиздин көңүлүндө алоолой бериңиз!

*Кыргыз Журналисттер Бирдиги.*

## КАДЫРЛУУ ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ!

Сиздин автордук кечеңиз сиздин жана ак-талаалык жердештериңиздин эле эмес, областтын журналисттеринин, акын-жазуучуларынын, жалпы эле чыгармачыл

адамдарынын, элибиздин майрамы. Себеби, сиз элге күткөн ар кыл темадагы макалаларды райондон тартып, республикалык масштабдагы басма сөз. радио, телеберүү аркылуу берип жатасыз. Ошон үчүн республиканын журналисттеринин сыйлыгынын облустагы жап-жалгыз эки жолку лауреатысыз. Ак-Талаанын маданиятынын гүлдөп өсүшү, маданий маселелеринин көтөрүлүшү сиздин ысым менен бирге айтылаары, сизге байланышаары жамы журтка дайын. Кудай ошону кут кылсын!

*Вадим Карпеков,*
*Журналисттердин Нарын облустук башкармалыгынын төрагасы.*

## ДИЛИ ТАЗА ИНСАН

Биз сизди калемдеш болуу менен терең урматтайбыз. Ошол бийик урматка сиздин өтө жөнөкөйлүгүңүз, адамга жугумдуулугуңуз, эң эле ийкемдүүлүгүңүз, эмнени болсо да күйүп-бышып аткаргандыгыңыз, кесиптик чыгармачылыкты туу тутканыңыз жеткирген. Адамдардын жүрөгүнө эң тез жеткен кадырман адамдардын бири сизсиз. Көптөгөн жаштар сиздин жолду, өмүр, турмуш жолуңузду үлгү тутканы да ошондон. Сиздей абийири таза, жүзү жарык, айкөл инсандын чыгармасы да жылдыздай бийик, окурманга жеткиликтүү, биздей элине сыймыктуу.

Сиздин бакты-элдин бактысы. Эл менен биздин таалай бир. Ылайым эле кыргызда сиздей чыныгы адамдын көбөйүшүн каалайбыз. Кечеңизге ак жол тилейбиз!

*Облустук Теңир-Тоо гезитинин жамаатынын атынан*
***Рахым Асылбаев,***
*гезиттин редактору, республиканын журналисттер бирдигинин мүчөсү, акын, адабиятчы.*

## СУР КҮЛҮК

*(Акын Өмүрбек Дөлөевге арнаймын)*

Даңканын көккө сапырып,
Далай күлүк чабылды.
Саяпкер, бакка жараша,
Байгеге үчөө кабылды.

Тай кезинен төшөлүп,
Таалайын издеп көшөөрүп.
«Сур күлүк» келет тер чачып,
Суурулуп чыгып, өлчөнүп.

Жарышта күлүк тандалат,
Ууртунда ооздук чайналат.
«Сур күлүк» «намыс бербейм» – деп,
Суутулуп, өзүн карманат.

«Күлүк чыгат атым» – деп,
Күүлөнгөндөр андан көп.
Бирок, биздин «Сур күлүк»,
Кандим болду суутун жеп!

Эл намысын коргогон,
Баттаны алыс болжогон.
Биздин, биздин Сур күлүк,
«Жарат, – деп, -дубан» – ойлоном!

## ӨМҮРБЕКТИН ӨМҮРҮ ЭЛИ МЕНЕН

«Алтын топту» тээп чыгып,
Айга карай ыргытты.
Тамызып «Сезим тамчысын»,
Тааныды ырдан турмушту.

«Үмүт отун» жандырып,
Маяк кылып кармады.
Чынар болуп өссүн деп,
«Чырпыгын» элге арнады.

Сезимин күндө ойготуп,
Ыр сабында көңүлү.
Жашай бермек эл менен,
Өмүрбектин өмүрү.

*Каракойчу Ысакбеков,*
*акын, дарыгер.*

## АКЫН ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВДИН АВТОРДУК КЕЧЕСИ САЛТАНАТТУУ ӨТТҮ

## КӨРКӨМ ДҮЙНӨНҮН ШАҢШУУРУ

«Айыл турмушу» гезити менен өмүрлөш, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, турмуштук бай тажрыйбага ээ болгон Өмүрбек бүгүн эр ортонуна жакындап, журналисттик кесип менен бирге акындык көркөм дүйнөгө кирип, анын бийиктеги шаңшууруна айланып отурганы бирге иштешкен калемдештеринин чоң сыймыгы.

17-сентябрда туулган күнүнө тушма-туш өткөн Өмүрбек Дөлөевдин автордук чыгармачыл кечеси аны таанып билгендердин гана эмес райондук масштабдагы чоң салтанатка айланды. Кечеге ат арытып Бишкектен, Нарындан, райондун бардык аймагынан атайы өкүлдөрү келишти.

Кече ачылганга чейин эле райондук маданият үйүнө эл батпай калды. Бул акындын талантына болгон таазим, Өмүрбекти терең сыйлагандык жана урматтагандык. Кечеде Нарын областтык администрациянын башчысы Кемел Ашыралиевдин, райондук акимчиликтин куттуктоолору салтанаттуу кол чабуулардын алдында окулду.

Буга чейин Өмүрбектин ага туугандары бул кеченин урматына жетине албай акын инибиз деп аппак кементай, суусар тебетей кийгизип, жээрде кашка жоргону астына тартышты. Мындай салт ата-бабадан калган. Илгери акындарга чоң урмат көрсөтүлүп, үстүнө чапан жаап, астына ат тартуулашчу. Ушундай сый Өмүрбекке да жараша түштү.

Албетте, кеченин жүрүшүндө акын Өмүрбекке багышталып не бир сонун каалоо сөздөр, ак тилектер айтылды. Жакшы санаалаштар бүтүндөй гүл таңшырып ак калпак кийгизип, Өмүрбектин өмүрлүк жары Букенге ак жоолук салышты. Бул бардык сыйдан эң жогоркусу. Башыңардан ак калпак, ак жоолук түшпөсүн, көңүлүңөр ак булуттай кирдебей жүрсүн дегендик.

Кеченин жүрүшү албетте шаңшыган ыр күүлөр менен жаңырып турду. Кечеде Б. Ободоев, Б. Бүдүков, К. Элетенов өңдүү обончу ырчылар Өмүрбектин ырына чыгарылган обондуу ырларды созушту. Баса, сыныктан башканын баары жугушат дегендей, куттуктоо сөз айтып чыккан жакшы санаалаштардын баары эле арноо ырларды окуп, кечени чыныгы поэзия майрамына айландырышты.

Кеченин көркүн чыгарган, акын Өмүрбектин эсинен кетпеген, үйүндө дайым кымбат эстелик катары тура турган мыкты буюм-бул художник Кайыпбек Султангазиевдин тарткан сүрөттөрү болду. Кайыпбек өзү Өмүрбекке достук шарш катары гүл тиштетип, таманын көпөлөк кытыгылаган, төбөсүндө канаттуу пегас аты конгон тамашалуу сүрөтү, ага-туугандары тартуулаган Кашка -Суунун төрүндө кыялданып басып жүргөн Өмүрбектин пейзаждык портрет полотносу, суусар тебетей кийген портрети өтө эле чеберчилик, көркөмдүк менен тартылган.

Кеченин жүрүшүндө ыр окулуп, обондуу ырлар аткарылган сайын талант ким экенин, анын терең мааниси тууралуу кеченин катышуучулары терең түшүнүп жатышты.

– Үй-бүлөбүздө акын деле болгон эмес, – деди Өмүрбектин бир тууган агасы Турдубек. – Өмүрбек кичине кезинде аябай тентек, эрке өскөн эле бала болчу. Кийин мектепти бүттү, шоопурду окуду. Бишкекте эсепчилик кесипти да окуган. Анан ыр жандуу болуп, мектептен эле ырын жаза коюп жүрүп, гезитте иштегенден бери ырлары, китептери чыгып, бүгүн минтип бизди сыймыкка

бөлөп олтурат Ушул өнөрдүк шыгы артып, эл-журтуна кызмат өтөй берсин.

Ушул ой-максатты кечеде отурган ар бир катышуучу эсине бекем тутуп отурду. кече туура төрт жарым саатка созулду. Эч ким андан тажабай, улам кызыктуу калоо сөздөрдү, көңүлдө уюган ырларды угуп, ички дүйнөсүн көркөм сөзгө сугарып жатышты.

Каалоолордун көбү бир максатты-эл көрсөткөн сый-урмат, Өмүрбектин талантына-талант, шыгына-шык кошуп, дем берип, чыгармачыл өнөрү арта берсин деген тилекти айгинелеп турду.

Кече шаңдуу музыка, ыр-күүлөрдүн коштоосунда аяктады. Ал Өмүрбекти эл бийик көтөрүп, «талантты эл ушинтип сыйлайт» деген маанайды толук сездирип турду.

Кеченин экинчи бөлүгү «Орто-сырт» кафесинде даам сызып, ак тилек айтуу менен аяктады.

Бул макаланын акырында райондук администрация башчысынын биринчи орун басары Ө. Кожековдун куттуктоо ыры менен аяктасак оң болчудай.

Өмүрбектин таланты,
Ташкындап турган убагы.
Сапары кетти кыйлага,
Ыр болуп минген тулпары.
Чулганып көркөм дүйнөгө,
Таркай элек кумары.

Ырдан бүтсүн канатың,
Алакан чапсын жамаатың.
Түрмөктөтүп алып чык,
Эл-журтуңдун санаасын.

Ак-Талаа – талант жергеси,
Жаралып ак сөз бермети.
Ата-баба салтын улап,
Черткин ырдан «чоң кербезди».

Ырларың элге сый болсун,
Өзүңө тоодой сый консун.
Кармасаң калем колуңа,
Кагазга батпай ыр толсун!

*Турусбек Жабдасынов.*

**УРМАТТУУ ИНИМ ӨМҮРБЕК!** Дасыккан акын, чыгаан журналист, элдин патриоту, далай жакшы иштердин демилгечисиң. Мына ошол алгылыктуу сапаттарың аркылуу калайыгыңдын сүймөнчүлүгүнө айлана баштадың.

Поэзиянын аземи күч тереңдеги сырларын үңүлүп изилдеп, талбай толкуп-ташыган учуруң. Машакаттуу да, рахаттуу да чыгармачылык сапарың олжолуу болсун, Өмүрбек иним!

Бүгүн кыргыз элинин сыймыгын арттырган улуу таланттар: Музооке, Тоголок Молдо, Молдобасан, Нурдин, Муса, Калмурат, Бектемир аталарыңдын жана да азыркы тапта күргүштөп чыгармачылыгын өркүндөткөн агаларыңдын ыйык, касиеттүү ишмердигин улантуучулардансың!

Чап болгон менен чалкайып жаткан берекелүү айыл жергебиз менен борбордогу интеллигенттер менен байланышчысы, данакерисиң!

Чөлкөмдүк гана эмес, жалпы улуттук баатыр, кыргыз тарыхында олчойгон орунду ээлеген Тайлак баатырдын 200 жылдыгын салтанаттоого даярдык иштерин, фонд уюштурууну, изилдөөнү жүргүзүүнү, элди көтөрүү, түшүндүрүү өнөктүгүн райондун жетекчилиги менен бирдикте ишкердүү, намыстуу киришүүңөр керек.

Иним Өмүрбек! Эли-журтуң, калемдештериң, таламдаштарың баш кошуп өткөргөн салтанаттуу чыгармачылык кечең сага жаңы дем, кеңири арым, кубанычтуу эргүү, чабыттуу күч-кубат берсин!

Кучагыма кысып, саламым менен агаң

*Шүкүрбек Бейшеналиев.*
*Бишкек. 15-сентябрь, 1993-жыл.*

## ӨМҮРБЕК ИНИМЕ

Жапыздан бийик болуп, болгун бийик,
Зоболоң көтөрүлсүн көккө тийип.
Сөзүңдү уккан адам тамшанышып,
Балкысын бүткөн бою бүтүн ийип.

Энекең периште эле, атаң дыйкан,
Ак көңүл адам эле кууланбаган.
Жүрөктү эзип турат бир гана арман,
Ырыңды ошолоруң укпай калган.

Өмүрбек, өмүрлүү бол деген тилек,
Жанымдай, сендей ини мага керек.
Кечиргин, бара албадым ыр кечеңе,
Таарынба, кичинекей бердим белек.

*Агаң Турду Жыргалбеков.*
*Бишкек. 16-09. 1993-ж.*

## КӨРКӨМ СӨЗ ЧЕБЕРИ, МЫРЗА ӨМҮРБЕК ЗАМАНДАШЫМА

Сен урматтап чакырган кечеңе катыша албай, чоң өкүнүчтө болуп, ушул куттуктоомду жибердим. Көңүлүңө терең албай, мен катышып жаткан сымал кабыл алып коюуңду өтүнөм.

Өзүң айткандай, «турмуштун туулдум-өлдүм» мыйзамы ченеген анча узак эмес өмүрдө адам-пенде өзүнүн көңүлү сүйгөн инсандар чөйрөсүндө баарлашып, тирчиликтин, адамгерчиликтин даамын татып, бири-бирине болгон сыйлашуу пикирин тартуулоого аз эле убакыт болот экен. Өмүрдүн теңи уйку, теңи көр оокат түйшүгү менен жүрүп, «көмкөрүлүп» кеткенде араң, аргасыздан анын ким экенин айта жүрөбүз. Жакшы адамды эли эстеп жүрөт.

Ал эми сен жөн эле жакшы адам эмес, ошол жакшы адамдардын арасынан бөлүнүп чыккан, өсө турган Талантсың, көркөм сөз чеберисиң. Сага бүгүн өзүңө тете мыкты сөздөр айтылышы керек.

Элиңдин чын жүрөктөн чыккан каалоолору сага дем берип, ыр тулпарың сени алыска, бийиктикке алып чыксын.

«Көңүл гүлдөсө-Бакыт!» – депсиң. Мен сага көңүлүңдүн, өмүрүңдүн, талантыңдын, чыгармачылыгыңдын Гүлдөшүн каалайм!

Сени урматтап-замандашың **Карыпбек Асанов.**

## АВТОРДУК КЕЧЕДЕГИ КУТТУКТООЛОРДОН

### КУДАЙЫМ СИЗГЕ УЗАК ӨМҮР БЕРСИН!

*(Акын Ө. Дөлөевге)*

Адамдын жан дүйнөсүн терең байкап,
Абайлап, сезим менен кайра чайкап.
Ичиңизден көп бушайман болсоңуз да,
Сыртыңыздан кебелбейсиз, болуп бейкап.

Акынсыз назик жүрөк, ааламы кең,
Ар жандын ар мүнөзүн кылдат сезген.
Түйшөлүп жаратасыз ыр саптарын,
Комузчудай обонду терип черткен.

Көзү өткөн көп акындын бул өмүрдө,
Кай бири алынбаган эч көңүлгө.
Жар сүйүп, кадырлашып, бар болуңуз,
Жаратып жакшы ырларды эл жөнүндө.

Каалаймын куунак көңүл, ачык асман,
Досторду-кабактары жарык чачкан.
Жүрөлү жүрөктөрдө сизди унутпай,
Жашоодо ак эмгектен баар тапкан.

Кудайым сизге узак өмүр берсин,
Ден-соолук, рахаттын кени келсин.

Далайкы муундагы урпактарга
«А, Дөлөев! Азамат! Адам!» – десин!

*Айнагул Сардарбекова,*
*прокурор.*

## КИЙДИҢ ТАНДАП, «ПОЭЗИЯ ЧЕПКЕНИН»

Калк кароодо, көздөр түшүп береги,
«Эмне экен, – дешип, – бере турган белеги».
Кийип койгун «поэзия чепкенин»,
Кылымдарга тийип калаар кереги.

Оңдойт, өчпөйт, жыртылбайт,
Өмүр бою жылтылдайт.
Өмүке, ички сезим чепкени,
«Белектердин белеги!»– деп ушуну айт!

Атты берсем, ашка-тойго соймоксуң,
Ал белекке ошол күнү эле тоймоксуң.
Ак боз чепкен жапсам эгер жонуңа,
Аны кийбей, кудаларга коймоксуң.

«Акын», – дедим-түшүнгөн бир сезимге,
Акчага эмес, ал кубанат кезинде.
Айланайын журтум күбө болгула,
Анык чепкен кийген ушул мезгилге.

Поэзия түбөлүккө сакталат,
Поэзия-чепкен деген ат калат.
Поэзия жашай берет түбөлүк,
Көргөн сиздер, окугандар кеп кылат.

Бул жашоодо биз сыйлашып жүрөлү,
Билимсиздер билимдүүнү билели.
Белек бербей доолап алаар эртеси,
Жан дүйнөнүн белегине кирели.

## АВТОРДУК КЕЧЕДЕГИ КУТТУКТООЛОРДОН

### КУДАЙЫМ СИЗГЕ УЗАК ӨМҮР БЕРСИН!

*(Акын Ө. Дөлөевге)*

Адамдын жан дүйнөсүн терең байкап,
Абайлап, сезим менен кайра чайкап.
Ичиңизден көп бушайман болсоңуз да,
Сыртыңыздан кебелбейсиз, болуп бейкап.

Акынсыз назик жүрөк, ааламы кең,
Ар жандын ар мүнөзүн кылдат сезген.
Түйшөлүп жаратасыз ыр саптарын,
Комузчудай обонду терип черткен.

Көзү өткөн көп акындын бул өмүрдө,
Кай бири алынбаган эч көңүлгө.
Жар сүйүп, кадырлашып, бар болуңуз,
Жаратып жакшы ырларды эл жөнүндө.

Каалаймын куунак көңүл, ачык асман,
Досторду-кабактары жарык чачкан.
Жүрөлү жүрөктөрдө сизди унутпай,
Жашоодо ак эмгектен баар тапкан.

Кудайым сизге узак өмүр берсин,
Ден-соолук, рахаттын кени келсин.

Далайкы муундагы урпактарга
«А, Дөлөөв! Азамат! Адам!» – десин!

*Айнагул Сардарбекова,*
*прокурор.*

## КИЙДИҢ ТАНДАП, «ПОЭЗИЯ ЧЕПКЕНИН»

Калк кароодо, көздөр түшүп береги,
«Эмне экен, – дешип, – бере турган белеги».
Кийип койгун «поэзия чепкенин»,
Кылымдарга тийип калаар кереги.

Оңдойт, өчпөйт, жыртылбайт,
Өмүр бою жылтылдайт.
Өмүке, ички сезим чепкени,
«Белектердин белеги!»– деп ушуну айт!

Атты берсем, ашка-тойго соймоксуң,
Ал белекке ошол күнү эле тоймоксуң.
Ак боз чепкен жапсам эгер жонуңа,
Аны кийбей, кудаларга коймоксуң.

«Акын», – дедим-түшүнгөн бир сезимге,
Акчага эмес, ал кубанат кезинде.
Айланайын журтум күбө болгула,
Анык чепкен кийген ушул мезгилге.

Поэзия түбөлүккө сакталат,
Поэзия-чепкен деген ат калат.
Поэзия жашай берет түбөлүк,
Көргөн сиздер, окугандар кеп кылат.

Бул жашоодо биз сыйлашып жүрөлү,
Билимсиздер билимдүүнү билели.
Белек бербей доолап алаар эртеси,
Жан дүйнөнүн белегине кирели.

Кана эмесе, кийген чепкен кут болсун!
Ыр-чоң бактың, айтсак сөздүн жүйөөсү.
Кылымдарга атың өчпөйт таланттан,
Кол чабуусу, калк каалоосу күбөсү!

*Кербенбай уулу Турдаалы.*

## АРНОО

*(Ө. Дөлөевге)*

Кырк бештин кырындабыз,
Кыргыздын сынындабыз.
Кылчайбас өткөндөргө,
Кыр ашкан кылымдабыз.

Учурга карайлычы,
Утушту санайлычы.
Утулуп мезгилине,
Умсунган далай ырчы.

Мезгилден озолучу,
Мээримди кошолучу.
Мекенди даңазалап,
Миңдеп таң тосолучу.

Элге биз ар бололу,
Эңшергис нар бололу.
Эчендеп дабаан ашып,
Эмесе, бар бололу!

*Рахым Асылбаев.*

## КОШ АРГЫМАК ТЕҢ ЧАБЫЛСЫН БАЙГЕГЕ!

Бул турмушта бир-бириңе керексиң,
Колдон келсе сыйлашууга не жетсин.
Эсте калчу күнгө арналган кечелер,
Эң жакшысы чер жазууга себептин.

Сенин кечең, автордук деп аталган,
Сейрек болчу жаңырыгы элеттин.

Жазгандарың жалпы журту самаган,
Жакшы атака жете бербейт ар адам.
Ак пейлиңдей агыл-төгүл ырларың,
Ала-Тоонун ой кырына тараган.
Өмүрдөгү бир ашууң го ушул күн,
Өткөнүңө сын көз менен караган.

«Талантыңды тар чөйрөгө камабай,
Тап ордуңду» – дегендерге карабай.
Көп тирилик көп убактың алса да,
Шарты сонун шаар жакты самабай.
Ак-Талааңдан алыстабай жүрөсүң,
Ата үйүндө түп тутуучу баладай.

Жүр нарыга салып койбой элдердей,
Жүргөн күнүң болбойт ойго термелбей.
Кубанычына курсант болуп бирөөнүн,
Өкүнүчү өз башыңа келгендей.
Өрттөй күчөп аралашып кетесиң,
Өжөрлүгүң өзүңө да ээ бербей.
Жеңип кээде, жеңилип да келесиң,
Адилдигиң алсыздыкка тең келбей.

Кайда жүрсөң колдо кагаз калемиң,
Караөзгөйдүн катырасың кадемин.
Тайбастыктан тартсаң да көп зыянды,
Табаа каныл, элге жагат а жериң.
Ар мүнөздүү адамдардан сыр тарткан,
Ойго койбос, оозуңда укмуш бар эмиң.
Баарын зерттеп чыктың бейм Ак-Талаанын,
Баш көтөргөн инсанынын дарегин.

Эзелтеден эрге айтылган сөз эми,
Эки күлүк байлайт келсе кезеги.
Эки өнөрүң сенин эки күлүгүң,
Кезек сага келгендигин сез эми!
Кош аргымак тең чабылсын байгеге,
Эртең болот элге берчү эсеби.

Дос эле деп мактай бербейм жаным жеп,
Менсиз деле макталуучу жагың көп.
Автор десе жарашат деп ошого,
Айтылууда ар бир айыл сайын кеп.
Эмки каалоом-арыбасын талантың,
Эң башкысы-болсун деги жаның бек.

## АК-ТАЛААНЫН АЗДЕКТЕГЕН КУЛУНУ

*(Кечеден кийин)*

Кечең өттү, мага мындай сезилди:
Көөнүң тынып, сергүү сезип өзүңдү.
Бийик белге чыгып келип тыныгып,
Бир өргүтүп алгансыдың көчүңдү.

Байдылдача баалай билсең бакытты,
Элдин сыйы ээн жерде жатыппы.
Эң бир аруу ак тилектер айтылган,
Этиң тургай, сөөгүңдү да жашытты.

Ачык айтып эл журтуңа сырыңды,
Арта берсин ырларыңдын жугуму.
Арбып жолуң, арыбасын көлүгүң,
Ак-Талаанын аздектеген кулуну!

*Насыпбек Тобокелов,*
*Кош-Дөбө айылы.*

## Ө. ДӨЛӨЕВ: «ЧЫН ДИЛИМДЕН ЫРАХМАТ»

Менин бүгүн, чыккан күнү айыбым,
Жаңы гана көрдүңөрбү таңданып.
Турмуш деңиз, чөгө түштү кайыгым,
Турдум алсыз, секирүүгө камданып.

Неге мынча карайсыңар шектенип,
Күнөөнү оңдойм, шектенүүдөн кайткыла.
Чыкса айыбым, калдыңар да кектенип,
Башта кайда жүргөнсүңөр айткыла!

### ПАРОДИЯ

Жаңы гана көрдүңөрбү таңданып,
Менин бүгүн кечем өтүп жатканда.
Жапырт мага көңүл буруп баарыңар,
Жакшы ооз сөзду айтыш үчүн камданып.

Көпчүлүктүн назарына түшкөн күн,
Көңүлүңдү көкөлөткөн «айт» тура.
Бапыраган пейлиңерди жашырып,
Башта кайда жүргөнсүңөр айткыла!

Акын үчүн демөөр болот ар качан,
Аруу тилек, ак дил каалоо-алтындай.
А бирок да калат беле бул сөздөр,
Атайылап чакырбасам айтылбай?

## Ө. ДӨЛӨЕВ: «ТООЛОРДО ТЕКЕЛЕР КӨП АЛТЫ КАРЫШ»

**Тоолордо текелер көп алты карыш,**
**Кылычтай мүйүздөрү аба жарып.**
**Менсинет бийиктерден боюн керип,**
**Таш баскан туяктарын айга жанып.**

**Эки сап ырга окшоп мүйүздөрү,**
**Араң турат жылдызга тийишкени.**
**Толкутуп жүрөгүмө бүлүк салат,**
**Тоолордун толкуну өңдүү кийиктери.**

## Ө. ДӨЛӨЕВ: «КАЙЫРМАК САЛЫП ОЛТУРАМ»

**Чыгармачыл адам дайым билгенге,**
**Күндө тоого чыккан мерген аң уулап.**

**Пародия**

Ыр керекпи? – тоонун бир бийик жерин,
Ээлегин да өңүп жат кийиктерин.
Алты карыш теке өтсө атып алгын,
Андан кичик мүйүздөргө тийишпегин!

Эки сап ырга окшосо мүйүздөрү,
Эми андан башкасын да ырдайбыз да.
Сакалын саптары көп дастан дейли,
А чычаң... чыкпай жаткан ырдан кыска.

Ойлонуп, түйшүк тартып ыр жаратпай,
Өмүкем оңой жолду тапкан экен.
Эки-үч ырлар жыйнагын чыгаргыча,
Эң эле көп текени аткан экен.

*Насыпбек Тобокелов.*

## СЕН ЖАШООНУН ЖАРЧЫСЫ

*(Акындан автордук кечесине)*

Ырчы-уул таап өстүргөн эли үчүн,
Ырахмат атаңа-апаңа.
Ырахмат айталы Букенге,
Табыңыздан айнытпай таптаптыр,
Жугузбай бир кыл да жакаңа.

Такшалып акындык талантың,
Таамай айтып, так сүйлөп таңшыган.
Таалайың элиңде, элди ырдадың,
Бүркүттөй бийикте шаңшыган.

Калемиң күндө курчуп өркүндөсүн,
Кадимки алгыр бүркүт текөөрүндөй.
Арабызда ачык күлүп келе берчи,
Кычырабай кытайдын шекериндей.

Орун басар ордунда көп иштедиң,
Күч алып акындыктын кайрат деми.
Кеп талантта, кызматта эмес,
Ушинтип эл таазими жайнайт эми.

Замандашым, акын уулу элимдин,
Закым кошуп сен жашоонун жарчысы.
Булакка окшоп агып кетсин шылдырап,
Кылымдарга сезимиңдин тамчысы!

***Мукан Сыдыков.***

## АКЫН ӨЗҮ АЛЫКУЛДУН ИНИСИ

*(Акын Ө. Дөлөевдин кечесине арналган ыр)*

Аппак чаптар акак, күмүш аймагы,
Ак-Талаа бул кара жердин каймагы.
Алтын, темир, көмүр эмес бул жактан,
Акыр чыгаар биз кор болгон май дагы.

Тааныш элге адыр менен кыясы,
Таланттардын бул Ак-Талаа уясы.
Куртка жактан кут билиги жаңырган,
Кургабайт эч молдокелер сыясы.

Тайлак баатыр, Шырдакбектин издери,
Тамшандырат бүгүн деле сиздерди.
Калмуратты, Муса, Калый жараткан,
Калктын дайым ачык-айрым жүздөрү.

Чыккан жерден чыны баары чыгат да,
Чын, төгүнүн калайык калк угат да.
Ак-Талаада ачыла элек кендер көп,
Аны айтаарыбыз геодоктор Кубатка.

Айлы кымбат жери жакшы ар кимге,
Аны айталы таң, тамаша бар күндө.
Ачка эмес, токчулуктан кеп болсо,
Аштык жайы тиешелүү Жаминге.

Күүлөйт мындан шумкар кайкып канатын,
Кужүрмөндөр таштайт нуска санатын.
Аксакалдар айтса бүтпөс санжыра,
Арттагылар сынап өсөт талантын.

Айта берсем Ак-Талаада баары бар,
Аны бизге сабак кылат карылар.

Арасынан өсүп чыкты Өмүрбек,
Айтпай кетсем бүгүн мага таарынар...

Өз журтунан бата алган дайыма,
Өмүрбектин өзгөчө чоң багы бар.
Опол тоодой таланты оргуп турганда,
Орден эмес олчойгон сый тагынаар.

Тапкан ордуң калк ичинде кадырлуу,
Талантыңды таптап, суутуп багып ал.
Адабият кечеңе кеч келсе да,
Арноо ырын айтып калды агаң Мар.

Кечиксек да келдик шашып бир иши,
Келгенибиз калкы сүйгөн бир киши.
Акын өзү Ак-Талаадан ыр түргөн,
Алыкулдун, Алыбаев, Алиевдин иниси.

*Мар Алиев,*
*акын.*

## СЕНИН БАКТЫҢ

*(Акын Ө. Дөлөевге)*

Сенин бактың-мухит белем чалкыган,
Атыр жыттуу Ала-Тообу аңкыган.
Же болбосо кыдыр даарып кол берген,
Туу чокубу бүркүт конуп шаңшыган!

Жылуу сөздүн жамгырына сергиткен,
Талантыңа канат тагып эргиткен.
Куттук айтып катышпадым кечеңе,
Каалоом ушул кат сыяктуу кечиккен.

Бир сөз айтсам шылдың кылып күлбөгүн,
Бейкут болсун күндөрүң да, түндөрүң.

Атагы ашкан Алыкулдай ыр жарат,
«Өзү өлсө да, жарып чыккан мүрзөсүн!»

Идеалың Күн, Ай, жылдыз төгүлгөн,
Ырларыңдан шоолалары бөлүнгөн.
Сары кагазда өчпөй калган Мидин бол,
Соң-Көлүңдүн тереңинен көрүнгөн!

*Нуржакып АБЫКАНОВ*

## ӨМҮРБЕККЕ

Бармактайдан башталдың,
Барчын болуп тапталдың.
Кичинеңден башталдың,
Ителги куштай тапталдың.

Куттуу болсун Өмүке,
Куту жанган тоюңуз.
Кылымдарга жашачу,
Өркүндөй берсин оюңуз.

Жүрөктөн айтам тилекти,
Кайын-журттун атынан.
Бүкөнүң жүрсүн жарашып,
Калышпай ээрчип артыңдан.

*Асанбай Садык уулу,*
*карыя.*

## КААЛАРЫМ САГА ДЕН-СООЛУК!

Арбагы колдоп, атаң Дөлөнүн,
Өмүке, асмандап учуп жөнөдүң.
Оргуштап кайнап ар качан,
Артыла берсин,
Акындык сенин өнөрүң!

Адамдык сапат адилет,
Элиңе кызмат өтөлмөк.
Дайыма ыйык милдетиң,
Чындыктын туусун көтөрмөк.
Каалларым сага ден-соолук,
Эсен болсун
Балдарың жана ак жоолук.
Урук тууган жалпы элиң,
Кырсыктан дайым сак болуп!

*Ишеналы РАЗАКУЛ уулу,*
*ардагер.*

## АК БАТАМДЫ АРНАЙМЫН

*(Акын Ө. Дөлөевге)*

Бир аял тууйт баланы,
Ал жакшы чыкса эл ырысы.
Ал элдин асмандагы Чолпон жылдызы,
Көп болсо экен деп тилейм,
Калкымдын мындай уул кызы.

Бир аял тууйт баланы,
Ал жакшы болсо эл баласы.
Калк канаты.
Калеми дайым курч болуп,
Өсө берсин таланты.

Өркүндөй берсин өнөрү,
Таланттын өткүр чебери.
Аман-эсен болсо экен,
Калкына тийип кереги.

Шүкүрбек,
Мусадай болот деп көсөм,

Атагы ашкан Алыкулдай ыр жарат,
«Өзү өлсө да, жарып чыккан мүрзөсүн!»

Идеалың Күн, Ай, жылдыз төгүлгөн,
Ырларыңдан шоолалары бөлүнгөн.
Сары кагазда өчпөй калган Мидин бол,
Соң-Көлүңдүн тереңинен көрүнгөн!

*Нуржакып АБЫКАНОВ*

## ӨМҮРБЕККЕ

Бармактайдан башталдың,
Барчын болуп тапталдың.
Кичинеңден башталдың,
Ителги куштай тапталдың.

Куттуу болсун Өмүке,
Куту жанган тоюңуз.
Кылымдарга жашачу,
Өркүндөй берсин оюңуз.

Жүрөктөн айтам тилекти,
Кайын-журттун атынан.
Бүкөнүң жүрсүн жарашып,
Калышпай ээрчип артыңдан.

*Асанбай Садык уулу,*
*карыя.*

## КААЛАРЫМ САГА ДЕН-СООЛУК!

Арбагы колдоп, атаң Дөлөнүн,
Өмүке, асмандап учуп жөнөдүң.
Оргуштап кайнап ар качан,
Артыла берсин,
Акындык сенин өнөрүң!

Адамдык сапат адилет,
Элиңе кызмат өтөлмөк.
Дайыма ыйык милдетиң,
Чындыктын туусун көтөрмөк.
Каалары сага ден-соолук,
Эсен болсун
Балдарың жана ак жоолук.
Урук тууган жалпы элиң,
Кырсыктан дайым сак болуп!

*Ишеналы РАЗАКУЛ уулу,*
*ардагер.*

## АК БАТАМДЫ АРНАЙМЫН
*(Акын Ө. Дөлөевге)*

Бир аял тууйт баланы,
Ал жакшы чыкса эл ырысы.
Ал элдин асмандагы Чолпон жылдызы,
Көп болсо экен деп тилейм,
Калкымдын мындай уул кызы.

Бир аял тууйт баланы,
Ал жакшы болсо эл баласы.
Калк канаты.
Калеми дайым курч болуп,
Өсө берсин таланты.

Өркүндөй берсин өнөрү,
Таланттын өткүр чебери.
Аман-эсен болсо экен,
Калкына тийип кереги.

Шүкүрбек,
Мусадай болот деп көсөм,

Калк баласы Өмүрбекти
Өзүмдүн
Тууган баламдай сезем.

Ташкындай берсин таланты,
Өз элимдин кулуну.
Арнап жаздым балама,
Ак бата берип ырымды.

*Ажымудунова Алтынказ.*

## АКЫНДЫН БОЛСУН ИРИСИ!

Сөзүндө алтын, күмүшү,
Адамга үлгү жүрүшү.
«Өмүрдүн көчүн» тартуулап,
Өмүрдө дооран сүрүшү.
Адабият майданга,
Айтымдуу болду үлүшү.
Башы эсен болсо деп тилейт,
Болсо да элдин кимиси.
Кыйырдан чыккан атаныш,
Кыргыздын акын жигити.
Анткени,
Ак-Талаалык Өмүрбек,
Алыкулдун иниси.
Айтылуу акын аталды,
Эми,
Акындын болсун ириси!

*Ысабай Сатындиев.*

## ЫР БОЛУП СИЗГЕ КЕЛСИН КҮНДӨР ШАШЫП!

Ай-ааламга кыял кушуң чабыттап,
Акын ага, жалын сезим бөлөсүзбү?
Жазга окшоп ыр берметин,
Ушул кечте төгөсүзбү?

Күн нурундай чачыратып ойлоруңду,
Каркырадай дилге тизип келесизби?

Ошол сезим окулуп ыр-жаандай,
Адамдарга нөшөр болуп чубурсун.
Пегас минген сапарыңыз арыбай,
Сиздин дүбүрт ай-ааламга угулсун!

Жүрсөк дагы алыс-жакын мекендей,
«Алыкулдай даңктуу акын!» – деп, сыйлайбыз.
Өзүбүзгө бир төрөлгөн сезимдей,
Ырыңызды обон коштоп ырдайбыз.
Себеби, сиз алдыдасыз мезгилден,
Кылымдарды, күндү, айды, жылды айтып!

Эркин сүзүп мухитинде поэзиянын,
Жашоого кумар артып, ыр-бел ашып.
Бар болуңуз эл ичинде аман жүрүп,
Айттырып окурманга «Бир мен ашык!».
Ууртуңуздан күлкүнүн изи кетпей,
Жаз болсун өмүрүңүз гүлдөр ачып.
Ыр болуп келе берсин, келе берсин,
Арналып өзүңүзгө күндөр шашып!

*Светгүл Жусупова.*

## Ө. ДӨЛӨЕВ: «БУЛ ДҮЙНӨ-МУЗЫКА»

**Өмүрдү көрктөп шаңдаган,**
**Жашообуз белек - тандап ал.**
**Бул дүйнө-миң түр музыка,**
**Сезип ал жана талдап ал.**

**Пародия:**
Бийлеп кал жана ырдап кал

Бир күндүк өмүр бар болсо,
Жаркын
Жорго минип жыргап кал!

Колуңда эмне болсо да,
Көргөзбөй өзгө катып кал.
Аз калды мына бүтөт деп,
Кымбат баага сатып кал,
Кабанаак итти агытып,
Каалганды кулптай ичинен,
Кабыргаң тырмап жатып кал.

Келечек кандай ким билет
Кор болбой баарын жыйнап кал,
Таяке, жээниң калтырбай,
Бөлөңдү кошуп сыйлап кал.
Бул дүйнө-миң түр музыка,
«Көйрөң күү» чертип, ырдап кал.

*Мукан СЫДЫКОВ*

## Ө. ДӨЛӨЕВ: «ОРУС КЫЗЫНА»

**Көздөрүң асман жылдыздуу,**
**Жүрөгүң күндөй нур куттуу.**
**Океан өмүр орус эл,**
**Аккуу өң сендей бир кыздуу.**

**Пародия:**
Көздөрүң асман жылдыздуу,
Көгүшү көпкөк булуттуу.
Көркөмүң Аккуу өңдөнүп,
Көксөттү мендей кыргызды.

Жүрөгү күндөй нур куттуу,
Кыйналды таппай бир кызды.
Каякта болдуң экенсиң,
Какшатып мендей кыргызды.

Океан элдүү жылдыздуу,
Орустан алса бир кызды.
Өмүрбек эмес Олег деп,
Өткөрмөкмүн турмушту.

## Ө. ДӨЛӨЕВ: «ЭКИ АШЫК»

**Астыртан жылып байкатпай,**
**Асылды бакка ай батпай.**
**Аргасыз турдук экөөбүз,**
**Ай менен бактай айкашпай.**

**Пародия:**
Астыртан келип байкатпай,
Айкашты бакка ай батпай.
Кыналып турдук дал болуп,
Кумарды биз да таркатпай.

Тегерек айды кучактап,
Тереги турса жалдырап.
Угузуп элге жел менен,
Ушактап жатты жалбырак.

Аңгыча жылт деп кылайып,
Ай дагы жылды муңайып.
Теректин тентек ишине,
Экөөбүз турдук уялып.

*Кармышбек ОКЕЛОВ.*

## НӨШӨРДӨЙ ЫРЫҢ МЕНЕН БАКТЫЛУУСУҢ!

Адамдын адамдыгын көрө билген,
Адамдын терең сырын бөлө билген.
Акын бар Ак-Талаада Өмүрбектей,
Ыр менен теңтушундай ойноп-күлгөн.

Ыры бар тоо суусундай толкуп-ташкан,
Сыры бар тоо кениндей катып жаткан.
Элестейт көз алдыга алп акындар,
Ырларын, дастандарын окуп жатсаң.

Шырдакбек, Тайлак баатыр армандары,
Жашытат окуганды ойго салып.
Жазылды Казыбектин казалдары,
Калганда калайыкка унут калып.

Даңктады өткөн ата-бабаларды,
Элине эмгек кылган агаларды.
Ырлары Ак куу болуп көлдө сүзүп,
Ырлары ободо учуп, обо жарды.

Таланттуу сен кыргыздын акынысың,
Сыймыктуу сен Ак-Талаа ата уулусуң.
Жашылга бөлөп турган талаа-түздү,
Нөшөрдөй ырың менен бактылуусуң!

## СЕН МЕКЕНДИН ЧЫРПЫГЫ

Ооба, Өмүке, сен мекендин чырпыгы,
Бутагында уялаган ыр сыры.
Чырпык өсүп чынар болоор бир кезде,
Көкөлөтүп көркүн ачкан ырчыны.

Ырың сенин чырпыгыңдан жаралып,
Учту алыска мекенине таралып.

Ырың менен, сөзүң менен жагымдуу,
Сени тааныйт, сени билет калайык.

Сен сыйласаң улуулардын эмгегин,
Сени сыйлайт, сени барктайт элдериң.
Тамыр жайып чынар болуп өсө бер,
Текке кетпейт учкул канат эмгегиң.

*Артыков Шакир,*
*Бердалы атындагы орто мектебинин*
*окуу бөлүмүнүн башчысы.*

## ӨЗҮҢДӨН ӨРНӨК АЛЫП, ЫР СУНАЙЫН!

Алыкул аалам кезген ыр дүйнөсүн,
Алгалап, тосуп мен да бара аламбы?
Өзүңдөй «Элдин, журттун уулу!» аталып,
Ырларга мен ээ болуп кала аламбы?

Ээ, ага, айтчы акылың, мен угайын,
Акындык сөзүң тыңшап, жөн турайын.
«Өмүрбек – Ак-Талаанын акыны!» – деп,
«Өмүрбек – кыргыздын бир акыны!» – деп,
Өзүңдөн өрнөк алып, ыр сунайын!

*Бурулсун Абыканова,*
*Бишкек шаары.*

## КУДУРЕТ СЕНИ КОЛДОСУН!

Өмүрдүн гүлүн тергенге,
Ыр гүлүн кудай бергенби?
Адамдык жана акындык,
Өзүңө буйруп келгенби?

Ак дилиң сенин Ак куудай,
Асмандап учкан шумкардай.

Жазылган сенин ырларың,
Жарыштан чыккан тулпардай.

Өмүрбек элге зор тоосуң,
Кол жетпес бийик чоң зоосуң.
Арада бар болуп, көп жаша,
Кудурет сени колдосун!

*Рахима Абылова,*
*мугалим.*

## АКЫН Ө. ДӨЛӨЕВГЕ

Шилтесе колуңузда калемиңиз,
Мончокко окшош тамгалар биригишип.
Тургансып кулак түрүп, сизди тыңшап,
Баш ийгенсип өзүңүзгө ийилишип.

Бүрдөтүп талант багын гүл ачтырып,
Көркөмдөп ар тамгага нур чачтырып.
Ашыңыз Ала -Тоонун аска зоосун,
Канаттуу оюңузга гүл бастырып.

Атыңыз кыргыз элге бек таанылып,
Акын деген наамыңыз кепке алынып.
Ар убак жүрүүсүнө чын жүрөктөн,
Баарыбыз тилектешпиз бүт жабылып.

*Марсбек Ташманбетов.*

## ДЕН-СООЛУК ТИЛЕЙМ ӨМҮРБЕК!

Ак-Талаанын кулуну,
Акын Өмүрбек Дөлөев.
«Эл үчүн эмгек кылсын!» – деп,
Энеден калган төрөлүп.

Жүрө бер Өмүке ыр жазып,
Ашуудан ашуу кырды ашып.
Жүрөктөгү сырыңды,
Жүрүшсүн элиң сындашып.

Ден-соолук тилейм Өмүрбек,
Ачык жүрсүн көңүл деп.
Бересең бар элиңе,
Бел байлап жазчу кебиң көп.

*Үмөткул Оморов.*

## ТАТА БЕР ДААМЫН ТУРМУШТУН

Алыс деп койбой Ош жолун,
Ардактап сунуп кош колун.
Ак тилек оюн айтууга,
Ар жерден келди досторуң.

Убара кылып оюңду,
Улантпай калдык жолуңду.
Антсе да ойдон сен кетпей,
Көктөм кез бала күнду эстей.
Кенедей кезден бирге өскөн,
Иш болсо кокус маанилүү,
Кербендей чубап бир кеткен.
Классташ курбалдаштарың,
Куттуктайт кутман тоюңду.
Бек кысып жана ардактап,
Биз үчүн ыйык колуңду!

Таалимин алып Чыңгыздын,
Тартынбай өйдө тырмышкын.
Тайгак жол, бийик белдерди,
Букениң менен бирге ашып.

Букениң менен бир басып,
Тата бер даамын турмуштун.
Талантың менен дүйнөгө,
Таанытып элин кыргыздын!

*Классташтарыңдын атынан.*
*Мааметыбрайым Мааданбеков.*

## АКЕ, АЛГАНЫҢ МЕНЕН ТЕҢ КАРЫ!

«Тер көтөрбөй, күлүк болбойт»,
Тегин киши талант болбойт.
«Азынабай, айгыр болбойт»,
Алганы начар, акын болбойт.

«Жашында жигит шок болот»,
«Ыр жазам» – деп октолот.
Жароокер чыкса алганы,
Жакшы акын болуп токтолот.

«Өөдө-төмөн көп чапса,
Күлүктүн чери жазылат».
Өмүрлүк жары эп бакса,
Тумардай ырлар жазылат.

Сорпонун даамы туз болот,
Спонсор саны жүз болот.
Акынды эли колдосо,
Азынап жылкы, күч болот.

Канаттуу ПЕГАС тулпарың,
Кашкайтаар төбөң, чөп жебей.
Калдайтып үйүр жайып кой,
Калбасын бир жан «Эх!» – дебей.

«Аралдын чөбүн мал жебейт»,
Акын, азил кепке «Ай» дебейт.
Аке, алганың менен тең кары,
Анткени, андан башка «чал» дебейт.

*Кайыпбек Султангазиев,*
*сүрөтчү.*

## ДҮБҮРТ

*(Өмүрбек Дөлөевге)*

Дүбүрт келет чаңы чыгып алыстан,
Дүңгүрөгөн күлүктөрдүн жарышкан.
Алыкулдун «Ак Боз аты» алдыда,
Арттагылар чай кайнамча калышкан.

Үзөңгүлөр жалт-жулт этет шыңгырап,
Үстөк-босток үмүттөнө камчылап.
Туяктардан жалын ыргып баратат,
Талаа түздүн баары таштуу сайчылап.

Чабал эмес чапкан аттын баары эле,
Чыкканы көп арасынан дагы эле.
Чийне тартып жүрчү эле-деп бирөөсү,
Чабалактап айтып кетти жаңы эле.

«Күч атасын тааныбайт» – дейт жарыктык,
Кылышсын де андан көрө калыстык.
Бүт айланса түндүк менен түштүктү,
Булар үчүн кылбайт досум алыстык.

Бир убакта келдиң дагы жүгүрүп,
Баштагыдан өзүңдү-өзүң сүйүнтүп.
Ах чиркин деп бердиң мага дүрбүнү,
Алдыраактан бир карaанды түрүлтүп.

Кечир досум, ансыз деле билемин,
Көптөн күткөн менин да ошол тилегим.

Коңорчогун, Ак-Талаасын жаңыртып,
Даңазага бөлөп келет өз элин.

Дагы кара, канчалаган чаң чыгат,
Дүбүрттөрдөн дүлөйдөн да жан чыгат.
«Шырдакбек» -деп ураан салып ал кыраан,
«Ак боз атты» келе жатат камчылап.

## КЫЛЫМДАРГА АГЫП ТУРЧУ СУУДАЙСЫҢ!

*(Жандай ысык көргөн акын агама)*

Сендей жатык, кичипейил ак жүрөк,
Сезими от, калп айтпаган так мүнөз.
Наристедей тунук өмүр, ак көңүл,
Өмүр болсо Күн түнөк да, Ай түнөк?!.

Ак-Талаада жашап, иштеп түбөлүк,
Кыргызга эмгек тартууладың-күбөлүк.
Сен чыныгы элдик даана акынсың,
Тулпар өңдүү элиң менен сүрөлүп.

Эл өмүрүн өмүрүңө айланттың,
Эл турмушун турмушуңа байланттың.
Өмүрүңдү өтпөс жашап эң бийик,
Түбөлүктүү жашоого анык жайланттың.

Шакирттериң сени айланган шамалдай,
Сендей талант болуп, сага караандай.
Тазалыкты, таланттарын туу тутуп,
Өсүүдө ээрчип, куш аша албас дабаандай.

Сени изилдеп чыга албайт го бир да адис,
Жөнөкөйсүң, татаалсың да-нурга из.
Бийиксиң да, букарасың, пассың да,
Элиң сүйгөн акын жана журналист.

Жайы-кышы демеп аккан мөл суусуң,
Ак эмгегиң элестетет Көл Куусун.
Калыс, чынчыл, ак пейилдүү, ыймандуу,
Мүнөзүң ай, көзгө тартат эл Туусун!

Жакшылыкка калемиң жол чыгарган,
Сен элдеги карапайым чыгаандан.
Асыл жансың адамдыкты туу кылган,
Сенин бийик адамдыгың-чыгармаң!

Сен бууданда бош таштаган чылбырдай,
Кимге болсо ачыласың, сыр кылбай.
Кызматына күнү-түнү даярсың,
Жаш баланын көөнүн дагы сындырбай.

Сага бир да акын аттуу окшобос,
Ырда барсың, сени эч ким жоктобос.
Кылымдарга агып турчу соолбой,
Коңорчоктун суусусуң сен токтобос!

*Сиздин шакирт* ***Азамат ТОЛУБАЕВ.***

## ЭЛГЕ БЕРГЕН БАКТЫ

Мен Өмүрбекти элден улам билемин. Кайда жүрбөйүн Ак-Талаа жөнүндө сөз болгондо Шүкүрбек сыяктуулар кепке алынат да алар менен улай Өмүрбектин аты жаңырат. Кара кылды как жарган калыстыгы, таамай таланты, адилеттүү сөзү, эң жөнөкөй, кичи пейил жүрүм-турумү менен ал бүткүл элдин жүрөгүн уялап алыптыр. Өзгөчө катардагы адамдар ушунчалык баалап, анын чыгармаларын, ар бир макаласын айрыкча күтүп, жарык көрсө баса калып окуйбуз. Айрыкча, «Шырдакбектин арманы» дастанын улам окуп моокум канбады, чиркин. Көрсө, эл окурмандардын көйүндөгү, оюндагы айтайын деп жүргөн

пикирин Өмүкөм айтат тура, жазат тура. Ошон үчүн Өмүкем барктуу, даңктуу, кимге болбосун бирдей экен. Бул чексиз таалай, эл берген бакты. Биз менен бир катарда билинбей туруп бийик, сыймыктуу, Ала-Тоодой зобололуу. Аны Өмүкөмө, үй-бүлөсүнө кут кылсын.

*Окен **ИБРАИМОВ**,*
*Баетов айылынын тургуну.*

## ШОФЕР БОЛУП ИШТЕГЕН

Азыркы РТПда Өмүрбек болуп шоферлукта чогуу иштегенбиз. Анын эмгек жолу кыялы менен жарышкан руль ээлигинен башталган. Керимдин ГАЗ-93 автомашинасын өткөзүп алып, адегенде артка айдап чыгып, эски шоферлор бүт сүрдөтүп, кол чаап карап турганбыз. Эки жылы иштеп, анан финансы техникумуна окууга кеткен.

Ошондо эле адамга ушунча жакын, жатык, сүйкүмдүү бала эле. Кайда, кимибиз жумшабайлы дароо кете берчү. Көрсө адам даңкын, сыймыгын ошондой бала күнүнөн түзөт тура. Ар бирибизге бир тууган инибиздей жакын болчу. Токтой калганда рулга дептерин кое коюп бирдемелерди чиймелей берчү.

Эми ойлосом, талант жолуна, алгачкы сапары улуу жолго чыккан тура. Өмүрбек өз жолун өзү таап, өзү кеңитип, бүгүнкү бийиктикке жаза баспай, артка кетпей, эрдик менен чыгып келди. Ал жолу эл рахат алчу, алкыш айтчу, түбөлүккө бузулбаган, Өмүкени ушул мезгил өткөн сайын ого бетер даңазалай берчү бакыт жолу болду. Ал бүгүн адам дүйнөсүн, ааламды чабыттаган кыялдын кылдат шоферу болду. Ал жол ак жолтой, ак издүү элине жарашкан жол аталды. Бул Өмүкенин таалайы.

***Шербек Нусупов,***
*акындын алгачкы кесиптеши, гараж башчысы,*
*Кайыңдуу-Булак айылы.*

## КОШУНАНЫН ЖЫЛДЫЗЫ

Ак-Талаалык ар бир адам «Менин Өмүкем» дешет экен. Биз да кошуналар «Биздин Өмүке» деп, ар убак көңүлгө шоола чачып турган жылдыздай сезебиз. Себеби, бул киши элдик адам. Ал Ак-Талаанын Өмүрбеги! Аны кошуналар калайык-калктын Өмүкеме мамилесинен, көзү жокто ого бетер кэкөлөтүшүп, райондогу эң калыс, эң жөнөкөй, эң чынчыл, чыныгы адам катары айткандарынан так баамдайбыз. Биз эмес башкалар да калыстыкка тартып көп келишкендигинен дана адилеттигин, акыл таразасынын ар убак тактыгын, көптү билгендигин толук түшүнөбүз.

Биз кошуна катары Өмүкени райондо абдан карапайым, ашкере адамгерчиликтүү жашаган инсан деп билебиз. Эгерде анын ордунда башка бирөө болгондо эчак эсирип кетмек. Ал сыймыкты, Кутту боюна, үй-бүлөсүнө сиңире билет, күтө, кармай билет. Алпейимдиги, жапакечтиги, жамандык-жакшылыкка кимге болбосун тике тургандыгы менен элдик өмүргө айланган. Кошуналардын бүткүл тиги-мунусу бизде Өмүкеге кеңешсиз чечилбегени да биздин ага болгон урматтоодон. Ынтымак-ырашкерлигибиз ага байланыштуу. Ошон үчүн биз Өмүкенин жетекчилиги, автобусту өз кадырына алуусу менен бүт кошуналар, бала-чака дебей Соң-Көлгө, тиягы Ат-Башынын атактуу Таш-Рабатына чейин барып көрүп, моокум кана эс алып келгенбиз. Көчө майрамында, квартaлдык комитеттин кароосунда да биздин кошуналар, Өмүке жетектеген квартал сыйлык алып жатабыз.

Эмесе, Өмүкеге кечеси куттуу болуп, өзүнө кудай өмүр берсин, ошол элге сиңген жакшылыгы, эмгеги убай берсин, аны дайым үй-бүлөсү менен Алла колдосун! Оомийин!

*Кошуналарынын атынан:*
***Б. Дүйшөмбиев, С. Кулжыгачов, Р. Абдыкадыров.***

# «ӨМҮРБЕК МЕКТЕБИНИН» ОКУУЧУЛАРЫБЫЗ

Агайдын кечеси болот дегенди угуп, биз студенттер да чоң кубанычка тушугуп, жетине албай олтурабыз. Себеби, агай райгезитте иштөө менен эле Ак-Талаанын бүтүндөй чыгармачыл жаштарына өз сабагын берди, көптү үйрөттү, үлгү болду. Азыр республикага чейин белгилүү болуп, асты бир-экиден жыйнак чыгаргандардан мектеп партасындагы адабият талапкерлерине чейин акын аганын таасири, көмөгү күчтүү. Мисалы, Г. Шакирова, Т. Тынаева, А. Ибраимов, М. Чотуров, А. Толубаев, Ж. Элигеева, С. Жусубалиева, Ж. Элигеев, Г. Үчүгөнова, Р. Бобукеева, К. Абдыкеримова, К. Мамбетов сыяктуу журналисттердин өзүнчө бир катарынын өсүп чыгуусуна, аларды сүрөп, жөлөп таяп, окууга өтүүсүнө жардам берип, ал тургай айрымдарын өткөрүп дегендей алардын жүрөгүнөн өчпөй калган. Ал эми ошол өңдүү эле алгачкы ырларын, макалаларын жарыялап, окуп-чокубаса да адабият күйөрманы, жазмакер болуп калуусуна өбөлгө түзгөн. К. Бечелов, К. Аркабаевдердей көптөгөн жаштар элибизде арбын. Жыл сайын журналистика, кыргыз тил, адабият факультеттерине кеминде 4-5тен улан-кыз окууга барышат. Мында агайдын түздөн-түз эмгеги бар.

Мен да бала кезимде Өмүрбек байкенин берген калемин алып, ошондон бери ушул кезге чейин жөрөлгө кылып, аны ыйык көрүп алып жүрөм. Ыр жазам, кабар шилтейм. Келечекте агайдын жолуна түшсөм дейм. Азыр билимимди толуктоодомун. Айта берсе мендейлер арбын, мектептерде да бул талант жолуна умтулгандар көп.

Эмесе, агайдын кечеси кут болуп, «Өмүрбек мектебинин» биздей сыймыктуу окуучуларынын саны арта берсин демекчибиз.

*Тамара* ***БИРИМКУЛОВА,***
*КМУнун журналистика бөлүмүнүн студенти.*

## ФИНАНСИСТ БОЛУУЧУ

1970-жыл эле. Финансы-экономикалык техникумунун бюджеттик бөлүмүн жаңы бүткөн Өмүрбек райФОго келип инспекторлукка иштеди. Келгенде эле дубал газетти эң сонун чыгарып көзгө толду. Бара-бара комсомолдук уюмга аралашты. Саясий окуунун пропагандисти болду. Кош-Дөбөгө чөпкө барып келди эле «Көк Көл таңдары» аттуу сүрөттөмө жазып, райгезитке басты. Редакциянын кызматкерлеринин көзүнө дароо эле чалынып, ырларын, кабарларын жарыялады. Ошол эле учурда эсеп-кысап ишин кынтыксыз аткарып, жамаатка бала күнүнөн иштеп жүргөндөй алынып кетти.

Анан редакциядагылар улам чакырып, кызмат сунуш кыла баштады. КМУну бүтүп келген бирөө комсомолдук ишке өтүп, ошонун ордуна (техникумду бүтсө да) келүүгө абдан үндөштү. Өмүрбек өз жолун менимче ошондон көрүп, өз бактысы кайда экенине көзү жетсе керек деп ойлойм. Кабарчылыкка которулуп кетти. Кийин минтип бир айылда жашап, көз алдыда өстү. Райондун кайсы гана коомдук иши болсо катышты-комсомолдун райкомунун, бюросунун мүчөсү болуп 3-4 шайланышында жүрдү. «КП»нын штабында, партиялык ар кандай комиссияларда активдүү иштеди. Сергектик коомунун райондук төрагасы болду. Гезитте адабий, старший адабий кызматкер, бөлүм башчылыкта өзүн көрсөттү. Элге жакты, алынды, анын сыймыгына жетти.

Өмүрбек аткаргычтыгы менен, аракеттүүлүгү, өнөрлүүлүгү, намыскөйлүгү менен финансист болуп калса деле бир майнап чыгармак. Бирок, чыныгы өз жолун, талант жолун даана таап алды. Бир кезде чогуу иштешкенге, дегеле биз бир айылда жашап, мамилеси болгонго, биздин бир боорубуз болгонго Өмүке үчүн зор сыймыктанабыз.

*Ысак Карасартов,*
*ардагер, финансист.*

## КАЙДА ЖҮРСӨ АЛДЫДА

Турмушта «сөз билги» анан «иш билги» деген бар. Эгерде бирөөнө жетип, экинчисине адам жетпесе кемип, өчүп, канаты сынык куштай болуп калаар эле. Өмүрбектин бактысы экөөн бирдей алып, эки канат жасап, анан ашкере адамгерчилигин жүрөк жасап мейкинге чыкканында. Мен аны беш колдой терең билем. Экөөбүз чогуу көп жылдар иштедик, чогуу да окуп бүтүп, дипломго ээ болдук.

КМУда журналистика бөлүмүн бүттүк. Ошондо отуздай студентке диплом алгыча 3 староста которулду. Акыркы эки жылда баары бир добуштан ишенип, тандап, ой-боюна койбой атып Өмүрбекти шайлап алышкан. Баарына жардам берип, окутуучулар менен да, студенттер менен да бардык ишти жакшы жүргүзүп, мыкты мамиледе болчу.

*Асанакун Алымбеков,*
*курсташы, досу.*

## АР УБАК ЫРЫ БИЗГЕ ЖОЛДОШ БОЛУП

Алгач кызыгып гезит окугандан баштап колума «Колхоз эмгеги» газетасы көп тийчү. Бул газетага Өмүрбек байкенин ырлары, макалалары көп чыгып, мен ылгабай окуур элем. Ал жазгандарына мен түшүнүп, эске тутуп көрбөсөм дагы, «Өмүрбек Дөлөев» деген ысым каныма сиңип, кулагымда жаңырып калган экен. Дегеле, ал кезде газетке чыккан ар бир ыр, макала эч жеринде кынтыгы жок туура, ал турмак касиеттүүдөй сезилчү. Мезгил өтүп адабияттан, поэзиядан түшүнүк алган сайын, жаман-жакшысын ылгап, жакшысын көңүлгө жаттап, жаманынан ирээнжиген учурлар көп болду.

Ушинтип, адабиятка менин түшүнүгүм өскөн сайын анын зор талантына, мээнеткечтигине баа берем. «Айыл

турмушу» гезитинин бир эле саныя карап көрөлү, анын ыры же макаласы кездешпей койбойт. Ыр же макала үчүн канча акыл, канча күч кетээрин колуна калем алып чыгарма жазып көргөн адам билээр. Азыркы каатчылыкта үй-бүлө багыш, анын көйгөйлүү көп суроолорунан бошонуп көркөм чыгарма жазыш, райондун коомдук иштерине катышып, жакшылыгына сүйүнүп, жамандыгына тик туруу, бул бери болгондо эле чоң эрдик деп ойлойм.

Мага Өмүрбек байкеге ыр аркылуу таанышуу бактысы буюрган экен. Алгач ыр жазымыш этип, аларды кээ бирөөлөргө окутуп, мактоо уккандан кийин, «Менден деле бирдеме чыгат турбайбы» – деген ишеним пайда болуп, бир эки ырымды бирөөлөр аркылуу Өмүрбек байкеге берип жибергем. Чындыгында «ушундай кантип ыр жазсын деп кагып коёбу» – деп өзүм алып барган эмесмин. Өмүрбек байке ал ырларымды окуп, «арасында жарачулары бар экен, газетке чыгарам» – дептир.

Айтканындай эле көп өтпөй бир ырым «Айыл турмушу» гезитине чыгып калбаспы. Ошондон баштап ишеничим өсүп, көп изденип, көп жазып, бир эки айдан кийин ырларымды көтөрүп барсам, Өмүрбек байке окуп чыгып «мурункуга караганда өсүп калыпсың» – деп мени да сүйүнтүп, өзү да сүйүндү. «Мындай жаз, тигиндей жаз» деп кеңешин айтып «дагы келип тур» деп жылуу узатты. Өмүрбек байке минтип сүрөп, дем берип турса мен өзүмдү ишеничтүү жана милдеткер сезип ал күндөрү ырдан башканы ойлобой калдым.

Көп өтпөй жылуу пикирин айтып, ак батасын берип, баш сөз жазып «Айыл турмушуна» үч-төрт ырымды чыгарып берди. Мен үчүн мындан ашкан бакыт кайдан болсун. Ан үчүн миң мертебе ырахмат айтам. Дегеле Өмүрбек байке адабияттагы жаш талапкерлерге көп камкордук көрүп кеңештерин айтып турат. «Ак-Талаадан канат кагып көп таланттуулар чыкса!». – деп дайыма тилек

кылат. Мен Өмүрбек байкени Ак-Талаанын чыгаан уулу жана кыргыздын чыныгы акыны деп эсептеп анын далай бийиктиктерди багынтаарына ишенем.

17-сентябрда боло турган авторлук кечеси Өмүрбек байкенин адамдык жана акындык жүзүн ачып берет деп жана сиздерди ошол кечеге чакырып кетмекчимин. Өмүрбек байке, өркөнүңүз өсүп, калемиңиз курчуй берсин!

Төмөнкү ыр саптарын **сизге арнамакчымын:**

Адамдарды сүйүп-сүйүп чын жүрөктөн,
Алар үчүн боло калып өжөр-өктөм.
Өлбөс ырды тартуу кылып берип кеткин,
Өз алдына бүт дүйнөнү бүжүрөткөн.

Ой -кыялда отту сууга үлөштүрүп,
Жан дүйнөңдө айыгышкан күрөш жүрүп.
Турган кезде талант даарып, күчүң ашып,
Берип кеткин адамга ырдан гүл өстүрүп.

Адамдардын бүт кайгысын, бүт күнөөсүн,
Ырың менен бөлүшкөнү жүткүнөсүң.
Дал ушинтип, ырың бизге жолдош болуп,
Ыр аркылуу жүрөктөргө өткүн өзүң.

***Кубанычбек САПАРАЛЫ уулу АРКАБАЕВ.***

## 50 ЖЫЛДЫК МААРАКЕДЕН

**Урматтуу Ибрагим мырза Жолдошович!**

Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айынын орто ченинде кыргыздын белгилүү акыны, Кыргызстав жазуучулар жана журналисттер Союздарынын мүчөсү, коомдук ишмер Өмүрбек Дөлөевдин 50 жылдык мааракеси өтмөкчү. Акын жана журналисттин чыгармачылыгын мезгилдүү

басма сөз, радио-телеберүү аркылуу дагы бир ирет коомчулукка кеңири маалыматтоо максатында Кыргызстан жазуучулар Союзунун алдында атайын Юбилейдик комиссия түзүлгөн. Алар төмөнкүлөр:

**Шүкүрбек Бейшеналиев**, – Кыргыз эл жазуучусу, төрага,

**Гүлсайра Момунова**, – акын, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер,

**Токтосун Самудинов**, – акын, «Байчечекей» журналынын башкы редактору, А. Осмонов жана Т. Молдо атындагы сыйлыктарынын лауреаты,

**Каныбек Жунушев**, – акын, Кыргызстан жазуучулар Союзунун Нарын областы боюнча консультанты,

**Сүйөркул Тургунбаев**, – акын, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, «Заман» газетасынын башкы редакторунун орун басары,

**Абдыкадыр Султанбаев** – Кыргызстан журналисттер Союзунун төрагасы,

**Жедигер Саалаев**, – акын, Кыргызстан радио-теле Компаниясынын Продюссери.

Биз Сизден, өзүңүз жетектеген Ак-Талаа районунун чыгаан уулдарынын бири, бүткүл жетилген жана жигиттик курагы Сиздин райондун эмгекчи калкына кызмат кылуу аракетинде калыптанган эр ортону элүү жашка толгон Өмүрбек Дөлөевдин маарекесин татыктуу өткөрүүгө моралдык жана материалдык жардам көрсөтүүңүздү өтүнөбүз.

Ысык саламым менен,

Кыргыз Жазуучулар Союзунун төрагасы **Надырбек Алымбеков.**

* * *

**Ак-Талаа райондук Эл депутаттарынын жергиликтүү мамлекеттик администрациясы, Ак-Талаа райондук Кеңеши**

## БУЙРУК

**Акын жана журналист Дөлөев Өмүрбектин туулгандыгынын 50 жылдык, чыгармачылыгынын 30 жылдык юбилейи**

## Ж Ө Н Ү Н Д Ө

1. Кыргыз жазуучулар жана журналисттер Союздарынын мүчөсү, акын жана журналист, 5 ыр жыйнактарынын автору, Кыргыз журналисттер Союзунун сыйлыгынын эки жолку лауреаты, райондук деңгээлдеги коомдук ишмер, райондук «Айыл турмушу» газетасынын редакторунун орун басары Дөлөев Өмүрбектин туулгандыгынын 50 жылдыгын, чыгармачылыгынын 30 жылдыгын белгилөө жөнүндөгү райондук гезиттин эмгек жамаатынын, «Коңорчок» орто мектебинин педагогикалык жамаатынын, республиканын жазуучулар Союзунун, журналисттер Союзунун демилгелери жактырылсын жана кызуу колдоого алынсын.

2. Дөлөев Өмүрбектин туулган күнүнүн 50, чыгармачылыгынын 30 жылдыгын белгилөөгө даярдык көрүү жана өткөрүү боюнча төмөндөгү курамда райондук комиссия түзүлсүн:

1. **Буйлашов Ж.** – райондук мамлекеттик админстрациясынын башчысынын орун басары, комиссиянын төрагасы.

2. **Жабдасынов Т.** – райондук гезиттин редактору, комиссиянын төрагасынын орун басары.

3. **Турдалиева М.** – райондук социалдык фонддун кызматкери, комиссиянын төрагасынын орун басары.

КОМИССИЯ МҮЧӨЛӨРҮ:

**1. Рысбеков Р.** – райкеңештин жооптуу катчысы, аппарат жетекчиси.

**2. Абдиева С.** – райондук маданият бөлүмүнүн башчысы.

**3. Жаңылышов М.** – райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы.

**4. Байсеркеев** О. – райондук «Бакай-Ата» ордо кеңешинин төрагасы.

**5. Каналиев Р.** – Демократиялык жаштар Союзунун Президенти.

**6. Тобокелов Н.** – Кош-Дөбө айыл өкмөтүнүн башчысы.

**8. Касымбаев С.** – «Коңорчок» орто мектебинин директору.

**9. Абышбаев К.** – Ак-Кыя айыл өкмөтүнүн башчысы.

3. Акын жана журналист Ө. Дөлөевдин туулган күнүнүн 50, чыгармачылыгынын 30 жылдыгын ушул жылдын сентябрь айынын биринчи жарымында Баетов айлында коомчулуктун өкүлдөрүнүн катышуусу менен белгиленсин.

4. Райондук комиссия юбилейди өткөрүү боюнча областтык, республикалык чыгармачыл Союздар менен тыгыз байланыш түзүшсүн жана конкреттүү иш-чараларды белгилешсин.

5. Акын жана журналист Дөлөев Өмүрбектин туулган күнүнүн 50, чыгармачылыгынын 30 жылдыгы боюнча негизги уюштуруучулук чаралардын планы бекитилсин. (тиркелет).

**Ак-Талаа райондук**
**жергиликтүү мамлекеттик**
**администрациясынын**
**башчысы:**
**Ы. ЖОЛДОШОВ**

**Эл депутаттарынын**
**Ак-Талаа райондук**
**кеңешинин төрагасы**

**Ж. АБДИЕВ**

## АЙЫЛ ЭЛИ АКЫН МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ

Акын Ө. Дөлөевдин 50 жылдык юбилейине байланыштуу түзүлгөн иш-чарага ылайык райондук комиссия ар бир айылда юбиляр менен элдин жолугушуусун атайын бекитилген график менен белгилешкен. Натыйжада юбилейлик комиссиянын мүчөсү, райондук маданият бөлүмүнүн башчысы Сонун Абдиеванын жетекчилиги астында 26–27–28-август үч күн бою бардык айылдарда акын жана журналист менен жолугушуулар өткөрүлдү. Мында, «Ө. Дөлөевдин өмүрү жана чыгармачылык жолу» боюнча билдирүүнү райборборлоштурулган китепкананын директору Зоя Молдакунова, чыгармалары боюнча китепканачы Замира Жээнбаевалар кеңири түшүнүк беришип, акындын китептерин, жазган ар кандай эмгектерин элге айтып, көргөзүшүп, айкын түшүндүрүштү. Ал эми артисттер Гүлжан Кемелгазиева, Рыскүл Бекболотова, Мелис Ибраимов, Марс Дербишкановдор Ө. Дөлөевдин обондуу ырларын, дастандарын аткарып беришти. Акын да жолугушуу сайын элге өзү, чыгармачылыгы тууралуу кеңири аңгеме куруп, жаңы ырларынан окуп берди.

Ар бир айылда акынды кызуу кубаттоо менен тосуп алышып, калайык-калкы жакшы каалоолорун айтышты. Ал тургай Ак-Кыяда Тилеген Аруунов, Бактыгүл Жусуева, Коңорчоктон Нурдин Баевдер акындын обонго салынган ырларынан ырдап беришти. Юбилей астындагы жолугушуулар жогорку деңгээлде, акынга зор урмат менен өттү.

*А. Омолдошова,*
*КМУнун студенткасы.*

# Ө. ДӨЛӨЕВДИН 50 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИНИН ӨТҮШҮНӨН

## АКЫН АК-ТАЛААНЫ ДАҢКТАСА, АК-ТАЛАА АКЫНДЫ ДАҢКТАДЫ

27 жыл бою «Айыл турмушу» гезитинин туусун көтөрүп, кызматын жасоо менен, ошол эле учурда поэзия майданында талбай изденип, жалпы кыргыз окурман журтуна таанымал болгон акын Өмүрбек Дөлөевдин Баетов айылында, өзү туулуп-өскөн Коңорчок кыштагында даркан жазуучу Шүкүрбек Бейшеналиев жана айтымдуу акын Маркабай Ааматовдор баштаган республикалык аттуу-баштуу атуулдар, кыргыздын чыгаан уул-кыздары катышкан 50 жылдык мааракеси районубуз үчүн да чоң тарыхый окуя болуп калды. Бишкектен келген меймандардын көз карашы менен алганда Ак-Талаа жергеси эзелтен талант уясы, талантты кадырлоо-барктоонун ыйык мекени болуп калганын акындын эли анын юбилейин болуп көрбөгөндөй жогорку деңгээлде, бийик кадырлоо менен өткөрүү аркылуу айгинелеп койду.

Райондо жашап жана иштеген таланттардан көзү тирүү кезинде 1940-жылы Тоголок Молдонун 80 жылдыгы өткөн. Ак-Талаанын тарыхында экинчи жолу Өмүрбектин 50 жылдыгы зор салтанатта уюштурулду. Ошол аземде акындын наамына көптөгөн куттуктоолор келип түшкөн. Төмөндө алардын айрымдары. **(Айыл турмушу». 8-октябрь, 1997-ж. )**

## УРМАТТУУ ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВИЧ!

Эр ортону 50 жашка чыккан мааракe тоюңуз менен өзүмдүн атыман жана облустук коллегия мүчөлөрүнүн атынан кызуу куттуктаймын!

Сиз 1969-жылы «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланган алгачкы «Алдыдагы өмүрлөр» аттуу ырыңыздан тарта чыгармачылыктын ары түйшүктүү, ары татаал жолунда калемиңизди сынап, байсалдуу өмүр сүрүп келүүдөсүз. Бул жылдар аралыгында бир нече ырлар жыйнагынын автору болдуңуз. Жүрөгүңүздөн сызылып чыккан бир нече ырларыңыздын текстине белгилүү композитор, обончулар мукам үндүү обондордо чыгарышып, рухий байлыкты байытышты.

Сиз бүгүнкү күндө дагы Ак-Талаа жергесинде өткөрүлүп келген ар кандай деңгээлдеги маданий иштерге демилгечи жана үзбөй катышкан жергиликтүү коомдук ишмер катары 50 жылдык маарекеңизди татыктуу тосуп алдыңыз. Ушундан улам бир нече ардак сыйларга татыктуу болдуңуз.

Сиздин, элге бергениңизден бере элегиңиз көп. Эл-журт сизден дагы далай ырларды, поэма, дастандарды жарата беришиңизди күтөт. Дагы бир жолу эр ортону 50 жашыңыз кут болсун! Ар дайым ден-соолугуңуз чың болуп, чыгармачылыгыңыз арта берсин!

**Э. Узакбаев,**
*Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор. 12. 09. 1997.*

* * *

**УРМАТТУУ ӨМҮРБЕК ДӨЛӨ уулу!**

Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясы, Эл депутаттарынын райондук Кеңеши, коллегия мүчөлөрү Сизди эр ортону 50 жашка толгон кутман курагыңыз менен чын жүрөктөн куттуктайшат жана өзүңүзгө чыгармачылык бакты-таалай, бекем ден-соолук, үй-бүлөңүзгө ырыс-кешик каалашат!

«Ак-Талаа жергеси-таланттардын мекени» деп бекеринен айтылбайт. Тоголок Молдо сыяктуу кыргыз элин сыймыкка бөлөгөн мыкты таланттар чыккан. Көрөңгө-

луу элдерден көөнөрбөс талант чыгаары ошондой болсо керек. Ак-Талаа жергесинен өзүңүздөй таланттуу акын чыкканына райондун эли чексиз сыймыктанышат. Райондун «Айыл турмушу» газетасында чейрек кылым талбай эмгектенип, журналист катары да чоң эмгек сиңиргениңизди эл-журт жакшы билишет. Буга ардактуу кесипти ыр өнөрү менен айкалыштырып, Ак-Талаанын акын уулу катары жүрөк кылын черткен лирикаларды, белгисиз таланттарды изилдеп, дастандарды жаратып жатышыңыз кийинки муундарга калтыруучу чоң кенч катары бааланмакчы.

Урматтуу Өмүрбек Дөлө уулу! Чыгармачыл адамдын 50гө келиши карылыктын белгиси эмес, тескерисинче акыл-ою, таланты бышып, жетилип, жемишин берээр кез деп түшүнөбүз. Ошондуктан, эл-журтуңузга поэзия жамгырын төгүп, калемиңиз мокобой, курчуй берсин. Ак-Талаа жергеси эле эмес, кыргыз элине бааланган, эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон намыстуу уул болуп жүрө беришиңизге тилектешпиз!

***Ы. Жолдошов,***
*Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким.*
***Ж. Абдиев,***
*Эл депутаттарынын Ак-Талаа райондук Кеңешинин төрагасы, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун башчысы.*

* * *

**АКЫН ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВ 50 ЖАШТА!**

Ардактуу Өмүрбек Дөлөевич!

Жамы адабият журту, Кыргызстан Жазуучулар Союзу Сизди эр ортону 50 жашка толушуңуз менен чын ыкластан куттук айтышат!

Сиз эмгек жолуңузду тууруңуз-тууган жериңизде баштап, 27 жыл бою өзүңүзгө гана таандык поэзия дарагын өстүрүп, ага жамы окурман журтун саялатып келаткан күжүрмөн акынсыз.

Сиздин Нурдин Молдо. Тоголок Молдо, Сагымбай манасчы, Казыбек казалчы, Муса ырчы өңдүү инсандар жөнүндөгү иликтөөлөрүңүз, табылгаларыңыз кыргыз журтчулугунун адабий кенчине айланаарына ишенебиз.

Сиздин көптөгөн чыгармаларыңыз кыргыз жергесин аралап, 50дөн ашык ырларыңызга обондор жаралып, эл оозунда ырдалып келатканы эле чоң талантка, дараметке эгедер экениңизди айгинелеп турат.

Калемиңизден көп чыгармалар жаралды, дагы жаралаарында шек жок.

Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич! Мына эми калемиңиз төшөлүп, акыл да, сезим да толуп, чыгармачылыкка чындап белсене киришээр учурга келдиңиз. Баш байлап, өмүр сайган адабият жолунда Сизге албан ийгилик, чоң жеңиштерди каалайбыз!

Бар болуп, көп жашаңыз! Үй-бүлөңүзгө ынтымак-ырашкерлик, бардарчылык болсун!

Сизди терең урматтап, **Кыргызстан Жазуучулар Союзунун башкармасы.**

* * *

**ӨМҮРБЕК!**

Эр ортону 50гө толуп, телегейиң тегиз болуп турган учуруң.

«Ак-Талаа-Эл» коому сага чын ыкластан куттук айтат! Эл арасында, журт ичинде жашап, иштеген сендей акындар өтө сейрек. Ошондуктан, сен элдин ырын ырдаган, журттун камын жеген адилет Улуу акын бол!

*Д. К. Берикбаев,*
*«Ак-Талаа-Эл» коомунун президенти.*

**КАДЫРМАН ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВИЧ!**

Сизди биз баарынан мурда агадил-ак жүрөк адам, анан акын катары билебиз. Эмесе, акынга куттуктоомду ыр менен баштабасам болбос:

Өмүрүң текке кетпестен,
Ыр торун соктуң тажабай.
Пейилиң кең, асыл адамсың,
Берешен Ак-Талаандай.

Ак-Талааң сизге ыр берди,
Ак-Талааң сизге сын берди.
Ак таңдай сиздей акынга,
Аянбай баарын чын берди!

Чынында эле Өмүрбек Дөлөевич, ушундай жылуу сөзгө, кең пейилден айтылаар кепке татыктуусуз. Киндик каныңыз тамган жериңизде кичинеңизден бери эл-жериңиз үчүн ак эмгек өтөп, өзүңүз да ак жүрүп, так иштеп келатканыңызга кубанам, жүрөгүм жылыйт.

Сиз акындыкты эле аркалабай, мыкты журналист катары да калем кайрап келатканыңызга сыймыктанабыз. Калемиңиз аркылуу республикага таанылган талантсыз! Ылайым акындыгыңыз көөнөрбөсүн, журналисттик арымыңыз арыбасын! Ишиңиз илгерилей берсин!

Ак таңдай акындар, тарыхый баатырлар, «элим-жерим» деген далай инсандар чыккан айтылуу Ак-Талаада бүгүн сиз эр ортону 50гө чыгып, кубаныч тоюн белгилеп жатыпсыз. Тоюңуз торколуу, өмүрүңүз узун жана үзүрлүү болсун! Алганыңыз менен тең карып, балдарыңыздын убай-урматын көрүңүз! Баскан жолуңуз өзүңүз жүргөндөй түз болсун! Арыбаңыз, акын дайыма жаш болот деймин, карыбаңыз, сизге бардык жакшылыктар толот деймин! Ак тилегимди өзүмдүн жана үй-бүлөмдүн атынан каалап,

***Өмүрбек Акылбекович Кожеков,***
*Кочкор райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими, экономика илимдеринин кандидаты.*

* * *

**УРМАТТУУ ӨМҮКЕ!**

Мен билгенден байыркы Шырдакбектин, Тайлак баатырдын жергесинде такай жашап, иштегенден (шаардагыларды кошпогондо) Тоголок Молдо атабыздын 80 жылдыгы өткөн. Эми сенин 50 жылдык маарекең республикалык масштабда белгиленүүдө. Республикалык деңгээлде юбилейлери белгиленбеген акын-жазуучулар көп. Демек, сен ошол бийиктикке өзүңдү эл, окурмандар аркылуу алып чыккансың. Сен түздөн-түз айылда, элдин калың катмары менен тыгыз байланышта болуу менен өз бийиктигиңди өзүң курдуң, өз мейкиниңди өзүң ачтың. Шолохов да айылда жашаган, айыл турмушун дүйнөлүк аренага алып чыккан. Сенин чыгармаларыңдын, поэзияңдын артыкчылыгы терең философиялуулугунда, ой жүгүртүү масштабыңдын абдан кеңирилигинде, ой чабытыңдын бийиктигинде, өрүшүңдүн жайыктыгында. Адабиятта сенин өзүңдүн өзүңө гана таандык жолуң, стилиң бар. Сенин ырларың сени кулакка куюп, өзү эле айтып турат. Ошон үчүн сен өз катарыңдагы калемдештериңден кескин айырмалуусуң.

Турмушта акын болуп, анан адам боло албагандар бар. Сен бул жерде да жылдыздай жанып, өз ордундасың! Сен чоң адамсың, калың элдүү, калайык журттуу талантсың! Маарекенин республикалык деңгээли эле аны далилдеп турат.

Өмүке, талантыңа таазим! Реформа жүрүп, элиң кыйналып жатканда өзүңдүн таланттуу ырларың менен жөлөк-таяк болуп, элиңди колдоп, сүрөп, моюбас чыдамкайлуу кылууга, сабырдуу болууга, изденип иштөөгө чакырып, идеологиялык чоң иш жасап жатасың, базар экономикасына өзүңдүн бараандуу салымыңды кошуудасың. Сен поэзияны өмүрүңдүн өзөгү кылып тандап алгансың. Аны бүгүн элиң сыйлап, куттуктап олтурат. Сенин атаң

жылкычы эле. Сен кымыздын гүлүнөн жаралган акын-сың! Ырында киндик кан тамган айылың, терең философия, кең келечек, эл турмушу чалкып жатат. Сенин чоң мараада таманың эми кызый баштады, тер чачып калдың. Туу жыккан тулпардай талбай-талбай, узак-узак, алыс-алыс чуркай турган мезгилиң! Бар бол, айланайын! Сага деген дилим дайым ырга айланат!

*Жыргалбеков Турду. Бишкек шаары. 7. 09. 1997.*

## ЭЛҮҮДӨН ЭЧ БИР ИЙМЕНБЕ!

*(Өмүрбек Дөлөевге арноо)*

Окуган окшоп китептен,
Оюмду билген бут менин,
Өмүрдө тапкан бир бактым-
Өзүңдөй досту күткөнүм.

Жарым ооз сөздөн түшүнгөн,
Жакын дос кандай керемет!
Жакшылык, жамандыгымда
Жандасың, болуп эбелек.

Ачык да, жабык сырымды
Ар дайым келет бөлүшкүм:
Бакылдап алсак бир жыргал,
Баштарын «чагып» көп иштин.

Элүүгө чыккан киши көп,
Эл үчүн жашайт аз адам.
Ошонун бири өзүңсүң
Орошон эмгек жасаган.

Тагдырга чанда туш болоор
Талантың бийик кыр анык.

Дубадай, кээде өзүңө
Душман да турат ынанып.

Элирип ыр жазаар учуруң,
Элүүдөн эч бир ийменбе!
Эмшеңдеп турсаң эп болот,
Эки элүү деген бир белде

*Насыпбек Тобокелов. Кош-Дөбө айылы.*
*А-Т. 29. 08. 97.*

## ӨРКӨНҮҢ ӨССҮН ӨМҮРБЕК! ҮЗҮРҮН КӨР БАТАНЫН!

*(Өмүрбек Дөлөевге арноо)*

Мүнөзүң токтоо, сүйкүмдүү,
Көрсөк дейт кыздар күлкүңдү.
Бирок, көңүл бурбасаң,
Алар, улутунуп жүрсүнбү?. .

Жаралгансың намыска,
Чыгасың эл деп жарышка.
Турмуштун окуп сабагын,
Эми, сапар алдың алыска.

Карыбасын сапарың,
Уулусуң-Эл-Журт атанын.
Жакшылык менен жүрө бер,
Үзүрүн көрүп батанын!

## СЕНИН АУДИТОРИЯҢ

Музыкага жык толгон,
Угуучусу жыш болгон.
Сөзү ширин, элестүү,
Кулак төшөп, шык койгон,
Сенин дарчаң!

Көрүүчүлөр берилип,
Көз ирмебей турушат,
Дем чыгарбайт керилип.
Маанисине семирип,
Сенин дарчаң!

Китептериң талашып,
Күндө газет карашып.
Ырларыңды окушат,
Эч койбостон жадашып,
Сенин дарчаң!

Өзү болуп дирижер,
Өзү болуп режиссер!
Өзү жүрөт жүгүрүп,
Сахнасында күйүгүп.
Биз турабыз сүйүнүп.

## ӨМҮРБЕК БИЗДИН АЛЫКУЛ

Сүр күлүгүм суурулуп,
Сайкүлүккө айланды.
Сууту канып ар дайым,
Салкын төргө байланды.
Соң-көлдүн туу белинде,
Байгеге быйыл айдалды.

Элдик акын болот деп,
Эл журтунда талап көп.
Жашоонун туу белинде,
Жарыштан чыгуу сага эп.
Чукул калды мараага,
Чү, кой кана, Өмүрбек!

Күн нурунан күч алып,
Ай нуруна таранып.
Поэзия түрүндө,
Сен турасың сыналып!
Эл акыны боло көр,
Кубаттайлык кубанып!
Лирикага чулганып,
Сүрөткерсиң өзгөчө,
Ырларың турса нурданып.
Мактабайт кимдер сезбесе,
Өмүрбек биздин Алыкул
Карап тур, андан өтпөсө!

## АК-ТАЛААНЫН ШУМКАРЫ!

Көз жетпеген бийиктиктен,
Эл-журтка бир каадасында.
Таңдан кечке кайкып жүрөт,
Жергенин тоо-талаасында.
Бүт ааламга канат серпүү,
Өрт акындын санаасында.

Жылдыздар көп нурун чачкан,
Санап толук бүтө элек.
Жай мезгилдер-гүлдөр түркүн,
Жыттап адам, түтө элек.
А, Өмүрбек бирөөн баккан,
Калгандарын үзө элек.

«Ата-Журт!» – дейт уйку-соодо,
Эл-жери үчүн берилип.
Мен көрбөдүм тирүүлүктө,
Ал жатканын керилип.
Аалам кезет чарк айланып,
Ой тулпарын теминип!

Ой канатын кенен жайып,
Бүт ааламга кылтагы.
Чабыт салат мейкиндерге,
Ак-Талаанын шумкары.
Кыраан чыга такталды бейм,
Кылым талбай учмагы!
Ала-Тоонун шумкары!

*Каракойчу Ысакбеков.*

## ЫРЛАРЫҢ «ӨМҮР КӨЧҮ», АГА!

Өрттөй акын агабыз,
Өрнөгүн биз алабыз.
Окуганда ырларын,
Акын болуп калабыз.

Күн-түн ойго термеле,
Бешик болуп элге эле.
Так айылдын өзүндөй,
Жашап айыл-жергеде.

Канаттары көк чийип,
Карап дайым эл сүйүп.
Калктын уулу бул акын,
Элет жердей эң бийик!

* * *

Миң түркүн ыр сап жараттың,
Калкыңа нурдай тараттың.
Жылдыздай көздө ойногон,
Жылдарга күчтүү канатсың.

Миң жылдар жашап ырыңда,
Миң жылдар ушул сынында.

Ырларың «Өмүр көчү» ага,
Кылымды ташып кылымга!

Кемесиң ойдун көлүндө,
Сен кайберен өмүр төрүндө.
Жеткирет ага, ырларың,
Өмүрдү жүктөп өмүргө !

*Жылдыз Сары кызы Бабыгулова.*

## ЖҮЗДӨН НАРЫ АШКЫНЫҢ!

Жашыңдан кармап калемди,
Акындык сезим ойгонду.
Куралып ырың «тамчыдан»,
Баштаган элең чоң жолду.

Жаш кезден көктөй баштадың,
«Мекендин болуп чырпыгы».
Ырыңа жазган обонум,
Сага арнаган «Ыр чыны».

Акындар менен бир жүрүп,
«Сөз тебишип» ойнодуң.
«Гол» тартуулап жаштарга,
«Алтын топту» коргодуң.

Ырыңа артып ишенич,
Эмгегиңден талбадың.
Күн болуп жанып, алоолоп,
Элиңе,
«Үмүт отун» арнадың.

Жашоосун элдин баамдап,
Турмуш электен өткөрдүң.
Элиңе берген эмгектен,
Өзүң гүлдөп, көрктөндүң.

Жигити-кызы шарактап,
«Өмүр көчүң» барат так.
Турмушту койдуң сулуулап,
Кыргызга тийди талант тап.

Кут тартуулап Мекенге,
Тарыхын жаздың элиңдин.
Далайлар окуп, суктанып,
Даңкын укту жериңдин.

Артыла берсин арымың,
Кылымга жетсин кадырың.
Элиңе арнаар эмгек көп,
Көбөйө берсин салымың!

Күндөй төгүп жылуулук,
Мекенге тийсин жарыгың.
Жаза бер досум, жаза бер,
Эл-жериңдин тарыхын.

Тулпардын оозун жая бер,
Билесиң өмүр аздыгын.
Байбичең экөөң тең карып,
Жүздөн ары ашкының!

## СПОНСОР БОЛУП БЕРЕМИН

*(Акынга тамаша)*

Комуз алып колума,
Ак тилек айтып жолуңа.
Эркелеп сөздү кыстарам,
Элүү жылдык тоюңа.

«Бакты» деген куш консун,
Элүү жашың кут болсун.
Жаңы бүткөн үйүңө,
Жаркыраган кут толсун!

Айтчу ойлоруң төп болсун,
Адамзатка көрк болсун.
Мокобостон калемиң,
Жазган ырың көп болсун.

«Акын» деген наамың бар,
Тосот кыздар алдыңдан.
Аялзаты өзүңө,
Акын үчүн жакшы ырлар.

Серпип койсоң кашыңды,
Кыз-келин ашык болушат.
Кызганбаса Букениң,
Ой-тилегин кошушат.

Жардамчы болом калыс баа,
Букенден уруксат алышка.
Эгер өзүң кааласаң,
Спонсор болуп беремин,
Сага, эрке токол алышка!

*Досуң Нурдин Баев.*

## ЭЛҮҮ ЖАШ ЭМИ СИЗГЕ КУБАТ БОЛСУН!

*(Акын Өмүрбек жездеге арноо)*

«Ажайып турмуш көркү айылда!» – деп,
Айылдын ар бир кечин ырдадыңыз.
Аралап обон менен кыргыз жерин,
Алыска учуп чыкты ырларыңыз.

Чөп чапса, элдер менен чөп чабышып,
Толкундап, тоо койнунан чыкпадыңыз.
«Жыргалын ыр аркылуу сезейин» – деп,
Жамынып жылдыздарды уктадыңыз.

Эжебизге жаңы эле үйлөнгөндөй,
Сүйүү ырларын төгүлтүп арнадыңыз.
Баары бир, балдыздарды таң калтырды,
50 жашка эрте жете калганыңыз.

Элүү жаш эми сизге кубат болсун,
Эргитип, ыр жараткан булак болсун.
Эргүү байлап турганда жаныңызда,
Эжебиз ыр сүрөөнчү турак болсун!

Жүз аарчы сайдым шайыдан,
Жибек жип менен кайыган.
А көрөк жезде айтагөр,
Эжемдин абал-жайынан.

*Гулжамила Шакирова,*
*акын, 12. 09. 97.*

## КАНТИП ЖАЗБАЙ КОЁ АЛАМ...

Бала кезден бер жакка,
Башынан билем кыялың.
Баар таап иштедиң,
Басма ишинде турагың.
Эч кимден акыл сурабай,
Өркүндөттүң бу жагын.
Узун өмүр сүргүнүң,
Элимден чыккан ынагым!
«Элүү жашка чыкты!» – деп.
Элимден укту кулагым.
Ишенбей, газет окусам,
Толуптур 50 булагың.
«Кудай өмүр берсин!» – деп,
Кубанычта турамын.
Куттуктап элүү жашыңды,
Куюлтуп ырды сунамын.

Тыныке-Булак, Көк-Көлдөн,
Тик ылдый тунук суу агат.
Дарактуу узун көчөдөн,
Чоңойдуң чымчык кубалап.
Мектепти жакшы бүтүрдүң,
Мыкты баа алып, ураалап.
Мына ошонун этеги,
Жазуучу болдуң, бул канат!
Күн кылсын сени эмгегиң,
Калмак беле бул адат.

Эл үчүн кылган аракет,
Кимге да болсо угулат.
Көпчүлүккө көлдөй сөз,
Күндөн-күнгө чубурат.
Узара берсин жакшылык,
Учкан куштай зымырап.
Кыдыр даарып, бак карап,
Кыйырды сөзүң кыдырат.
Өрнөгүң элде азыркы,
Өмүрүндү ыр кылат.

Баалап иним окуп кой,
Бактысы сага ырымын.
Жергемде сага арналды,
Жетимиш жылдык «чымыным».
Жаш куракта чагым жок,
Билчү эмес элем кыйынын.
Маарекеңе илип кой,
Сөзүмдүн чоркок, сылыгын.
Кантип жазбай коё адам,
Кыргыздын сендей кулунун!

*Темир Турсуналиев,*
*ардагер, Үгүт айылы.*

## ДЕН-СООЛУК КААЛАЙМ ЭҢ ТАЗА!

Даңк жаратып ырга айланган өмүрдөн,
Талантыңыз аккан дайра көбүргөн.
Элүү жаштык тоюңузду куттуктайм,
Ырды жазган өчпөөчүдөй көңүлдөн.

Артта калып элүү жылга балалык,
Эргүү менен эчен ырлар жаралып.
Элиң үчүн жазган залкар чыгармаң,
Сыймык элге, кең ааламга таралып.

Сиз өмүрдүн ашуусунун белинде,
Салтанаттап элүү жашты элинде.
Улап дагы узун өмүр сапарын,
Дагы элүү жыл өмүр каалайм кеминде!

Ыр жаратып талант менен акылдан,
«Акын» деген адам болот акылман.
Түбөлүккө өчпөйт жазган ырларың,
Сыяктуудай ташка тамга басылган.

Үй-бүлө-жеңем менен бала-чака,
Бактылуу өмүр тилейм, чексиз жаша.
Кут болсун элүү жылдык маарекеңиз,
Ден-соолук каалайм сизге абдан таза!

*Адылбек Макеев.*

## ЭКИ ӨНӨР-ЭЛҮҮҢ КУТ БОЛСУН!

50 жашка чыктыңыз,
Маарекеңиз кут болосуң.
Ааламга кетип атагың,
Ойлогон оюң бүт болсун.

Дүйнөдө адам аттуунун,
Сизге.
Ак тилеги сүт болсун!

Элүү жашка келгиче,
Албан эмгек жасадың.
Кыргыз элге таанылып,
Кыйлага кетти атагың.
Өмүр берсин өзүңө,
Жүздөн ашык жашагын!

Ак-Талаанын элинен,
Акын болчу кишиге.
Акылыңды көп айтып,
Жардамдаш болуп күчүнө.
Жазуучу болчу адамдын,
Даана кирдиң түшүнө

Даана өзүңдүн эмгегиң,
Кыргыз элге акынсың.
Адамдын жаны өңдөнүп,
Ар түрдүү сөзгө жакынсың.
Кара сөз менен ыр жактан,
Ак-Талаада баатырсың!

Өз жолуңду чаап алдың,
«Өмүке!» – деген наам алдың.
Кыргызың, кутман жергеңе,
Ак булут болуп жаап алдың.
Акын жана журналист,
Эки канат таап алдың!

Эки өнөр-элүүң кут болсун,
Элиңден акыл жык толсун.

Ааламга сени билдирип,
Алладан жардам бүт болсун.
Арбак колдоп өзүңдү,
Үйүңө дайым кут консун!

*Кубат Жолдубай уулу,*
*ардагер, Баетов айылы.*

## АМАН БОЛ БАЛАМ САЛАМАТ!

Чеги болот каргандын,
Ченеми болот жардамдын.
Атасы болом мен дагы,
Аттуу-баштуу балдардын.
Даанышман кылып үйрөтүп,
Даңгыр жолго салганмын

Жардам берээр өзүмө,
Жарамдуу жаштан сен барсың.
Жазылган ырды окусун,
Жашап жаткан көп калкым.
Арнап жаздым Өмүрбек,
Айтылып элде ыр калсын.

Өсүүчү балам Өмүрбек,
Өзүңө каалайм бир топ кеп.
Урмат-сый менен тилеймин,
Узак өмүр берсин деп.
Жазуучулук эмгегиң,
Жалпы элдик болуп келсин деп.

Жакшынакай акынсың,
Жакшы ишти дайым унутпа.
Жогорулап даражаң,
Жетсин дейм бийик булутка.
Жагымдуу сонун ырдан жаз,
Жалпы элдик мүдөө сунуш да.

Такшалдың балам, жетилдиң,
Таалимин алып турмуштун,
Ташкындап өсчү кезегиң,
Таланттуу уулу кыргыздын.
Таалайга элдик жаралган,
Тап-таза Чолпон жылдызсың.

Бардык жагың өркүндөп,
Бактысы келсин Чыңгыздын.
Бардык иш келет колуңдан,
Бактысы сүйкүм кыргыздын.
Такшалды өмүр жолуңуз,
Тайлакка айкел тургузгун!

Жакшы ишти жасап бүтүргөн,
Жалпы элдик мыкты адамсың.
Журналисти да акыны,
Журтчулук ушул замандын.
Жазмакер ишиң өркүндөп,
Жарыгы тийсин каламдын.

Атагын алыс чыгаргын,
Атантай менен Тайлактын.
Көрсөтүп жазып эмгегин,
Көркөмдүк кооздук жол тапкын.
Көрүнөө колдоп арбагы,
Көтөрүлсүн чоң бактың!

Чыгаан күлүк тулпардай,
Чыгып барат дүбүртүң.
Чындыкты жазып жатасың,
Чын да, жакшы бул ишиң.
Чарчабаган, талбаган,
Чаалыкпас көсөм кишисиң!

Жарыктөштөй арыш кер,
Жакшыны алга сүрөйсүң.
Каламдын учу курч болсун,
Курчутуш үчүн бүлөйсүң.
Урматтуу бол, эсен бол,
Узак өмүр тилеймин!

Аракетиң болбосо,
Ак эмгек кайдан жаралат.
Атагы журтка калсын деп,
Атадан бала жаралат.
Акыны элдин наамын ал,
Аман бол балам саламат!

*7. 02. 97.*

## ТАЙТОРУДАЙ АРЫШ КЕР!

Ак-Талаам-куттун жергеси,
Кур эмес күчтүү таланттан.
Байырлап жашап ак чапты,
Балдары өсүп бараткан.
Тоодой белек, Өмүрбек,
Том кылып ырлар жаратсаң.

Аралап, элиң жашаган,
Ак чабың, күмүш, чылк алтын.
Балдардан чыкса атактуу,
Бааланат балам, бүт калкың.
Акын болдуң атактуу,
Айлыбыз үчүн чоң баркың!

Өр алып тизгин талашып,
Жазмакер болуп тандалдың.
Чыгармачыл жагына,
Чыйырлап мыкты жол салдың.

Эмгектик жолуң өркүндөп,
Өсүүчү жакка сен баргын.

Татыктуу сонун ырдан жаз,
Адамзатты карытпас.
Дүңгүрөткөн дүйнөнү,
Атактуу, даңктуу жолду бас.
Акылга толук, даанышман,
Кубаттуу курак 50 жаш!

Айта келсек турмушта,
Ар түркүн болуп өтөт жаш.
Даражаң өсүп өйдөлөп,
Дайыма болсун көңүл шат.
Бийиктеп чыгып жогору,
Бир кылым өмүр жолду бас!

Арзыган жакка жеткирген,
Акыл-ой болот турмушта.
Баскан жолуң узарып,
Бааланды ишиң кыргызга.
Түбөлүк чыгаан талант бол,
Түгөйлөш болуп Чыңгызга!

Акыл-эс, билим көбөйсө,
Бийиктейт талант, карачы.
Чыгып барат дүбүртүң,
Алыскы жолго жарачу.
Ардактап сүйгөн эл-журтуң,
Сен,
Айлымдын сүйкүм баласы!

Тоголок Молдо, Мусалар,
Тоо булбул сөзүн калтырган.
Сен дагы алар сыяктуу,

Жоргосуң жазбай салдырган.
«Эң күчтүү акын болсоң!» – дейм,
Эл-журтка атак калтырган!

Карыганда жетилтип,
Башыма ыр сап түнөттүң.
Адабий жактан такшалтып,
Акындык жолду үйрөттүң.
«Талантың элге бергин!» – деп,
Талыкпай тике күрөштүң.
Толуктап турган денемди,
Толтосу болдуң жүрөктүн.
Жетимиш аша жашаткан,
Өмүке,
Суусусуң таза жүрөктүн!

Жетилип турган курагың,
Жетүүчү күчтүү болжолго.
Такшалган талант Өмүрбек,
Таамай чыккан чоң жорго.
Тасмадай сызып чыга бер,
Талыкпай ар кыл жолдорго.
Таанылып калды эмгегиң,
Татыктуу болуп оң-солго!

Бардыгын артка таштадың,
Балалык, жигит кездерди.
Ушунча күчтүү жазасың,
Укмуштуу нуска сөздөрдү.
Өмүке,
Тайторудай арыш кер,
Таманың кызыыр кез келди!

*1. 08. 97.*

## ӨМҮКЕ, ЭЛДИ ДАҢКТАДЫҢ!

Жазуучулук маарекең,
Жакшы иш болот чоң сайран.
Жаңы тамга киргениң,
Жарамдуу жумуш, кош майрам.
Колуктуң менен баш кошкон,
Жыйырма беш жылдык чоң пайдаң.

Жарашыктуу сөз менен,
Жазылган атың килемге.
Катыра жазып чыгарма,
Күчүңдү чыгар калемге.
Аракетсиз жаралбайт,
Акындык турмуш тим эле.

Сыйлуу сөз менен айтканда,
Карылар болсун келээрге.
Бактуу, барктуу сый көрүп,
Батасын берсин силерге.
Шахановдой акын бол,
Шарапат пайдаң тийээрге.

Санаамда жакшы акынсың,
Салмактуу жолго жүрөөргө.
Каада-салтты өркүндөт,
Калкың улам билээрге.
Баалуу, таптуу ырдан жаз,
Пайдасы элге тийээрге.

Булутка башың жетсе да,
Бул сөздөр болсун эсиңде.
Эмгегиң туура бааланды,
Элүү жаш курак кезиңде.
Сый-сыпат, атак-даңк алдың,
Сыймыкты колдон кетирбе!

Атагын элдин көтөрөт,
Азамат жигит жетилсе.
Ата-энең багып чоңойткон,
Алдейлеп жап-жаш кезинде.
Айылга, журтка жөлөк бол,
Күчүңдү текке кетирбе!

Көркөмдөп жазып сөз менен,
Көп жагын айтып эскердим.
Ушундай сонун маараке,
Урматы болсун өскөндүн,
Келечектүү жакшылык,
Келин алгын, кыз бергин!

Чогулткан санаа-ой менен,
Чоң жакшылык самаймын.
Баатырдык наам алуучу,
Баркыңа жеттиң атайын.
Өмүр жолуң өркүндөп,
Өсө берсин катарың!

Байкап көрсөң оор жүк,
Башыңа ыр сап келмеги.
Атакка, даңкка бөлөдүң,
Ак-Талаалык жергеңди.
Акын кылып чоңойткон,
Атаң менен энеңдин,
Эң артык экен эмгеги!

Катуу күлүк таанылып,
Караанынан көрүнөт.
Маанилүү жайы -күчү бар,
Марaага жетип бөлүнөт.
Алдыда келет жеткирбей,
Атактуу тулпар Өмүрбек!

*20. 09. 97.*

## «ӨМҮР КӨЧҮ» КИТЕБИ

«Өмүр көчүн» окусам,
Өзгөрдүм, чоң иш сезгендей.
Даанышман жагы көп экен,
Дайранын суусун кечкендей.
Бийиктедим, толкудум,
Булутка башым жеткендей.

Маанилүү максат жактары,
Окусам бир топ дем экен.
Жакшынакай нуска сөз,
Жагымдуу жагы көп экен.
Өмүргө өмүр кошуучу,
Ысык-Көл, Соң-Көл көл экен!

Адамга жаккан ырларың,
Айлымдан чыккан кен экен.
Жарашыктуу жактары,
Жайлоодо өскөн гүл экен.
Ак-Талаа жерин коолдогон,
Атактуу жайлоо төр экен.

Өткөн-кеткен заманды,
Өзүнчө талдап жазыпсың.
Туура сындап көрсөтүп,
Турмуштун жолун ачыпсың.
Таамай, даана сүрөттөп,
Таасирлүү жолго басыпсың.

Жегичтерди сындаган,
Жебенин учтуу огу экен.
Эл турмушун ойлогон,
Сөзүндө калет жок экен.

Эпчилдик менен жашаган,
Эл-журтту жеген «чок» экен.

Өз билгенин жасаган,
Улукка кенен жол экен.
Турмуш шарттан кыйналган,
Чынында эл-журт кор экен.
Максаты дайым ишке ашкан,
Мапсаптуу адам чоң экен.

«Өмүр көчү» китепти,
Окуп чыктым жайма-жай.
Ажолор бузуп жатпайбы,
Абалды, шартты карабай.
Калкыңдын мүлкүн чачканды,
Өмүке,
Каламың менен көзгө сай!

Дастаныңда даанышмандык,
Китебиңде жазган сөзүң.
Атак-даңкты алып турган,
Өмүрбек,
Элүү жашка толгон кезиң.
Өзгөчө жаралыптыр, эң кызыктуу,
Эки томдук «Өмүр көчүң»!

Аракет жасап талыкпай,
Асмандап, улам жетилдиң.
Борборун ээлеп турасың,
Болочок күчтүү сезимдин.
Күчүн көр балам, сый менен,
Күлгүндөй жашоо кезиңдин!

*6. 10. 97.*

*Маамет Абышбай уулу, ардагер.*

## АК-ТАЛААНЫН КУТУСУҢ!

Жашай түшүп эстегин,
Жашоонун кандай өткөнүн.
Тасмадай түп-түз жол жогун,
Төө өркөч болуп өскөнүн.
Өмүрбек иним эскертти,
«Өмүрдүн шаани көчтөрүн».

* * *

Эми, Өмүке сенден сезгеним,
Ырларың-таңың, кечтериң.
Желектей элге желбиреп,
Жете элек жана жеткениң.
Тайгак кечүү, тар жолдон,
Тайгаланбай өткөнүң.

Адамдан кыя өтпөдүң,
Ашыктык ырга өрттөдүң.
Ак-Талаа болгон чаптарды,
Дайрадай агып көрктөдүң.
Ак булут болуп жергеде,
Акыны нөшөр төксө-гүл!

Кары-жаш баарын жандадың,
Кандим сөз издеп талбадың.
Түрлөп сен Түндүк, Түштүктү,
Кыргызды кыйла жардадың.
Төрт мезгилин бир жылдын,
Түрдүү кушча сайрадың.

Күн-түнү иштеп тынбадың,
Күнүңдөй көңүл кыйбадың.
Ким жолукса жолуңдан,
Эзелки достой сыйладың.
Элестетип Акканды,

Алманбет өтсө дүйнөдөн,
Көзүңдүн жашын тыйбадың.

Элүү жашты бурдадың,
Элге бакты кыйдамың.
Суу куйса такыр төгүлгүс,
Жорго болуп чуркагын.
Бактың элиң, балдарың,
Барда сенин туу чагың.
Өрнөк болуп башкага,
Өсө берсин бурчагың!

«Өмүр-көч», өзүң камчысы,
Кылымга жуктуу барчусу.
Дайра болду күргүштөп,
«Сезимиңдин тамчысы».
Чынары болдуң «чырпыктын»,
Саялап элиң калчусу.
Эмгегиң элге «Алтын топ»,
Кары-жаш тосуп алчусу.

Таалайың Өмүш элдеги,
Жакшыга дагы берсечи.
Үмүтү элдин алоолойт,
Талантка ташкын сендеги.
«Ак-Талаа» атамзамандан,
Сендей «куттун жергеси»!

Бүркүт жасайт тутуусун,
Шумкар жазбайт учуусун.
Күндө элге намыс алып берген,
Күлүгү жана кушусуң.
Таланты таажы Өмүрбек,
Ак-Талаанын кутусуң!

*Жамбул Калмуратов,*
*педагог, Ак-Кыя айылы.*

## АК-ТАЛААНЫН КУТУСУҢ!

Жашай түшүп эстегин,
Жашоонун кандай өткөнүн.
Тасмадай түп-түз жол жогун,
Төө өркөч болуп өскөнүн.
Өмүрбек иним эскертти,
«Өмүрдүн шаани көчтөрүн».

* * *

Эми, Өмүке сенден сезгеним,
Ырларың-таңың, кечтериң.
Желектей элге желбиреп,
Жете элек жана жеткениң.
Тайгак кечүү, тар жолдон,
Тайгаланбай өткөнүң.

Адамдан кыя өтпөдүң,
Ашыктык ырга өрттөдүң.
Ак-Талаа болгон чаптарды,
Дайрадай агып көрктөдүң.
Ак булут болуп жергеде,
Акыны нөшөр төксө-гүл!

Кары-жаш баарын жандадың,
Кандим сөз издеп талбадың.
Түрлөп сен Түндүк, Түштүктү,
Кыргызды кыйла жардадың.
Төрт мезгилин бир жылдын,
Түрдүү кушча сайрадың.

Күн-түнү иштеп тынбадың,
Күнүндөй көңул кыйбадың.
Ким жолукса жолуңдан,
Эзелки достой сыйладың.
Элестетип Акканды,

Алманбет өтсө дүйнөдөн,
Көзүңдүн жашын тыйбадың.

Элүү жашты бурдадың,
Элге бакты кыйдамың.
Суу куйса такыр төгүлгүс,
Жорго болуп чуркагын.
Бактың элиң, балдарың,
Барда сенин туу чагың.
Өрнөк болуп башкага,
Өсө берсин бурчагың!

«Өмүр-көч», өзүң камчысы,
Кылымга жуктуу барчусу.
Дайра болду күргүштөп,
«Сезимиңдин тамчысы».
Чынары болдуң «чырпыктын»,
Саялап элиң калчусу.
Эмгегиң элге «Алтын топ»,
Кары-жаш тосуп алчусу.

Таалайың Өмүш элдеги,
Жакшыга дагы берсечи.
Үмүтү элдин алоолойт,
Талантка ташкын сендеги.
«Ак-Талаа» атамзамандан,
Сендей «куттун жергеси»!

Бүркүт жасайт тутуусун,
Шумкар жазбайт учуусун.
Күндө элге намыс алып берген,
Күлүгү жана кушусуң.
Таланты таажы Өмүрбек,
Ак-Талаанын кутусуң!

*Жамбул Калмуратов,*
*педагог, Ак-Кыя айылы.*

## КАРЫЛЫК БАТАМ ТИЙСИН!

Урматтуу Өмүке! Сиз Ак-Талаа элинин белдүү азаматтарынын бири болуп калдыңыз. 50 жашка чейин ашуу ашып, чөлдү басып, турмуш мектебинен сыналып, жашоо океанында элге көрүнөө сүзүп келатканыңыз жеке эле Ак-Талаа эмес, бүтүндөй кыргыз элине аттын кашкасындай көрүнүп калгандыгыңыз чоң сыймык. Өмүке, биз санжыра сандыгынын оозун ачып, сиз билген кооз дүйнөнү биз сөз менен айтып түгөтө албайбыз. Менин ак батам ушул ыр саптары сизге!

Мукам-мукам ырларың,
Муңканып жазып турганың.
Дагы эле болсо Өмүке,
Ачыла элек сырларың.

Кабыңдын оозу ачылсын,
Калайыкка чачылсын.
Көркөмдөлүп ар убак,
Көчтө жүктөй басылсын.

Өрчүй берсин өнөрүң,
Өтүмдүүсүң, көргөмүн.
Чыныгы акын экенсиң,
Чыгаан тура жөндөмүң.

Калкың сага алынган,
Кандайдыр Кыдыр даарыган.
Булбулдай сайрап көрүндүң,
Бактылуусуң баарынан.

Чанда бир чыгат булбулдар,
Чанда бир чыгат дулдулдар.
Аларга,

Кубанышып эл-журту,
Кош колдоп колун сунгандар.

Ансыгандай Өмүке,
Булбулусуң элимдин.
Күндө чапса чарчабай,
Дулдулусуң жеримдин.

Булбул эмей эмине,
Буйдалбай чыктың жеринде.
Эмгегиң элге татыктуу,
Бар го дейм тайың, тегинде?!.

Мен ашыкмын ырыңа,
Баа беремин чынында.
Баатырларды тирилтип,
Алып чыгыш кыйын да.

Ырың бийик аскадай,
Кайберени баскандай.
Казыбекти көтөрдүң,
Эч нерседен жазганбай.

Казыбек деген ким эле,
Залкарлуунун бири эле.
Калыс болсун калайык,
Көрктөндүрдүң тим эле!

Казыбектин ырларын,
Калайыкка билинттиң.
Ыраазы болсун арбагы,
Көрүнөн тартып, тирилттиң.

Тайлак деген баатырды,
Кара сөз кылды Шүкүрбек.

Аны ырга айлантып Өмүрбек,
Ардактап турат бүгүн көп.

Шүкүрбек менен Өмүрбек,
Эки эгиздей кулунум.
Таланты көркүн чыгарган,
Дулдулум да булбулум!

Өмүрбек менен Шүкүрбек,
Экөө окшош эгиздей.
Чаалыкканды билбеген,
Чайпалбаган деңиздей.

Тулпардай чыгаан жарышып,
Бири-бирин сүрөп алышып.
Жоо беттеген баатырдай,
Желеги колдо карышып.

Өмүке,
Караанын турат көрүнүп,
Барган сайын бөлүнүп.
Мухитинде ойлордун,
Жашоодосуң чөмүлүп.

Даңкың-ырың, дастаның,
Бекер кетпейт жазганың.
50 жыл жазып келгениң,
Эми гана башталууң.

Калкымдын сендей ырчысы,
Коштоп турат сынчысы.
Бактылууну көрө албай,
Байкап турат тыңчысы.

Баарына жактың, такталдың,
Сындан өттүң, такшалдың.

«Куу алган кушка сын барбы»,
Мейкиндерге аттандың.

Ачык болсун жолуңуз,
Дагы атак-даңкка конуңуз.
Бакыт менен Кыдырдын,
Маанайында болуңуз.
Жамандык көрбө, Оомийин,
Куттуу болсун тоюңуз!

*Атыкан уулу Баяман,*
*ардагер, Терек айылы.*

## МЕН ҮЧҮН КҮН НУРУНДАЙ ТИЙИП ТУРГАН

*(Ө. Дөлөевге)*

Ак-Талаанын асмандаган шумкары,
Адам үчүн талыбаган тулпары.
Айтылуу Шырдакбектин жоргосундай,
Асман-жердин ортосу-элге чуркаары.

Элеттен жылдыз болуп аты чыккан,
Эл үчүн эң керегин жазып чыккан.
Орошон оттуу талант жергемдеги,
Ой кенин кылымдардан казып чыккан.

Бакыт жок, күрөшү жок жолдо жаткан,
Тер төгүп, бийик болот тоого баскан.
Сүйгүнчүк уулуна урмат менен,
Акаев алтын саатын колго таккан.

Мээримдүү жаз айындай ийип турган,
Мелжиген кыл чокудай бийик турган.
Алтындай ырларынын илеби от,
Мен үчүн күн нурундай тийип турган.

*Үсөн Мураталиев,*
*Коңорчок айылы.*

# БАПЕСТЕП БАГЫП ЖҮРӨК ЫР ДҮЙНӨСҮН

Жүрөктө камтылуу бир сезим бар,
Жакшы ырды окусам сергип калам.
Мен эмнеге акындарды жакшы көрөм,
Алар үчүн
Айтылган, айтылбаган көп сөзүм бар.

Ырыңды окуп, ойлоруңа аралашам,
Ыры менен мен акынга баарлашам.
Ырларын акындардын окуп жатып,
Ойлор келет
«Мен качан ушундай ырлар жазам?».

Ооба, Өмүрбек сен акынсың, ойлор терең,
Далайлар бул жашоого келген-кеткен.
Ырларың ар адамдын жүрөгүндө,
Кубаныч, кайгыда да жүрөк эзген.

Сен дайрасың, албуут агым өзүңдө,
Жайда кирип, тартылбагын күзүндө.
Толкуп-ташып, агымыңды тездеткен,
Жазып калгын, мезгилиңдин күчүндө!

Элүү жаш акыл-эстин толгон кези,
Курагыңдын, бул жашоонун болгон кези.
Жан дүйнөңдү жакшы ыр үчүн берип калгын,
Өмүрдүн келе электе Өмүр кечи.

Ооба, мен акындарды жакшы көрөм,
Жакшы ыр жашыл көйнөк кийгениндей.
Бапестеп багып жүрөм ыр дүйнөсүн,
Баламды жан эргитип сүйгөнүмдөй.

Сыйлаймын, сен инимсиң, чоң талантың,
Талыкпай канат кагып, алыска учкан.
Коздоп гүлдөр курчап, көңүл алаар,
Сен жазган ыр, уламыш, дастандардын.
Агылып асыл ойлор келе берсин,
Калың журт, калайыктын батасынан!

*Майраш Турдалиева.*

## ҮЙҮҢҮЗГӨ КУТ КИРСИН!

Түгөлбайдай жашаңыз 80 ашып,
Өнөрүңүз өркүндөсүн ашып-ташып.
Жамы адамды чакырган жарык болгун,
Качан болсо барышсын эшик ачып.

Чыңгыздай акылыңыз ташты жарсын,
Таалайыңыз алоолонгон оттой жансын.
Көрө албаган ичи тар маңкурттарды,
Кудай таалам бу дүйнөдөн эрте алсын.

Бийиктеген бак консун башыңызга,
50 жашка 50 жаш кошулсун жашыңызга.
«Ак-Талаада Өмүрбек акын бар!» – деп,
Суктансын бүт адамзат даңкыңызга.

Канат жайып турмушка, келин алып,
Жакшы жерден куда күтүп, тойго барып.
Жубайыңыз экөөңүзгө бак тилеймин,
Үйүңүзгө кут кирсин, кудай даарып!

*Жузумамбетова Мария,*
*Чолок-Кайың айылы*

## ЭЛ СЫЙЛАГАН АКЫНСЫҢ

Өнөрүң элге туу болгон.
Өмүрбек деген атың бар.
Ырларың сенин билгенге,
Көөнөрбөгөн асылдар.

Кимге болсо жардамдаш,
Асылысың адамдын.
Миң жүрөктө көп жашап,
Кылымдарга бара алгын!

Музейге сүрөт илинип,
Көп жерге даңкың билинип.
Жаза эле бергин талбастан,
Арышың таштап жүгүрүп.

Миңдеген адам окуду,
Китепке чыккан ырыңды.
Кыргыз эли билет го,
Ички дүйнө сырыңды.

Өмүрүң узун жашасаң,
Өрнөктүү китеп жаралат.
Баскан изиң өмүрлүү,
Түп-түз жол менен баратат.

Кыйланын ичин күйгүзүп,
Кылымдын жармын жашапсың.
Ар дайым элиң сыйлаган,
Ак-Талаага атаксың!

Жалгыз эле мен эмес,
Куттуктап турат кыргызың.
Үй-бүлөң менен эсен бол,
Кут болсун 50 жылдыгың!

*Сагыналы Мамбеталиев,*
*карыя, Кара-Бүргөн айылы.*

## АГАБЫЗ-АДАМДЫККА АСЫЛ ТУМАР!

*(Ө. Дөлөевге)*

Өмүрдүн кымбаттыгын баары билет,
Тирүүлүк-өмүрдөгү өчпөс белек.
Талантың бир жарк этпей өтүп кетсе,
Даанышман, ал тагдырың кимге керек?!.

Он сегиз миңден ашык жазгы таңдар,
Ошончо жолу эриди аппак карлар.
200 мезгил, чубап 600 ай,
50 жаш – бенгалдагы жанган шамдай!

От кылып жаңы ырлар жанды жаккан,
Дүйнөнү ээлеп, ойду магдыраткан.
Ырлары агабыздын жан дүйнөнү,
Жаркыткан түбөлүктүү шам чырактар!

Ырына, сөзү, өзүнө баары кумар,
Өмүрбек-ой жарыгы, жанып тураар.
Ырлары күндөрүндөй алысындап,
Агабыз -адамдыкка асыл тумар!

## ӨМҮРЛӨШ БОЛГОН ЭЛИНЕ

Сейрек ат «Дөлө» кут жууган,
Дөөтүдөй уулу курчуган.
«Өмүрлөш бол, – деп, элине!»,
«Өмүрбек» койгон ысмы бар.

Ырында шаттык, ыйы бар,
Ырына көңүл жыйылаар.
Татыктуу болгон агама,
Өмүрдүн бийик сыйы бар.

Элүүдөн таажы тагынып,
Элүү от болуп жагылып.
Өмүрбек акын агама,
50 тоо турат багынып.

Элге агам берген эргүүсүн,
Элге Ага бүтпөс кенчисиң.
А, элиң куттап көтөрөт,
Сыймыгы-Сиздей энчисин!

*Шахназар Жанболот уулу.*

## ӨЗҮҢӨ БУЛ САПАРЫМДАН КУТТУГУМ!

Акын болдуң Өмүрбегим таанылып,
Ак-Талаанын аймагынан сыналып.
Молдобасан, Байымбеттин, Мусанын,
Шык учкуну тийгенби дейм куралып.
Калемиңди кайрып салып кагазга,
Келатасың ыр бүчүрүн сугарып.

«Акын болду Дөлө уулу күчтүү!» – деп,
«Ак дилинен эргүүлөрү түптүү!» – деп.
Адал ниеттен, арнап сага пейилден,
«Аман болуп, эл ичинде жүрсүн!» – деп.
Элиң чапан жаап, атын мингизди,
«Акындыгын атпай кыргыз билсин!» – деп.

Урмат кылды бир өзүңдү көпчүлүк,
Алкыш, сыйга денең турду көшүлүп.
«Элим үчүн талбай жазам ырды!» – деп,
Толкунданып, сен да турдуң төгүлүп.
Бүт кыргызга тургансыды ал кезде,
Адамдыгың, акындыгың көрүнүп.

Сыпатыңды, сыныңды айтты билгендер,
Сага башын таазим кылып ийгендер.
Ыр окушту, сөз сүйлөштү урматтап,
Калем-сапты өзүң менен илгендер.
Ошол кезде «Акын Өмүрбек!» – деген,
Бир ырды окуп тургансыдым иргелген!

Жазгандарың жаш арчадай көгөрүп,
Жан дүйнөнү жадыраткан сезимдер.
Мөл-мөл ачып, бышкан шире алчадай,
Жүрөгүмдү куштар кылып эзилткен.
Ыргактарың кыз жүрөгүн сездирип,
Кытыгылап, сүйүү сырын төгүлткөн.

Үйрүлгөндөн жаздын «Үмүт отунду»,
Эл жылынып, тегеректеп отурду.
Эл-журтуңа карегиңден от чачып,
Ыр сабынан алдың түнөк конушту.
Ырдан өргөө куруп койдуң кыргызга,
Сага кыдыр ырдан гана жолукту!

«Жолуксам» – деп көңүлүмдө жүргөмүн,
Ырларыңа көп ойлорду түйгөмүн.
Сен ал жерде, мен Нарында жолукпай,
Татаал турмуш тагдырына күйгөмүн.
Мен да өзүңдөй эргүүлөргө тушалып,
Жүрөгүмдөн ыр сабагын түргөмүн.

Жазып-жазып, биз дүйнөгө жан ачып,
Кадыр түндө жылдыз менен жанашып.
Жашаганың элиң үчүн Өмүрбек,
Адамдыкка турат дайым жарашып.
Өзүңө бул сапарымдан куттугум,
«Өмүр көчтө» алга карай баратып!

## ЫРЫҢ СҮЙКҮМ, ЖҮЗҮМӨ НУР БАЙЛАГАН

Байчечекей бүрдөп турса жайнаган,
Кызыл, жашыл гүлү кооз саймадан.
Жан дүйнөнүн сезимине жыт берип,
Ырың сүйкүм, жүзүмө нур байлаган!

Эл мүдөөсүн жүктөп койдуң кылымга,
Эл бактысы, өз бактың да ырында.
Сыдыргыдай жылт дейт көзгө көрүнүп,
Ырларыңдын касиети чынында.

Кысып денең, чабыттайсың алыска,
Калемиңден калкыйт ырлар жарышка.
Таасын чыгып келатасың бөлүнүп,
Күлүк сендей, билинбеген тарыхта.
«Жакшы» деген жандан артык улуу сөз,
Жакшы акынсың, маанайың да жарык да.

Окуйм-окуйм, ырың ойго чөгөрөт,
Улуу акындай отуруп да чөгөлөп.
Эргүүңдөн жанып далай ыргактар,
Өзгөлөргө өң бергенсип, көгөрөт.
Жакшы ырыңа жаным кошом чынында,
Ак-Талаандай ырыңа ой бөлөнөт.

«Жүрөт, – дешет, -Ак-Талаада айылда
Ыры-иши, башкасына кайыл да.
Кирпигинен билип адам аттууну,
Кандай учур болсо канат – жайыл да.
Ыр токоюн өстүрдү ал көчөттөй,
Өз жеринин чаптарына, сайына!».

Арноо жаздым акын иним шыгыңа,
Таазим кылып, окуп сенин ырыңа.

Атыңды угуп, өзүңдү түк көрбөпмүн,
Алыстамын, аттын башын бурууга.
Аман жүргүн, акындыгың күч алып,
Адамдыгың татып журттун сынына!

*Мырзабек Мамбет уулу,*
*Нарын шаары.*

## СИЗДИ ЭҢСЕГЕН ЖАШТАР КӨП
*(Ө. Дөлөевге)*

Ак-Талаанын кулуну,
Асыл ойдун улугу.
Билинбей жерде жүрсө да,
Бийикте өмүр туругу.

50 эмес, 100гө да келиңиз,
Эсен болуп дениңиз.
Жергеде жанып жылдыздай,
Жетти элге демиңиз.

«Корунбай таалим алсак» – деп,
«Кол алышып калсак» – деп.
Сизди эңсеген жаштар көп,
«Сиздей болуп жансак!» – деп.

*Алмаз Чекиров,*
*Кош-Дөбө айылы.*

## ӨМҮРБЕК АГАМА

Көңүлүңүз баладай,
Көрөм сизди агадай.
Көк мелжиген тоолуксуз,
Көп иштейсиз тажабай.

Ак-Талаанын чабындай,
Ала-Тоонун таңындай.
Арыбасын ырларың,
Жаза бериң жалындай!

*Жедигер Саалай,*
*акын.*

## БАЙКЕ, СЕНДЕЙ КЫРГЫЗ УУЛУ КӨП БОЛСУН!

Калем кармап, кырчын курак кезинен,
Пайдубалын түптөп элет жеринен.
Элүү жаштын даамын татып турасыз,
Тайыбастан орто кездин деминен.

Тушоо кесип «Алдыдагы өмүрлөр»,
Ырларыңыз нечен ашуу, бел ашты.
«Сезимдердин тамчылары» көл болуп,
«Алтын топтой» томолонуп, кыр ашты.

Бир убакта «Чырпыгы элең Мекендин»,
Кулач жеткис чынар болдуң сен бүгүн.
«Үмүт отун» алоолонтуп, өчүрбөй,
Өз мойнуңа алдың бүтүн эл жүгүн.

Эл аралап, тамчыдайдан топтогон,
Чыгармасы өлбөс-өчпөс казына.
Калың журту бүгүн дагы жоктогон,
«Казыбеги кайрылбаган каркыра»!

Эмгектерин барактасам абайлап,
Эчен түрлүү инсан менен беттешем.
Эчак өткөн замандагы эрендер,
Хан Шырдакбек, Тайлак менен кездешем.

Бабалардын улуу көчүн улаган,
Байсалдуу бол «Өмүр көчү», арыба.

Көч башында өзүң жүрүп калбааттуу,
Кыргызыңды таанытa бер кылымга!

Элге берип эсеп жеткис ырларың,
Эч көөнөргүз эстелигиң тургуздуң.
Өмүрбектей уулдары көп болсун,
Өз алдынча өсүп жаткан кыргыздын!

*Сизди урматтаган окуучуңуз*
*Жеңишгүл Эдигеева.*

## СӨЗ ГҮЛДӨРҮН БЕЛЕКТЕЙМ

Кыргызстандын алыс жери Ак-Талаа,
Калем менен атың чыкты даңктала.

Тайлак баатыр чоң дастанын жаздыңыз,
Көп ыр менен элиңизге жактыңыз.

Калемиңиз жорго чыкты укмуштай,
Ыр чачырап, көктөгү көп жылдыздай.

Менин оюм: сизди мындай деп билет,
«Азыркынын Байымбети Өмүрбек!»

Эр ортону элүү жашка келипсиз,
Дагы элүү жыл ыр жемишин териңиз!

Элүү жашка чыкканыңыз кут болсун,
Эми элүү жыл калемиңиз курч болсун!

Чын жүрөктөн ак жол каалайм сизге мен,
Бүт элиңиз сыймыктанат сиз менен.

Сиз тарыхта калчу адамсыз чыныгы,
Сөз гүлдөрүн-белек кылам ырымды!

***Таалайбек Кутукеев,***
***Ак-Кыя айылы.***

## ГҮЛДЕСТЕМ БОЛСУН АРНАГАН!

Буркандап, кези кесиптин,
Элүүгө чыга жетипсиң.
Өмүрдү өлбөс кылаарсың,
Буроосун тапсаң тетиктин.

Адамдык инсан бийигин,
Мурун да бир аз эшиткем.
Күйөрман мен да көмүскө,
Кабарың билип гезиттен.

Элүү жаш чыккан курагың,
Жашоонун эсеп барагы.
Дүңгүрөп чынар түптөнүп,
Көктөсүн өмүр дарагы.

Ташкындап талант өөрчүтүп,
Элүүгө элүү кошулсун.
Үзүлбөс болуп түбөлүк,
Өмүрдүн жиби созулсун!

Шыгымдын отун үйлөгөн,
Дем берген тилек-талантың.
Бийикте бүркүт куш болуп,
Талыкпай серпкен канатың.

Колума бийик кармаган,
Гүлдестем болсун арнаган.
Ак тилек саптар көпүрө,
Талантка талант жалгаган!

*Жибек Султаналиева,*
*Бишкек шаары.*

## ТОСТ КӨТӨРСӨК АКЫН ҮЧҮН ДЕП

Киндик кан тамган Коңорчок,
Ким билбейт айлын акындын.
Кичине-чоңго бип-бирдей,
Каалоосу тунук жакындын.

Калемимди курчуткан,
Калемпир жана мурч чыккан.
Калемдеш Өмүрбек акынга,
Калкым,
Жүрөгүмдөн бурч чыккан.

Кут болсун элүү жашыңыз,
Куу болсун кара чачыңыз.
Куйкумдуу ырдай курч жашап,
Каалоом:
Жүз, миңге чыксын жашыңыз!

Кыз-жигит, чалын карабай,
Калемдеш кылдың аябай.
Кадырлап сүйдү өзүңдү,
Кары-жашына санабай.

Кемпирлер жүрөк эргитип,
Көңүлгө ырлар келгизип.
Өзүңдөн шыкты алышты,
Сен,
Өстүрдүң улам телчитип.

Коңорчок менен Баетов,
Коюндаш болду сиз үчүн.
Калемдеш кылып Өмүрбек,
Класс жетекчи болду биз үчүн.

Талантты баалап, таптады,
Тынч алып үйдө жатпады.

Тарыхка болду белгилүү,
Так жана таза жазганы.

Тайлакты жана Шырдакбекти,
Тастыктап жазды Казыбекти.
Таланттар айланчыктап чыкпай,
Дасторконуна-үйүнө чейин жетти.

Теӊ көрдү бардык акынды,
Теӊ көрдү алыс-жакынды.
Таланттарды көп тактап,
Таалайлуу жолго чакырды.

Тууган энесине рахмат айтам,
Төрөгөн Өмүрбектей акынды.
Теӊ бөлүшкөн жарына рахмат,
Түн уйкусун бөлгөн акылдуу.

Ата уулу экен Өмүрбек,
Атасын миӊдеп айттырган.
Бактылуу экен Өмүрбек,
Ырын элге майрам, айт кылган.

Туу болуп бүгүн элүүгө чыккан.
Ар-намыс, адамдыктын туусун туткан.
Өмүке, тилек кылам жана каалайм,
туп-туура, каршылык жок,
жүз эмес миӊге чыксаӊ!

Кылым карытаар иштерди жасап,
Кыргызыма акын калтырды атак.
Кана эмесе,
Тост көтөрсөк Өмүрбек үчүн,
Кудайым кылбастыр дейм чатак!

*Турдаалы Кербенбай уулу.*

## АКЫНГА 2006-ЖЫЛЫ, 16-ОКТЯБРДА, «КР МАДАНИЯТЫНА ЭМГЕК СИҢИРГЕН ИШМЕР» НААМЫ ПРЕЗИДЕНТ ТАРАБЫНАН БЕРИЛГЕН. АНЫН КҮБӨЛҮГҮН РАЙОНДУН 70 ЖЫЛДЫК САЛТАНАТЫНДА «БЕРМЕТ-ЖАЛ» АТ МАЙДАНЫНДА МАДАНИЯТ МИНИСТРИ СУЛТАН РАЕВ ТАПШЫРГАН.

## НААМ АЛГАНДАГЫ КУТТУКТООЛОРДОН

**«Айыл турмушу» гезитинин ноябрь, 2006-жылдагы санынан:**

### БАР БОЛУҢУЗ!

Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!

Ардактуу наам алышыңыз менен жазуучулар Союзунун атынан кызуу куттуктаймын! Чың ден-соолукту, үй-бүлөлүк чоң бактыны, чыгармачылык зор ийгиликтерди каалаймын! Бар болуңуз, дайыма!

*Анатай Өмүрканов,*

*КР Улуттук Жазуучулар Союзунун төрагасы.*
*17-октябрь, 2006-жыл. Бишкек шаары.*

### АРДАК НААМЫҢЫЗ МЕНЕН!

Урматтуу Өмүрбек ага!

Сизди бир катар ондогон жылдар бою чыгармачылыкта адабиятка, маданиятка, журналистикага киргизген салымыңызды баалап, Президент республиканын жогорку сыйлыгы– «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер» – наамын бергендиги менен куттуктайбыз! «Даңкка жараша жүк!» Эми да талбай эл жүгүн аркалап, калкыңызга каарман кызмат өтөй бериңиз!

*Нарын облустук «Теңир-Тоо» гезитинин жамааты.*

## СЫЙЛЫГЫҢЫЗ КУТ БОЛСУН!

Эмгек эрезеге жеткирет, демекчи, өзүнүн 59 жаштык өмүрүнүн 5 жылын ар кесипке жана 36 жылын толук чыгармачылыкка, кыргыздын адабий казынасына салым кошуу менен талбай эмгектенип келген агайыбыз акын жана журналист СССРдин Журналисттер жана Жазуучулар Союзунун мүчөсү, ондогон китептердин автору, «маданияттын мыкты кызматкери», «Айыл турмушу» гезитинин башкы редактору, коллегия мүчөсү Өмүрбек Дөлөевди «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер» наамын алышы менен куттуктайбыз жана талбай эмгектенип, калемиңиз курчуй берсин демекчибиз!

*Райондук «Айыл турмушу» гезитинин жамааты.*

## ӨМҮРБЕК СЫЙМЫК ТӨРҮНДӨ

Демейдеги күндөрдүн агымында, айлардын арымында, жылдын жылышында башкалардан кумдагы алтындай эч бир айырмаланбаган, бөлүнбөгөн, көрүнбөгөн, сезилбеген Өмүрбек Дөлөев чыныгы элдин уулу. 1966-жылы Шырдакбек хандын ордосу Чолок-Кайың айылынан 11-классты бүтүрүп, Нарындагы ДОСААФтын алдындагы шофёрлук курсту аяктап, эки жылы кыялы менен жарышып, руль башкарып, ага удаа Бишкектеги финансы-экономикалык техникумунун СССРдин бюджети бөлүмүнөн окуп, дипломго ээ болуп, Ак-Талаа райондук финансы бөлүмүндө 5 ай киреше боюнча инспектор болуп иштеп, анан 1970-жылы декабрда райондук гезитке адабий кызматкер болуп келген. 36 жыл гезитте-19 жыл редактордун орун басары, 8 жыл бөлүм башчы, 5 жылы корреспонденттикте эмгектенген. 2000-жылдан бери редактор, коллегия мүчөсү.

Райондо иштегени менен эмгеги жумурай-журтта, таасын таланты элинде. Комсомол курагында анын бюро

мүчөсү болсо, эми коллегия мүчөсү. Республикада СССР журналисттер Союзунун (1978), СССР Жазуучулар Союзунун (1989) жана алардын башкармалыктарынын мүчөсү. Жазуучулардын Нарын областтык бөлүмүнүн жетекчиси, 9 китептин, 40тан ашуун обондуу ырлардын, 6 дастандын автору.

Сүйүп, баалаган эл-жери, ат көтөргүс эмгеги бар. Ак-Талаа, кыргыз эли үчүн билимин, мээнетин жан аябай жумшаган даана инсан, чыгаан талант, бийик адамгерчиликтүү акын жана журналист адабиятка, маданиятка бараандуу салымын кошууда. Ак эмгек акыбети-наамы! Кудайда да, Өкүмөттө да калыстык бар экен. Өзүнө, өз жерине, үй-бүлөсүнө кут болсун! Мен дайыма «Ак-Талаанын Алыкулу!» – деп, элге жар салып келем.

Райондун 70 жылдыгына министр, губернатор, илимдин, жетекчиликтердин эмне деген гана жылдыздары келбеди! «Кудай калыстык, эмгекти көрө билүү, баалоо бар экендигине, эмгекке чыныгы акыйкат сый кылуу бардыгына Өмүрбек Дөлөевге берген наам аркылуу бир ишендик. Даана адамга даана сый берилди!» – дешип, элдин баары Президентке ыраазы болушту. Сыйлыкка өздөрү алгандай кубанышты.

Ушунун өзү Өмүрбек үчүн чоң бакты! Өмүрбекти сыйлаган, эмгегин, талантын билген биз үчүн да чоң таалай! Кут болсун өзүнө, элге!

*Кеңешбек Акматалиев,*
*«КР эмгек сиңирген дарыгери». Нарын шаары.*

## СИЗДИН СЫЙЛЫК-АР БИР АК-ТАЛААЛЫКТЫН СЫЙЛЫГЫ ЖАНА СЫЙМЫГЫ!

Ак-Талаанын айтылуу таланттарынын изин суутпай дайыма калкына кабар жеткирип, ыр кумарына кандырып, калк казынасын тарыхый мураска, санжырага толтуруп, эл эмгегин жергеде чагылтып, маданият очогунун

бири болгон маалымат каражаттарында 36 жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келген сөз чебери акын жана журналист Өмүрбек Дөлөевдин «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер наамы» кут болсун»

Сизди-урматтуу Өмүрбек Дөлөевич, мамлекеттик Ардактуу наамыңыз менен чын ыкласымдан куттуктаймын! Сиздин сыйлык ар бир ак-талаалыктын сыйлыгы жана сыймыгы деп эсептеймин. Сизге бекем ден-соолук, чыгармачылык талыкпаган эмгек, бакубат жашоо, «элдик адам» бийик зоболоңуздун дөөлөттүү ардагерлигиңиз менен дагы жогорулай беришин «райондун патриоту» аталган-бактыңыздын дайыма ушундай ооматтуу болушун каалаймын!

*Мукаш Жамангулов,*
*ажы.*

**«Айыл турмушунун» 2006-жыл, декабрдагы санынан.**

## АК-ТАЛАА ЭКӨӨ АЖЫРАГЫС ТҮШҮНҮК

*(Наамдуу акын Ө. Дөлөевге)*

Өйүп жүргөн өкүнүү эле элдеги,
Өмүрбектин эбак сиңген эмгеги.
Өлкө башчы карызынан кутулуп,
Өтө туура, өз энчисин бергени.

Профессорлор канча жылдап жазбаган,
Ойлогонбуз «Не сөз кошмок башка адам?»
Шүкүрбекти сынчы катары изилдеп,
Юбилейинде көкөлөтүп, даңктаган.

Даңазалап, Казыбекти жазып бүткөрдү,
Бүт эмгегин жалпы эли, журт көрдү.
Акындык зор эргүү менен ырдаптыр,
Ак-Талаанын periси-Ак Мөөр, Соң-Көлдү!

Кырк жылча иштеп, түйшүгүнө түтчүүсү,
Гезитинен келбеди кол үзгүсү.
Райгезит – бүт өмүрүн арнаган,
Аймак жүзү, адилдиктин күзгүсү.

Райондун рух байлыгын түптөдү,
Бир да иш-чара Дөлөевсиз өтпөдү.
Тең арыштап, өзү дагы көктөдү.
70 жыл маарекеси көргөздү,
Гезити экөөнү кош жылдыздай көктөгү.

Энциклопедияны бүгүн берсе бүтүрүп,
Жалгыз өзү алда качан күтүнүп.
Он жыл мурда китеп жазган райондун,
Бүт тарыхын, баскан жолун түшүрүп.

Сейрек талант, баалай билген адамды,
Дайра-булак менен баштап кадамды.
Ак-Талаанын портрети түзүлүп,
Түр боёгу өмүрүнөн жаралды.
Түр боёгу жүрөк кандан жаралды!

Бирге жашап, бийиктикти көрөбүз,
Ага жетпей, күйүп-бышып, «өлөбүз».
Өз элинин бактысына айланган,
Адамды биз «билип, билбей» келебиз.

Элге! Элге! Эрдик туусун кармаган,
Эртеңине бүгүнүн бүт арнаган.
Бүт ааламга көрүнчү элет жылдызы,
Күйүп турган жылдыздардан сандаган.

Ширелишкен бүгүн образ түзүлүп,
«Район» десе, эл Дөлөевди түшүнүп.
Ошондуктан, партия менен Лениндей,
Ак-Талаа экөө ажырагыс түшүнүк!

*Жаныбек Кырбашев, акын.*

## ТАРЫХ ЧЫНДЫГЫ
*(Акын Ө. Дөлөевге)*

Тарыхтын тактыгына сыйынасыз,
Тарыхтын таасын сырын угуудасыз.
Толкунга төштү тосуп, шамал беттеп,
Тарыхта добуш болуп угуласыз.

Тарыхтын алтын кенин казуудасыз,
Бүктөлгөн бүктөмдөрүн ачуудасыз.
«Урпакка унутулбай жетсе экен» – деп,
Чагылгандай от болуп жазуудасыз.

Арманын Ак Мөөр кыздын билиптирсиз,
Аздектеп, жүрөктөргө түйүптүрсүз.
Азап чегип жүргөндө арбагы эжебиздин,
Акын ага,
Ак Мөөр кызды кайрадан тирилттиңиз!

Аныгын карт тарыхтын билиптирбиз,
«Аруу» деп, мүрөк сууга киринттик биз.
«Ак Мөөрдүн сиңдилери» Мөөр кызды,
Соң-Көлдө сейилдетип, билинттик биз.
Акын ага,
Ак мөөр кызды кайрадан тирилттиңиз!

*Куштар Арпачиева.*

## ЖАҢЫ ДЕМ МЕНЕН ЖАЗЫҢЫЗ
*(Ө. Дөлөевге)*

Сыйлыгың байке кут болсун,
Сыймыгы болдуң элиңдин.
Сыпатын, көркүн келтирип,
Сүрөтүн тарттың жериңдин.

Жакшыдан тиет шарапат,
Жакшы сөз айтсам жарашат.

«Өмүрбек мыкты акын!» – деп,
Өзгөчө, кыз-келин сизди карашат.

Тайлакты, Мөөрдү жаздыңыз,
Таланттан бакыт таптыңыз.
Алынбай оозго ал калса,
Анда, акын болмок бактысыз.

Каалаймын бекем ден-соолук,
Калбаңыз эми токтолуп.
Ордендүү учур алдыда,
Өмүке,
Сыйлыктар келсин коштолуп.
Жаңы дем менен жазыңыз,
Жаш бала сымал шоктонуп.

*Бекжан Мамытов.*

## АКЫН УУЛУБУЗГА АК БАТАБЫЗ ТИЙСИН!

Элге эмгектенген адамга талантына, кесиптик мээнетине, адамдык ордуна жараша бийлик тарабынан сый, баалоо болсо, калайык-калк эл менен жетекчиликтин бирдей ойлогон, байланышып жашап, иштеген жолуна сыймыктанат. 40 жылдай гезитте иштеген, Ак-Талааны, анын тарыхый инсандарын кыргызга аттын кашкасындай таанытып келаткан таланттуу Өмүрбекке Ардактуу наамдын берилиши элдин күткөн чоң үмүтү болуучу. Жетекчилик үмүттү актады. Биз буга аябай сыймыктуубуз. Акын уулубузга канчалаган адамдар ак батасын беришти. Ошонун баары кабыл болсун! Үй-бүлөсү менен ак жолтой кызматында дайыма ден-соолукта болуп, элге ченебеген кызматын жасап, узак өмүр сүрүүсүн тилейбиз!

*Баетов айылынын карыялары: Орокчу Байсеркеев, Назар Мусулимов, Дүйшө Дегенбаев, Ысак Карасартов, Өмүш Ташманбетов, Орозобек Таажиев, Көчкөнбай Чымбаев, Калыбек Бектурганов.*

## АКЫНДЫН 60 ЖЫЛДЫК САЛТАНАТЫНАН

Ө. Дөлөевдин 60 жылдыгына карата («Айыл турмушу», март, 2007-жыл)

**Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким, мырза А. О. Кулматовго**

Урматтуу Алмаз Окинович!

Кыргыз Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү, көрүнүктүү акын, таанымал журналист, санжырачы, «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер», кыргыз Улуттук Жазуучулар Союзунун Нарын облустук бөлүмүнүн жетекчиси Өмүрбек Дөлөев 2007-жылдын 15-сентябрында 60 жашка толот.

Юбилярдын маарекесин татыктуу өткөрүү үчүн акындын өмүр, ишмердик, адамдык, чыгармачылык жолу кенирээк, ар тараптан элге маалымдалышы керек деп ойлойбуз. Ө. Дөлөев Ак-Талаада 37 жылдан бери жалгыз гана редакцияда – райондук газетада иштеп, ошол аймакта жашап, райондун социалдык-маданий, экономикалык өсүүсүнө, облустун, республиканын бир жаркын таланты, маданий, адабий иштерине, журналистикасына чоң салым кошуучусу катары таанылууда.

Мыкты акындын айтылуу журналисттин даңазалуу эмгеги толук бааланышы, республикада акын-жазуучулар үчүн элдик салтка айланып келаткандай, ага толук камкордук көрсөтүлүүсү, моралдык, материалдык жактан сый кылынуусу, тийиштүү, ыктуу, татыктуу жерлерге ысмынын ыйгарылышы, ж.б. сиздер тарабынан терең түшүнүү менен ар тараптан эске алынууга тийиш деп ойлойбуз.

Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун башкармалыгы, секретариаты акындын юбилейинде да райондук масштабда мындай комиссия түзүлөт деген ниеттебиз.

Акындын маарекесин комиссиялар биргелешип өз деңгээлинде өткөрүүсүнө Сиздер да көмөктөшөт деген ишенимдебиз.

**Урматтоо менен А. ӨМҮРКАНОВ.,**

*КРУЖС төрагасы. 6-февраль, 2007-жыл. Бишкек шаары.*

**Акын Ө. Дөлөевдин 60 жылдык юбилейин өткөрүү боюнча комиссиясынын курамы:**

1. **Абакиров Мелис** – төрага, Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун секретары.

2. **Саалаев Жедигер** – төраганын орун басары, акын, «Кыргыз туусу» газетасынын редактору.

3. **Алиев Мар** – комиссиянын мүчөсү, «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер».

4. **Өмүралиев Чоюн** – комиссиянын мүчөсү, жазуучу, коомдук ишмер.

5. **Максүтов Бактыбек** – комиссиянын жооптуу катчысы, жазуучу, коомдук ишмер.

**Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!**

Сиздин бүгүнкү кут жылоологон орошон чыгармачыл өмүрүңүздүн 60 жылдыгы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар Союзу, жалпы эле кыргыз калемгерлер журтчулугу чын жүрөктөн куттуктайт!

Сизди, улуттук көркөм сөз өнөрүнүн поэзия асманындагы жарык жылдыздардын бири жана кыргыз адабияты үчүн талыбай изденген эмгекчил, жалпы кыргыз журтчулугунун руханий казынасына өзүнүн алгылыктуу салымын кошо алган калемгер катары жакшы билебиз!

Сиз, алтымыш жылдык өмүрүңүздүн көбүн жалпы коомчулукка арнап, кашкөй калемиңизди карч уруп, «Ак Мөөр», «Казыбектин казалы» өңдүү мезгил мунарына төнүп калган улуу адамдарды жаркын чыгармага айландырып, даректүү далили менен тастыктап бергендигиңиз көкүрөгү жарык адамдарга тоодой кенч, тоодой байлык!

Ардактуу Өмүрбек Дөлөевич!

Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар Союзу жана жалпы эле кыргыз калемгерлер жамааты Сиздин 60 жылдык маарекеңиз менен чын жүрөктөн куттуктайт жана мындан аркы түшүмдүү чыгармачылык сапарыңызга зор жетишкендиктерди, ийгиликтерди каалайт! Ыла-

йым ден-соолугуңуз бекем болуп, Ата-Журтуңуз үчүн жасаган эмгектериңиз арта берсин!

*Омор Султанов,*
*Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар Союзунун төрагасы. 12. 09. 2007. Бишкек шаары.*

**Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!**

Сиз эс тартып, колуңузга калем кармагандан баштап эле эли-журтуңуздун улуу-кичүүсүнө аттын кашкасындай таанымал болуп жүрөсүз. Анткени, Сиздин жан дүйнөңүздөн жаралып чыккан канаттуу поэзия саптарыңыз карапайым калктын көйгөйү, турмушта болгон көз карашы, кыял чабыты, эл-жерге болгон сүйүүсү жөнөкөй, жатык жана лирикалык тил менен камтылып, эл үчүн жагымдуу да, угумдуу.

Ошондой эле улуу Манасчы Сагымбай, казалчылар Нурдин Молдо, Казыбек, улуу инсандар Тоголок Молдо, Муса Баетов, Бектемир Эгинчиев, Ак Мөөр ж.б. иликтеген тарыхый табылгаларыңыз, таамай жазган дастандарыңыз кыргыз адабияты, көркөм дөөлөтү үчүн табылгыс алтын казына десек аша чапкандык болбойт.

Сизди, биз, Ак-Талаа районунун гана эмес, бүтүндөй Теңир-Тоонун коомдук иштерине, маанилүү өнөктүктөрүнө, айрыкча адабий, маданий турмушуна да активдүү катышып келген, ал үчүн өзүнчө идеялуу сунуштары, омоктуу ойлору бар инсан катары да жакшы билебиз.

Сизди, урматтуу Өмүрбек Дөлөевич, бүгүнкү 60 жылдык маарекеңиз менен Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын жана жеке өзүмдүн атымдан чын жүрөктөн куттуктап, Сизге мындан ары да бакубат турмуш, чыгармачылык ийгиликтерди каалайм! Ар дайым ден-соолукта болуп, эли-журтуңузга ак ниет кызмат өтөй бериңиз!

*Ажыбек Касмалиев,*
*Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор.*
*13-сентябрь, 2007-жыл. Нарын шаары.*

**Кымбаттуу иним Өмүрбек!**

Сен элет жеринде төрөлүп, окуп, иштеп жана жашап, айыл маданиятын, адабиятын, тарыхын чагылдырып, татынакай ырларды, поэмаларды, дастандарды, макалаларды жараткан мыкты адамсың. Адамдык жугумдуу касиетиң замандаштарыңа, элиңе кеңири белгилүү.

Бар бол, барктуу бол! Берметтей таза ырларыңды жана башка чыгармаларыңды элиңе тартуулай бер, иним!

Өмүке! Сенин торколуу 60 жылдык тоюң кутмандуу өтсүн, өзүңө ден-соолугуң чың болуп, көпкө жашашыңды каалайбыз!

*Кубат Осмонбетов,*
*Нарын облусунун жана Бишкек шаарынын ардактуу атуулу.*
*Эжең Бүкүй Осмонбетова. 14. 09. 2007. Бишкек шаары.*

**Ардактуу Өмүрбек ага!**

Сизди кыргыз элинин нукура рухунан бүткөн чыныгы атуул, мыкты акын жана көрүнүктүү коомдук-маданий ишмер экениңизди кыргыз коомчулугу жакшы билет. Азыр Сиз алтымыштын ашуусунан ашып, атпай кыргыз журтчулугу өзүнүн сүйүктүү акынын куттуктоого ашыгып турган учурда биз дагы жалпы тил күйөрмандарынын жана Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын атынан чын ыкласыбыздан кызуу куттуктайбыз!

Өмүке, чыгармачылык өмүр көчүңүздө улуу мурасыбыз, улуттук кенчибиз болгон эне тилибиздин не бир көркөм байлыгын, кудурет-касиетин, ийкем ыргактарын ачып, жүрөк кылдарын чертkенге бараандуу салым кошуп келесиз. Эми дагы ушул калыбыңыздан жазбай, тилибиздин бай мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, улам жаңы өңүттөрүн ачуу менен элибизге рухий азык болоор ырларды жаратып, ак эмгегиңизди өтөй берүүңүзгө тилектештигибизди билдиребиз.

Сизге бекем ден-соолук, кажыбас кайрат жана үй-бүлөңүзгө эсендик, бак-таалай каалайбыз!

*Сизди терең урматтап,*
*Төрага Ташбоо Жумагулов. 12. 09. 2007.*

**Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!**

Сиздин бүгүнкү, турмуш сахнасында чеберчилик менен ойногон, эң мыкты актёрлук эмгек жолуңуздун 60 жылдыгы менен республикалык «Айтыш» коомдук фондунун «Калемгер» адабий клубу чын жүрөктөн куттуктайт!

Сиздин, кененине сөз, тереңине көз жетпеген бийик талантыңызды, кудуреттүү поэзия дүйнөңүздү жана улуу сөздүн устунун кынап, учугун улап келаткан кужурмөн эмгекчилдигиңизди, сиздин жана сиздей улуу акын-жазуучулардын көчүн улап, сөзүн курап келаткан жаш калемгерлер терең урматтоо менен таазим кылышат.

Сизге, чыгармачылык эргүү менен кажыбаган кайрат жана чыгармачылык түйшүк менен жолборс шердей айбат каалаган республикалык «Айтыш» коомдук фондунун «Калемгер» адабий клубу!

Намыстуу баарың кеменгер,
Нарктуу сөз айткан берендер.
Ак тилек, куттук жолдоду,
Сизге, адабий клуб «Калемгер»!

*Мирлан Самыйкожо,*
*республикалык «Айтыш» коомдук фондунун*
*«Калемгер» адабий клубунун жетекчиси.*
*15. 09. 07.*

**Өмүрбек мырза!**

Сизди Кыргыз Республикасынын Омбудсменинин (Акыйкатчысынын) Нарын облусу боюнча өкүлчүлүгүнүн атынан кутман курак, торколуу тоюңуз менен чын жүрөктөн куттуктаймын!

Сизге чың ден-соолук, чыгармачылык иштериңизге албан-албан ийгиликтерди, үй-бүлөлүк бакыт каалайм! Сиз менен журтубуз сыймыктанат!

*Урматтоо менен, Нарын облусунун Акыйкатчысы,*
*З. К. Үмөталиева.*

**Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!**

Сиз мындан 60 жыл мурда касиеттүү «Ак чаптын» арасында жарык дүйнөгө келгенсиз. Жаратылыш берген талантты аркалап, чыгармаларыңызды бир нече китепке айландырып, эл-журтка тартууладыңыз. Канчалаган улуу инсандарды иликтеп, алардын эмгегин, эрдиктерин тарыхка калтырдыңыз.

Ак Мөөр эжебиз «Ак чаптан» төрөлүп, Соң-Көлдүн периси болгондугу жөнүндө атак-даңкын көкөлөтүп, сиңдилеринин чыгармачылыктарына шык кошуп, көрүүчүлөрдү таң калтырдыңыз.

Поэзияга сиңирген эмгегиңиз бааланып, СССР жазуучулар, СССР журналисттер союзунун катарында болуп, мамлекеттик сыйлыктарга, «Маданиятка эмгек сиңирген ишмер» наамына татыктуу болдуңуз.

Урматтуу Өмүке! Кутман курагыңыз менен кызуу куттуктап, бекем ден-соолук, узак өмүр, үй-бүлөлүк бакты-таалай жана чыгармачылыгыңыз өркүндөй беришин каалайбыз!

60 жаш эмне, чек бекен,
Кездешет,
Айрымдар ага жетпеген.
Серп салып, артка кылчайып,
Өткөндү бир аз эстесең.
Чыгармачылыктан
таап кадыр-барк,
Убакыт текке кетпеген.

Эл-журттан көрүп ызаат-сый,
Эсен-соо, аман жүрүңүз.
«Ак-Талаанын Алыкулу» аталып,
Бактылуу өмүр сүрүңүз!

Нарын шаарында жашаган жердештериңиз:

***Кучкачов Буудайчы, Акматалиев Кеңешбек, Эсенбаев Бердибек, Кадыралиев Кайыпбек, Бекманбетов Сүйүнбек, Кадыркулов Охап, Мусаев Эдил, Кыязов Адылбек, Мотушов Мамбет.***

***15. 09. 2007.***

# КУТМАН КУРАК КУТ БОЛСУН!

**Урматтуу Өмүрбек иним!**

Сизди бүгүнкү маарекеңиз-60 жылдык кутман курагыңыз менен чын дилден куттуктаймын!

Бүгүн Сиздин буга чейинки басып өткөн өмүр жолуңузга сереп салып карасак, өзгөлөргө өрнөк, кийинки муундарга үлгү болоорлук сыймыктуу да, байсалдуу да жолду басып өткөнүңүзгө күбөбүз. Кыргыз журтчулугуна нечен даңктуу инсандарды берген айтылуу Ак-Талаа жергесинде туулуп-өсүп, азыр да ушул куттуу жерди байырлап, 40 жылга чукул журналисттик кесипте эмгектенүү менен Сиз улуттук басма сөзгө, адабиятка жана маданиятка салмактуу салымыңызды кошуп келе жатасыз. Журналист катары далай эмгек каармандарын, элеттеги карапайым, ак ниет адамдарды даңазалап, акын катары учкул поэзиялык саптарыңыз менен адамдарды аруулукка, жакшылыкка үндөгөн асыл эмгегиңиз эл-журтка кеңири маалым. Анан да адамдарга болгон боорукер, сергек мамилеңиз, түз сүйлөп, түз жүргөн калыстыгыңыз, ак дил, ак пейил мүнөзүңүз менен урмат-сыйга татып, калың элдин кадырлоосуна ээ болдуңуз. Ошондой эле татыктуу балдарды тарбиялап өстүрүп, небере жыттап, бактылуу чоң ата болуп олтурасыз.

Азыркы 60 жылдык маарекеңизде Сизге мындан ары да бекем ден-соолук, зор чыгармачылык эргүү, бактылуу турмуш каалайм! Ар дайым эли-журтуңуз менен эсен болуп, Ата Мекенге канча жылдардан бери өтөп жаткан ак кызматыңыз кылымдарга узара берсин! Анткени,

Алдыда узак жолдор бар,
Аткарчу далай ойлор бар.
«60» эмне, кеп бекен,
«90», «100» деген тойлор бар!

Сизди урматтаган агаң, **Камчыбек Кадыралиев,**

*Ак-Талаанын ардактуу атуулу,*
*«Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти»*

**Урматтуу Өмүрбек ага!**

**Гүлгө толуп жайнаган тегерегим,**

**Берди кудай өзүмө бере элегин!»** — деп өзүңүз жазгандай, Теңирим сизге бардыгын берип келатат. Элетте жашап туруп эле улуттук журналистиканын, маданият менен адабияттын казынасы менен абыроюн арттырууга кошкон талыкпаган эмгегиңиз, орошон талантыңыз, өжөрлүккө ширелген аракетчилдигиңиз бааланып бүгүнкү күнү республикалык деңгээлдеги ардактуу адам болдуңуз. Ал эми коомдук иштердеги наамыңыз, ар кандай абыройлуу сыйлыктарыңыз айткандарыбызды ого бетер бекемдейт.

Ушундай кадыр-баркка, урматка ар бир эле элет жеринде жашап, иштеп жүргөн чыгармачыл инсандардын жетишпи турмушта чанда гана кездешет десек, аша чапкандык эмес. Кыскасы, Сизден биз, кесиптештериңиз үлгү ала турган көп нерселер бар, үлгү алып да жатабыз. Ар бир чыгармаңызды, баа жеткис тарыхый табылгаларыңызды кызыгып, издеп жүрүп окуйбуз. Анткени, андан үйрөнчү көп нерселер бар.

Ошондуктан, ылайым ушул басыгыңыздан жазбай, Манастын Тайбуурулундай даңкан чачып, талыкпастан жүрө бериңиз! Алтымыш жылдык Алтын тоюңуз кут болсун!

***Нарын облустук мамлекеттик телерадио компаниясынын жалпы жамааты.***

**Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!**

Сиз элете туулуп-өсүп, элетте жашап, мандайыңызга буюрган асыл дөөлөт, калемгерлик талантты баладай бапестеп, каруунузду казык кыла, чарчабай-чаалыкпай, чыгармачылыкты, улуттук маданиятты нарк-насилдин казынасы катары баалаган акынсыз. Республикалык деңгээлдеги абыройлуу наамыңыз, ардагерлигиңиз, райондук кызматыңыз менен, башкысы акын, жазуучу, жур-

налист катары улуттук журналистиканын, адабияттын, маданияттын кадыр-баркын арттырганга зор үлүшүңүздү кошуп келдиңиз.

Сиздин техникумда окуп жүргөндөгү, республикалык «Ленинчил жаш» газетасынын 1969-жылдын 1-январдагы санына, биринчи бетке жарыяланган «Алдыдагы өмүрлөр» аттуу алгачкы ырыңыз менен эле поэзия дүйнөсүнө таштаган кадамыңыз байсалдуу жана мөмөлүү дарактай жемиштүү болгондугун бул күнү айта кетсек жарашат. Баарыдан да тун чыгармаңыз республикалык масштабда элге тартууланганы, сиздин келечек жолуңуз да республикалык деңгээлде болоорун ошондо эле Теңирден илме кайып болгон окшобойбу.

Ак-Талаанын эзелки, эмки мезгилдеги чыккан белгилүү адамдардын, көптөгөн айтылуу инсандардын тагдыр, таржымалын, адабий, табыгый табылгаларын таасын чагылдырып, бир катар китептериңизди окурмандарга үстөккө-босток тартууладыңыз. Сиздин, өзгөчө жаштарга бергенден бере элегиңиз көп. Эл сизден орошон чыгармаларыңызды жарата берүүңүздү күтөт. Сизге уулдун уулун жетелеп, чыгармачылык сапары улам бийиктей берген наабаттуу карылык тилейбиз!

*Ак-Талаа райондук билим берүү кызматкерлеринин*
*атынан, анын жетекчиси*
***Жумакадыр Буйлашов.***

**Урматтуу Өмүрбек байке!**

Өмүрбек аганын Ак-Талаада төрөлүп, ушундай белгилүү инсандардын катарында болуп калышы биз үчүн чоң сыймык. Буга ар бирибиз сыймыктанышыбыз керек! Мен байкенин 1996, 1997-жылдары чыккан «Өмүр көчү» аттуу 165 ырлардан жана поэмалардан турган эки томдук жыйнагын окуп олтуруп, акын агабыз ушул бизди курчап турган материянын бирин дагы көз жаздымында калтырбай, алардын жашоосун, алардын бар экенин,

ошолордун коoздугун, сулуулугун көрө билип, ырга салып, окурмандарына жеткиргенине таң калып, «Өмүрбек байке акын-жазуучу эле эмес, чоң философ, ойчул адам» экенин белгилегим келет.

Байке! Өмүр көчүңүз уланып, өмүрүңүзгө кудай береке берип, калемиңиздин сыясы түгөнбөй, калк арасында кадыр-баркка ээ болуп жүрө беришиңизге тилектешмин!

*Мамаш Аскарбекович Кучкачов,*
*Ак-Талаа райондук профсоюздарынын координациялык*
*Кеңешинин төрагасы.*
*14. 09. 2007.*

**Көз жеткис бийиктикке акыл жеткен,**
**Атактуу уулубузга асыл кептер!**

## ЭМГЕК-СЫНАК УБАК ӨТҮП ЭЛЕКТЕН, МЕЗГИЛ ЖЕТСЕ, ЧЫНДАП БААСЫН БЕРЕТ ЭЛ!

(Акындын 60 жылдыгына карата. «Айыл турмушу», август, 2007-ж. 4-беттен)

## ӨМҮРБЕК ӨМҮР КУШУНДАЙ

Берекелүү курак 60тын кырындагы эки тизгин, бир чылбырлуу, кош канаттуудай акын жана журналисттин чыгармачылык, эмгек, кесиптик жолу байсалдуу жана бактылуу десек куп жарашат. Юбилейлик күндөрүндө ага татыктуу гана сөз айтуу, өз баасынан, баркынан түшүрбөй айтуу, аны билип чогуу бир айылда жашагандар үчүн милдет жана парз болуш керек деп ойлойм. Себеби, ал чыныгы элдик адам, нукура талант, сөздүн дыйканы, элден турмуш, жашоо, анын ар кылдуу жагдайлары, адамдарыбыз тууралу басма сөзгөбү, жыйындабы сөзсүз эл дароо кабыл алаар, жактап кетээр, карапайым калктын көөнүндөгү сөздү жан дили менен айтат. Жетекчигеби, башкагабы кемчиликти жаземдебей түз билдирет.

Ө. Дөлөевге элинин ак тилегин арноосу, жүрөк каалоосу чексиз. Ак-Талаа үчүн ат көтөргүс эмгек жасап, ага мактанбаган, эч качан бой көтөрбөгөн, кыйынсынбаган, жерге жакын жүргөн жердешибиз элетте жашап эле республиканын маалымат мейкинине, эл-журтка таасын талант болуп көрүнүп, кеңири таанылды. «Өмүрдүн кушундай, жашоонун кутундай. Узак, татаал турмуш жолунда, бир калыптан бузулбай, башындагы таалайын учурбай, эл сыйынын ээси болгон Өмүкебиз ушундай!» – деп, ар бирибиз сыймыктанабыз. Ал кимге болбосун сыйына татыктуу, баалап, түшүнө турган мыкты адам! Анын өзгөчө адамгерчилигине, ыйман паразатына ким болбосун багынбай коё албайт. Акын, журналисттин жазгандары да бүтүндөй адамгерчиликтүү. Ак эмгеги маданияттын ишмери ардактуу наамы менен, республиканын алдында өзгөчө эмгек сиңирген ардагерлиги сыйы менен бааланды. Терең ойлогон адамга бул оңой эмес, отуз миңден ашуун калкыбызда 14 гана адам персоналдык пенсионер.

Юбиляр 40 жылга жакын ишмердүүлүгүндө элине, турмушка, өзүнө-өзү кайралып, бүлөнүп, курчуп, кыл аркандай чыйралып, кайратынан, жаш кездеги күүсүнөн жанбай, басыгын жазбай, кайда жүрбөсүн «Дөлөевдик» ордун таза сактап, намыскөй, белдүү жашап келди. Элинде эбегейсиз иш аткарды. Райондун бардык чөйрөсүндө, тармактарында жеке салымы бараандуу. Элибиздин эзелкисин, эмкисин санжыралады, инсандарыбыздын байыркысынан ушул кездегисине чейинки мыктыларын журтка татыктуу таанытты. Тоголок Молдо, Муса, Сагымбай, Нурдин Молдо, Тайлак, Казыбек казалчы, Ак Мөөр ж.б. өмүр, тагдыр, чыгармачылыгына, тарыхый ордуна байланышкан табылгалары, чыгарган ыр жана тарыхый жыйнактары менен да ал өзүнүн элдеги тарыхый ордун талбаган, тажабаган түйшүктүү, ары сыймыктуу чыгармачыл эмгеги, таланты менен өзү жасады. Кудай калыс айтканда, районубузда «Кокуй ушинтип атасың» деп, өз

учурунда көтөрмөлөгөн, жок дегенде бир жолу да «бир жыйнагынын бет ачаарын өткөрүп койбойлубу?» – деген бир жан болгон жок. Жөнөкөйлүк-сулуулук деп, жупуну, бой көтөрбөй, төш какпай жүргөн мырза, сыпаа, ыймандуу жан башкаларчылап эч нерсеге 60ка чыккыча эч бир үзүлүп түшкөн жок. Билинбеген бийиктик ушундай болот тура. Улуу адамдарда, эң асыл адамдарда болуучу бардык каражаттарды Теңир Өмүрбектен аябаптыр. Ак-Талаанын чегинен чыгып эле район жөнүндө ким менен сүйлөшсөң да «акын-журналист Өмүрбек Дөлөевди билесиз да, мыкты адам. Кайда болбосун Ак-Талаа менен аты кошо айтылат» деп, бизден мурда сыймыктанат. Башка жердик кишиден жердешиң тууралуу мыкты кеп уксаң, төбөң көккө жетет да. Бирге жүрүп өзүңө билинбеген кемчилигиңди, кайдыгерлигиңди сезип, андайда бир өзүңө-өзүң сына түшөт экенсиң.

Жалпылап алганда, анын бүлөөкерлигин, адамга карамдуулугун, эң изденгич, турмуштук чоң талантын, ким болбосун кишиге үзүлүп түшүп, астейдил жасаган мамилесин айтып түгөтө албайсың, татыктуу сөз табылбайт. Акын деген асылдык, элдик кызмат. Ал кээде аптабы күчтүү жай күнүндөй, кээде катуу бороошологон карлуу мезгилдей, кээде шатырап төгүп, тоо-талааны каптап өткөн катуу нөшөрдөй оюн элге ачык, кандай учур болбосун айта алгандыгы – калайык-калктын ишине эч качан кайдыгер эместиги. Тилегим, жылдыздай таланты, элге өтөгөн аппак эмгеги дайыма жанып турган бийик, сыймыктуу акыныбыз дайыма бар болсун! Өмүрбектей чыгаан адамдарыбыз катарыбызда көбөйсүн!

*Сонун Абдиева,*
*«КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер».*

# АКТИВДҮҮ ФИНАНСИСТ ЭЛЕ

Мен райондук финансы бөлүмүнө башчы болуп иштеп турганда, 1970-жылы август айында Өмүрбек ФЭТти бүтүп келип, мамлекеттик киреше бөлүмүндө инспекторлукта иштеди. Аракетчил, демилгелүү, мекеменин иши үчүн күйүп-жанып иштеген, баштаган ишин кынтыксыз, аягына чейин бүтүргөн, кишиге абдан жагымдуу мамилеси бар, ким менен болсо да тил таап сүйлөшө билген, кичипейил, жогору адамгерчиликтүү жигит тез эле райФОдо «өз бала» болуп калды. Жеңилди жерден, oорду колдон алды. Ишембиликке «ий» дедирбей, чөптө жүрдү. Дубал гезитти эң көркөм, окумдуу, кызыктуу, тарбиялуу чыгарды. Кирешени районго түшүрүүдө өз салымын кошо баштады. Кино ж.б. ошол сыяктуу мекемелерди күндүзбү, кечтеби текшерет, жыйынтыгын бизге айтат. Ийкемдүү, элпек, сыйчыл, маданияттуу жигитке оңуп эле калдык. Кош-Дөбөдө тоют топтоодо да он күн иштеп келди. Зыңкыйып, сынын бузбай ишке келет. Токтоо, тартиптүү жүрүмү башка жерде да ошондой. Келгенден эле жакшы кепке алынды. Ыр жазып жүрдү дубал газетадан баштап. Чыгармалары райондук «Колхоз эмгеги» газетасына жарыялана баштады. Кайсы жерде иштесе да агартып-көгөртө турган кызматкер экенин дароо эле аз убакытта сездирип койду. Декабрдын туура 22синде райондук гезитке – университетти бүтүп келип иштеп аткан Асылбек Алашовдун ордуна адабий кызматкерликке партиянын райкомунун сунушу менен кетти. Ак жол каалады к. Негизи эле, Теңир зоболосун көтөргөн окшобойбу деп ойлойм. Анткени, редакцияга техникумдук билими менен, адистиги туура келбесе да чыныгы адистин, жогорку билимдүү кызматкердин ордуна барып атпайбы, өзүнүн даана адистик ишинен биротоло кол үзүп. Буга да эрдик, чечкиндүүлүк керек да. Ушунун өзү да Өмүрбектин канындагы, нуркундагы өз бактысын, келечегин көрө билүүчүлүгү, чоң максатка өзүн-өзү жасоочулугу, чыгаандыгы десек жарашат. Анын

ордунда башка киши болсо финансист кызматын таштап коюп эч жакка жылмак эмес.

Жакшы киши бардык жерде, турмуш, тагдырдын кыйын кыстоо кыйдамында да ноюбай, өзүн бир калыпта алып жүрөт. Өмүрбек ушул кезге чейин ошол адегендеги жаш кездеги адебинен, ыйманынан, кагелестигинен, шайдоот жүргөнүнөн, бирөөгө жакшылык гана жасоо үчүн жаралгандай адамга камкордугунан тайган жок., көз алдыда эле өсүп, элин бир өзүндөй адамга ыраазы кылды. Тамашакөй, урунту келгенде кимди болбосун катуу тамашалайт. Сөз көтөрүмдүү, чычалай турган жерден да сөздү боюна сиңирип, тийишкен адамдын өзүн ызага калтырат. Атайын асылып, кырчаңгыланса, ага жооп бербей койсо, тиги эргул ого бетер жети өмүрү жерге кирип арданат да. Мага кандай учурум болсо да саламын жазган жок. Башыма мүшкүл түшүп жүргөндө да атайын көңүл буруп турган учуру эң кымбат адамымдай жүрөгүмдө. «Менин алгачкы жетекчим, кандайсыз?» – деп келет көчөдөн жайдары . Ыраазы болуп калам, кайрадан кайрылбаган кызматтык бийик чегимди бир эстеп.

Өмүрбек бүгүн райондун эле эмес, республиканын сыймыктуу адамы. Биз пендечилик кылбай, ага дайыма татыктуу мамиле жасашыбыз керек. Ал милдетибиз да. Өмүкедей элдик таанууга, чоң бактыга жеткендер райондо жашап, иштегендерден аз. Канча даңктуу, сыйлуу болсо да алар Өмүкедей калемгер эмес да. Аларды Өмүкедей бир журналист кыйындыгын көп болсо бир-эки жолу жазаар. А, биздин Өмүкенин бүтүндөй өмүрү, иши, жашоосу дайыма жазылып, элге тартууланып жатпайбы. Терең ой баткан, бир караганда оңой эместей ага ушундай өзгөчөлүктү, ушундай эл көзүндөгү артыкчылыкты Эгем атайын бериптир. Бул ак-талаалыктардын бактысы! Көп жашасын Өмүкебиз, ден-соолугу чың болсун!

*Зарлык Молдалиева,*
*жеке ишкер, юбилярдын финансист кезиндеги жетекчиси.*

## ГЕЗИТ ТАРЫХЫНДА БИРИНЧИ

Ак-Талаа райондук гезити 1940-жылы чыгып, анда баш-аягы 13 редактор иштеген. Өмүрбек он үчүнчүсү. Бул орунга 19 жыл редактордун орун басары, 8 жылы айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, эки жылы адабий кызматкер болуп туруп анан келди. Бир катар жылдар чогуу иштештик, партиянын доорунда. Күнбү, түнбү, командировка дегенде кылчактабай, эч шылтоосу жок кетүүчү. Келээр замат да материалды дароо жазып, жооптуу катчыга карматчу. Тез, сапаттуу, көркөм ой сиңирип жазуу жагынан өтө устат эле. Мен облустук гезиттин Ак-Талаа, Тогуз-Торо району боюнча өз кабарчысы, кийин райгезитте аны менен бирге, бөлүм башчылыгында эмгектендим. Кайсы жумуш тапшырылбасын, «жок» дегенин уккан эмесмин. Редактор эмнени тапшырса, ошол замат аткаргыча шашчу жана биз ойлогондон жогору деңгээлде жүзөгө ашыруучу. Коомдук тапшырмадан эле 15ке жакын жүгү бар эле. Кабагым-кашым дебей, жагымдуу мүнөзү менен эле дегеле кошумча тапшырмасы жок кишидей билдирбей, сездирбей, башкаларчылап кейип-кепчибей акырын эле бүткөрүүчү. Мекемеде партиялык уюмдун катчысы, «Сергектик» коомунун ыктыярдуу уюмунун райондук уюмунун төрагасы, гезиттин алдындагы «Үмүт оттору» адабий ийриминин жетекчиси, китеп сүйүүчүл, «Билим» коомунун ж.б. толгон-токой коомдук уюмдардын мүчөсү эле. Командирокада Жеңиштен келатып автобустан, Тоголок Молдо атындагы чарбага автобус менен отчеттук жыйынга баратып андан, Арпа жайлоосуна малчылардын жыйынына катышууга жөнөп, жолдо, бардыгы үч жолу жол кырсыгына учураганы эсимде. Андан мурдунун сол таноосуна, сол кашына түбөлүк тактар калган.

Гезит тарыхында 13 редакторлордон аны көптөгөн кызматкерлеринен газета жашап келаткан 67 жылда жалгыз Өмүрбек ардактуу наамга татыды. Бул район эле

эмес, облустун, жалпы эле маалымат каражаттарынын кызматкерлеринин республика боюнча сыймыгы. Кандай жакшы сөздөрдү айтсак да, кандай жогорку сыйларды ыйгарсак да Өмүрбекке жарашат. Анын 60 жылдык каармандыкка, табыгый таза талантка, чоң жигерге, адамдарга кызмат кылуунун көрүнүктүү үлгүсүнө, элге, коомго пайда алып келүүчү демилгеге толгон өмүр, жашоосу адамдарга өрнөк. Өмүрбектин журналисттик ишмердүүлүгүндөгү чынчылдык, калыстык, турмуштун өзүндөгүдөй жасалмасыз сүйлөгөн-турганы, мезгилден дайым озуп турган оперативдүүлүгү башкаларга чоң сабак, үлгүсү аларга кең келечек. Республикада, облуста аны менен ар кандай жыйындарда көп ирээт чогуу болдум. Топ жара, кырдаалга жараша сүйлөгөнү, элди өзүнө тартып турганы, эл каалаган, күткөн, бирок, өздөрү айта албаган, жүрөктөгү кептерди айтканы, ким болсо да аны таанып, имере тартып, ахвал сурап, урмат кылганы, кадырлаганы, бийик, сыйлуу адам экени көңүлүмдөн түбөлүк өчпөй калган. Ушундай бир сейрек жаралган талантуу адамга даамдаш, кесиптеш, мамилелеш болгондугума аябай сыймыктанамын. Үй-бүлөң менен элиңде түбөлүк бар бол, Өмүке! Эртеңибиз, бүгүнкү сенин жаратмандык эмгектериңди окуп, даана көрүп, бир коомдо бирге жашап турган бүгүнкү замандаштарың сени келечек күндөргө алтын тамгалар менен ысымыңды сөзсүз жазат! Сен түбөлүк бар адамсың!

*Ыманбек Курманалиев,*
*СССР Журналисттер Союзунун мүчөсү.*

## ЭМГЕГИ ЭЛДИК УУЛ

Чыгармачыл адамдын өмүрү, жашоосу, эмгеги эл көзүндө, эл сөзүндө. Антпегенде талант аталабы? Кимди эле ким билет. Элетте туруп эле тээ Бишкек, Ош, Талас, Ысык-Көл, Чүйдөн бери таанууга ээ болуу чоң бакты. Ал

бийик жана улуу адамдыгы, жазгандарынын элдүүлүгү үчүн калайык-калкка аттын кашкасындай билинүүдө. Биз буга өтө курсантпыс! Бир карасаң Өмүрбек жазбаган эч нерсе калбагандай сезилет. Аңгыча эле дагы бир эмгек үзүрү элге тартууланса, ал баштагысынан да кызык, окумдуу, ой толгон жаңылык болуп чыгат. Демек, иштеген ишинин майын чыгарган чыныгы талант. Ошондон улам акынды талбас дулдул дээр элем. Өз чыгармачылыгында ал аксакалдардын нускалуу оюн, көкүлдүүнүн көөнүн, кер мурутчандардын айрым өөнүн, ак элечек апалардын балага болгон мээрин өчпөс кылып жаратат. Тарых сабактары, өткөн-кеткендер анын үстөлүндөгү кагаздын бетинде. Майда, чоң нерселерди жазса да Өмүрбектин өзүнө гана таандык адамгерчилик уялаган стили сезилет. Фамилиясы жазылбай калса да «Өмүкеники экен» деп жазбай таап аласың.

Эмгеги салттуу, кылганы барктуу акындын юбилейи өзүнө, элине куттуу болсун!

*Бөлөкбай Алыкеев,*
*ардагер малчы, райондун ардактуу атуулу.*

## АГАБЫЗДАН ЭЛ ТУРМУШУН ОКУЙБУЗ

Райондун жүзү гезит, түшүнгөн адамга. Андан өзүбүздүн турмушту дайыма көрүп турабыз. Жергиликтүү газета 67 жылдан бери чыкса, Өмүрбек байкебиз анын туура 37 жылына өмүрүн, талантын арнап келүүдө. Басма сөздү эл күзгүсүнө айлантууда Ө. Дөлөевдин жеке салымы зор. Ал бактылуу адам. Дегеним, турмушка, жашоого көз караш, ар бир адамдын жан дүйнөсүн ачуусу, ырларындагы жан дүйнө ааламы бүт ачык, эл көзүндө жазылып калып жатпайбы! Айтылуу кесиптин, таалайлуу тагдырдын ээсинин ушинтип, бүт жашоосу эли менен бирге. Кут болсун дейли

*Жаныш Кожаалы уулу,*
*жеке ишкер.*

## «ҮМҮТ ОТУНАН» ЖЫЛЫНАБЫЗ

1982-жылдан бери райгезиттин астында «Үмүт оттору» адабий ийрими иштейт. 25 жыл аралыгында андан канчалаган жаш таланттар ак жол алды! Мен да Өмүрбек агайдын кеп-кеңеши, нускасы менен алгачкы ырымды «Айыл турмушуна» жарыялагамын. Мендей тушоосун кестирип, адабий айдыңга чыгууга далалаттанган ондогон уул-кыздарбыз бар. Баарыбыз тең агайыбызга милдеттүүбүз. Азыр Бишкектемин. Шаарда студенттерден, иштеп жүргөндөрдөн чыгармачылдар бир катар. Дайыма чогулуп, ыр окушуп, агай, анын жашоодогу орду, таланты, элдик эмгеги жөнүндө сыймыктануу менен ак дил сөз кылабыз. Шакирти, жолун улантуучу болгонубузга шерденебиз. «Биздин акын агайыбыз бар» деп, өзүбүзчө бардык жерде мен кыйынмын дегендерден жогору коюп, талант, эмгегин даңазалайбыз. Адам үчүн мындан өткөн таалай барбы? Агайдын аманчылыгын тилейбиз!

*Жыргалбек Апасов,*
*адабият талапкери.*

## ЖАШТАРДЫ СҮРӨӨГӨ АЛЫП, КӨТӨРҮҮДӨ

Өмүрбек ага качан болсо жаштар менен жаны бирге. Мектептердеги жолугушуулары, өткөргөн чыгармачылык кечелери аркылуу же башка ар кандай учурлар болобу, обончуларга, поэзияга, прозага шыктууларга айрыкча камкордук көрүп, «келечекте Ак-Талаанын алтын фондусу-таланттар» деп, ар убак какшанып, элге түшүндүрүп келет. Жаш таланттын өзүнө да «дегеле, адабият күйөрманы болуудан кол үзө көрбө, ар нерсени көркөм кабылдап, көркөм жашайсың» деп, келечекке системалуу үгүттөйт. Анын майнабы чыгып, азыр Ак-Талаадан көптөгөн журналисттер, Мирлан Самыйкожо сыяктуу чыгаан жаш акындар чыгууда. Агабыз алардын ар бирине кеп-кеңе-

шин айтып, тийиштүү жерлерге жолдомо бергени шексиз. Анын элдик бүткүл иштери басма сөз менен байланышкан. Өмүр, жашоо санжырасы гезитте. Кыйын кезең ушул убакта эрөлдөгү кыл чайнаган баатырдай гезитин каражат жок болсо да, жоктон бар кылып чыгарып жатышы эрдик. Болбосо, 1999-жылы гезит чыкпай токтоп калган. Дайыма баалоого татыктуу адамдын маарекесине ак дил куттук!

*Керимбек Молдалиев,*
*Баетов айылынын тургуну.*

## «ТАЛАНТ» ДЕГЕН АЖАРЫ-БИЛ, ЭЛИМДИН, «ТАЛАНТ» ДЕГЕН КҮЗГҮСҮ-БИЛ, ЖЕРИМДИН!

## АКЫНДАР-АКЫНДЫ ДАҢКТАШАТ!

(5-беттен)

**60 жашы кут деймин!**
Арышын кенен таштаган,
Абийирдүү жолду жактаган.
Теңирдей сыйлап адамды,
Тетири жакка баспаган.
Отуздагы жигиттей,
Шартылдап, иштен качпаган.
Карапайым, эң калыс,
Калк менен ишин баштаган.
Көөпайды көрүп, иренжип,
Көбүнчө ичтен аксаган.
Жылдыра сурап, көп билип,
Жылдарды жыйып, каттаган.
Бабасындай Байымбет,
Талантка элди шаттаган.
Эл-жеринин тарыхын,
Басса-турса тактаган.
Кейип бечараларга,
Кесирдин башын аттаган.

Кеби, сынын эч бузбай,
Келбетин дайым сактаган.
Бир келген куту жергенин,
Акын деп дайым аттанам.
Ак сүтү окшоп эненин,
Арамдын даамын татпаган.
Ак-Талаага бир келген,
Бакты деп ага шаттанам.
Өмүрбек байкем менен мен,
Кайда жүрсөм мактанам.
Кимге, кай жер болсо да,
Сыймыктанып, ат салам.

Жылкыдай жыйып акылды,
Жылкычы сөзгө, акылдуу.
Ким болсо барат дил төгүп,
Мээсине куят накылды.
Дадил сүйлөп, ой берип,
Данга айлантат такырды.
Калк менен бирден сүйлөшсө,
Кармаган табып тамырды.
Балага да чоңдордой,
Мамиле жасайт кадырлуу.
Төрт-түлүк жай-кыш жайылган,
Тоого окшойт тескей-адырлуу.
Сөз дыйканы аталып,
Ыр түшүмүн сапырды.
Миң ойду сапка батырып,
Бийикке элди чакырды.
Ак Мөөрдү суйкайтып,
Актыгын ачып, катырды.
Казыбекти тирилтип,
Кылымга даңкын ашырды.
Ак-Талаанын тарыхы,
Санжыра болду асылдуу.

Обондуу ыры, дастаны,
Обого чырак асылды.
Шыр жазды ырга айлантып,
Шырдакбек, Тайлак баатырды.
Алтын сөз менен эрдикти,
Ак баракка батырды.
Баатырды жазган баатыр да,
Билели ага татыырды.
Акын ага баатырдай,
Асыл дейли асылды.
Ыр менен күнду узатып,
Ыр менен таңды атырды.
Жакшылыкка бүтүндөй,
Ак тилек ойдон атылды.
Ыр жазбаган күн болбой,
Ыр кени үзбөй казылды.
Ак-Талаага перзенттен,
Карыга чейин жазылды.
Кумда алтындай билинбейт,
Бирок, жылдыз азыркы!
Билмексен болуп жүрү эли,
Жайлоодой талант жашылды.
Бийиктигин акындын,
Билгендер билбей жашырды.
Эгемендик доорунда,
Эми жолу ачылды.
Калыстык жасап өкүмөт,
Сыйлыгын берди катымдуу.
Калк жүрөктөн колдоду,
Демибиз эми басылды.
Ооматтуу акын агабыз,
Ой толгон бийик шах ырдуу!
«Алтымыш жашы кут!» – деймин,
Алтындай болгон акынды.

*Кубанычбек Сулайманов, мугалим.*

## ЖАШ ЭЛЕ БОЙДОН ЖҮРҮҢҮЗ

Таланттын кени Ак-Талаа,
Таланттар менен даңктана.
Таланттуу акын агабыз,
Талпынып чыгып баратат,
Алтымыш деген аскага.

Алтымыш асый Тайбуурул,
Кыргызга намыс алпереген.
Өмүкенин өчпөс эмгеги,
Өкмөттүк сыйлык алып келген.
Тоготпой басып өтүңүз,
Токсон деген ач белден.

Берээриңиз дагы көп,
Беттеген ишти бүтүрчү.
Күтүп жатат көп тема,
Күтүп жатат көп өмүр,
Эмгекчил талант күчүңдү.

Көз нур сизди кишендейт,
Келин-кыздар ишенбейт.
«Акын 60та» деп калса,
«Жап-жаш го» деп жүрүшөт.
Жаш эле бойдон жүрүңүз,
Жалындуу жүрөк дем барда!

*Курманбүбү Алтыбаева.*

## ТОЛУБАЙДАЙ САЯПКЕРСИЗ ТАЛАНТКА

Адамдарга Калкагардай бийиксиз,
Узун да эмес, кыска да эмес боюңуз.
Ала-Тоонун ак шумкары сыяктуу,
Акындыкта Алыкулдай оюңуз.

Жарыктөштөй дүйнөнү бүт суктанткан,
Жарыштардан алдыга озуп чыгасыз.
Ак-Талаанын Тайторусу сиз болуп,
Жетимишке сапар жолун бурасыз.

Адамдардан өзүңүзгө чогулган,
Алп Кошойдун ак батасы бар экен.
Куттуу болсун 60 жаш тоюңуз,
Кут төгүлгөн Ак-Талаада шаң экен.

Дагы далай калемдерди курчутуп,
Обончу, ырчы, калемгерди сүрөөчү.
Ар адамга шык, дем берип коштогон,
Ак-Талаанын чыгаан уулу бир өзү.
Тай, кунанын, бышты, асыйын чыгарган,
Толубайдай саяпкери-Сиз, өзү!

## ЖҮЗДӨН АРЫ АШЫҢЫЗ!

Куттуктап сиздин бул тойду,
Кубанып элиң, жалпыбыз.
Эми, чарчадым деп талыбай,
Ырлардан көп-көп жазыңыз

Ак Бакайдай өңдөнүп,
Узун жашка карыңыз.
Узак дастан көп жазып,
Токсон жашка барыңыз.

Табына келип чуркаган,
Тайбуурулдай талбаңыз.
Поэмадан көп жазып,
Поэзия туусун кармаңыз!

Жергени көрктөп ыр менен,
Жемиштүү өмүр сүрүп өт.
Өрнөктүү жашап турмушта,
Өмүрдү жүзгө түрүп өт!

*Бейшенаалы Ободоев,*
*музыкант.*

## 60 ЖАШ-АКЫН ҮЧҮН 30 ЖАШ!

Таланттын таасындарын берген жерим,
Талпынтып уул-кызга берет демин.
Өмүрбектей акынды таптап туру,
Акбоз атка аттанткан Ак-Талаа элим!

Өмүкемдин Акбоз аты канат байлап,
Албууттанып, ooздугун бербей чайнап.
Канчалаган эмгектин ээси болду,
Өрүшүндө ыр дүйнөнүн төрүн жайлап.

Байымбет, Шүкүрбектей таланттардын,
Шык, үмүтүнөн акын жаралганбы?
Акбоз аты 60тын ашуу-белин,
Аркалап, чыйырында бараткaнбы?

Аруулук, сулуулукту ырга байлап,
Сүйүүнүн дайрасында кайык айдап.
60 жыл ачуу-таттуу турмуш менен,
Акын келет ырларында кошо кайнап.

Хан Шырдак, эр Тайлактай мурастарды,
Ыр жасап, эл оозунда дастан кылды.
Ак-талаалык Ак Мөөрдөй периштенин,
Жүзүн ачты, кылымга даңктан сулуу!

Ак-Талаа өйүз-бүйүз эки канат,
Нарк-салттуу эң бир ыйык элден турат.

Эки өйүздүн Ак Суусар, Ак Калтары,
Акындын жан дүйнөсүн жердеп турат.

Ордолуу бийик жай жергебизден,
Сөз гүлүн Өмүрбектей ким терди экен?
Ашыктык дастандарын Өмүрбектей,
Кайсы акын бизге жазып берди экен?

Айтсак биз 60 жаш өмүр дайра,
Уч-кыйыры океанга кошулат да.
Жараткан так атындай өмүр берген,
Улуулук бүгүнкүдөн созулат да.

Эли үчүн Өмүкебиз дагы далай,
Сейрек ыр, дастандарын жазсын талбай.
Алтымыш акын үчүн отуз жаштай,
Токсондун өмүр даамын татсын балдай!

Болбосун ак жолунун кокусташы,
Туу болсун турмушунун осуйпасы.
Жөн адамдын отуз жаш курагындай,
Акындын алтымышы-отуз жашы!

*Сатарбек Каленов,*
*өнөрпоз.*

## АГАТАЙЫМ БҮГҮН ДА, ЭРТЕҢ КЫЛЫМДАРДА!

Акындар арасынан алыс карап,
Агамдын талантына таң беремин.
Чыгыптыр кутман курак алтымышка,
Сунайын куттук айткан ыр белегим.

Агатайым кара сөздүн мүнүшкери,
Алешем акындардын саяпкери.

Ар качан жолго салып, кеңеш берип,
Жашоодо турат дайым таап сени.

Жоргодой суу төгүлгүс, ыр нөшөрлүү,
Жомокто алчыланган аргымактай.
Агатай бүгүн да, эртең кылымдарда,
Асман-жер ортосунда каргымак шай!

Арзуусун жазып, арнады элге Ак Мөөрдү,
Чырайын ырдап, чыгарды журтка Соң-Көлдү.
Кыргызым баалап, ардактуу сыйын ыйгарып,
«Маданият ишмери» наамын оң көрдү.

Сыйлыкка сыйлык жана да сыймык уланып,
Тамчыдан дайра, дайрадан деңиз куралып.
Өзүнө, журтка өзгөчө тою кут болсун,
Кут болсун наамы, Өкмөттөн алган кубанып!

Агама Теңир көп өмүр берсин арыбас,
Жазбасын күүдөн калеми, өмүр талыбас.
Жазган ыр, дастан, поэма, кызык санжыра,
Ордолуу журттан олутун тапсын карыбас!

*Төркүн Жусупова.*

## ТҮШҮНСӨК, ЭРТЕҢ ЖОМОК ТАРЫХ СӨЗҮ

Калкыбыздын урматына бөлөнгөн,
Кызмат кылып эли менен жерине.
Эки кылым ортосунда эмгеги,
Кыл аркандай өмүрүндө кериле.

Үзүрүн көрчү мезгил мээнетинин,
Бактылуу жашоосунун урматында.
Дөөлөттүү жаш курагы коштоп алган,
Таланты өчпөй турган нур баасында.

Убакыт өтөт экен учкан куштай,
Өткөрөт көп адамдар аны тутпай.
Агабыз мезгилди бүт кишендеген,
Жан дүйнө сезиминде жанып куттай.

Турмушка, келечекке канык көзү,
Чыныгы адам, таланттуу, акыл өзү.
Бүгүнкү билинбеген бийик акын,
Түшүнсөк, эртең жомок, тарых сөзү!

*Медерина Бообекова,*
*Кара-Бүргөн айылы.*

## ИЙГИЛИКТЕР ЖЫЛООЛОСУН!

Абасы салкын, таза өрүшүнөн,
Миң түркүн катнаш чөптүү төр ичинен.
Ыр берметин, нарк-насил таап алдыңыз,
Ак Мөөрдөй суйкайган Көл ичинен.

Кимге болсо жарылдыңыз бир агынан,
Тарых жыйнап жаш кезден, тээ баарынан.
Өткөндөрдү жаш муундарга жеткирип,
Жер кыдырып, санжыра топтоп карыдан.

«Үмүт отун» жандырып жаштарына,
«Талант эмне?», киргизип баштарына.
Устат болуп аруулап таланттарды,
Келтирдиңиз байге алчу таптарына.

Төккөн терлер берди сизге үзүрүн,
Жыйнадыңыз музалардын түшүмүн.
Ар бир жылда даамын татып турдуңуз,
Жергемдеги жемиш мөмө үзүрүн.

Элдик уул, каалайм сизге узак өмүр,
Жүз жашаңыз, чөкпөсүн ачык көңүл.
Маарекеңиз ийгиликтер жылоолоп,
Сизге ыйгарсын көптөгөн бакыт төрүн!

*Гүлжан Турдуманбетова,*
*өнөрпоз.*

## КУБАНЫЧЫМ-КУТТУКТООМ!

Кылданып турган кыйладан,
Көроокатты жыйбаган.
Байды көрсө «баткакка
батты» деп, ичтен «ыйлаган».
Маараке байке кут болсун,
Сыйлоолор сизди «кыйнаган».
Алгы сөздү адамдан,
Алтындай кылып жыйнаган.

Ушак-айың, терс жакка,
Ууланбаган, туйбаган.
Ар-намысына элинин,
Аргымактай туйлаган.
Аялзаты аздектеп,
Ашык болгон кыйла жан.
Ак-Талаада жок го дейм,
Аялды сиздей сыйлаган.
Көрө албастар, ушакчы,
Наамыңызды угуп, кыйраган.
Кубанычым куттуктоом,
Жүрөгүмө сыйбаган.
Ак тилектин «аскерин»,
Сизге гана буйра алам.
Кызмат кылсын кылымдык,
Сиз дем, күчсүз, чыйралам!

*Зуура Жусупова,*
*медик.*

## СЫЙ ТУТУП СИЗДЕЙ ИНСАНДЫ

Калемди кармап ыр жазып,
Кыялдар менен сырдашып.
Ыраазы кылып укканды,
Ыр менен жүрөк туйлатып.
Аярлап басып келдиңиз,
Алтымыш деген кырды ашып.

Өкүмөт жактан ыйгарып,
Өөдөкү бийик сыйды алып.
Ташкындап турган талантка,
Таазим кылдык ынанып.
Толкундап келип турабыз,
Тоюңузга кубанып.

Тоголок Молдо, Тилектеш,
Талапташ өскөн айлыбыз.
Айнаш эжеге карата,
Эки айыл бирдей кайныңыз.
Кубанып бүгүн сиздерге,
Куттуктай турган чагыбыз.

Абыдан сыпаа жердиги,
Адамдык сапат белгилүү.
«Алтымыш жашта» дегенде,
«Апей!» – деп чочуп, ар кими.
40–50 жаштан нары жакка,
Кыя албайт окшойт кай бири.

Өмүке, сиздин чыгарма,
Өөрчүп улам нарылайт.
Өзгөчө сиздей чоң тлаант,
Өмүр бою талыбайт.
Алтымыш анча кыр эмес,
Акын киши карыбайт.

Сахнага жаңыраар,
Сандаган ырлар таанымал.
Экинчи кайра жаралып,
Оболой турган жагы бар.
Жакшы обон менен жандантты,
Жалил, Бейшенаалылар.

Элеси көзгө тартылып,
Эчакты баян камтылып.
Көп кайрылып тарыхка,
Көлөмдүү ырлар жазылып.
Шырдакбек, Ак Мөөр сыяктуу,
Дастандар журөт айтылып.

Жаш кезден иштеп келесиз,
Жакындап чейрек кылымга.
Чыгышы татаал гезиттин,
Чыгымы оор чынында.
Баетов-Бишкек жолунда,
Сиздей,
Байма-бай катташ кыйын да.

Кут болсун ушул алтымыш,
Кубаныч сыйга балкыңыз.
Акын, журналист болуп,
Алыска кетти даңкыңыз.
Ак бата берип турабыз,
Ага-тууган жалпыбыз.

Сый тутуп сиздей инсанды,
Сыймыктанаар кезибиз.
Орошон талант чыңалып,
Оргуштап турган кезиңиз.
Том болуп жазган китептер,
Токсонго, жүзгө жетиңиз!

*Кармышбек Окелов. 13. 09. 2007.*

Түкөмкүндөй алтын баштуу бологөр,
Толук чыгып, 89, токсонго.
Ак-Талаада айтып жүрчү той болсун,
Ат көтөргүс токсон жашты тоскондо.

Ыр жазганда терип-тепчип эптебе,
Ырларыңды кеп жыгачка кептебе.
Ыр жазганда таза жана так жазгын,
Ыроолорду, чоң кызматты эстебе.

Ата Журттун актап сүтүн жүрө бер,
Арык аттап, кечип ылай сууларын.
Ар намыстуу, күчтүү, таамай жазылсын,
Арыкчырай, сулуучумак ырларың!

## ТОЮҢУЗ МЕНЕН!

Сиз жазган ырды көп окуйм,
Элеттик элге жакынсыз.
Халтурьшик эмес, кап курсак,
Хорошо жазган акынсыз

Нормасын билип турмуштун,
Формасын кийген акын сиз.
Формальный ырга шашпаган,
Нормальный жазган акынсыз.

Бирөөгө кылбас жакшылык,
Вредний адам эмессиз.
Өз курсак камын ойлогон,
Средний адам эмессиз.

Сакалдуу акын болдуңуз,
Алтымыш жашта бакыйган.

Жогорку наамдын ээлери,
Жооптуу акынсыз лакыйган.

Подарка менден бир улак,
Посмотриш тыбыттуу.
Потому что ар дайым,
Чыгармаң болсун угуттуу.

Дорогой акын Омурбек,
Добро өтсүн тоюңуз.
Долгий өмүр каалаймын,
Досвидание болуңуз.

## «АК КАЛТАР» ДАСТАНЫНА АЗИЛ

Табы келген алгыр бүркүт өңдөнүп,
Талантыңыз ойду-тоону аңтарды.
Теңир-Тоону тинтип жүрүп кармадың,
«Кызыл китеп» ичиндеги калтарды.

Ооздон ары ок жесе да жалкпаган,
Асанакун Боталиев билбесин.
Ак калтарды аңдып жүрүп кармаган,
«Браконьер Дөлөев!» – деп жүрбөсүн.

«Ак калтарды алгансың, – деп, мыйзамсыз»,
Асанакун протокол толтурат.
Андан кийин айып салып, «төлө» дейт,
Анысы чын, сот, прокурор олтурат.

Ырың менен суусар, калтар, ителги,
Ак куу кармап, тоо-таштарды жердей бер,
Алтымышты шылтоо кылбай түрүнүп,
Күндөп-түндөп эмгектенип, тердей бер!

*Мукамбетжусуп Сыдыков.*
*14. 09. 2007.*

## ДӨӨЛӨТТҮҮ БОЛУП ӨМҮР СҮР!

Алтымыш жаштык тоюңуз,
Бийиктеди оюңуз.
Узун өмүр, бак-таалай,
Ден-соолукта болуңуз.
Коңорчоктон созулуп,
Өлкөгө кетти жолуңуз.

Көк деңиздей мүнөзүң,
Дайыма токтоо жүрөсүң.
Туу кармаган баатырдай,
Туулдуң сейрек бир өзүң.
Эмгегиң элге таанылды,
Ыр менен өмүр сүрөсүң.

Букениң жакшы жар эле,
Буулуккан ойго шаң эле.
Айнаш да сени гүлдөтүп,
Асмандатты дагы эле.
Аялдан улам бак айткан,
Бул эр жигиттин багы эле.

Айнашың сага көңүл гүл,
Аймакта жылдыз көрүндүң.
Ааламдык ырларың менен,
Ак жаан болуп төгүлдүң.
Балдарың менен бактылуу,
Дөөлөттүү болуп өмүр сүр!

*Тилек Тентиева. 15. 09. 2007.*

# КҮЛҮК СЫМАЛ КҮҮСҮ ЖАНБАС ДЕГЕЛЕ

Мактаганда болбос сени кызылдай,
Мактасам да болмок байдын кызындай.
Кылганыңды айтпасам да эл билет,
Келатасың басыгыңдан бузулбай.
Барсаң дагы алтымышка мынакей,
Басыгың да жаш кездеги учурдай.

Сенин элге, журтка кылган эмгегиң,
Санай алгыс чыгармачыл бергениң.
Басма сөзгө макалаңды жайнатып,
Күн-түн дебей, күйүп-бышып, «эл» дедиң.
Күлүк сымал күүсү жанбас дегеле,
Күнү мына, алтымышка келгениң.

Өжөрлөнө калемиңди кармадың,
Өмүрүңдү гезитиңе арнадың.
Кажарлуусуң, канткен менен Өмүке,
Келе жаткан басыгыңдан жанбадың.
Алмончоктой кезде келип гезитке,
Алтымышка чыкканыңча танбадың.

Поэзия жүгүн тынбай көтөрдүң,
Улуу жолдун уулу болуп төшөлдүң.
Акын болуп эл-журтуңа таанылып,
Ал ансайын алып-учуп көшөрдүң.
Ал аңгыча келип калган экен да.
Алтымыштын айылына жетээр күн.

Алтымыш жаш! Куттуу болсун курагың,
Акын курбум, куттук айтып турамын.
Алтымыш жаш эркектерге кеп бекен,
Азыр сенин чуркай турган убагың.
Бере турган чыгармаң көп калкыңа,
Бер Өмүке, ошол сенден сураарым!

***Сагынбай Оруналиев,  акын.***

## ТИЛЕГИМ

Чырпык сайдым, көкөлөп өссө экен,
Чымчык сайрап, ар бирине консо экен.
Оюм күлүк, куюндай миң толгонот,
Удургуп тилегине жетсе экен.

Ыр жаздым, китеп бети толсо экен,
Чоң акындын элегинен өтсө экен.
Элим да чыгармама баасын берип,
Мени Өмүрбек агабыздай көрсө экен.

Чырпык сайдым, көкөлөп сөзсүз өсөт,
Бүрүн байлап, саялап, тез көрктөнөт.
Акындын сүрөөсүндө, кеңешинде,
Көрөсүң, ар сөзүмдү эл жөндөшөт.

Буюрса, ырым элге тегиз жагат,
Чоң акындын элегинде суудай агат.
Элим сүйсө акын ага Өмүрбектей,
Акыры акын деген атты тагат.

*Улукбек Жапаракунов,*
*10-класстын окуучусу.*

*Өзү 2007-жылга чейин 37 жыл иштеген «Айыл турмушу» газетасы анын юбилейине сентябрь айындагы №11-12 (7086-7087) санын арнаган.*

## ЖЕРИ АЙТЫЛАТ ЭРЛЕР ДАҢКЫ ЧЫККАНДА, ЖЕРГЕМ ТОЛСУН КҮНДӨ ЖАКШЫЛЫКТАРГА!

(1-беттен)

## КУТТУКТООЛОР КУШ БОЛСУН, ЮБИЛЯРГА КУТ КОНСУН!

## КУТТУКТООЛОРДОН

Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!

Сиздин 60 жашка толгон кутман курагыңыз менен куттуктайбыз! Бул юбилей районубуздагы эл-журтубуздун эсинде калаарлык чоң окуя. Сиздин райондук газетада 37 жыл бою үзгүлтүксүз иштеп келгениңиздин өзү эле сиздин ким экениңизди айтып берет десек болот.

Газета-элдин күзгүсү. Ага сиздин өмүрүңүздүн бүткүл күч-кубаты, жүрөк жалыны, таамай талантыңыз арналган. Райондун кайсы гана тармагы болбосун сиздин бараандуу үлүшүңүз бар. Элиңизди, жериңизди сүйгөндүгүңүз, элиңиздин сизди сүйгөндүгү дайыма айкалышат. Ошондуктан сиз облуска, республикага таанымал адамсыз, нукура талантсыз. Коллегия мүчөсү катары райондун бардык маселелерин чечүүдө ар убак алымдуу пикириңиз бар. Башкысы-эмгегиңиз элде! Бул – адам үчүн бакыт! Эмгек сиңирген ардагер катары бардык жакшылыктарыңыз кут болсун! Сизге дөөлөттүү карылык, талбаган эмгек, дагы-дагы жаркын ийгиликтерди каалайбыз!

***А. О. Кулматов,***
*Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким.*
***Б. А. Үтүров,***
*райКеңештин төрагасы.*

**УРМАТТУУ ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВИЧ!**

Эли-журтуңуз менен бирдикте белгиленип жаткан дөөлөттүү 60 жылдык маарекеңиз куттуу болсун! Сиз 37 жылдан бери басма сөз майданында системалуу, талбай эмгектенип, калем кайраткери аталдыңыз. Элет жеринде жашап, иштеп, кыргыз журналистикасынын өнүгүшүнө өз салымыңызды коштуңуз. КР Журналисттер коомунун башкармасынын көп жылдардан берки мүчөсү катары ишмердүүлүгүңүз, анын конкурстарынын жеңүүчүсү катары талантыңыз, басма сөз жоокери катары сизди жумурай журтка кеңири тааныткан. Сиздей кадырман маданият ишмери менен ар дайым журналисттер сыймыктуу.

Чың ден-соолукта, үй-бүлөңүз менен узак өмүр сүрүңүз. Калемиңиз мокобой, каарман жолуңуз улам бийикке улана берсин!

Сизди аздек урматтоо менен КР Журналисттер Союзунун төрагасы **А. Д. Султанбаев.**

**УРМАТТУУ ӨМҮКЕ!**

Элет жеринде сейрек белгиленүүчү 60 жылдыгың менен чын пейилден кызуу куттуктап, ак тилек кошомун! Эли-журтуң менен эсен болуп, бакубат өмүр сүрүшүңдү тилейм. Сенин юбилейиң бүтүндөй ак-талаалыктардын тою. Ошондуктан, сен аркылуу бардык жердештериңди куттуктап, жакшылыктарды каалаймын!

Ак дилимден колуңду бек кысып, Токтогул райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким **Дастанбек Бердиев.**

**УРМАТТУУ ЮБИЛЯР!**

Калемиңиз такшалып, кадырман журтуңуздун сыймыгына айланган мезгилде маарекеңиздин өтүшү ого бетер зобололуу. Бул окуя журналист, жазуучу эле эмес, сиз университетти бүтүп жатканда мамлекеттик комиссиянын төрагасы болгон мен үчүн да сыймыктуу. Адабиятта, ма-

даниятта, журналистикада чоң орду бар сиз үчүн өзүңүзгө татыктуу таамай сөздөр керек. Дыңы али бузула элек ал осуйпа биз сыяктуу сизди терең билген сөз ээлерине таандык деп ойлоймун. Ак дилиңиз, эң бийик адамгерчилигиңиз бардыгына үлгү. Маарекеңизге ийгилик!

*Сатыбалды Бакенов,*
*республикалык «Жеткинчек» газетасынын редактору.*

**Урматтуу Өмүрбек мырза!**

Редакция жамааты облустун журналисттеринин сыймыгына айланган облустук гезиттин Ак-Талаа району боюнча өз кабарчысын, таланттуу акынын, бийик адамды-сизди ак дилден юбилейи менен куттуктайт. Канаттуу куштай улам жогорулаган кадыр-баркыңыз, адамдык нарктуу паразатыңыз жаштарга өрнөк. Чың ден-соолукта болуп, үй-бүлөңүз менен жашоонун жаркын төрүнүн куттуу ээси болуп жүрө бериңиз!

***Облустук «Теңир-Тоо» гезитинин жамааты.***

**Урматтуу Өмүрбек кесиптеш!**

Сени 60 жылдыгың – республиканын райондорунда болуучу сейрек окуя. Буга ар бирибиз сыймыктанабыз. Ардактуу наам алганда андан бетер төбө көккө жеткен. Тойдогу бардык жакшы санаалаштардан ак дил куттуктоолор, ак тилек каалоолор сага кабыл болсун! Биз сени мененбиз. Бар бол!

***Токтогул райондук гезитинин редакциясы.***

**Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!**

Жергенин жана окурмандардын атынан куттук айтабыз! Сиз ак эмгегиңиз менен чөлкөмдөгү тарыхый инсан болуп калдыңыз. Акындык, журналисттик кош канатыңыз сизди дагы жаңы ийгилик, жакшылык чектерине жеткирсин. Ылайым калемиңиз мокобосун! Юбилейиңизге ийгилик каалайбыз!

***Ат-Башы райондук гезитинин редакция жамааты.***

## МААРАКЕ МААНИСИ АРТЫЛСЫН!

Демейде, эл-журтка анча-мынча тааныла баштаган таланттар чыгармачыл чыйырын борбордон такшалтууга умтулаары маалым. Ал эми өмүрүнүн алтымышынчы ашуусунда өзүнүн Ак-Талаа эли, жери менен бирге маарекесин маданий негизде өткөрүп жаткан Өмүрбек аксакалдай инсандар азыркы кыргыз адабиятында саналуу десек жаңылбайбыз.

Өмүрбек аганын акындык дараметин адабий иликтөөчүлөр эми гана жөндүү, толук айта баштагандай. Бирок, өзү пириндей санаган Ата Журттун акыны Алыкулга арнаган ырларында омоктуу ойлор камтылганы ырас.

Ала-Тоонун алыскы койнундагы айылында жашаса да, жамы кыргыздын руханий ураанына ургаалдуу салымын кошуп келаткан замандаш калемдешибизге чың ден-соолук, ийкемдүү илхам жана узун өмүр, ачык көңүл каалайбыз!

*Памирбек Казыбаев,*
*Алыкул сыйлыгынын лауреаты, «Учкун» ААК редактору.*

**Назар Мусулимов**

## ЖЕРДЕШИБИЗ ЖЕЛЕКТЕЙ БААРЫБЫЗГА!
(3-беттен)

### 1. Жылкычынын уулу

Тагдыр, турмуш жолу менен атактуу Шырдакабек хандын ордосуна-Чолок-Кайың айылына эки ирет барып иштөө буйругун тартуулады. Коңорчок, Чолок-Кайың айылдарынын аралыгы 6 чакырым, ат менен, жөө, автоунаа менен барып-келип, эки кыштак эли эзелтеден үзбөй катташып турушат. Алгач, Бишкектен эки жылдык пединституттун физика-математика факультетин бүтүп келип аталган хан Шырдактын чебинин жанындагы айылдагы

Осоавиахим 7 жылдык мектебинде 1950–1951-жылдары педагогдук ишмердигимди баштадым. Кийин Пржевальскидеги педагогикалык институтту кызыл диплом менен аяктап келип, жубайым Турсунбүбү Садыкова экөөбүз тең мурдагы Осоавиахим, биз баргандагы № 1 Ленин атындагы орто мектебинде 1958–1961-жылдары мен окуу бөлүмүнүн башчысы, жубайым Турсунбүбү кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалим, ыр-хор адабий кружогунун жетекчиси болуп иштеп калдык. Турсунбүбү эмгек жолун 1958-жылдын сентябрь айынан ошол мектепте (Жеңиш, Коңорчок, Чолок-Кайың айылдарынын окуучулары окуучу) баштап, 1961-жылдын август айына чейин ал жерде жашадык. 1958-жылы мен 28, Турсунбүбү 23 жашта эле. Биз -Өмүрбек Дөлөевди 5-класстан тартып, 7-классты бүткүчө окутуп, билип калдык. Чыныбызды айтсак, бул жигит биздин жүрөккө эң жакын, сырдаш, сыйлаш, сыр билги, жөн билги, окуучу-мугалимдин абдан терең түшүнүктөгү, ал күндөрдөн ушул кезге чейин бул сезимдер жаркырап бизде жашаган, бири-бирибиздин турмуш, кызмат, тагдыр, өмүр, адамдык жайыбызды чукултадан билген адамдарбыз. Ал 1964–1965-окуу жылында №1 Ленин атындагы орто мектептин 11-классын бүттү. Шофёрлук курстан Нарындан окуп келип, 1966–1967-жылдары «Кыргыз айыл чарба техникасынын» Ак-Талаа райондук өндүрүштүк бирикмесинде шофёр болуп иштеди. 1967–1970-жылдары финасы-экономикалык техникумунун бюджеттик бөлүмүн бүтүп келип, райондук финансы бөлүмүндө киреше боюнча инспектор болуп иштеп туруп, 1970-жылдын декабрында райондук «Колхоз эмгеги» газетасына партиянын райкомунун сунушу менен, редакциянын чакыруусу менен, ал кезде университеттин филология факультетинин күндүзгү бөлүмүн бүтүп келип иштеп, анан комсомолдун райкомуна которулган Асылбек Алашовдун ордуна келди. Ошондон бери Баетов айылында жашайбыз. Турсунбүбү экөөбүз да 1966-жыл-

дан бери ушул баштагы Дөрбөлжүн, азыркы Баетовдун тургунубуз. Өмүрбек менен ар кандай учурда, ар кайсы жерде, кабинетинде, менин кабинетимде, мектепте, Бишкекте ж.б. айылдарда жыйындарда, той-тороло дегендей дасмал үстүндөбү, көп маектешип, ал жөнүндө терең, кенен-кесири билебиз. Ата-энесин көрүп-билип, сүйлөшүп, алар тууралуу элден угуп, Өмүрбек жөнүндө башка элден, талант ээлеринен, республикага төбөсү көрүнгөн адамдардан, жетекчилерден, карапайым, жөнөкөй кишилерден жагымдуу, ага суктанган, суктандырган, бизди сыймыктандырган сөздөрдү көп эшиттик. Ал өмүр кыртышына, өнөбоюна чоң адамгерчилик, чоң талант, чоң жөнөкөйлүк, чоң кичипейилдик, баладай тазалык сыйган, өз балабыздай көргөн жана дайыма сүйгөн окуучубуз жөнүндө жүрөктө болгон кубаныч сөзүбүздү жетине албай ар кылдап айтууга чыгындык. Бул сезим биздин көөдөнүбүзгө сыйбай, ээ-жаа бербей бир толкуп турган пикирлер эле. Ошон үчүн өмүр баянын тизмелебей, ал жөнүндө эмне билип, ой токтотсок, ошону гана айтууну максат кылдык. Мен буга чейин мынчалык чоң макалага анча диттенбегемин. Бирок, Өмүрбек тууралуу ойлорумду анын кечесинде да (11.09.1993-ж. ) газетага бергемин. Ал жөнүндө менин айтаар сөзүм бышкан эле десем да болот. Бул кеңири баяндалган макалабызда акын-журналисттин көп жылдардан бери өзү менен сүйлөшүлүп, топтолуп, улам толукталып, «акыры сөзсүз жазам» деп жүргөн максатым эле. Ал гана эмес, Ак-Талаанын Өмүрбек сыяктуу залкарларынын өмүр, ишмердик жолдорун алымдын жетишинче жазуу үмүтүм да бар эле. Демек, акын-журналист тууралуу бул жазмам, мүмкүн келечек ойлорумду жүзөгө ашырууга көнүгүү болуп калаар. Аны мезгил көрсөтөөр.

**2. Аккан арыктан суу агат**

Бабалар байыртадан бекер сөз айтышпагандыр. Өмүрбектин чоң атасы Акымбек чоң философ, акылман, баа-

рын тең караган адам болуптур. «Акымбектин чийими» деген накыл сөз элге тарап кеткен. Ал аксакалдар менен дөбөдө кымыз ичишип, баарлашып олтуруп, «байыйм» деген бирөөгө, жерге бир кичине, бир чоң тегерек чийим чийип, «баары сенин эмгегиңде, аракетиңде, төккөн маңдай териңде, анан жазмышка жараша болот. Теңир сага момундай чийген (кичине чийим), мисалы мага момундай чийген (чоң чийим), чийимден эч ким чыга албайт, баарыбыз чийимге жараша болобуз!»— деп элдин көзүнчө көрсөтөт. Айткандай эле баюучунун ошол жылы байытмак болгон 9 ургаачы торпогу Көк-Сайдын Уу-Жабыр деген жеринде, жаанда кырылып калат. Ошондон кийин «Акымбектин чийими» элге тарап кеткен. Акымбек өлөөрүндө таптаза туруп эле, уландарын чакыртып (1928-жылы, апрелде, 85 жашында) «кош бүттүбү?» деп сурап, «бүттү» дешкенде, аксарбашыл чоң иригин сойдуруп, этин казанга салдырып, ал бышкыча, балдарына келечеги жөнүндө так божомолун айтат, керээзи, коштошуусу катары. Эт даяр болгондо кошуна-колоңун, тели-теңтушун чакыртып, тамак желип бүткөндө «ыраазылык» сурап, өзү ыраазылыгын билдирип, жарыкчылыктан кетээрин айткан. Баары ишенген эмес. Бата кылышып, эл кеткенде «башыма жаздык койгула?» -деп өтүнгөн да, жаздык коёру менен сүзүлгөн. Кичүү уулу Дөлө үйдө эми эле чыккан Окей молдо эшигинин алдына жеткенде чакырып келип, ыманын айттырган. Балдарына айткан мүнөздөмөлөрү, келечек турмуштары кийин так Акымбек айткандай келген. Ал орто бай болуп, жалчы жалдабаган, балдары менен гана өз оокатын өзү жасап, эч кимге көз каранды болбогон. Кандан-бектен кайра тартпай, оюн кимге болсо да ачык айтып, көзү өткөнчө эркин, калыс, так жашап өткөн. Маманазар бий дайым аны кеңешчи кылып, сөзүн уккан, кеңешип иш кылган. Акымбек жарды-жалчыга карамдуу, боорукер, колу ачык, берешен, элден эч качан жардамын аябаган. Байларды кулакка

тартканда, Акымбекти да сурап, Дөрбөлжүнгө алып келгенде, аны уккан он чакты жардылар артынан келип, Акымбектин чыныгы элдик адам экендигин кан-какшап айтышып, биротоло куткарып кетишкен. Өмүрбекте чоң атасынын нарк-нускасы канында бар деп ойлойбуз.

**3. Ардактуулук атадан, эркин өскөндүк энеден**

Мен Чолок-Кайыңга адеп барганда Дөлө аке (1900-жылы туулган) 50дө, кийинкиде 58 жашында же азыркы Өмүрбектин курагында эле. Карапайым, өтө кара мээнет, адамга эч жамандык санабаган, оокатка бүйрө, бирөөгө жардамын аябаган, өтө жөнөкөй, жерге жакын, мандай тери дегеле кургабаган, боз үй жасаган, казан түптөп, капкан чаап, даярдап, темир, жыгач уста, ат таптаган саяпкер, аябагандай эмгекчил киши эле. 25 жыл суу сугарган, 8 жылы жылкы, 4 жылы уй, 3 жыл кой баккан. «Эмгеги сиңген колхозчу» наамын алган. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалын 1942-жылы көкүрөгүнө тагынган. «Жеңиштин 30 жылдыгы» юбилейлик медалын райондук чоң жыйында биринчилерден болуп алган. «Эмгек ветераны» медалы да тапшырылган. Үй-бүлөгө өтө карамдуу, бүлөөкерлиги менен айырмаланган.

Тагдыр, турмушунда өөдө-төмөн көп кездешкен. 1932-жылы кыз алган жары Кадича төрөттөн көз жумган. Балдары: Жумабү 4, Бурулбү 3, Турдубек 2, Медербү таякеси Жапардын колунда, балдар энеден жетим калган. Замандын оош-кыйыш мезгили, коллективдештирүүнүн, колхоздоштуруунун учуру эмгекчил Дөлөгө оңой жүктү жүктөгөн эмес. Наристелерин итче тиштеп баккан. Балдарга ылайкабыл келбей, 9 катын алган. Улам бирин алып, чүрпөлөрүнө ыкташпагандыктан, кетире берген. Анын үстүнө жерден боюн араң көтөргөн балдарына кандай аял чыдайт? Согуштун да кыйын мезгили кирип келген. Жумушчу батальонуна Комсомольск–на Амуреге барып, ооруп келген. Жокчулук. Нарын районунун айылдарын кыдырып, казан түптөп, устачылык

кылып, элдин оор жумуштарын түндөп да болсо жасап берип, болоор-болбос эмгек акысын алып, балапаны уядагы куштай балдарына улам бирдеме таап келип, аларды өлтүрбөй баккан.

Аялсыз үй-үй эмес. Согуш бүткөндө эл-журт, ага-туугандар чогулуп келишип, келини Сейнеге баш байлашкан. Дөлө менен Бабыгул бир тууган. Бабыгулдун уулу Бекиштин аялы Сейне. Бабыгул улуусу, Дөлө кичүүсү, Сейненин кайнатасындай чоң кайнагасы. Сейне 1917-жылы туулган. Бекиш Коңорчоктон чыккан алгачкы активдин бири. Кулубай, Канчоро, Жыргалбек, Кырбаш, Нияздар менен бир катарда турган, тели-теңтуш, жердеш, чыгаан азамат болгон. Согушка кетип кайтпай калган. Жалгыз уулу Токтоболот да бир көзүн бычак менен чукуп алып, сокур болуп, кичүү кызы Ырысбү да чарчап калган. Кара кийип карайлаган келин, баштагы оор мүшкүлдү жеңилдетүүгө, тагдыр башка салганын көрүүгө белсенген да, башта өйдө карабаган кайнагасына элдин батасы, сунушу менен башын түбөлүк байлаган.

Сейне Ат-Башынын Келтебик (Пограничник колхозу) деген жеринде, Черик Жумакадыр (Чот) байдын үй-бүлөсүндө туулган. 1931-жылы, 15тен 16га караганда Коңорчокко келин болуп келген. Бекиш 1910-жылы туулган. 1941-жылы аскерге чакырылып, 1943-жылы, 10-августта жараатынан каза болгон. Сөөгү Курск областынын Михайлов районундагы Андреевский посёлогуна коюлган. Бекиштен Сейне 2 уул, 3 кыз төрөп, ошол 5 баласынын төртөө чарчап калган. Токтоболот гана колунда болгон.

1946-жылы Дөлөгө баш кошкон. 1947-жылы, 15-сентябрда, экөөнүн турмуш, тагдырлары бир карарып, бир агарганда, асман менен жердей мамиле түзүүгө айырмачылыктар болсо да, кудайдын салганын көрүшүң данакер болуп, Өмүрбек төрөлгөн. Бул убакта Дөлөнүн мурдагы аялынан балдары: Жумабү 18, Бурулбү 17, Турдубек 16, Медербү 14 жашка чыгып калышкан.

Сейне ак сөөк, жүйөөкеч, алпейим, адамга жагымдуу, мүнөзү жибектей жумшак, адамды терең баалаган, түшүнгөн, өзүн кырдаалга жараша алып жүргөн, кармай билген, адам менен кандай учур болбосун тил табышкан, абысын-ажынына алымдуу, элге сүйкүмдүү, суйсалган сулуу, келбеттүү, сөзү орундуу, иши айтымдуу, акылдуу, жаштайынан көптү билип, көптү көргөн, жамандык-жакшылыкка бышкан мыкты мырзайым эле. Бийик адамгерчилиги, жайыл дасторкону элге үлгү катары таанылган. Эркек бир туугандары бүт «Байдын балдары» көрнөгү менен кулакка тартылып, Кытайга качып, каза болушкан. Жети бир туугандын балдарынан үч кыз гана калган. Алардын тукумдары Коңорчок, Чолок-Кайың айылдарында жана Ат-Башы районунда.

Сейне менен Дөлө баш кошкондо экөөн тең турмуш кысып, санаа белчеден басып, астын көрө алышпай кыйналып, «Кандай болуп кетет?» – деген суроого жооп таба алышпай, чайналып жашашкан. Эл-журт да кеп кылбай коёбу, тели-теңтуш, абысын дегендер ар кандай бузуку кептерди да дайыма агытышат эмеспи. Боюнда бар кезинде да ушундай чоң тоскоолдуктар, азаптуу күндөр коштогон. Бирок, Сейне аман-эсен көз жарууну эңсебей койгон эмес. Токтоболотко ини же карындаш төрөп берүү үмүтүнө балкып, жетеленген. Уулу төрөлөөрү менен бүлөнүн жүзү, турмушу жаркыган, үмүт оту алоолонгон, келечекке ишеним жүктөлгөн. Экөөнүн ынтымагы, бири-бирине эрди-катындык чыныгы сезимдер Өмүрбек менен жуурулуша баштаган. Атын да бекеринен Өмүрбек койбогон. «Данакерибиз» деп, ушунчалык сүйүү менен бапестешкен.

Мазар-Акымбек жердеген, анын атасы Намаз да билген, көргөн жер, өнүп-өскөн, Дөлө төрөлгөн ыйык жер. Атына жараша касиеттүү өрөөн. Өмүрбек Сейне сары убайым, санаа тартып жүрүп, кайгы жутуп жүрүп төрөлгөн бала болгондуктан, ичтен итий болуп түшкөн. Дөлө уулун

эмдетиш үчүн Мазардан Сүттү-Булакка 10 чакырымдай жерге эки этегин кайрып алып, жөө көтөрүп, Мейманбай молдого күнүгө алып барып турган. Анан Дөлө жылкычы болуп, уулу Өмүрбек жакшы оңолуп, жерден боюн көтөрүп, артынан уул-кыздарды ээрчитип келе баштап, ак жолтой, турмушка туу, бекем ынтымактын, жакшы жашоонун данакери аталып, экөөнүн-үй-бүлөнүн чексиз сүйүүсүнө айланган. Сейне Бекиштен 5ти төрөп, бирөө калып, Дөлөдөн 12ни төрөп, алтоо чарчап калган. Аман калганы-Өмүрбек, Саадаткан, Өмүраалы (15 жашында, 1965-жылы авариядан каза болгон), Өмүркожо, Сакмали, Жүзүмкан. Баш-аягы 17 жолу көз жарган.

Дөлөдө жанда жок баласаактык менен болушчаактык дайыма өкүм сүргөн. Уулуна кийбегенди алдарына жараша кийгизип, ичпегенди ичирип, өтө эрке, өтө эркин өстүрүшкөн. Эл Дөлө менен Сейненин кадырынан, «бир карарып, бир агарганда көргөн бактысы» деп эсептешип, алардын уулунун да ой-боюнча болуусуна кабагым-кашым дебеген, кымыз ичкени келген активи, башка сый адамбы, камчы менен башка-көзгө чаап жиберген, дагыдагы укмуш жоруктарды жасаган учурлары, чендеn чыккан бейбаштыгы өтө эле көп болгон. Бир жолу Баярда Борсунбай деген койчунун уулу короонун оозунда кой тосуп турса, эртең менен тура калган Өмүрбек анын жанына чуркап барып, тизесине жаба сийип ийген. Ачуусу келген улан шапалак менен анын жылаңач куйругуна тартып алган. Этине шапалак тамга боло түшкөн, чыңырып-чычып ыйлаган баласына Дөлө чуркап жеткен. Тигил баланын атасы да келип калган. «Сенин уулуңдан, менин уулумдан кетти» дешкен жылкычы менен койчу мушташа кетишкен. Чулу денелүү, карылуу, анда-санда балбанга түшө коюп жүргөн алыбеттүү Дөлө Борсунбайды көтөрүп чапкан. Алдында жаткан, алы жете бербеген кошунасы Дөлөнүн каруусунан бекем тиштеп алган. Курч кой тиштин асты-үстү төрттөн 8 тиши булчуңга кирип

кеткен. Бул так Дөлө өлөөр-өлгөнчө денесинде уулунун бала кезинин, бейбаштыгынын эстелиги болуп калган. Дагы бир жолу Өмүрбек 3 жашында, атасы үйдө балка-чоту менен узанып атса, жанында ойноп турган уулу балка менен атасын чекеге уруп жиберет. Маңдайы жарылып, каны шоргологон Дөлө уулун жок дегенде бир чаап койбогон. Анын тагы да тырык болуп, өмүр бою сакталган. Уулун 3 жашында жорго тайга айырмач токуп мингизип, салт боюнча Артыкбай чоң атасыныкына уулу ат мингенин билгизип, шарты менен атайын түшүргөн. Ошондон баштап атасы аны айырмачына отургузуп коюп, тайын жетелеп алып өзү менен бирге алып жүргөн. Өмүрбек кулун-тай менен бирге өскөн. Жайда атасы жылкы айдап келгенде, ай туяктардын дүбүртүнөн ойгонгон уулу атасын утурлап, жылаңач чуркаган. Атасы Өмүрбекти эңип алып, канжыгадагы боткоктон карматып, ат тизгинин берип, анан кулундарды желеге байлап бүткөндөн кийин, уулун жалгыз мингизип, үйүнө чейин дайыма жетелеп келгени анын азыр да эсинде. Жорго тай, кийин кунан мингизип, өзү менен кошо артуудан артуу кезип, бирге алып жүргөнү, айылдарга барышканы, айттарда чогуу жүрүшкөнү, тай жарыш, кунан чабыш, шернедеги шаанилүү күндөр, көчтө атчан баратып, «шыраалжын эңем» деп, атка колун кошо бастырып, сындырып алганы, Арпанын суусундагы балык уулоо, серейип мергенчилерди атасы экөө ээрчип, тоого жатышканы, улуу отту жагып, кийиктин этин катөлөккө салып жана шишкебек кылып, корго да көөмп жешкени, бүркүт салгандарды ээрчип, аң алдырып кызыкка батканы, тоо суусу, токою, табияттын койнунда өскөнү Өмүрбекке көөнөргүс көркөм дүйнө болуп калган.

### 4. Окуучулук күндөрү

Тоодо туулуп, тоодо өскөн жылкычынын уулу мектепке 1954-жылы сентябрдын аягында келген. Себеби, Арпа жайлоосунан түшүп келгиче, анын үстүнө Коңорчокто-

гу тамында киши жок болгондуктан, бир жолу эле көчүп, орто бөксөгө конгондон кийин кыштакка Өмүрбекти атасы алып келип, келини Мурзабектин аялы Дилдебүгө тапшырган. Анда Бабыгулдун байбичеси Айымкан, Мурзабектин эки уулу Сары, Бекболот бар эле. Токтоболот да ал үйдө. Өмүрбек адегенде көнө албай, атасы менен тоого кошо кеткиси келип, көзүнө жаш айланып калса, кийин тамгаларды жазганды үйрөнүп, балдарга тез эле аралашып кеткен. Эжекеси Үмүткан бир жагы кызыл, бир жагы көк карандашты берип, окууга кызыктырып, өзүнө тартып алган. Бара-бара окуу, кызыктуу китептер балапан өспүрүмдү огобетер кумардантып, алдыңкы окуучулардын катарына теңеген. Айымкан чоң энеси башкаларга көрсөтпөй, койнуна көмөч катып берип, «энеси тоодо» деп өнтөлөп, өзгөчө мээр төгүп эркелеткен. Ал Дөлөнүн жеңеси, Сейненин баштагы кайненеси, Токтоболоттун чоң энеси. Мурзабек да согуштан кайтпай калган.

Өмүрбек сабагын окуп, ошол башталгыч класстагы кезинде түшкө чейинки бош убактысында сайдан тал, анан теректин бутагын алып келип, Сарынын огородунун четине сайып, күнүгө суу куюп өстүргөн. Асман тиреген ошол эки бак анын 1-классынын эстелиги болуп турат.

Кийин Токтоболот байкеси, карындашы Саадаткан, иниси Өмүраалы болуп, өздөрүнчө өз тамдарына туруп окушат. Жазда ата-энелери тоого жылкысы менен кетишет, балдар тараганча өздөрү оокат кылышат. Ун-талканы жетиштүү, эти да бар. Байкеси баштап камыр жууруп, нан салып, жарма кайнатып, максым ачытышат. Кесме кесип, тамак жасашат. Жаштайынан турмуштун бул чоң сабагы да өзүнчө таалим болгон. Жогорку класстагы Токтоболот байкеси түнкүсүн селкинчекке, акачөөлмөк ойногонго кетет. Бөбөктөрү жөжүрөп ээрчип алышат. Улан-кыздардын оюнун көрүп, тээ бир убакта келип укташат. Эртеси байкеси эрте сабакка кетет. Өмүрбектер уйкусу канганда туруп, жуунуп, чай кайнатып ичишип, оока-

тын жасап, сабактарын окушуп, түштөн кийин тоюнуп алып мектепке кетишет. Үзүлгөн топчусу, анча-мынча жамаачысын өздөрү бүтүрүшүп, «Жыртылды, үзүлдү» деп көктү карап олтура беришпеген.

Өмүрбек сабакты жакшы өздөштүрүп, активдүү окуучу аталган. Китепканадагы китептерди мектепти бүткүчө дээрлик окуп чыккан десек болот. 5-класста окуп жүргөндө, 1959-жылы февралда «Миң бир түндү» окуп бүткөн. Атасы күнүгө кечте окутуп көрүп, угуп отуруп, жаккан китептерди аягына чейин окуткан. Кышта башкалар жатканда да чыракты ортого коюп алышып, жарыгында көмкөрөсүнөн жатып алып, атасына «Миң бир түндү» окуп берген. Анын эң аягында «Кыргын-согуш так талашуудан чыкты» деген темада Гариб, Сахун-ал-лайли деген баатырлар бар. Дөлө алар жөнүндө «Атаңдын көрү, Гариб ченсиз баатыр тура. Кемпир эркек төрөсө, атын Гариб коём» – дейт. Тилекке жараша, Сейне 15-февралда эркек төрөп, атын айткандай эле Гариб коёт. Бир жумадан кийин айылдык Кеңешке-Коңорчоктон 6 чакырым алыс Чолок-Кайыңга уулуна күбөлүк алганга барат. Катчы Жекаалы жаза баштайт. Атына келгенде эле Дөлө Гарибди таппайт. «Дөлө аке, айтыңыз атын» деп Жекаалы шаштырат. Гариб такыр оозуна келбейт, оюна да чендебейт. Айласы кеткенде Сахун-ал-лайли эсине түшөт да ага да тили төп келбей, «Сакмали» деп айтат. Таң калган Жекаалы «Сакмали» деп күбөлүгүн толтурат. Сакмали чоңоюп, ал аты кичинесинен эле элде Сакын деп айтылат. Мектепте окуп жүргөндө бейбаш кылса кыздар «Сакмали, Сакмали» деп ардантышчу экен. Сакмали 2006-жылы, 18-июнда каза болду. Өлөөр өлгөнчө эле Сакын деп айтылып жүрдү. Айтайын дегенибиз эле Өмүрбектин окумалдыгынын бир күбөсү «Миң бир түн» китебинин окулушу экени, андан Сакмалинин аты.

5-класстан баштап Чолок-Кайың айылынан окуду. Чарбаларды ирилештирип, январь, 1958-жылы Коңорчок

Осоавиахимге кошулуп, Ленин атындагы колхозу аталып, мектеп да Ленин атындагы №1 орто мектеби болуп, Коңорчокто 4 жылдык гана мектеп болуп калды. Анда Жеңиш колхозунан да, Коңорчоктун 5–10-класстарынын окуучулары да барып-келип окушту. Балдардын көбү интернатта жатышты, бирөөлөрдүн үйлөрүндө жүрүштү. Атчан, жөөлүү болуп, айрыкча кышында чилдеде түнкү саат 4–5терде туруп алып чубап жөнөшөт. Коңорчоктун этегинен Чолок-Кайыңга чейин чубаган окуучулар, ар кайсы өрттөлгөн чийдин оттору, тегеректеп жылынган улан-кыздар. Кээде жогорку класстын окуучулары көчөнүн аягына эрте келишип, тосуп, сүйлөшүп алышып, бардыгын кайра үйлөрүнө кайрышып, ал күнү бүт сабакка барбай калган учурлар кайталанган. Андай кезде мугалимдер атчан келип үй-үйдөн жыйып кетип, эртеси мектепте чоң чогулуш. Айрым жалкоо окуучулар 2-3 күндөп сабакка да барбай калышат. Анын да айласы табылып, бирден мыкты окуучуларга качкындарды бекитип коюшкан. Өмүрбек да мыкты окуучу катары Мамажан уулу Сейдинди түнкү саат 4тө туруп келип ойготуп, тамактангандан кийин ээрчитип, Коңорчоктон Чолок-Кайыңга алып баруучу.

5-класста бир жолу интернаттан сабакка даярданып олтуруп, «Кыргызстан пионеринен» бир ырды көрүп, Байгазы Жапаров деген курбусу экөө «мындай ырды биз деле жазбайбызбы» - деп, дароо ыр жазып, редакцияга салып жиберишет. Жооп келет, жагымдуу сөздөр менен, «дагы жазып тур, кабар да жаз» – деп. Кеңеш Баратбаевдин бул каты Өмүрбекке катуу таасир этип, кабар жазат. Ал чыгат. Ошентип, жаш кабарчылык жолу 5-класстан, 1958-жылы башталат. Редакциядан жаңы жылга да куттуктоо кат келет, огобетер демөөрлөнтүп. Ыры чыкпай калганга экинчи ирээт ыр жибербейт. Кабар жазып жөнөтүп, ал да жарыяланат. Өз алдынча ыр жазууну токтотпойт, кишиге да көргөзбөйт.

Ошентип, 6 жыл бою же 11-класссты бүткүчө Чолок-Кайыңга барып-келип окуйт, 3-4 жыл интернатта жатат. Анда дем алышта үйүнө барып турушчу. Жогорку класска барганда «Жаш талант» дубал газетасын чыгарат. Окуучуларды ыр жазууга үндөп, өзү баштап классташтарын бүт ыр жаздырат. Алар да ар бир класстын улан-кыздарын коңгуроодон коңгуроого чейин ыр жазууга чакырышып, танаписте кыдырып, талап кылып, сурап турушат. Колго тийген ырларды сабактан кийин талкуулап, тандалгандарын улам жаңыртылган «Жаш талантка» жарыялашат. Анын жетекчиси, уюштуруучусу Өмүрбек болот. Жайкысын бир жыл жай бою өндүрүштүк бригадада Чолок-Кайыңда бирөөнүн үйүндө жүрүп иштейт. Эки жыл жайда малга тоют даярдоого 1-Май колхозунун Ак-Мойнок участкасына Коңорчоктун эсебинен барып, жардам берип келет. Каникулда чабан байкелери Турдубек, Сарылар менен Арпа жайлоосуна кой айдашып барып, жай бою кой кайтарышып, жардам берип, кайра августтун этегинде чоң кишилерге кошулуп атчан Коңорчокко келип жүргөн. Мектептеги убакта бирөөлөрдүн үйлөрүнө жүрүп окуу, иштөө, колхозчулар менен чөп чабышуу, чөмөлө салып, жыюу, аны жүктөө, түшүрүү, ар кандай чарбалык иштерге аралашуу, интернаттагы күндөр, бир туугандардын «өз киндиктерин өздөрү кесишип», ата-энеси тоодо экенинде өздөрүнчө «ий» дедирбей жашоо, жай бою байкелеринде жайлоолордо-Арпада жүрүп кой кайтарышуу, андагы элдик салт-санааларга аралашуу, бала күнүнөн тоодо өсүү белгилүү деңгээлде адамдык жерпайынын бекем түзүлүшүнө оңтой берген. Адамдар менен тез ымалалаша билүүгө шарттаган.

11-класссты бүтүп атканда, капысынан буту сынып калып, курбулар көтөрүп барып сочинение жаздырып, экзамен бердиришкен. Ушинтип, мектеп менен да дурус коштошо албай калган.

**5. Шофёрдук турмуш**

Жүрөгүндө кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалими болуу максаты болсо да, атасы «балам, догдурдун эле окуусуна барчы» деген сунушун кыйбай, барууга ал жылы тигинтип, сынык буту менен шарты жок болсо да, өжөрлөнүп, классташтарынан калбай, балдакчан Бишкекке барган. Мединститутка тапшырып, кулап калган. Окуудан жолу болбой же кеңеш берүүчү, окуп-чокуган уруулаштарынан, жакын туугандарынан эч кимиси болбой, Нарынга келип педучилишага тапшырса, «солдаттан келгендерди гана алабыз» дешип, документин албай коюшкан. Айласы кетип, анан аскер комиссариаты тарабынан Нарындагы ДОСААФтын алдындагы шофёрдук курстан окуган. Окуганда да Коңорчоктун солдатка барып келген, ошол педучилишадан Өмүрбектин алдында келип эле окуп жатышкан Курманбай, Дүйшөбай, Темир жердештери менен квартирада чогуу туруп, 4 ай окуган. Анда да ыр жазууну токтотпогон. Курстук окуудагы жарым аскердик тартип, кечиккенди кара жерге сойлотуу, квартирадагы турмуш Өмүрбектин көзүн бир топ ачкан.

1966-жылы шофёрдун күбөлүгүн алгандан кийин Дөрбөлжүнгө келип, райПОнун башкы эсепчиси, жездеси Токтосун Беккулуевдин сунушу менен почто мекемесине почтальондордун бригадири болуп бир ай иштеген. Гезит таратуучулар менен ар бир үйгө барып, алар жазылгандарын алып атабы, албайбы, текшерүү негизги иши болгон. Жаш бала «бригадир» аталганы менен андан кыйла улуу аялдар гезит толтура салган дорбосун акактатып ага көтөртүп коюшкан. Аны көтөрүп алып үйдөн-үйгө кечке кыдырып барып, тапшырат. Кечинде суй жыгылып келет. Учураган коңорчоктуктар «ий, айланайын Өмүке, почтоочу болгон турбайсыңбы?» – дешип, капталдан же маңдайдан көрүп, ал-абал сурашат. Өмүрбек жети өмүрү жерге кирип, уялат. «Бригадирмин» десе, ким ишенмек. Дорбону жерге коё коюп, чекесинин терин аарчый коюп,

чуркап барып учурашат. Ичинен сынат. Анан бошоп алып, Кайындуу-Булак айылында шофёрлукта иштеди.

1966-1967-жылдары «Кыргыз айыл чарба техникасынын» Ак-Талаа райондук бирикмесинде башкаруучулары Кыдырбек Исмаилов, Орозбек Сагыналиевадер менен иштешти. Жазда Керим Төлөков айдап жүргөн «ГАЗ-93» үлгүсүндөгү, 34-10 номерлүү өзү көтөрүп, түшүрүүчү, «таштек» аталган автомашинаны беришти. Гаражка токтотуп койгон автоунааны кандим шофёр Керим өткөрүп берип, жашы улуу ончакты руль ээлери «чычым, кантип айдап чыгаар экен, артка« -деп, жабалактап турушту. Коркуп, сүрдөгөн руль ээси артка берип, акырын айдады. Бут кол чаап, «азаматсың!» – дешип куттукташты. Кузовуна ширеткичти ээси менен салып алып Пионер айылына жөнөп кетти. Балыкчыдан туз, цемент, жер семирткич тартты. Кыркым пункттарына мотор жүктөп барып, Арпа, Бычан, Орто-Сырттан бери кыдырды. Жай бою Тоголок Молдо атындагы колхозунун Жаак-Таш участкасына механизациялашкан көлмө салышкан 4 орус менен иштеди. Нарын дарыясында асма көпүрө гана бар эле. Автомашина өйүзгө өтүү үчүн Нарын шаары аркылуу же Эсенгулдун көпүрөсүнөн өтүп анан келүүчү. Автомашинасын Куртка чебине коюп Дөрбөлжүнгө кеткен курулушчуларды тосуп, кечке жардын башында күткөн күндөрү, чептеги соймондогон жыландар, астындагы көлдөгү үйүр-үйүр балыктар, оодарылып аккан дарыя ошол күндөрдү элес болуп эми да коштоп тургансыйт.

1966-жылы окууга бармакчы болуп, машинесин өткөрдү да, «эртең жөнөйм» деп, кечкисин документин таппай калып, ошол бойдон ал жылы барбай калды. Кайра иштей берди. Күздө аттестаты Коңорчоктон, сандыктан табылды.

Шофёрлордун эң кичүүсү Өмүрбек болгондуктан, кайда барышса да тиги-буга «чурка чычым» деп эле кол ийиктей жумшашат. «Атка жеңил, тайга чак» болуп, да-

йыма жүгүрөт. Суукта ремонтто Дөрбөлжүндөн РТСка барып-келип иштегендер, машина оңдоочулар түшкүсүн пояльный лампа менен тоңгон колбасаны жылыттырып жешет. Куюп сатма пиводон алдырып келип ичишет. Арак куйган, стакан сунган да Өмүрбек. Талаада, түздө баарына алынып, баарына кызмат кылат.

1966-жылдын күзүндө досу Алманбет экөө таң менен Дөрбөлжүндөн Балыкчыга аттанып, калган шофёрлорду күтпөй, алдыга кетишет. Орто-Токой суу сактагычынын оозундагы айылга бурулушмак. Ага жетпей, Топурак-Белдеги жол четине үйгөн шагылга машинесин тарттырып ийип, аварияга дуушар болду. Ирмемде эмне экенин сезбей калышты. Көзүн ачса өзү жолдон 15 метрдей, жанында досу, андан 5–6 метрдей араакта кузову бырыйган, арты ыргып кеткен «таштеги» жатат... Бети-башы сыйрылган, сол кашы жарылган, жүзү кан. Буту бастырбай ооруйт. Колдору сынбаса да кордук көргөн. Алманбет да соо эмес. Темтеңдеп, араң өйдө турушканда кесиптештери жете келип калышты. «Авария болбогон шофёр, шофёр эмес! Эми, чыныгы шофёр болосуң. Аман калдың, болду» – дешип, жыгылган машинаны тургузушуп коюп, экөөнү кабиналарына салып Балыкчыга алып кетишти. Шофёрлор жатуучу жайда экөө таң аткыча кыңкыстап чыгышты. Эртеси эрте туруп ГАИге барышты. «Баарың аман болсоңор, эмнеге бул жерге келдиңер? Машинаны эмне ал жерге ээн таштадың? Бүт тоноп кетишпедиби? Бар, ондо да, айдай бер!» – дешти. Топурак-Белге кайра келишсе, мотордон башкасын бүт чыгарып кетишкен. Форточкада Семиз-Белдеги дүкөндөн карындашы Саадатканга алган жаңы жемпири да жок. «Шофёрлор каракчылар! Уурулар!» – деп жан дүйнөсүнөн жер сабап, жер тепкилеп бакырды да, айла жок Балыкчыга барышты. Келип сүйрөтүп барып, шаардын бир короосуна коюшту. Ичинен кан өтүп, Ак-Талаага келип, Токтоболот байкеси экөө уурдаткан запастык бөлүктөрүн таап келип салды-

рып, туура 15 күн оңдотушту. Эки центнердей буудай ала келишкен, аны оңдоочуга кошумча беришти. Кеч күздө каптал айнеги жок машинасын колуна моюн орогучун ороп алып айдап, РТСка жетти.

«Авария, жаман жорук болду» деп, машинасын өткөрүп берүүгө барбады. Иштеген жери да каралашып, бир эч нерсе дешкен жок. Ошол адамгерчилик үчүн «кың» дебей, баштагыдай иштей берди. 1967-жылдын июнь айында «кош бол, кыялым менен жарышкан кызык күндөрүм!» – деп, Бишкекке окууга кетти.

**6. Студенттик-жаз мезгил**

Ооба, өмүрдүн баары ачылган жаздай жаадыраган учуру студенттик мезгил. 1965-жылы 11-классты бүтүрүп, өндүрүштүк окуу деп бир жылды аны менен жоготуп, окууга ал жылы 10-классты бүтүргөндөр да барып, конкурс өтө жогору болуп, каалаган кесиби боюнча да университетке тапшырбай, кулап, аттестатын да таба албай мүчүп, эки жыл өткөрүп, кайра чамынып Бишкекке барды. Кадыресе чоңойгонсуп, тияк-биякты көрүп дегендей көз карашы калыптанып келаткан. Өксүй түшкөн бала аттестатын университеттин филология факультетине, күбөлүгүн финансы техникумуна тапшырды. Финансынын жарыясын караса «СССРдин бюджети» деген бөлүмү турат, арызына ошону жазды. Университеттен сочинение жазып бүтүп, анын жыйынтыгы чыккыча финансынын экзамени «Эң жакшы» бүтүп, «кете бер, өттүң» дешти. Алды-артын элебей, сүйүнгөн бойдон балалык кылып, университеттин калган экзаменин тапшырбай, сочинениенин да жыйынтыгын укпай кете берсе болобу. Досу Алманбет Мамакеев да ошол жерде. Коңорчоктон Жамбылбек, Жолдошбектер да окууга тапшырып, бирге болушкан. Ал жылы да өткөндөрү өтүп, өтпөгөнү айылга кетип, шаарда да калышты. Алманбет мурда техникумду бүткөн. Ал айыл чарба институтуна өтпөй калып, «солдатка шаардан кетем» деп, айылга кеткен жок.

Өмүрбек Ак-Талаага үйүнө барып келди да, техникумдан окуп калды. Элет баласы шаар турмушун-жаңы дүйнөнү кабылдады. «Арчаларың бүт үтүктөп койгондой» деп, ыр саптарын купуя жазып жүрдү. Өзүнөн басымдуу бөлүгү 5–6 жаш кичүүлөр жана өзүнөн улуу Армиядан келген эки жигит менен чогуу окумак болду. Техникумдун окуу программасы 8-классты бүткөндөр үчүн болгондуктан, кайрадан эле 10-класстын сабактарын кайталап, анан адистик боюнча сабактарды окуду. Айыл чарба жумушуна Чүйгө кызылчага барып келгенден кийин окуусунан чайнала баштады. Өзү билип эле, башта окуган сабактарынан орусча айтып бере албай кыйналды. Билип турат, айтайын дейт, уялат. Башкаларга салыштырмалуу бюджеттик факультет жалаң орусча эле. Бир күнү Алманбет досуна сырын айтып, минтип начар студент болгуча айылга кетмекчи болду. Алманбет «Эй, уят эмеспи. Эл эмне дейт. Орусча билгендер адегенде жөн эле чекчеңдей беришет. Мектепте кандай окусаң, ошондой эле окуп кетесиң, коркпо!» деп, дем берип койду. Эми чыйралып, намыстанып окуду. Бара-бара алдыңкы студент болуп кетти. Техникумдун профкомунун мүчөлүгүнө шайланды. Коомдук иштердин активдүү катышуучусу аталды. Курсташтарынын өздүк-көркөм чыгармачылыгын уюштуруучулардан, өзүнүн жеке чыгармачылыгы менен алып баруучулардан, группанын дубал гезитин чыгаруучулардын демилгечисинен болду. 18 сом стипендия алат. 4 бала бир бөлмөдө 10 сомдон 40 сомго бир айга, стипендияга чейин кең-кесири оокат кылышат. 8 сому киного киргенге, көчөдө жүргөнгө жетет. Үйдөн да дайыма каттаган кишиден 10-15 сомдон, ага кошуп керчөө, курут, эт келет. Тамакты өздөрү жасап ичишет. Ара-чолодо мотоциклисттин окуусун окуп, документин алган. Шаардагы Ленин атындагы заводдун алдындагы «Тоо жылдызы» адабий ийримине катышып, адабий кечелерге барып, поэзия жолундагы таланттар менен таанышып, көзү ачыла баштаган. Ыр жа-

зууну күчөтүп, техникумда окуган жылдары блокнотторго ыр саптарын толтуруп, өзүнчө эле топтом кылып, эч кимге көрсөтпөй, өзүнүн 4-5 «жыйнагын» түзгөн. 1968-жылы декабрда алгач биринчи жолу редакцияга – «Жаш ленинчи» журналына барган. Акын Мариям Буларкиева ырларын окуп, мактап, «Жашыл өрт» ж.б. ырларын алып калган. Калганын «Ленинчил жашка» ылайыктуу экен, Токтосун деген байкең бар, ошого буларыңды көрсөт, жарайт, ал да жакшы акын, тандап алып калат» – деп, көңүлүн аябай көтөрүп, мээримдүү мамиле менен жөнөтөт. Уялып, сүрдөп кирген уланды Токтосун Самудинов да абдан жакшы кабыл алып, ырларын жактырат.

1969-жылдын 1-январы – Өмүрбектин эң эсте калаарлык күнү. «Ленинчил жаштын» жаңы жылдык номерине, 1-бетке «Алдыдагы өмүрлөр» аттуу биринчи ыры жарыяланат. Анын чыгармачылык жолу так ушундан башталат. Андан кийин «Жаш ленинчи» журналы «Жашыл өрт « аттуу ыры баштаган бирин-экин чыгармаларын жарыялайт. «Кайнар булак» теле альманахына, радио, телеберүүлөргө катышат. Газеталарга кабар да жазып турат. Техникумда адабий газета чыгарат. Акын-жазуучулар менен жолугушуу кечелерине барып, ырларын окуп, талкууларда оюн билдирип, башкалардыкын угат, жетилет, такшалат.

1969-жылы күздө Лениндин 100 жылдыгына карата пахтага Оштун Ленин районуна барат. Ноябрь айында да техникумдун студенттери теримде жүрүшөт. Негизи, пахтага жалаң гана жогорку окуу жайларынын студенттери баруучу. Даңктуу окуяга байланыштуу техникумдар да бул жылы барышкан. Поюзга түшүп, пахтаны көрүп, шыйпаңда болуп, теримде алдыңкы орундарга жетет. Косектен 200 килограммга чейин терип, сыйлыктарды алган. Бишкек шаарынын Ленин районунун комсомолдук комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланып, эмгеги үлгү айтылган.

Өмүрдүн өзү өксүк, өкүнүч менен коштолгон. Университеттин сочинениеси « 4» баасына татыптыр, кийин келип документин алганда. Балалык, чалалык кылбай эле тура түшүп, аягына чейин тапшырганда, багы чурка-са мүмкүн өтүп калып, жолу шыр болмок. Табиятынан өжөрлүгү, өзүнө-өзү көктүгү бар, максатынан тайбаган, айтканынан атса да, бычак такаса да кайтпаган жигит техникумда окуп жүргөндө жыл сайын университетке шофёрлук документи (иштеп атат деген) менен сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, дайыма конкурстан кулап турду. Себеби, шофёр деген мектепте же бакчада иштеген педагог же башкалардан эң кийин калат экен. Баалары көбү «4-5» же бирден «3» аралап, өтүүгө сөзсүз татыктуу болсо да «шофёрлугу» өткөрбөй келгендигин ал кийин билди.

Техникумда мамлекеттик экзамендерин жалаң «5» бааларына тапшырды. Ошентсе да саясий экономия сабагынан баштагы жылдагыдай эле экзамен күнү университеттин сырттан окуусуна экзамен сочинениеден башталып, Өмүрбек бир чоң шылтоо менен уруксат суранып кетип, келгиче техникумдун госэкзамени бүтүп калган. 22 студенттерден жалгыз калып, аябай өкүнөт. Курбулары бирде жубатса, бирде шакабалашып, «бизден Өмүрбек гана өтпөй калды» дешип, мугалими, куратору бут таарынышып, эсинен эч кетпей калган. Эки күндөн кийин башка группа менен экзаменин тапшырып, тилекке жараша «5» алып чыккан, мугалимдерин кубантып. А университеттин сочинениеси бул жолу «3» болуп калган.

Студенттик жылдарында Алай, Баткен, Лейлек, Ленин, Базар-Коргон, Өзгөн, Анжиян облусунун Курган-Төбө райондорунда, Жалал-Абад, Ош шаарларында болду. Кара-Сууда 1970-жылы 4 ай практикада жүрдү. 9-Майда улуу Жеңиштин 25 жылдыгындагы ага арналган эстеликтин ачылышындагы чоң жыйында көлөмдүү ырын окуп, элди ушунча ыраазы кылды. Бул окуя акындын

ырларынын элге жакындыгы, турмуштук эң ынанымдуу экендигинен ошол алгачкы мезгилинен баштап эле кабар берет.

Диплом алган, жакшы даярдалган бюджетниктерди финансы министрлигинде министр кабыл алып, куттуктап, андан кийин анын кадрлар жана кадрларды даярдоо бөлүмүнүн начальниги орой көз, чарай олтургузуп алып, баарын республиканын финансы бөлүмдөрүнө ишке бөлүп, жайгаштырат. Өмүрбек Талас шаарына бөлүнөт. Бирок, ошол жерден жүйөөлүү шартын айтып, анын жыйынтыгы менен Ак-Талаага жиберилет. Мындай алып карап көргөндө, ал бала күнүнөн эле улууга же кичүүгө кебин өткөрө алган, жүйөөсүн таба билген. Буга анын адамга жакындыгы, жүрөгүн ачып, оюнда пикир-тикир калтырбай сүйлөшкөндүгү, сөз билгилиги, татыктуу сөздү шарты менен байлап, ажырагыс кылып, ынанымдуу, ишенимдүү, тартынбай айта алгандыгы айгине.

## 7. ФИНАНСЫ БӨЛҮМҮНДӨ

Студенттик күндөрдүн баш-аягын жыйып, Зарлык Молдалиева башкарган Ак-Талаа райондук финансы бөлүмүнө киреше боюнча инспектор болуп, 1970-жылдын августунда орношту. Ысак Карасартов бөлүм башчы, Абылгасым Өмүркулов башкы эсепчи-нарк-нускалуу, адамгерчиликтүү адамдар. Букенов Абдрайым да такшалган кызматкер, киреше бөлүмүнүн башчысы. «Жаш келсе-ишке» деп, текшерүү иштерин колго алып, шыгына жараша «Финансист» дубал газетасын эң таасирдүү чыгарып, чөп чабыкка активдүү катышып, комсомолдук ишке аралашып кетти. Саясий окуунун пропагандисти болду. Банк, госстрах, финансы мекемелеринин 15тей жаштарын чогултуп, сабакты жарык жокто чырак менен да өткөрөт. Алардын ынтымагын, биримдигин чыңдайт. Ырларын райондук «Колхоз эмгеги» газетасы да үзбөй жарыялап, мезгилге үндөш анын келгенин окурмандарга тааныштырып турду. Аз-аздан элге-журтка тааныла баштады.

## 8. ГАЗЕТА БАКТЫСЫНА АЙЛАНДЫ

Жазган ырларынан, жарандык активдүүлүгүнөн, адамдык ыймандуулугунан, бийик адамдык пайдубалы бардык тарабынан көрүнүп, байкалып, адамды ишендирип тургандыктан, райондук газетанын редактору Сапарбек Рыспаев партиянын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Садыбакас Жуматаевдин кабинетине Өмүрбекти алып барды. Адабий кызматкерликти редактор өзү эле чечип, кызматка коюп, эч кимге кеңешпей бошотот. Бул жолу кандайдыр райкомдун бөлүм башчысы менен бирдикте макулдашты. Акыл-насааттарын айтып, «агарып-көгөр, талантың бар экен, аны бапестеп өстүр» дешти, ак жол каалап. Техникумду эле бүткөн жигит эми жогорку билимдүү адам иштеп кеткен орунга келди. Анын үстүнө газетада иштегенди кол жеткис бийиктик катары, чоң сыймык катары сезүүчү. Дароо эле эч кимге кеңешпей макул болгону да ошондон.

Баштагыдай эле мындагы жаштар Муктар, Асанакун ж. б. менен тез алынышып, комсомолдук ишти да колго алып кетти. Финансы бөлүмүнөн да Зарлык Молдалиева жамааты менен жакшы каалоолорго коштотуп узатышты. Комсомолдор да чогулуп, жакшы тилектерин ак дилдеринен айтышты. Редакцияга келгенде да алар менен кол үзүшкөн жок. Ал тургай банктын эсепчиси, өзү жетектеген саясий окуунун угуучусу, болочок жары Бурганбүбү Тургановены жактырып, келечек жолго карай сүйлөшүп калды. Финансы системасынан гезитке кур кол келгени жок.

Айыл чарба бөлүмүнүн адабий кызматкери 1970-жылдын 22-декабрынан баштап чечинип иштеп, тез, оперативдүү, так маалымат жазууга ыкчам аралашты. Айтылуу журналисттер Төлөгөн Асанкожоев, Жанболот Атабековдор, мыкты жетекчи Сапарбек Рыспаевдердин нарк-нускасын өздөштүрдү. Алардын оорун колдон, жеңилин жерден алды. Турмуштун терең сырларын район-

дун бүтүндөй аймагын кыдыруу, эл-жерди терең билүү, миң сырдуу, миң кырдуу адам жашоосунун ар кандай кырдаалдарын алар менен сүйлөшүп, ачык-жабык баарлашуу менен акылын, оюн, көз карашын калыптады. Чарчабай-чаалыкпай, тажабай, улам кызыгуу, улам кумардануу менен күн да, түн да дебей чарбаларда, жолдо адистер, жетекчилер менен жүрдү. Кампания убагында түндүн бир оокумунда түнкү саат 3–4төрдө туруп кеткен, рейдге чыккан мезгилдери, эл жатаарда же жатканда үйгө келген учурлары, жайлоолордо, кыштоолордо 4–5 күндөп Арпа, Ат-Башынын Ак-Сай өрөөндөрүндө малчылар менен маек куруп, турмуш-жашоосун, пейил-ниеттерин көзү менен көргөн, кызыктуу түштөй күндөрү аны түбөлүк жигердентип, жандап алган. «Билим» коомунун лектору катары канчалаган жерде, аудиторияларда лекцияларды окуду? «Сергектик» коомунун райондук уюмунун жетекчиси болуп, курамына 5-6 машинаны алып, бүткүл тейлөө тобу менен төрт мезгилде тоо арасын канча кыдырды? Коомдук канчалаган иштерге катышты? Редакцияга келгенден баштап комсомолдун райкомунун «Комсомолдук прожектор» дубал гезитин үзбөй чыгарды, анын штабында турду. Ал кезде «КП»нын ролу аябай таасирдүү эле. Он беш жыл бою комсомолдун райкомунун бюро мүчөлүгүндө жооптуу милдет аткарды. 1975-жылдан бери райондук маданият үйүндө «Ыр кесе», «Кыз-жигит» ж.б. эмне кароо-конкурс болсо бүт сценарийлерин жазып, аларды өткөрүүнүн калыстар тобунда болуп келди. Бардык жерде кичинесинен ушул учурга чейин өзүн түз кармап, адамдык бай кыртышын адамгерчиликтин мол азыгы менен камсыз кылып тургандыктан кадыры да, баркы да сыймыктуу, зобололуу.

Райондун социалдык-экономикалык, маданий жагынан өнүгүшүндө, жаш таланттардын, журналисттердин өсүшүнө чоң салымын кийирди. Партиянын райкомунун алдындагы партиялык комиссиянын төрагасынын

орун басары, мекеменин партиялык уюмунун катчысы, «Сергектик» үчүн күрөштүн райондук ыктыярдуу коомунун төрагасы, Кыргыз ССР Журналисттер Союзунун башкармасынын, «Билим» коомунун райондук уюмунун башкармасынын, китепти сүйүүчүлөр коомунун райондук уюмунун башкармасынын, анын методикалык Советинин, саясий окуу боюнча райондук методикалык Советтин, Журналисттер Союзунун Нарын облустук башкармасынын мүчөсү, райгезиттин алдындагы «Үмүт оттору» адабий ийриминин жетекчиси, аракечтикке жана алкоголизмге каршы күрөшүү боюнча райондук комиссиянын мүчөсү ж.б. көптөгөн коомдук милдеттерди аткарып келди. Чыгармалары В. Шаповаловдун котормосунда республикалык басылмаларга өз мезгилинде үзбөй жарыяланып, жаштардын «Учкун» жыйнагынын бир катар басылыштарына, «Литературный Киргизстан» журналына, «Жалын», «Перевал» альманахтарына басылды. Ырлары жаш жазуучулардын облустук, республикалык семинарларында, жазуучулардын «Арашан» чыгармачылык үйүндө талкууланды.

Кыргыз жазуучуларынын облустук кеңешчилери Нинакан Жүндүбаева, Кеңеш Жусупов, Мурза Гапаров, Каныбек Жунушов, Бердигул Курманкулов, Исабек Исаков, Мариям Буларкиева,, акын Жумакан Тынымсейитовалардын нускоосу, кеп-кеңеши менен өзүнүн талантын билөп, курчутту. Жаш адабий талапкерлердин райондук, облустук, республикалык семинар-кеңешмелерине, фестивалдарына үзбөй катышып, активдүү аракеттенди. Ошол эле учурда журналисттик иши да өркүндөдү. Очерктери, макалалары, ырлары республикалык газета-журналдарга байма-бай жарыяланып турду.

Райондук газетада эки жыл адабий, улук адабий кызматкер, 8 жылы айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 19 жыл редактордун орун басары, 8 жылдан бери редакторлук жооптуу милдетти аркалап келатпайбы. Мында төлдө

чарбаларга барып сакманчы, чөптө чалгычы, талаада сугатчы, тоют ташуу, жүктөө ж.б. райондо чарбаларга мекемелер жардам берүүчү эмне жумуштар болсо жамааты менен аларда жүрдү. Башкысы-кайда жүрбөсүн кабын ала жүрүп, тезек терген адамдай элден эзелки-эмки турмуш, жашоо тууралуу бүт жаза жүрдү. Элдин чыныгы турмуш, нукура жашоосу анын ар бир макалаларында, поэзиясында чагылдырылып келүүдө десек эч аша чаппайбыз.

Мен азыркы Ш. Бейшеналиев атындагы орто мектебинде 12 жыл директор болгомун, 1992-жылга чейин. Илме кайып нерсе, ошол мезгилде менин жубайым Турсун (Өмүрбектин адабият мугалими, Ленин атындагы №1 орто мектебинде окуткан) жаш акын Өмүрбек менен окуучулардын жолугушуусун 1980-жылы октябрь айында өткөрдү. Мен да адабият талапкеринин агайы. Кече абдан жогорку деңгээлде өттү. 1979-жылы «Сезим тамчысы» жыйнагы чыгып,, адабий альманахтарга, газета-журналдарга ырлары, очерктери басылып, радио-теледен кеңири маалымдалып калган учур эле. Өмүрбек да ырларын өзүнө таандык үн, акындык жалын сезим менен окуп, адабият, жазуучулук, а кындык тууралуу ынанымдуу, турмуштук бийик сөздөрдү айткан. Окуучулар, педколлектив, Турсун экөөбүз аябай ыраазы болуп, окуучубуздун элетте жашап, иштеп туруп келечектүү деңгээлге жеткенине кубанганбыз. Мен ошондо атайын кутуга салынган кызыл, жашыл, көк түстөгү, узун өзөктүү үч ручка тапшырып: – Өмүке, бул үчөөнүн экөө жазуучулук-акындык жана журналисттик канатың, бирөө бийик адамгерчилигиң болсун! Жоготпой, эстеликке алып жүр, жолуң ачылсын! – деген элем. Чын-чынында эле ал тарыхый кече Өмүкеге үмүт жүктөп, эки канат байлап, адамдык бийик осуйпасын бүтүндөй кыргыз элине таанытты. Экинчи жолу 1987-жылы күздө Турсун эжейи дагы бир адабий кече өткөрдү. Анда кадыресе акындык жолго чы-

гып, өз үнүн элге жеткирген. 1981-жылы «Алтын топ», 1986-жылы «Үмүт оту», 1987-жылы «Мен-Мекендин чырпыгы» жыйнактары чыккан. Мында, анын тексттерине он чакты обон чыгып калган учур эле. Өмүрбек мында обончуларды, өзүнүн шакирт жаш адабий талапкерлерин да ээрчите келген. Окуучуларга, мугалимдерге китептерин арнап, кол тамгасын берген, обондуу ырлары аткарылган. Кечени Турсун Садыкова ачып:-Урматтуу педагогдор, поэзия күйөрмандары, сүйүктүү окуучулар! Бүгүн өзүбүздүн жердешибиз, республикага таанымал болуп калган акын, СССР Жазуучулар Союзунун мүчөсү Өмүрбек Дөлөевдин чыгармачылыгына арналган адабий кечени ачууга руксат этиңиздер! – деп, «СССР Журналисттер» дегендин ордуна «СССР Жазуучулар Союзуна мүчө» – деп айтып алып атпайбы. Өмүрбек, анан мен, Турсун билдик окшойт, ал кайра оңдолуп айтылган жок. Кол чабуулар менен коштолуп, куттук сөздөр ыроолонуп, эки саат бою Өмүрбектин чыгармачылыгы даңазаланган. Турсундун оозуна сала бергендей кийинки жылы эле Токтогул районунда өткөн жаш акындардын республикалык фестивалында лауреаттык наамды жеңип алып, анан 1989-жылы 12-апрелде Турсун айткан СССР Жазуучулар союзуна мүчө болуп, Чыңгыз Айтматов кол койгон № 17851 күбөлүктү жазуучулардын 250 мүчөсү катышкан Пленумунда баарысынын кол көтөрүп, жактыруусу менен кабыл алынып турбайбы.

Союзга өтө электе дүйнөлүк алп жазуучу Ш. Бейшеналиевдин 60 жылдыгы Ак-Талаада белгиленди. Юбиляр менен онго жакын атанган акын-жазуучулар, сынчылар, кыргызга таанымал адамдар келишти. Мен Шүкү менен да жакшы мамилем бар эле, тойдун башынан аягына чейин чогуу-чаран жүрдүм. Баетов айылында эл-журт катышкан чоң салтанат өттү. Анда жазуучунун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча докладды Өмүрбек Дөлөев жасабадыбы! Буга чейин адабий сынга да калемин төшөй коюп жүргөн жаш

акын бул чоң, тарыхый окуяга чапчаң, терең, өтө жоопкерчиликтүү даярдык менен камданып койгон экен. Делегация тобу элеттик калемгерге ишене беришпей, анан текстти карашып, тан беришип, ушунчалык жогорку деңгээлде жазуучунун өмүрү, чыгармачылык жолун ачып бергенине ыраазы болушкан. Сынчы Санарбек Кармышаков колун кыскан. Докладды эл муюп угуп, Өмүрбекке Шүкүрбек өзү жетине албай, алкышын айткан.

Эсимде. Буга чейин Шүкүрбек менен Өмүрбектин эч байланышы жок экен. Ошондо алгач таанышышты. Шүкүрбек сурап калды:

– Союзга өттүң беле?

– Жок.

– Канча китебиң чыкты?

– Үч китебим чыккан. Ырларым «Учкун», «Жалын», «Перевал» альманахтарына жарыяланган.

– Союзга өтүүгө даяр экенсиң да. Формалдуу эле жактарың калган турбайбы? Чыгармаларыңды окуп, өзү кандай бала болду экен деп сырттан өңүп жүрүүчү элем. Жолугуп койсоң да болмок экен?. .

– Антсем да болмок. Бирок, «Өмүрбек Шүкүрбектин сүрөөсү менен Жазуучулар Союзуна өткөн» – деген каргыны алгым келгени жок. Кечиресиз...

– Азаматсың! Менде да сен сыяктуу бирөөгө жагынбоо, өз талантка, ак эмгекке таянуу сезимим күчтүү орун алган. Сенде да ошондой намыс, кайрат, эрк жетиштүү турбайбы. Өркөнүң өссүн! Өзүн-өзү таптаган адам сөзсүз элдин алдында болот. Мен биринчи көрсөм да интеллектуалдык, маданий деңгээлиң, ийкемдүү, өтө эле илбериңки адамгерчилигиң, так ошондой поэзияң, адабиятка кан-жаның менен берилип, түшүнө билгениң бактың! Кыркка таяп калыпсың, сени эми бул калыбыңдан эч нерсе өзгөртө албайт. Эч бир жолукпасаң да мени, чыгармачылыгымды терең билгениңе, окуганыңа, адамдык, турмуштук, адабияттык ордума үңүлүп, калыс баада ка-

рай алганыңа ыраазы болдум. Кулубай акелер өтүп кеткенден кийин айылга деле көп жылдардан бери каттабай калдым эле. 60 жылдыкка деле эл кандай кабыл алып, тосоор экен деп кооптонуп келгемин. Көрсө, элим, жерим өсүп, сендей инилерим артымдан сапар үзбөй жакшылык-талант жолуна аттанышкан тура. Мен үчүн бул баа жеткис кубаныч! Сен, менин шакиртим болосуң, айланайын!

Толкунданган Шүкү менин көзүмчө Өмүрбектин колун кысып, жүзүнөн сүйгөн. Ага удаа Шүкүнүн жардамысыз эле Өмүрбек профессионал акындардын катарына кошулбадыбы. Акын өзүнүн принципи боюнча Союзга өтүп, анан агасына барыптыр. Ал жөнүндө Ш. Бейшеналиев «Айыл турмушу» газетасынын 50 жылдыгына арналган «Ыйманы ысык» макаласында (7-февраль, 1990-жылы жазып жиберген) «Жакында СССР Жазуучулар Союзунун мүчөлүк билетин алганда өзүн да, мени да кубанткан таланттуу иним Өмүрбек кыйлага баарлашып отурган соң «Колхозчу» («Айыл турмушу») гезитинин 50 жылдыгын белгилегени жатабыз, алгачкы кабарчылардын бири катары сиз да макала жазып берсеңиз дурус болоор эле деп калды. Кантип баш тартасың... – деп оюн кеңири айтып, газета жөнүндө өзүнүн кабарчылык мезгилине кеңири токтолуп, аягында «Райондук чакан газета чоң дүнүйөгө сапар чектирген колдоочум болгон» деп тартынбай айтамын. Таланттуу жаштар, Өмүрбекке шериктеш уул-кыздар жергемден «Айыл турмушунан» оболоп, канат сермесе деп үмүттөнөм» – деп оюн жыйынтыктаган.

Өмүрбек Союзга өткөндөн тартып Шүкүрбектин өмүрүнүн акырына чейин үзбөй катташып турган. 70 жылдык юбилейинде, андан кийин да агасына кесиптеш, кыйбас, эң жогору сыйлаган, урматтаган адамы катары алакалаш жүрүп, ак кызматын жасаган. Зымга тарткандай түз жүргөн, ар кимге эле ачыла бербеген, өтө баамчыл, акыл зирек, көз алдында эч бир нерсе жаземделбей кал-

баган кыраакы, сезгич, терең акыл, чоң талант Шүкүрбек баалаган Өмүрбектин турмуштук турумун, адамдык, акындык доорун ушул мисалда эле терең түшүнүп, чен берсек болот. Ш. Бейшеналиев өзүнүн 70 жылдыгына арналган жылнаамасын Өмүрбекке белекке бергенде «Иним Өмүрбек! Чыгармачылык изденүү, табылга, даңаза дайыма сенин сүрөөнүң, колдоочуң болсун!» – деп жазган (26. 10. 1998). Бул тарыхый сөз.

Турсун экөөбүздүн окуучубуздун демилгеси, турмуштук жигери, райондун кайсы гана иши болбосун чуркап, көрүнүп, өзүнүн таланттуу ордун сездирип жүргөнү бизге аябай сыймык эле. Бир жолу комсомолдун райкомунун бөлүм башчысы Асылбек Алашов экөө Үгүттөгү мектепке КВНге барып, андан Дөрбөлжүнгө жөө келатканда жолдон салып келгемин. Андай иштердин 37 жылдан бери канчасына катышты. Күнбү-түнбү жылдын төрт мезгилиндеги өнөктүктөргө, жыйындарга катышуу мыкты активист, жаш кабарчы, газетанын чоң бөлүмдөрүн (айыл чарба, партиялык турмуш) жетектеген таланттуу калемгердин үлүшүнө ыроолонгон. Арпа, Соң-Көл, Ат-Башынын Ак-Сайы, Бычан, Орто-Сырт ж.б. ички жайлоо, кыштоолор, айыл ичиндеги механизация, талаачылык, маданий агартуу, медицина сыяктуу бардык обьектилер анын калеминин учунан элге көрүнүп турган. Канчалаган жол басты, канчалаган аттуу-баштуу адамдар менен жүрбөдү, кимдер менен гана сүйлөшпөдү. Кабарчы-өзүнчө эле турмуш энциклопедиясы. Өмүрбек-турмуш энциклопедиясын түзүүчү. Турсун экөөбүз тең окуучубуздун журналисттик, акындык, санжырачылык дулдулдугуна таң калабыз жана сыймыктанабыз. Бул иш анын өмүрүнө, кылымдык тарыхына айланган.

5-май, 1981-жылы Дөрбөлжүн Баетов айылы болуп, аты өзгөрдү. Тоо булбулунун атын коюу салтанатына карата Өмүрбек райондогу Мусаны көрүп-билгендер менен мүмкүндүгүнүн жетишинче калтырбай бүт кыдырып,

жолугуп, тарыхый материалдарды топтоду. Аларды Мусанын замандаштарынын атынан райондук газетага берди. Андагы тарыхый фактылардан көптөгөн жазармандар пайдаланышты. Залкардын балалыгын, чыгармачылык, өмүр жолун иликтөөгө бул чоң табылга болгон деп ойлойбуз.

Билген, түшүнгөн адамга Ө. Дөлөев эл ынтымагын, биримдигин чыңдоонун ак жолун ачкан ак жолтой жигит. Март. 1991-жылы Дөөлөтбек Берикбаев райкеңештин төрагасы болду. Бийлик Кеңешке ооган кез эле. Март, 1992-жылы бийлик акимге ооп, Дөөлөтбек аким болду. Бул учурда 1991-жылдын аягында райкеңеш кезинде Дөөлөтбек Өмүрбек менен сүйлөшүп, шаардагы азамат уул-кыздарыбыз менен алардын киндик каны тамган Ак-Талаасына жалпы байланышы жок болуп, ар кимиси эле өз тууганына анда-санда келип-кетип, райондук бир биримдикке келбегенин сезүү менен аларды Ак-Талаага тыгыз байланышка чакырууну мүдөөлөшүп, Өмүрбекти шаарга январь, 1992-жылы жиберет, элдин, райжетекчиликтин атынан. Анда райкеңештин төрагасы Д. Берикбаевден шаардык ар бир инсанга төмөндөгүдөй кат жолдонгон:

**Урматтуу мекендеш, жердеш!**

Жаңы жылыңыз куттуу жыл болуп, Сизге, үй-бүлөңүзгө кырсыктан тышкаркы жакшы жашоону, чың денсоолукту алып келсин!

Ушул дил кат менен бирге Баетов айылында ак-талаалык таланттардын, окумуштуу, акын-жазуучу, коомдук ишмер ж.б. бириктирген ажайыпканасын түзөөрүбүздү сүйүнчүлөйбүз. Бул боюнча комиссиянын төрагасы акын жана журналист Өмүрбек Дөлөевге өзүңүз, үй-бүлөңүз, турмуш, эмгек, ишмердик жолуңуз, Ак-Талаанын айдыңындагы залкар өмүрүңүз жөнүндө (кеңири таржымал ж. б.) маалыматтарды жазуу жана Өмүрбектин өзүнө оозеки түрүндө берүүңүздү өтүнөбүз. Мындан башка да тийиш-

түү өлчөмдөгү түстүү (чоңойтулган) жана кара, ак түстөгү түшкөн өзүңүздүн жана үй-бүлө, башкалар менен бирге тартылган сүрөтүңүздү убакыт бөлүп берип койсоңуз.

Ал экспонаттар музейдин көркүн ачат деген ойдобуз. Ө. Дөлөев сиздерге райкеңештин атынан атайын жиберилип жатканын да туура түшүнүп, демилгеге колдоо көрсөтүп, өтүнүчтөрдү тез арада бүткөрүүгө жакынтадан жардам берсеңиз.

**Ысык саламым менен,**

**Эл депутаттарынын Ак-Талаа райондук**

**Кеңешинин төрагасы : – Д. Берикбаев.**

10-январь, 1992-жыл. Баетов айылы.

**Эгерде кат жүзүндө же үндөшкүч аркылуу кайрылсаңыз:**

722640. Ак-Талаа району, Баетов айыы. Ленин көчөсү-28. «Айыл турмушу» газетасынын редакциясы. Дөлөев Өмүрбекке. Кызмат телефону: 91-1-33. үй-91-2-50.

**КЕРЕКТЕЛҮҮЧҮ, СИЗ БЕРҮҮЧҮ СҮРӨТТӨР:**

**1. 24х30 түстүү сүрөтүңүз**

**2. 9х14 жөнөкөй түшкөн 3 сүрөтүңүз.**

**3. Башка да ар кандай 3-4 сүрөттөрүңүз.**

Өмүрбек жөө-жалаңдап, шаардагы ар бир аттуу-баштуу атуулдарга, акын-жазуучуга, илимпозго, коомдук, мамлекеттик ишмерлерге үйлөрүнө чейин барып (алардын так даректерин ар кимдерден сурамжылап жүрүп), эптеп таап, айлап шаарда тынымсыз жүрүп, өмүр баяндарын жазып алып, китептерин жыйнап, сүрөттөрүн топ-топ, аларды бирден 24х30 өлчөмүндө сүрөткө түшүртүп, Тоголок Молдо саябагында да жалпы баарын ал жерге чогултуп, жалпы сүрөткө тарттырып кайтат. Келгенден кийин алардын өмүр, илимдик, ишмердик, чыгармачылык жолдорун бүт жазып, райгезитке сүрөттөрү менен берди. Эмгектерин, чоң сүрөттөрүн такталарга-текчелерге койдуруп, Ломоносов атындагы орто мектебинин залына «Талант» аттуу музей ачып, «Ак-Талаа жылдыздары « деген

теманын астында элге тартуу кылды. Бул райборбордогу, анын тарыхындагы биринчи башталма эле. 1992-жылы Мусанын 90 жылдыгында өзү башта сүйлөшүп, көрсөткүчтөрүн бүт алып келген Бишкектеги ак-талаалыктарды өзү барып, кайрадан байланышып, эки чоң автобуска салып, Дөрбөлжүнгө алып келди. Автобус райондун эсебинен барыш-келиши бекер болду. «Талант» музейине Мусанын да буюм-тайымдары коюлду. Шаар менен элет ушинтип биригип, Дөөлөтбек менен Өмүрбек эң чоң иш жасашты. Мында Дөөлөтбектин көрө билүүчүлүк көсөмдүгүн, аны Өмүрбектин ак сезе билип, кан-жаны менен аткаргандыгы жаткандыгын айта кетмекчимин. Ошондой эле акын-журналисттин сыясы кургабаган калеми менен, актай дил аракети менен өлбөс-өчпөс эмгек жаратканын биз эч качан унутпашыбыз керек. Муса жөнүндө анда бай материал бар. Өмүке, буюрса Муса баянына бир кайрылып, өзүнчө эстелик жаратат деген ишенимим бар. Булбулдун 90 жылдыгы болуп көрбөгөндөй чоң салтанат менен өтүп, райондун талант жылдыздары атайын чыгарылган райгезитте сүрөттөрү менен (3-октябрь, 1992-жыл, № 79-80-81) даңазаланды.

Эмне дейбиз. Ак-Талаасын канат кылып, улам өргө алып учкан акын, журналист өз бактысын калемден тапканын, талант дайыма эл даңазасы болоорун гана айтмакчы болгомун. Буга чейин адабий кечеси, 50 жылдыгы эли менен бирге салтанаттуу белгиленген. 60 жылдыгы да өзүнө татыктуу орду менен аземделмекчи. Буга чейин да талант тууралуу ойлорумду жазып, элге айтып келгемин. Эжейи Турсунбүбү экөөбүз Өмүрбектин калем менен, бийик адамгерчилиги менен жараткан жакшылыктары кут болсун демекчибиз!

***Назар Мусулимов,***
*акындын агайы, коомдук ишмер.*

түү өлчөмдөгү түстүү (чоңойтулган) жана кара, ак түстөгү түшкөн өзүңүздүн жана үй-бүлө, башкалар менен бирге тартылган сүрөтүңүздү убакыт бөлүп берип койсоңуз.

Ал экспонаттар музейдин көркүн ачат деген ойдобуз. Ө. Дөлөев сиздерге райкеңештин атынан атайын жиберилип жатканын да туура түшүнүп, демилгеге колдоо көрсөтүп, өтүнүчтөрдү тез арада бүткөрүүгө жакынтадан жардам берсеңиз.

**Ысык саламым менен,**

**Эл депутаттарынын Ак-Талаа райондук**

**Кеңешинин төрагасы : – Д. Берикбаев.**

10-январь, 1992-жыл. Баетов айылы.

**Эгерде кат жүзүндө же үндөшкүч аркылуу кайрылсаңыз:**

722640. Ак-Талаа району, Баетов айыы. Ленин көчөсү-28. «Айыл турмушу» газетасынын редакциясы. Дөлөев Өмүрбекке. Кызмат телефону: 91-1-33. үй-91-2-50.

**КЕРЕКТЕЛҮҮЧҮ, СИЗ БЕРҮҮЧҮ СҮРӨТТӨР:**

**1. 24х30 түстүү сүрөтүңүз**

**2. 9х14 жөнөкөй түшкөн 3 сүрөтүңүз.**

**3. Башка да ар кандай 3-4 сүрөттөрүңүз.**

Өмүрбек жөө-жалаңдап, шаардагы ар бир аттуу-баштуу атуулдарга, акын-жазуучуга, илимпозго, коомдук, мамлекеттик ишмерлерге үйлөрүнө чейин барып (алардын так даректерин ар кимдерден сурамжылап жүрүп), эптеп таап, айлап шаарда тынымсыз жүрүп, өмүр баяндарын жазып алып, китептерин жыйнап, сүрөттөрүн топтоп, аларды бирден 24х30 өлчөмүндө сүрөткө түшүртүп, Тоголок Молдо саябагында да жалпы баарын ал жерге чогултуп, жалпы сүрөткө тарттырып кайтат. Келгенден кийин алардын өмүр, илимдик, ишмердик, чыгармачылык жолдорун бүт жазып, райгезитке сүрөттөрү менен берди. Эмгектерин, чоң сүрөттөрүн такталарга-текчелерге койдуруп, Ломоносов атындагы орто мектебинин залына «Талант» аттуу музей ачып, «Ак-Талаа жылдыздары « деген

теманын астында элге тартуу кылды. Бул райборбордогу, анын тарыхындагы биринчи башталма эле. 1992-жылы Мусанын 90 жылдыгында өзү башта сүйлөшүп, көрсөткүчтөрүн бүт алып келген Бишкектеги ак-талаалыктарды өзү барып, кайрадан байланышып, эки чоң автобуска салып, Дөрбөлжүнгө алып келди. Автобус райондун эсебинен барыш-келиши бекер болду. «Талант» музейине Мусанын да буюм-тайымдары коюлду. Шаар менен элет ушинтип биригип, Дөөлөтбек менен Өмүрбек эң чоң иш жасашты. Мында Дөөлөтбектин көрө билүүчүлүк көсөмдүгүн, аны Өмүрбектин ак сезе билип, кан-жаны менен аткаргандыгы жаткандыгын айта кетмекчимин. Ошондой эле акын-журналисттин сыясы кургабаган калеми менен, актай дил аракети менен өлбөс-өчпөс эмгек жаратканын биз эч качан унутпашыбыз керек. Муса жөнүндө анда бай материал бар. Өмүке, буюрса Муса баянына бир кайрылып, өзүнчө эстелик жаратат деген ишенимим бар. Булбулдун 90 жылдыгы болуп көрбөгөндөй чоң салтанат менен өтүп, райондун талант жылдыздары атайын чыгарылган райгезитте сүрөттөрү менен (3-октябрь, 1992-жыл, № 79-80-81) даңазаланды.

Эмне дейбиз. Ак-Талаасын канат кылып, улам өргө алып учкан акын, журналист өз бактысын калемден тапканын, талант дайыма эл даңазасы болоорун гана айтмакчы болгомун. Буга чейин адабий кечеси, 50 жылдыгы эли менен бирге салтанаттуу белгиленген. 60 жылдыгы да өзүнө татыктуу орду менен аземделмекчи. Буга чейин да талант тууралуу ойлорумду жазып, элге айтып келгемин. Эжейи Турсунбүбү экөөбүз Өмүрбектин калем менен, бийик адамгерчилиги менен жараткан жакшылыктары кут болсун демекчибиз!

*Назар Мусулимов,*
*акындын агайы, коомдук ишмер.*

## АЙТЫЛУУ УУЛ ЧЫГЫП АЛТЫМЫШКА, АК ТОЮ ЭҢ ЧОҢ МАЙРАМ КАЛКЫБЫЗДА!

(4-беттен)

## АК-ТАЛААДАН ЧЫККАН АЙТЫЛУУ ТАЛАНТ

Ө. Дөлөев аябагандай чоң тагдырга жолуккандыгы үчүн чоң акын болуп калды. Өмүке! Бар бол иним! Сендей акындар кыргызында көп деле эмес. Кадырыңды билгендер көбүрөөк болсо экен.

*Омор Султанов,*
*Кыргыз Эл акыны.*

Өмүрбектин эл үчүн деген жүрөгүнүн, болгондо да жөн эмес, элден бүткөн жүрөгүнүн оту өчпөсүн деп тилейм.

*Шайлообек Дүйшеев,*
*Кыргыз Эл акыны.*

Эл арасында, журт ичинде жашап, иштеген Өмүрбектей акындар өтө сейрек!

*Дөөлөтбек Берикбаев,*
*«Ак-Талаа-Эл» коомунун президенти.*

«Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер», «Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңирген ардагер», айтылуу акын жана журналист, Нарын облусундагы элетте жашап, иштеген чоң талант, улуттук журналистиканын, маданият, адабияттын абыроюн арттырууга өз үлүшүн активдүү кийирип келаткан көрүнүктүү маданий жана коомдук ишмер Өмүрбек Дөлөев 15-сентябрь, Жума күнү, 2007-Доңуз жылы туура 60 жашка толот.

Акын Тайлак баатырдын жергеси Ак-Талаа районунун Коңорчок айылында 1947-жылы туулуп, Шырдакбек хандын ордосу аталган Чолок-Кайың айылынан Ленин атындагы №1 орто мектептин 11-классын бүтүргөн. На-

рын шаарындагы ДОСААФтын алдындагы автомотомектептен шоферлук курстан, Бишкектеги финансы-экономикалык техникумунун бюджеттик бөлүмүнөн, улуттук университеттин журналистика бөлүмүнөн билим алган. «Кыргыз айыл чарба техникасынын» Ак-Талаа райондук өндүрүштүк бирикмесинде шофёр болуу менен эмгек жолун баштаган. Райондук финансы бөлүмүндө киреше боюнча инспекторлукта сыналган. 1970-жылдан бери райондук «Айыл турмушу» (мурдагы «Колхоз эмгеги») газетасында адабий кызматкер, 8 жылы айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 19 жылы редактордун орун басары, кийинки 7 жылдан бери башкы редактор. Республикалык, облустук, райондук коомдук ар кандай иш-чаралардын активдүү катышуучусу, демилгечил, уюштуруучуларынын катарында. Кайда болсо калыс, түз, тайбас элдик пикирин тайманбай айткан, эл – жердин намысын талашкан, туусун бийик көтөрүп жүрүүгө далалаттанган патриот инсан.

Ө. Дөлөевдин чыгармачылык өмүр көчү кыргыз элибиздин маанилүү көркөм көчүндөй көркөм жана бараандуу, көзгө толумдуу, турмуштук кыртышы ушунчалык бай, улам өөрчүтүп, бийиктетип, жаңылантып туруучу мол азыктуу. Элет Өмүрбекти алтын ой, көөнөргүс асыл сөздөр менен бала күнүнөн такай жабдыган. Табият койнунда төрөлүшү, өсүшү, элетте чоңоюшу, түбөлүк жашашы, коштоп жүргөн жылкычынын турмушунун канаттуу күндөрү анын өмүрүн бүтпөгөн ырга айландырганы шексиз. Ошон үчүн Ак-Талаасы ага жаңы төрөлүп, алгач көз ачып көргөндөй кумардуу, кызык жана эч нерсеге алмашкыс кымбат.

Чыгармачылыгынын башаты «Алдыдагы өмүрлөр» аттуу алгачкы ыры 1-январь, 1969-жылы «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланган учурга таандык. Ошол эле жылы февралда «Жаш ленинчи» журналына «Жашыл өрт»» деген ыры басылган. Кабарчылык жолу 5-класстан

же 1960-жылы «Кыргызстан пионери» газетасына шефке алган коён тууралуу жазган кабары менен башталган. Тун чыгармасы жаштар гезитинен жарык көргөндөн баштап, чыгармачылыкка айрыкча жигерденүү, демилге, кумардануу менен кирген. Техникумда окуп жүргөндө эле окуу жайларында өткөн адабий кечелерге үзбөй барган. «Тоо жылдызы» адабий ийримине катышкан. Беганас Сартов, Турар Кожомбердиев, Асан Жакшылыков, Шайлообек Дүйшеев сыяктуу акын-жазуучулар менен адабий чөйрөгө аралашкан, адабий талкууларда өз оюн ортого салып турган. Кара-Суу районунда мамлекеттик практикада жүргөнүндө 1970-жылы, 9-майда райондук салтанатта Жеңиш күнүнө арналган көлөмдүү ырын окуган. «Кайнар булак» ж.б. телеберүүлөрдөн, радиоуктуруулардан өзүнүн поэзия саптарынан окуп турган, пикирлерин билдирген. Кыргыз Жазуучулар Союзу, басмалар менен байланышта болуп, китепканалардан өзүнө тийиштүү китептерди көп окуп, анда чыгармачылыкта иштеп, көп изденген, чыгармачылыгына келечектүү азык топтогон.

Райгезитте иштегенден тартып адабий жолго түшүүгө, анын миң толгоолуу азабын көтөрүүгө белсенген, тынбай, талбай эмгектенген. Облустук, республикалык дээрлик басма сөздөргө ырлары, кабарлары, очерктери, публицистикалары байма-бай (ырлары орус тилинде да) жарык көргөн. Ар кандай деңгээлдеги адабий кеңешмелерге, семинарларга активдүү катышкан. Жаш адабий талапкерлердин катарланып чыгуучу «Учкун», андан калеми кадыресе төшөлүп калгандардын «Жалын», орус тилиндеги «Перевал» альманахтарына, Москвадан миллион нускада чыгуучу «Родина» календарына анын поэзия саптары жайгашкан.

Декабрь, 1978-жылдан СССР Журналисттер Союзунун, 12-апрель, 1989-жылдан СССР Жазуучулар Союзунун катарында. Кыргыз Республикасынын Журналисттер, улуттук Жазуучулар Союздарынын Башкармалыкта-

рынын мүчөсү. Жазуучулардын Нарын облустук бөлүмүнүн коомдук башталыштагы жетекчиси. Республикадагы абройлуу коомдук бирикмелердин бири – «Ак-Талаа-Эл» коомунун район боюнча вице-президенти. 1982-жылдан бери райгезиттин алдындагы «Үмүт оттору» адабий ийримин, райондогу «Тайлак баатыр» коомдук фондусун жетектейт. 1999-жылдан бери Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын коллегия мүчөсү. «Сергектик» ыктыярдуу коомунун райондук Кеңешинин төрагасы болгон. Демократияны өнүктүрүүгө өз салымын кошуп, КР Президентти шайлоо боюнча №22 Ак-Талаа райондук округдук шайлоо комиссиясында төрагалык жоопту милдетти аткарып, республикада жогорку көрсөткүчкө жетишип, элдин ынтымак, биримдигин чыңдоодо уюштурууучулугун көрсөткөн. Журналисттердин 3 жолку, Жазуучулардын 2 жолку сьезддеринин делегаты. Жазуучу Ш. Бейшеналиевдин Ак-Талаадагы 60 жылдык тоюнда анын өмүр, чыгармачылык жолу боюнча алгылыктуу доклад жасаган. Анын акын А. Эгембердиевдин жыйнактары боюнча жана адабият, басма маселелериндеги республикалык басылмалардагы макалалары, Казыбек казалчынын 100 жылдыгына карата Нарын шаарында өткөн (2003) республикалык илимий-практикалык конференциядагы доклады да окумуштуулар тарабынан илимий, адабий багыттагы жаңыча көз караш, табылга экендиги баса белгиленген. Улуу манасчы Сагымбай, казалчы Нурдин Молдо, Муса Баетов, А. Чоробаев, Ш. Бейшеналиев жөнүндөгү адабий, тарыхый табылгалары, таланттуу беренелери элибиз үчүн алтын фонду. Өлкөнүн акын-жазуучуларынын өмүр, чыгармачылыгы, адабияттагы орду жагдайындагы, дегеле, андан башка да турмуш, жашоого өзүнүн элдик көз караштагы позициясын массалык-маалымат каражаттарында активдүү билдирип, оюн кенен, терең берип келет. Ушул өңүттө Ак-Талаанын эзелтеден эмки мезгилге чейинки «мен-мен» де-

же 1960-жылы «Кыргызстан пионери» газетасына шефке алган коён тууралуу жазган кабары менен башталган. Тун чыгармасы жаштар гезитинен жарык көргөндөн баштап, чыгармачылыкка айрыкча жигерденүү, демилге, кумардануу менен кирген. Техникумда окуп жүргөндө эле окуу жайларында өткөн адабий кечелерге үзбөй барган. «Тоо жылдызы» адабий ийримине катышкан. Беганас Сартов, Турар Кожомбердиев, Асан Жакшылыков, Шайлообек Дүйшеев сыяктуу акын-жазуучулар менен адабий чөйрөгө аралашкан, адабий талкууларда өз оюн ортого салып турган. Кара-Суу районунда мамлекеттик практикада жүргөнүндө 1970-жылы, 9-майда райондук салтанатта Жеңиш күнүнө арналган көлөмдүү ырын окуган. «Кайнар булак» ж.б. телеберүүлөрдөн, радиоуктуруулардан өзүнүн поэзия саптарынан окуп турган, пикирлерин билдирген. Кыргыз Жазуучулар Союзу, басмалар менен байланышта болуп, китепканалардан өзүнө тийиштүү китептерди көп окуп, анда чыгармачылыкта иштеп, көп изденген, чыгармачылыгына келечектүү азык топтогон.

Райгезитте иштегенден тартып адабий жолго түшүүгө, анын миң толгоолуу азабын көтөрүүгө белсенген, тынбай, талбай эмгектенген. Облустук, республикалык дээрлик басма сөздөргө ырлары, кабарлары, очерктери, публицистикалары байма-бай (ырлары орус тилинде да) жарык көргөн. Ар кандай деңгээлдеги адабий кеңешмелерге, семинарларга активдүү катышкан. Жаш адабий талапкерлердин катарланып чыгуучу «Учкун», андан калеми кадыресе төшөлүп калгандардын «Жалын», орус тилиндеги «Перевал» альманахтарына, Москвадан миллион нускада чыгуучу «Родина» календарына анын поэзия саптары жайгашкан.

Декабрь, 1978-жылдан СССР Журналисттер Союзунун, 12-апрель, 1989-жылдан СССР Жазуучулар Союзунун катарында. Кыргыз Республикасынын Журналисттер, улуттук Жазуучулар Союздарынын Башкармалыкта-

рынын мүчөсү. Жазуучулардын Нарын облустук бөлүмүнүн коомдук башталыштагы жетекчиси. Республикадагы абройлуу коомдук бирикмелердин бири – «Ак-Талаа-Эл» коомунун район боюнча вице-президенти. 1982-жылдан бери райгезиттин алдындагы «Үмүт оттору» адабий ийримин, райондогу «Тайлак баатыр» коомдук фондусун жетектейт. 1999-жылдан бери Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын коллегия мүчөсү. «Сергектик» ыктыярдуу коомунун райондук Кеңешинин төрагасы болгон. Демократияны өнүктүрүүгө өз салымын кошуп, КР Президентти шайлоо боюнча №22 Ак-Талаа райондук округдук шайлоо комиссиясында төрагалык жоопту милдетти аткарып, республикада жогорку көрсөткүчкө жетишип, элдин ынтымак, биримдигин чыңдоодо уюштуруучулугун көрсөткөн. Журналисттердин 3 жолку, Жазуучулардын 2 жолку съезддеринин делегаты. Жазуучу Ш. Бейшеналиевдин Ак-Талаадагы 60 жылдык тоюнда анын өмүр, чыгармачылык жолу боюнча алгылыктуу доклад жасаган. Анын акын А. Эгембердиевдин жыйнактары боюнча жана адабият, басма маселелериндеги республикалык басылмалардагы макалалары, Казыбек казалчынын 100 жылдыгына карата Нарын шаарында өткөн (2003) республикалык илимий-практикалык конференциядагы доклады да окумуштуулар тарабынан илимий, адабий багыттагы жаңыча көз караш, табылга экендиги баса белгиленген. Улуу манасчы Сагымбай, казалчы Нурдин Молдо, Муса Баетов, А. Чоробаев, Ш. Бейшеналиев жөнүндөгү адабий, тарыхый табылгалары, таланттуу беренелери элибиз үчүн алтын фонду. Өлкөнүн акын-жазуучуларынын өмүр, чыгармачылыгы, адабияттагы орду жагдайындагы, дегеле, андан башка да турмуш, жашоого өзүнүн элдик көз караштагы позициясын массалык-маалымат каражаттарында активдүү билдирип, оюн кенен, терең берип келет. Ушул өңүттө Ак-Талаанын эзелтеден эмки мезгилге чейинки «мен-мен» де-

ген чыгаан адамдарын талбай санжыралоодо. Райондун атуулдарын Өмүрбектей эч бир акын-жазуучу, журналист чегине жеткирип бере албайт. Анткени, санжырачылардын, сөз кенин алып жүргөндөрдүн байыртадан топтолуп келаткан бай казынасын 37 жылдан бери ачып, өз мезгилинде жазып калган.

Райондун бардык коомдук иштерине, маанилүү өнөктүктөрүнө системалуу катышуу менен, республикалык деңгээлде Ш. Бейшеналиевдин 60, 70, Тоголок Молдонун 130, Мусанын 90, 100, Тайлак баатырдын 200, Ак-Талаанын 60, 70 жылдык тойлорун өткөрүүдө түздөн-түз чоң демилге, өзгөчө үлүштөрүн кийирген. Ак-Талаада алгач Ломоносов атындагы орто мектебинде «Талант» музейин түзгөн. Шаар менен айылдын байланышын чыңдоодо, андагы ак-талаалык атуулдардын биримдигин камсыз кылууда эмгек сиңирген.

Окурмандар чыгаан акын жана журналисттин бөбөктөр үчүн «Алтын топ», кенже балдар үчүн «Мен-Мекендин чырпыгы», массалык окурман журту үчүн «Сезим тамчысы», «Үмүт оту», «Өмүр көчү-1», « Өмүр көчү-2» аттуу ыр топтомдорун, «Ак-Талаа-куттун жергеси» (түзгөн) деген тарыхый жыйнакты, «Казыбек. Кан-жандан чыккан казалдар. « (түзгөн жана адабиятташтырып жазган) аттуу китепти, «Ак Мөөр-Ак-Талаанын айпериси» деген тарыхый очеркти окушкан. Алардан башка да басмалардан жарык көргөн авторлордун очерктер жыйнагында эмгектери, ар кандай китептерде ал жөнүндө жазылган ойлор, жылуу пикирлер элибизге кеңири белгилүү. Айрыкча «Өмүр көчү» аттуу өзүнчө эле томдуктарга барабар китептерине эл акындары Омор Султанов менен Шайлообек Дүйшеевдердин жазган баш сөздөрүнө акындын адабияттагы, турмуштагы орду так, таамай, эң калыстыкта, эч бир ашыкча сөзү жок, Өмүрбек өзү кандай болсо, ошондой көрөсөндүктө, даанышмандыкта тастыкталган.

Калайыктын кадырлоосуна жеткен акынга КР Грамотасы, «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер» ардактуу наамы, Жазуучулар жана Журналисттер Союздарынын, ВЛКСМ БКнын, Кыргызстан ЛКЖС БКнын, Кыргыз ССРинин Көзөмөл комитетинин, республикалык «Билим» коомунун, партиянын Нарын обкомунун, Ак-Талаа райкомунун, комсомолдун Бишкектеги Ленин (студенттик алдыңкылыгы үчүн), Ак-Талаа райкомдорунун Ардак грамоталары, ВЛКСМ БКнын төшкө тагынуучу «Комсомолдук активист» белгиси, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгиси, «Манас-1000» кол сааты менен сыйланган. Акындын 50 жылдыгында Кыргыз Жазуучулар союзу «50 жыл Өмүрбек Дөлөев» деген жазуусу бар кызыл килемди республикада биринчилерден акынга тапшырышкан. Юбилейи жогорку ченде өткөн.

Ал Токтогул поэзиясынын күндөрүнүн чегинде өткөн жаш акындардын республикалык фестивалынын лауреаты. Журналисттер Союзунун чыгармачыл конкурсунун Нарын облусундагы үч жолку жеңүүчүсү, журналист, котормочу, публицист Сулайман Мамбеталиев атындагы журналисттердин республикалык сыйлыгынын биринчи лауреаты, Нарын облусунун «Намыс» Программасынын жеңүүчүсү – «Мыкты журналист» наамынын ээси. Ошондой эле маданиятты көтөрүүгө арналган райондук сынакта «Ак-Талаа-Эл» коомунун «Мыкты журналист» наамын жеңип алган.

Калыбынан жазбаган, адамга тарбиячылык өрнөгү бар, сыясы кургабаган калем кайраткери күчүнөн тайбай, күүсүнөн жанбай, чыгармачылык жолдо эч качан таштыркабай, даана турмуштун өзүндөй көркөм ой саптарын күчтүү, жалындуу дем менен арбыта жазып, коомдук иштерде дагы жандуу, активдүү, демилгелүү болуп, жаштарга устаттык чеберчилигин үйрөтө бермекчи.

*Акындын 60 жылдык мааракесин*
*өткөрүү боюнча комиссиясы*

# ОН ҮЧҮНЧҮ РЕДАКТОР

Өмүрбек байке экөөбүз кызматта 2000– жылдан бери бирге иштешебиз. Сөздүн толук маанисинде ал өрнөктүү адам. Башынан эле бир калыптагы ыймандуулугу, узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жеткен даанышмандыгы даңкын билээр элем, тааныыр элем. Атам Жанболот, «Балам, Өмүрбекке жакындай гөр, таалимин алсаң, жаман адам болбойсуң. Келинибиз Бурганбү да кермаралдай керилген, сыр сандыктай зымпыйган, энеси Өмүрбекке гана атайын арнап төрөп бергендей, ага төп келген жубай. Алардан эч качан колуңду үзбө. Аны редакцияга кызматка мен алып келген эмесмин, таланты алып келген. Таланты анын атагын Ак-Талаадан ашырып көргөзүүдө. Көрөсүң дагы, акындын келечеги алдыда. Ушундай, адамда сейрек учуроочу бийик адамгерчилиги, таза ыйманы, өтө ийкемдүү кичипейилдиги, адамга абдан жатыктыгы, талбай изденгендиги, тажабай иштегендиги, кишиге ысык мамилеси аны бардык нерсенин бийиктигине жеткирет» дечү. Бул мага атамдан калган мурас сөз! Ал редакцияга келгенде атамдын алдында (атам жооптуу катчы), кийин атам анын алдында (Өмүрбек байке редактордун орун басары, партиялык уюмдун жетекчиси) иштеди. Экөөнүн ортосунда ага-инилик эле эмес, кызматтык да бийик сый түбөлүк орногон. Ал мамиле бизге өттү. Мен байкеден чыгармачыл адам кандай болуш керектигин, чынчыл, калыс, ак пейил, эмгекчил, аткаргыч, адамга жапакеч болуусу, тез, сапаттуу иштөөнү, оперативдүү аракеттенүүнү, иштей турган обьектини эң айкын, кеңири билип, анан жаза баштоону, жазганын тууарасында ал кишиге мактанып айтпоону, принципиалдуулукту, кишиге дайыма жакшы мамиле жасоону, жаман, одоно сөздөрдү колдонбоону, сылык-сыпаа, токтоо, чыдамдуу, сабырдуу, намыскөй, эң биринчи үй-бүлөңө, жарыңа карамдуу жашоону, ар убак адамдын көңүлүн

көтөрө жүрүүнү, кандай учур келсе да адамга жардам берүүнү дилиме кийирдим. Ал-адамгерчиликтин түгөнбөгөн казнасы! Мүнөзүн, кыял-жоругун, иштегенин, жашоо-турмушун, өмүрүн, талантын, кызыктуу жашоосун карап отуруп кумарданасың. Өтө жөнөкөйлүгү, адамды кирпигинен билген акындык сезгичтиги, талбай да, тажабай да калемин колдон түшүрбөй иштей берээрлиги суктандырат. Өзү жумушту тез бүткөрүп, элден да ошондой так талап кылат. Жүйөөкечтиги кандай учур болсо да адамды терең, өзүнөн ашык да түшүнө билгендиги, эмне турмуш жагдайы болсо да анын көзүн таап, жол көргөзгүнтүгү таң калтырат. Ошон үчүн карапайым адамдар ага тагдыр, жашоо тирлигин ачык айтып, кеңеш сурап көп келишет. Ал тургай аттуу-баштуу эле кишилер, курагы жогорулап калгандардын нечени ага кайрылып, үй-бүлөлүк же жашоо жагдайларыбы, оң жолго жолдомо алышат. Мында, анын адамдык сейрек сыр сактагычтыгы. Канчалаган адамдар менен сырдашып, бүткүл тагдырын чечмелеп алса да, аны өзүнөн башка жан адам билбейт. Албетте, турмуштук ырларынын саптарында белгилүү деңгээлде ал ойлор чагылдырылса керек.

Гезит 1940-жылдан чыкса, анын ал 13-редактору. Чыкпай калган кезде гезитти чыгарып, жамаатын кармап турат десек жарашат. Кээде 8 ай бою айлык албай калган учурларыбыз кездешти. Болгондо да ар бирибиздики айрым мекемедеги кароолчунукунан төмөн эмгек акы. Кыжаалаттанып, аз айлыгыбыз да колго тийбей турган кезде «ишти таштап кетип калалы» деп кеңешип алып, кайра «Өмүрбек байкени жалгыз таштап кетсек уят» деп, аны сыйлаганыбыз үчүн гана иштеп жүргөнүбүздү моюнга алабыз. Кай бир учурда кыйналып бараткан, өзүнүн айлыгын бизге кармата берип, кийин акча болгуча өзү бирөөдөн карыз сурап калгандыгын билебиз. Анан, ушундай жетекчиге сыймыктанбай койбойсуң да. Ошол эле учурда иш боюнча эң эле катуу талап коюп,

аткартып, тартипти сактайт, айтканынан кайтпайт. Жетекчи астында иш боюнча абайлап, этиканы сактап, маданияттуу, өз жолуң менен жүрүүгө калыптайт. Одоночулукту, дөөгүрсүп, төш кагып, көпкүлөң жүргөндөрдү, биреөгө таянып чоң сүйлөп, элдин эсебинен көп байып алган «жалган байларды» жек көрөт.

Атам айткандай өмүршериги Букен жеңе да байкеге жарашкан, аябай мыкты аял болуучу. Экөө Аккуудай окшошуп жүрөөр эле. Аганын талантына Букен жеңе көп сүрөө бергендиги анык. Жеңенин зыйнатына да байке айрыкча үлгүлүү, өрнөктүү турду. Тагдыр жолунда мыкты аялдан ак жолдуу экен. Айнаш жеңени туура тандаган. Айнаш жеңе да ак жолтой келди. Келээри менен үч күндөн кийин келин алды. Ал өздөрү менен бирге жашады. Байке наам алды, эмгеги сиңген ардагерликке жетти, неберелүү болушту. Турмуш жакшылыгын, ысык-суугун камыр-жумур болуп, бирге тартып кетишти. Кудага баруу, куда келүү, той өткөрүү ж.б. бардыгында бүт Айнаш жеңе кабагым-кашым дебей, аганын оор жүгүн жондон алышты. Бул оңой эмес. Адамга карамдуу, боорукер, кайрымдуу, эң башкысы – адамды түшүнгөн, терең акылдуу, ачык-айрым, үйдү да, сыртты да ийгерип, турмушка чоң бел болгон, чыгаан, ишкер айым. Балдарга, жерге-жээкке үзүлүп түшүп карайт, кенен, көркөм жайылган дасмалы келген кишини маданияттуу тейлөөсү «маданиятка эмгек сиңирген ишмердин жубайы» деген даңазага төп келет. Башта деле районго төбөсү көрүнгөн аял эле. Эми байкенин сыймыгы кошулуп, огобетер мыкты, чыгаан аялзатынын зоболосун алды. Элге таанымалдыгы, сыймыктуулугу жогорулады. Кут болсун дейли экөөнө, элге.

Байке, табиятында бүгүнкүнү эртеңкиге калтырбайт, өктөм, өжөр, жыйнактуу, эч кимге билинттирбей өзүнөзү жыйнап, ирээттеп, тескеп турат. Ашкере кичипейил, ашкере ийкемдүү, шамдагай, сергек чабендестей бардык нерсеге илгиртпей көзү жетик, турмушта көрөсөн. Ойдо-

гусун сөзсүз аткарууга жетишет. Колдон келбечү нерсени максатына койбойт. Ошон үчүн тагдырдын оош-кыйышында турмушун тез нугуна салып, башына андай жамандык келбегендердин эсин оодарып, Өмүрбек экенин даана көрсөттү. Ага терең акыл, ченде жок чечкиндүүлүк, аны көрө, сезе, акылга сала билүүгө адамдык, турмуштук бийиктик керек да. Көртирликтен чыга албагандар өзүн-өзү антип жасай албайт, кыйналат, азап тартат.

Карапайымды кадырлаган, каарман өмүрлүү, таза мээнеттүү, наабаттуу адам, дөөлөттүү акын жана журналист Ак-Талаанын сыймыгы. Ошону менен бирге эле жамы кыргыз журтунун айтымдуу уулу, бир чыгаан таланты. Талант деген элдик кенч. «Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңирген ардагер» деген ардактуу ат эле эмне деген асылдыкты айтып турат!»

«Куу алган кушка сын барбы» дегендей, Өмүрбек Дөлөев болуш кимдин колунан келмекчи? Ал үчүн эң чоң адамгерчиликтүү, бардык жагы төп айкалышкан, эли-журту, жаш-кары дебей урматтуу сыйлаган акын жана журналист Өмүрбек Дөлөев болуп төрөлүш керек. Ал жасаган тарыхый иштерди ноюбай, кабагым-кашым дебей, жаркылдап жасаш керек! Канчалык какшанып, ал жөнүндө айтсак да, каармандык менен жазсак да Өмүрбек аганын так өзүнө жеткириш кайда? Көралбастар тытынып өлөөр, көрө алгандар «биздин чыныгы уулубуз!» – деп сыймыктанаар. Жакшыны жакшы гана көрүп, баалай алат. Сырттанды сырттан билет. Демек, акын туралуу айтуучу мыкты маек, жакшы аңгеме, балбан сөз, көңүлдү көтөргөн канаттуу ыр дегеле түгөнбөйт.

*Шахназар Жанболот уулу,*
*журналист.*

## ӨМҮРБЕК-АК ШУМКАРДАЙ ТУУРУБУЗДА, УРМАТ-СЫЙ-ТАЛАНТ ЭЭСИ УУЛУБУЗГА!

(5-беттен)

Урматтуу **Өмүрбек Дөлөевич!** Ак-Талаанын Алыкулу, чыгаан уулу!

Ак чаптын арасынан суурулуп, кудайым берген өзүңдүн аракетиң, талантың менен облус, район гана эмес, бүткүл Кыргызстанга таанымал инсандардан болдуң, көптөгөн ырларыңа обондор чыгарылды. Бир нече китептердин авторусуң. Кыргызга белгилүү улуу муундардын – Нурдин Молдо, Тоголок Молдо, Муса Баетов, Сагынбай манасчы ж.б. изилдеп, көп табылгаларды таап, элиңе бердиң. Ал эми Шырдакбек, Казыбек казалчы, Тайлак баатыр жөнүндө тарыхка калтырып, жумурай журтка тартууладың.

Өзгөчө, эжебиз Ак Мөөрдүн ата-тегинен бери казып, акыры Ак-Талаанын айпериси экенин далилдеп бердиң. Бүткүл Кыргызстанга айгинеледиң. Буга чоң рахмат!

Урматтуу Өмүрбек! Биз күткөн юбилейиң кут болсун! Мындан ары да чыгармачылыгың өркүндөп, ден-соолукта болуп, элибизге өлбөс-өчпөс чыгармаларыңды берип, талыкпай, талбай, чарчабай улам бир бийиктикке чыгышыңа мен тилектешмин!

*Кеңешбек Акматалиев,*
*КР эмгек сиңирген дарыгери.*

## КАРЫЛАРДАН СӨЗ КЕНИН КАЗЫП АЛГАН

Өмүрбек байкенин 40 жылга жакын чыгармачылык жолунда маданий-социалдык, чарбалык, адабий иш болобу, дайыма биргелешип иштеп калдым. Ал райондогу бардык тармакка, коомдук иштерге тиешеси бар, көз карашы олуттуу, «универсал», эң активдүү позициядагы, дегеле адам турмушуна эч качан кайдыгер карабаган адам. Акын, журналист Ак-Талаанын кайсы айылы

болбосун аксакал-көксакалдары менен тыгыз мамиледе, жаш-карысы менен жүрөктөрүн ачып сүйлөшө алат. Бул да талант. Мындай талантты кудай атайын Ак-Талаа үчүн ыроолосо керек деп калам өзүмчө ойлонуп.

Эсимде, бала кезимде атам, мыкты санжырачы, сөзмөр, наабаттуу Кемелгазы Турдумамбетов менен баар жаза көпкө сүйлөшөөр эле. Атам да бул киши келгенде жогу табылгансып, жыргап калуучу. Өмүрбек байке атамдан Жаңыл мырзаны, Тайлак баатыр жөнүндө бүтпөс баянды, А. Чоробаевдин Тайлак дастанынын кол жазмасын, уруулардын келип чыгышы, Тоголок Молдо, Абдыкалык, досу Муса Баетов жөнүндө канаттуу баяндарды угуп, аларды дептерине түшүрүүчү. Атам менен астейдил дидарлашып, жылдырып, акырын, этият, абай салган суроолорун берип, айтпай койбоочу, атамдын жүрөгүндөгү ачыла албай жүргөн сырдуу кеп булактарынын көзүн аярлап ачаар эле. Атам өз обонуна салып, Казыбектен, Мусанын ырларынан, ж.б. ыр, жомок, уламыш, болгон окуяларды бир ачылып-чачылып төгүүчү эле. Мен бойтойгон балалык мүнөзүм менен атамдын сырын арыбери өтүп, илбериңки салам айтып жүрүп эле ачып алган Өмүрбек байкенин кыял-жоругуна, жазган чыгармаларына суктанып, «мен да ушул адамдай чыгармачыл инсан болсом» деп купуя тилек кылып коёр элем.

Мен да институттан окуп жүргөн кезимде Өмүрбек байкеме келип, жазган ырларымды окуп бергеним эсимде. Акын ага да ак дил кабыл алып, жакшы пикирин билдирип, өзүнүн акыны Жолон Мамытовго арнаган ырын окуп берген. Омор Султановду, Алыкулду, Жолонду, Сүйүнбайды кумир тутканын баамдагамын.

Акын жана журналист Өмүрбек Дөлөев өзүн мыкты саяпкердей элге жасаган таланттуу, акылдуу, чыгаан адам. Бактысы-таза мээнети, талбаган эмгеги, даана таланты. Чыгармачылыгын ак дилден баалаган адам катары акынга амандык тилейм, жакшылыктарды каалайм!

*Гүлжан Турдумамбетова, режиссёр.*

## ӨМҮРБЕК-АК ШУМКАРДАЙ ТУУРУБУЗДА, УРМАТ-СЫЙ-ТАЛАНТ ЭЭСИ УУЛУБУЗГА!

(5-беттен)

Урматтуу **Өмүрбек Дөлөевич!** Ак-Талаанын Алыкулу, чыгаан уулу!

Ак чаптын арасынан суурулуп, кудайым берген өзүңдүн аракетиң, талантың менен облус, район гана эмес, бүткүл Кыргызстанга таанымал инсандардан болдуң, көптөгөн ырларыңа обондор чыгарылды. Бир нече китептердин авторусуң. Кыргызга белгилүү улуу муундардын – Нурдин Молдо, Тоголок Молдо, Муса Баетов, Сагынбай манасчы ж.б. изилдеп, көп табылгаларды таап, элиңе бердиң. Ал эми Шырдакбек, Казыбек казалчы, Тайлак баатыр жөнүндө тарыхка калтырып, жумурай журтка тартууладың.

Өзгөчө, эжебиз Ак Мөөрдүн ата-тегинен бери казып, акыры Ак-Талаанын айпериси экенин далилдеп бердиң. Бүткүл Кыргызстанга айгинеледиң. Буга чоң рахмат!

Урматтуу Өмүрбек! Биз күткөн юбилейиң кут болсун! Мындан ары да чыгармачылыгың өркүндөп, ден-соолукта болуп, элибизге өлбөс-өчпөс чыгармаларыңды берип, талыкпай, талбай, чарчабай улам бир бийиктикке чыгышыңа мен тилектешмин!

*Кеңешбек Акматалиев,*
*КР эмгек сиңирген дарыгери.*

## КАРЫЛАРДАН СӨЗ КЕНИН КАЗЫП АЛГАН

Өмүрбек байкенин 40 жылга жакын чыгармачылык жолунда маданий-социалдык, чарбалык, адабий иш болобу, дайыма биргелешип иштеп калдым. Ал райондогу бардык тармакка, коомдук иштерге тиешеси бар, көз карашы олуттуу, «универсал», эң активдүү позициядагы, дегеле адам турмушуна эч качан кайдыгер карабаган адам. Акын, журналист Ак-Талаанын кайсы айылы

болбосун аксакал-көксакалдары менен тыгыз мамиледе, жаш-карысы менен жүрөктөрүн ачып сүйлөшө алат. Бул да талант. Мындай талантты кудай атайын Ак-Талаа үчүн ыроолосо керек деп калам өзүмчө ойлонуп.

Эсимде, бала кезимде атам, мыкты санжырачы, сөзмөр, наабаттуу Кемелгазы Турдумамбетов менен баар жаза көпкө сүйлөшөөр эле. Атам да бул киши келгенде жогу табылгансып, жыргап калуучу. Өмүрбек байке атамдан Жаңыл мырзаны, Тайлак баатыр жөнүндө бүтпөс баянды, А. Чоробаевдин Тайлак дастанынын кол жазмасын, уруулардын келип чыгышы, Тоголок Молдо, Абдыкалык, досу Муса Баетов жөнүндө канаттуу баяндарды угуп, аларды дептерине түшүрүүчү. Атам менен астейдил дидарлашып, жылдырып, акырын, этият, абай салган суроолорун берип, айтпай койбоочу, атамдын жүрөгүндөгү ачыла албай жүргөн сырдуу кеп булактарынын көзүн аярлап ачаар эле. Атам өз обонуна салып, Казыбектен, Мусанын ырларынан, ж.б. ыр, жомок, уламыш, болгон окуяларды бир ачылып-чачылып төгүүчү эле. Мен бойтойгон балалык мүнөзүм менен атамдын сырын ары-бери өтүп, илбериңки салам айтып жүрүп эле ачып алган Өмүрбек байкенин кыял-жоругуна, жазган чыгармаларына суктанып, «мен да ушул адамдай чыгармачыл инсан болсом» деп купуя тилек кылып коёр элем.

Мен да институттан окуп жүргөн кезимде Өмүрбек байкеме келип, жазган ырларымды окуп бергеним эсимде. Акын ага да ак дил кабыл алып, жакшы пикирин билдирип, өзүнүн акыны Жолон Мамытовго арнаган ырын окуп берген. Омор Султановду, Алыкулду, Жолонду, Сүйүнбайды кумир тутканын баамдагамын.

Акын жана журналист Өмүрбек Дөлөев өзүн мыкты саяпкердей элге жасаган таланттуу, акылдуу, чыгаан адам. Бактысы-таза мээнети, талбаган эмгеги, даана таланты. Чыгармачылыгын ак дилден баалаган адам катары акынга амандык тилейм, жакшылыктарды каалайм!

*Гүлжан Турдумамбетова, режиссёр.*

## ЖАКШЫЛЫКТАРДЫН СЕБЕПКЕРИ

Мен 1971-жылы райондук гезитке ишке орношуп, Өмүрбек менен 4 жылы бирге иштештим. Кол ийиктей болгон, адамга абдан жагымдуу мүнөзү бар бул куракташымды ошондон бери терең түшүнөмүн. Анда Өмүрбек, Асанакун, Муктар, Самагандар бир кур жигиттер эле жана бүт бойдок, мен үйлөнүп калгамын. Мен алардын баарысына күйөө жолдош болгомун.

Дегеле, ал адамдын көөнүн калтырбаган, ыктуу, жүйөөлүү нерсени түк жок дебеген, ичкен ашын жерге коюп, курбуларына жардамдашкан. Эмне болбосун оперативдүү, тез аракет кылган уюштургуч. Таланттуу Өмүрбек комсомолдун райкомунун бюро мүчөсү, райондук «КП»ны чыгарган анын редактору. Эң чоң бөлүм айыл чарба бөлүмүн башкарып (ушул бөлүмдө гана эки адабий кызматкер бар болуучу, баарын өзү пландаштырып, башында туруп тейлөөчү) райондун үгүт поюздарын райондун атынан жетектеп, мыкты лектор катары жылына 4-5 жолу тоо арасында, Ак-Сай, Арпа, Орто-Сырт, Соң-Көл, Бычанды 20дан кем эмес тейлөөчү адамдарга баш-көз болуп келүүчү. Бул ал кезде чоң жоопкерчилик, партиянын, элдин ишенимине татуу эле. Пропагандист, саясий информатор, мыкты лектор, партиялык уюмдун катчысы – идеологиялык майдандын жоокери аталчу. Мындай алдыңкы сөз ээсине «Билим» коому тарабынан Сочиге путевка берилип, Кара деңиз боюна 18 күнгө ал жакка барып келген. Кабарчылардын, жаш калемгерлердин райондук семинар-кеңешмелерин өткөрүүдө, районго келген акын-жазуучулардын чарбаларда, ар бир айылдарда, өнөктүк өтүп жаткан жерлерде иштиктүү жолугушууларын уюштурууда ага чоң милдет райжетекчилик тарабынан жүктөлүүчү. Аларды ал түндөп болсо да тез бүтүрүп, күткөн учурдан эрте алып келип көрсөтүп, жетекчилерди ыраазы кылуучу. Ошон үчүнбү, ага ого бетер үйүп-үйүп тапшырма үстүнө тап-

шырма жүктөп коюшчу. Ага ал бир да ирээт кыйыктанганын же нааразы болгонун көргөнүм жок. Тескерисинче шыктануу, жигердүнүү менен сергек аткаруучу.

Өмүрбек-адамдардын жакшылыгынын себепкери. 1975-жылы, сентябрь айында, отпускага жаңы эле кол койдуруп, үйгө кетейин деп кеңседе отургам. Райаткомдун төрагасы Казыбай Турганов жалпы бөлүмдүн башчылыгына иштөөгө Өмүрбекти чакыртып кетти. Терезеден карап отургам, келсе колун кысып коёюн деп. Аңгыча эле редактор Сапарбек Рыспаев мени өзүнө чакырып, «Өмүрбек Тургановго макулдугун бербей коюптур, сени айтсам, келсин деди, тез бар» деп шаштырды. Барып эле мен иштеп калдым. Ошентип, Өмүрбек мага «жолдомо» берген. Айтайын дегеним, ал кызмат даражасына, бийликке карабаган, өз максатынан эч качан тайбаган адам. Аны Кемел Жакешович Ашыралиев облуска губернатор кезинде ошол учурдагы райондун жетекчиси Ө. Кожековдон улам-улам чакырттырып, жообун айтып, болбой койсо, Өмүрбектин жердеши, облветстанциянын башчысы М. Мотушовдун өзүн жиберип алдыртып, облмаданият бөлүмүнүн башчылыгына түздөн-түз сунуштаган. Оюн кимге болсо да ачык, бүжүңдөтпөй так айтып, даана түшүндүрүп, өткөрө билген Өмүрбек Ак-Талаасын Нарындагы чоң кызматка утурумдук пайдасына, жогорку ордуна карап алмашпаган. Өмүрбектен башка ким ошенте алат? Ал тургай пара берип, бирөөнү ортого салып барат да андай креслого. Ал келечек чоң таалайын, бүгүнкү жетип отурган бийиктигин көсөмдүк менен сезе билген, азыркы республикалык деңгээлдеги зоболосун айырбаштаган жок. Угушубузча, редакторлук орунга да Ыбырайым Жолдошовдун аябагандай кыстоосу менен келген. 1996-жылы райондун 60 жылдыгында мурдагы редакторду райжетекчилик кемчиликтери үчүн кызматына жолотпой койгондо, Өмүрбек тийиштүү адамдарга чейин барып, айтып, түшүндүрүп атып, кайра ордуна койдуруптур. Ушунчалык кеңдикти, гумандуулук-

ту, боорукерликти ал калайык-калктын улуу-кичүүсүнөн, байыртадан келаткан кыргыздын дүйнөдөгү эч бир улутта кездешпеген салт-санаасынан, адамдык нарк-нускасынан каймактай калпып, зирек акылы менен сүзгүүлдөп алганы шексиз. Анын тынбай агып турган тоо суусундай тазалыгы, суудай өзүн-өзү тазартып, Ысык-Көлдөй өзүн-өзү булганычтан тынымсыз арылтып, мөлтүрөп турганы. 19 жыл орун басар болуп, жетекчиси менен бир да ирээт кер-мур айтышпай, бир туугандай сыйлашып, ал тургай аны жогорудагыдай кызматынан алган кезде да ортого түшүп иштеткени айкөлдүгү, жашоо-турмуш, кызматта чанда гана кездешүүчү адамдык кыл чоку касиет, өрнөк болуучу жосун. Өмүрбектин акылзиректигинен, өз бактысын айкын көрө билгенинен башка кызматка башкаларчылап жазгы суудай ооган жок. Эгер жылып кеткенде, бийик журналистиги, реалдуу, турмуштук калемгерлиги, мыкты акындыгы, өзүнүн ушуга чейинки системалуу массалуулугу, элдүүлүгү, кыргыз кыйырына чыгармачылык таанымдуулугу бул деңгээлге жетпей, үзүк-созук болуп, кылоо-кылоо, бир беткей, чыгармачылыгы аразат калып, азыркыдай элдин акыл-оюн чагылгандай аралай чапчуу ырлары, түбөлүктүү тарыхый табылгалары жаралбай калмак. Учурдагыдай бактынын тактысында жайдары отурмак эмес. Демек, тоголонуп келген таалайды токтотуп, кете берээринде аны ак сезип, өзүнө, үй-бүлөсүнө бекем, түбөлүктүү орнотуп, бир жанган таалай кутун биротоло алоолонтуп калган.

«Жашында берсин мээнетти» дейт. Өмүрбек жаштайынан мээнеттин түбөлүк өмүрлөшү. «Карыганда берсин дөөлөттү» дейт. Өмүрбек чексиз дөөлөттүү, бийик зобололуу, сыймыгы жаш кезинен башынан түшпөй орногон, бүткүл калкка кадырман адам. Ал турмушта Адам деген эч нерсеге теңдешсиз аттын толук маанисиндеги Адам! Мен үй-бүлөм менен Өмүрбек үчүн чоң сыймыктуумун.

*Кубанычбек Мергенбаев,*
*ардагер педагог*

## БИРГЕ ИШТЕШИП КЕЛЕБИЗ

Жакшы акын обончуга дайым керек. Юбиляр менен көп жылдан бери чыгармачылык алакадамын. Акын бизге канчалаган жакшылыктарды жасап келатат. Дайыма райондогу ар кандай кечелердин сценарийлерин талыкпай жазып, алып барат, жалын толгон ойлорун эл астында ар убакта айтат, окурмандарга чыгармачыл жаштарды, үлгүлүү адамдарды кеңири пропагандалайт. «Адабият, маданият, талант!» – деп эле жаштайынан жер сабап келет. Анын мөмөсү – көптөгөн өнөр талапкерлери жергебизден чыкты жана чыгууда. Андыктан, акын менен улуу-кичүү ар кыл таланттардын байланышы дегеле үзүлбөйт. Башка жерге кетишсе да ар убак байланышып турушат. Терең ой баткан, бир караганда обон чыкпачудай оор сөздөр орун алган ыр саптарына көз карашы анча эмес обончулар маани бербейт. Акындын поэзиясы түртө салды жазылган жеңил-желпи эмес. Ырлары дээрлик турмуштук жана бүтүндөй адамгерчиликке чакырган чыгармалар. Ошон үчүн Сатылган Осмонов баштаган залкар композиторлордон бизге чейин агабыздын ырларына музыка жазып жүрүшөт да. Чыныгы поэзия жерде калбайт эмеспи. Өмүрбек аганын поэзиясы нукуралуулукка, өзүндөй элдүүлүккө ээ. Мен да 4 ырына обон чыгаргамын. Дайыма элге ырдап жүрөбүз. Ушундай музыкалуу акынга бардык жакшылыктарды каалаймын!

*Асан Сыдыков, музыкант.*

## АК-ТАЛААНЫН АЛТЫН КАЛЕМИ

Мен Ө.Дөлөевди жаш кезинен бери билемин. 37 жылдан бери гезитте иштеп, ак-талаалыктардын күзгүсүнө айланган десем болот. Колум бошой калса эле ага барам. Өткөн-кеткенди, турмуштан эмне билсем, ага айткым, ой-пикирин уккум келет. Негизи эле элдин көбү Өмүрбекке ошондой жан сырын төгүп, билгенин сөзсүз

ага айтып, астейдил, жүрөктөшүндөй мамиле кылышат. Таза, ак дил адам ошондой болот да. Анткени, аны элдин уулу, өзүбүздүн кыйбас, көздөй кишибиз катары бийик баалайбыз. Бардык жерде ал жөнүндө башкалар да өлкөнүн булуң-бурчуна барып калсак, куда-сөөккө жолдонсок, автоунаада баратып жакшылар жөнүндө кеп салсак, сөзсүз Өмүкени дароо айтышат.

Өзүмчө деле ойлоп калам, «Өмүке бул таалайына кантип жетти?»– деп. Кайра өзүм жооп издейм. Ал эң оболу ак-талаанын акыны, ак-талаанын жазуучусу. Өмүрбекти эл, ал ким десе, «жазуучу» дешет. Жазуучулар союзуна өтө электе эле «кабарчы» дебей, «жазуучу» дешчү, кудай ооздоруна сала бергенсип, илме кайып кылып. Теңирдин сыйын карабайсызбы, ага удаа эле Жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө өттү. Өткөндө да талантынан башка жөлөк-таяксыз, карандай таза таланты менен атактуу Токтогулдун жергесинде (бул дагы айкалышкан, жөрөлгөлүү, илмекайып нерсе), Токтогул поэзиясынын алкагында өткөн фестивалдын лауреаты болуп, анан өттү. Ага чейин үч китеп чыгарды, 5-6 альманахка, республикалык басылмаларга ырлары орусча, кыргызча чыкты, очерктери, публицистикалары, ар кандай макалалары республикалык, облустук басылмаларга байма-бай жарыяланып турду. Телерадиодон да чыгармалары, журналисттик эмгектери кеңири берилди, өзү да ар дайым активдүү катышып турду. Жаштар арасында республикада эң активдүү чыгармачылык позицияны ээледи. Райгезиттин алдына Жазуучулар Союзунун Нарын облусундагы көчмө пленумуна карата (1982) «Үмүт оотору» адабий ийримин ачты, аны ушул убакка чейин өзү жетектеп келүүдө. Адабий, журналисттик облустук, республикалык кеңешмелерге, сьезддерге такай катышты. Жыйындарда өз ойлорун элеттин жашоо-турмушунун атынан дайыма айтып жүрдү. Аз убакыттан кийин эле «Жазуучу Дөлөев» аталган Өмүке ошол жогорку осуйпаны актай алды. Себеби, окурмандар чөйрөсү аде-

генде эле арышты кенен таштаган акын-журналистти эч кимде жок подчеркинен, өзгөчө, дайыма көркөм ой сиңген, терең акыл уялаган, башкаларга окшобогон, чыныгы турмуштун өзүнөн алынган, жасалмасыз, жашоонун өзүндөй саптарынан даана жазуучулугун алдын-ала баамдашкан окшойт. Болбосо, ага чейин 1940-жылдан бери басма сөздө канчалаган адамдар иштебеди? Бирин да эл «жазуучу» деп аташкан эмес. Эми, ошол эли эчтеке боло электе эле өздөрүнүн жазуучусу атап алган Өмүкенин артыкчылыгы эмнеде? Баарыдан мурда Ак-Талаанын акыны, Ак-Талаанын жазуучусу, чыгаан журналисти. Райондун тээ түпкүрдөгү жанган тарыхый жылдыздарына серп салып, өмүр таржымалдарын канча жылдап болсо да изилдеп, ажарын мезгилдин түркүн түстүү оңбос, өчпөс боёктору менен бүгүнкү муундарга жаркыратып ачып берүүдө. Республикага төбөсү көрүнгөн инсандарыбызды: жетекчи, окумуштуу, акын-жазуучу, ишкер, эмгек алдыңкылары, баатырлар, эрлер, нарк-насилдүү эл башыларын, ар тараптуу чыгаандарды, айылдын аттын кашкасындай айтымдууларынын эзелки, эмкилерин эң оболу ак-талаалыктарга таасын жеткирди. Ошон үчүн Ак-Талаада Өмүрбектин ат көтөргүс эмгеги бар.

Мен сыйлаган, урматтаган, эл кадырлаган, барктаган калктын каарман уулу, «ден-соолукта, үй-бүлө, бала-чакасы менен узак жашасын!»— деп, ак дилимден батамды жолдоймун.

*Дүйшө Дегенбаев,*
*«Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңирген ардагер», Нарын облусунун ардактуу атуулу.*

## АКЫНГА АРБАК ДАГЫ ЫРААЗЫ

Акын-журналист уулубуз жакшылыкка да жарчы, жамандыкка да тикеден-тике туруп, ак дил кызмат кылат. Негизи, Өмүрбек айткан ойду, жалындуу, таамай, жерсеберине жеткире сүйлөгөн сөздү эч ким айта албайт.

Тим эле жүрөгүндө кайнап турган дилинди эл алдына төгөт. Калайык-калктын көз алдында маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнаттарына туруудa анын эмгеги айтаарлык. Мисалы, башкарма Капар Мааметовдун, депутат Жээнбек Акматалиевдин, облустагы айтымдуу адамдын бири, Ленин ордендүү ферма башчысы Табрис Отоpовдун, Ардак белгиси ордендүү ферма башчысы Алманбет Мамакеевдин, чыгаан чабан Сары Бабыгуловдун, обончу Бекзат Өмүровдун, окумуштуу Сапарбек Жумакадыровдун, Баатыр эне, айылдык Кеңештин төрайымы болуп жүргөн Күкү Кашкарбаеванын, сатуучу Малыш Орозалиеванын, облустагы мыкты сот аталып жүргөн Байжан Мурзалымбековдун ж.б. аза митингдерин уюштурууда, алып барууда, анда алардын татыктуу турмуштук ордун жамы журт бетинде так белгилеп айтууда инсандык активдүүлүгү, адамдык бийиктиги, таланты менен журтту чоң ыраазы кылгандыктарына Ак-Талаанын эли күбө. Акындын көптөгөн артыкчылыктарынын бири ушунда. Ага элибиз моралдык, материалдык эмне сый кылсак да жарашат. Ал «60» деген тоого тоодой эмгек жүгү менен келди. Ошол, элдин келечекке жүктөгөн жүгүн бүгүн эл өздөрү көрүп, сыймыктанышмакчы. Арийне, кудай калыс айтканда калк өз жүгүн ар бир атуулуна бекем таңат. Ал ыйык милдетти көп адамдар кайдигерликтен улам көтөрө албай, ара жолдо жондорунан шыпырылтып таштап салып жатышпайбы. Алар ошон үчүн элге жете албайт, чыныгы элдик инсан боло алышпайт. Өмүрбектей гана элинин ысыгын да, суугун да астейдил жүрөгүнөн дайыма өткөргөн адам калкынын карачечекей уулу боло алат. Мыкты адам районду, облусту, айылды, мекеме, мектепти эң жогорку деңгээлде башкарган жетекчидей. Өмүрбекке так ошол бийик вазипа таандык. Аман болсун элдик акын, калкы кадырлаган журналист.

*Окен Ибраимов,*
*ардагер.*

## ЖАКШЫ АДАМГА-ЖАКШЫ СӨЗДӨР ЖАРАШАТ, ЖАКШЫ АДАМДЫ-ЖАКШЫ АДАМДАР БААЛАШАТ!

(8-беттен)

## ЭМГЕК, ТАЛАНТ БАКТЫСЫН ЖАСАП КОЙГОН

Өмүрбек тоодо туулуп, тоо арасында өсүп, табияттын койнунда эркелеп чоңойду. Бала күнүнөн ак жаркын мүнөзү, кең пейили, учкул кыялы, адамды өзгөчө сүйө билгендиги, жаратылышты жан дүйнөсүнөн бөлбөгөндүгү менен башкалардан кескин айырмаланды. Көрсө, талант деген ошондой, бир башкача жүрүм-турумда, кишиге өтө жатык, жакын, жайдары ниет-пейилде жашайт тура. Чыныгы талант гана айыл деген эмне экенин өмүрү, жүрөгү менен баалайт тура. Бишкекте жашаган Алымкулга Коргол ырчы:

Жаңырган Совет өлкөгө,
Жайылды сенин кабарың.
Ырчысы болдум мен өзүм,
Аялдар менен баланын, – деген экен.

Ошол өңдүү Өмүке да элетте жашап жана иштеп жүрүп, эли-жери үчүн айыл турмушунун тагдырын, көйгөйлөрүн, касиеттүүлүгүн, керемет-келбетин, алп эмгегин жазды. Эми да ошол эле калыбында талбай иштөөдө. Республикалык деңгээлде белгилеп жүрүшкөндөй, элетте жашап, иштеп, андан майнап чыгаруу сейрек. Өмүрбек так ошонусу үчүн бактылуу. Ал бактысын элетте өз эмгеги менен колунан, кара мээнети, таза таланты менен жасады. Айылда туруп эле өлкөнүн маданиятына, адабиятына, журналистикасына бараандуу салымын кошуу менен өз алкагынан, өз чөйрөсүнөн суурулуп чыгып, белгилүүлүккө жетти. Акын ыр жазуу менен гана чектелбей, элеттеги өнөр казынасын ачты, элдик бай мурастарды изилдеп, жазып, элге берди. Ырларына, дастандарына канчалаган обондор чыгарылып, ырдалды. Кийинки эле

учурда таланттуу ырчы Улара Жапарованын аткаруусунда «Ак Мөөрдүн арманы» клип болуп, экрандан түшпөй аткарылууда.

«Талант –талпынган куштай, мүдөөсү канбайт, көкөлөп учпай» дегендей, Өмүрбек өзүнүн талыкпаган, тажабаган, кумардуу эмгеги, чаалыкпаган изденүүчүлүгү менен табият тартуулаган талантын бийик деңгээлге жеткирди.

Өмүке, ушинтип эмгек менен, бакыт келген, алдыңдан дагы жаркырап таалай тоссун деген, аппак тилек, жаркын каалоо менден!

***Калыбек Бектурганов**, төрагасынын орун басары,*
*Ак-Талаа райондук ардагерлер Кеңешинин мүчөсү,*
*райондун, облустун ардактуу атуулу.*

## ТАЛАНТЫ ТААНЫТКАН ТААЛАЙЛУУ АДАМ

Акын менен бир мектептен окуп калдым. Бала кезинен эле кичипейил, өтө жөнөкөй, абдан эмгекчил жана айтканын аткарган өжөр, сөзүнө бекем турган кашкөй азамат эле. Окуучулук учкул күндөрүндө эле мугалимдер арасында, окуучулар ичинде кадыр-баркы бар, алдыңкы окуучу аталган. Сыйлыктарды алып жүргөнүн билем. Ошондо эле сөз берметтерин тандап, кыздарга куюлуштуруп кат жазып, курбуларынын сүйлөшкөн кыздарына кат жазып берип, «Жаш талант» аттуу адабий дубал газетаны биринчи Өмүрбек чыгарган. Баарыбызды ыр жазууга танапис сайын үгүттөп, сурап туруучу. Таланттуу экенин ошондо эле далилдеп койгон. Турсун, Үпөл, Мейманбай, Декен, Токтокожо өңдүү эжейлер, агайлар адабияттан сабак беришип, Өмүкени дайыма макташып, келечегине жаркын сөздөрдү ошол кезде эле жаңылбай айтышчу тура.

Табият берген таланты, анан өзүнүн эмгекчилдиги, намыскөй, өжөрлүгү, ар нерсеге курулай өзүн-өзү алдап,

кээ бирөөлөрчүлөп чарпылбай, айкын максатты коё билгендиги аны көп ийгиликтерге түз жеткирди десек болот. Атанган жазуучу, журналист, маданиятка эмгек сиңирген ишмер деген ардактуу наамдуу талантка таазим этип, ал үчүн сыймыктануу ак-талаалыктар үчүн кандай бакыт! Райондо Өмүрбектин тиешесисиз бир да маданий же башка иш-чаралардын өтпөгөнүн аралаша жүрүп мен таасын туйгамын. Ал жөнүндө менден да жакшы билгендер четтен чыгат. Ал райондун эң бир чыгаан патриоту. Ак-Талаанын намысы дегенде ичкен ашын жерге коё коюп, чуркап, кичинекей эле ийгилиги, жакшылыгы болсо даңазалаганга шашат. Ак-Талаанын төбөсү көрүнгөн, сыймыктана турган атуулдарынын эмгек, ишмердүүлүк жолдорун, ийгиликтерин газетага, райондун 60 жылдык китебине чагылдырып, элге даңазалап, келечек муундарга үлгү катары көрсөттү, райондун тарыхына өзүнүн бараандуу салымын кошту. Ак Мөөр, Шырдакбек, Тайлак сыяктуу тарыхый ак-талаалыктарды Өмүке болбосо ким эл-журтка мынчалык деңгээлде таанытат эле? Бул таланттуу эмгекти ар бирибиз айкын билишибиз керек деп ойлоймун. Казыбек жөнүндө ага канчалык алкоолор айтылууда. Райгезитти жаптырбай чыгарып туруу да эрдикке тете иш. «Үмүт оттору» адабий ийриминен Кубанычбек Аркабаев, Мирлан Самыйкожо, Айсулуу Эсен кызы сыяктуу, мурдагы кадыресе акын, журналист болуп калгандарды кошпогондо да азыр жаштардан суурулуп чыгып келаткан мыкты калемгерлерибиз Өмүрбектин мектебинен өткөндүгү элибиз сыймыктанаарлык факты.

Өмүрбек өзү жөнөкөй, жеткиликтүү, көркөм, терең маани менен сүйлөгөн сөзү, жетик, алымдуу ою бар, эргүү кыялдуу, республикага таанымал акын, сөздү кынаптап, бабына келтирген чечендиги белгилүү бийик адам. Адамгерчиликти, достукту, туугандыкты, баарын-баарын аздектей билген, кимге болбосун жардамын аябаган улуу инсан.

Урматтуу Өмүрбек! Ары-бери карагыча 60ка келипсиң. Маарекең куттуу болсун! Сен өмүрүңдү текке кетирген жоксуң. Райондун, облустун сыймыгы, республикага кеңири таанымал акын болдуң! Сага узун өмүр, чоң-чоң ийгиликтерди калайм!

*Мааметжума Жумакадыров,*
*Кара-Бүргөн айылынын тургуну, райондун Ардактуу атуулу,*
*билим берүүнүн отличниги.*

## АК-ТАЛААНЫН АК ЧАБЫНА ЫР ТӨШӨҢҮЗ!

Газетанын алдында тээ 80-жылдардан бери эле «Үмүт оттору» адабий ийрими иштейт. Чачына кош бантик байланган секелек кыздар бири-бирибизге атаандашып, редакцияга көп келээр элек. Анан, эшиктен уялыңкы башбаксак эле илгиртпей дароо «кир, кире койгула» деп, жолубузду андан ары эч тартынбай кирүүгө кенен ачып, үңүлүп, жан дили менен берилип иштеп жаткан ишин таштай коюп, бизге чоң кишидей көңүл бөлүп, ар бирибиздин ырларыбызды эрикпей окуп чыгып, келечектүү кеңешин берген Өмүрбек байке болчу. Андан бери ай жылдарга тогошуп, закымдаган мезгил менен тең жарышып, 60тын кутман босогосуна акын агабыз келип калыптыр. Тоолук акындын 60 жашы-залкар адамдардын талант көчүн улаган угуттуу ырларынын жашы!

Акын ага! Жөнөкөй жүрүп, жөнөкөй жашап, бирок, тоо жыттанган керемет ырларыңыз менен элиңиздин жүрөгүнөн түнөк таптыңыз. Бар болуңуз! Бул ыр дестем сиздин ырларыңыздын темаларынан куралган.

«Сүйүшсөк да» «жалгыздык жанга батып»,
«Сагынганда» «ынагым» «санаа басып».
«Бактым сенде болгон үчүн» азгырыгым,
«Ээлигип кетип барам селдей ташып».

«Жаз менен сен бир жаралган белемсиң»,
«Жаздан сени айырмалай албадым» деген
«Бир өзүңсүң канбай турган кумарым».
«Жаштык түнүм», «күйүп түшкөн жылдыздай».
Бу «түндөрдө көрүнбөгөн жалын бардай».
«Өзүмдү таппай келем», «сезсең эмне»?.
Сезимим «селге айланган дайралардай».
«жанды эриткен жакшы сөзсүң сен мага»,
«Сен майрамсың бүтпөй турган дайыма».
«Өмүр деген азгырык» эгер билсең.
«Болуу керек жакшы адамдын жанында».
«Жебе болуп», «мезгилди коштоп алып»,
Босогоңдо «өзгөчө өмүр– алтымыш».
«Не тилесең, тилегиң берип ушул жыл»,
Ырларыңда болбосо экен сагыныч.
Турмушуңда болбосо экен кагылыш.
«Түшүнүш үчүн бийиктикти « акын агай,
«Аралыкка жутулбасын өмүрүңүз».
Ырлардан өлбөстүккө сепил куруп,
«Тоого кеткен жолдорго» ыр төшөңүз!
«Ак-Талаанын ак чабына» ыр төшөңүз!

*Барчын Мамытбекова.*

## БИЙИКТЕ БИЙИК ОЙЛОР ТУУЛУУЧУ

Кыялын намыс, эрктен жуургандай,
Кынынан албарс кылыч суургандай.
Кыргыздын акынынын бири -Өмүрбек,
Кырмандын уясында туулгандай

Ырынан түнөк тапкан талант кушу,
Ыраакка эл таанытуучу уул ушу.
Бүркүттөр мекендеген Теңир тоодой,
Бийиктен бийик ойлор туулуучу.

Өстүргөн лирикалык уруктарды,
Өмүкем дыйкан сымал түшүнгөнгө.
Эң кылдат, үлбүрөгөн булуттарды,
Үркүтпөй ак кагазга түшүргөнгө.

Аёосуз булүндүргөн мерез кылым,
Ал угат кайберендин, гүлдүн ыйын.
Акылдуу акындыгы назик жүрөк,
Алууга табияттын, жердин сыйын.

Сыя албай Кыргызстандын алкагына,
Ырлары тарап барат жер шарына.
«Шырдакбек арман» айтып, муң-зар төгөт,
Кытайлык кыргыздардын сахнасына.

Тартылган пейзаж көл, тоо, колоттордон,
Соң-Көлүң, Тайлак күмбөз, Чолок-Коргон.
Уккан соң, ностальгия канын соргон,
Кытайлык боордоштор шолоктогон.

Басылган миллион нуска Кремлде,
Календар тараган бүт Эс Эс Эс эрге.
Ар үйдүн столунан орун алган,
Арнаган ыры улуу Ленинге.

Өмүке,
Эми жаңы жетилген кез чалгынын,
Ырдан бийик мунараны салгынын.
Алтымыш жаш күлгүн курак акынга,
Токсонго да лирик бойдон баргынын!

*Жаныбек Кырбашов.*

## ТҮБӨЛҮК АДАМДАРГА БАКЫТ БЕРЕТ

Закымдап учуп мезгил татына,
Чукул келип пайгамбар жашына.
Элиңизде тойго айланып турасыз,
Чыккан күндөй тоонун башына.

Тунуңуз балдардын бактысына,
Кубанып оокатта тың жакшысына.
Өркүндөңүз өмүрдү көкөлөтүп,
Өзүңүз берген турмуш ачкычына.

Атыңыз чыксын кылымдардан жаркырап,
Жүрөгүңүздө өчпөс талант шам турат.
Керегисиз адамдардын дайыма,
Кайдан болсо, «Өмүрбек» – деп, калк сурап.

Ак-Талаа эли байыртадан жылдыз эл,
Туусу бийик, намысынан сынгыс эл.
Дүңгүрөтүп атыңызды ай-ааламга,
«Ак-Талаанын чыгааны!» – деп, Кыргыз эл.

Ак-Талааа менен айтылдыңыз бир өзүңүз,
Канча бир жаштарды алга сүрөдүңүз.
Түбөлүк адамдарга бакыт берет,
Кудайым мээрим чачкан мүнөзүңүз!

*Айпери Токтосунова.*

Өстүргөн лирикалык уруктарды,
Өмүкем дыйкан сымал түшүнгөнгө.
Эң кылдат, үлбүрөгөн булуттарды,
Үркүтпөй ак кагазга түшүргөнгө.

Аёосуз бүлүндүргөн мерез кылым,
Ал угат кайберендин, гүлдүн ыйын.
Акылдуу акындыгы назик жүрөк,
Алууга табияттын, жердин сыйын.

Сыя албай Кыргызстандын алкагына,
Ырлары тарап барат жер шарына.
«Шырдакбек арман» айтып, муң-зар төгөт,
Кытайлык кыргыздардын сахнасына.

Тартылган пейзаж көл, тоо, колоттордон,
Соң-Көлүң, Тайлак күмбөз, Чолок-Коргон.
Уккан соң, ностальгия канын соргон,
Кытайлык боордоштор шолоктогон.

Басылган миллион нуска Кремлде,
Календар тараган бүт Эс Эс Эс эрге.
Ар үйдүн столунан орун алган,
Арнаган ыры улуу Ленинге.

Өмүке,
Эми жаңы жетилген кез чалгының,
Ырдан бийик мунараны салгының.
Алтымыш жаш күлгүн курак акынга,
Токсонго да лирик бойдон баргының!

*Жаныбек Кырбашов.*

## ТҮБӨЛҮК АДАМДАРГА БАКЫТ БЕРЕТ

Закымдап учуп мезгил татына,
Чукул келип пайгамбар жашына.
Элиңизде тойго айланып турасыз,
Чыккан күндөй тоонун башына.

Тунуңуз балдардын бактысына,
Кубанып оокатта тың жакшысына.
Өркүндөңүз өмүрдү көкөлөтүп,
Өзүңүз берген турмуш ачкычына.

Атыңыз чыксын кылымдардан жаркырап,
Жүрөгүңүздө өчпөс талант шам турат.
Керегисиз адамдардын дайыма,
Кайдан болсо, «Өмүрбек» – деп, калк сурап.

Ак-Талаа эли байыртадан жылдыз эл,
Туусу бийик, намысынан сынгыс эл.
Дүңгүрөтүп атыңызды ай-ааламга,
«Ак-Талаанын чыгааны!» – деп, Кыргыз эл.

Ак-Талааа менен айтылдыңыз бир өзүңүз,
Канча бир жаштарды алга сүрөдүңүз.
Түбөлүк адамдарга бакыт берет,
Кудайым мээрим чачкан мүнөзүңүз!

*Айпери Токтосунова.*

## ТААЛАЙЛУУ АДАМ МЕЗГИЛ МЕНЕН ТАНДАЛДЫ, ТАЛАНТ ТОЮ АК-ТАЛААДА ШАҢДАЛДЫ.

**(«Айыл турмушу», Октябрь, 2007-ж. 6-беттен)**

Ак-Талаа жергеси, анын эли-журту үчүн 37 жылдан бери татыктуу эмгек өтөгөн чыгаан уулу, таза талант, бийик адам катары тарыхый эсте калаарлык эмгек жасаган, элетте жашап, иштеп эле жамы кыргыз журтуна, адабиятка, журналистикага бараандуу салымын кошсо болоорлугун турмуш менен далилдеген айтылуу инсан Өмүрбек Дөлөевдин 60 жылдык юбилейине карата райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Алмаз Кулматов баштаган райондук жетекчилик, анын биринчи орун басары, маарекелик комиссиянын төрагасы Сейтек Кулубаев жетектеген комиссия мүчөлөрү Ак-Талаанын аймагында быйылкы жылы тарыхый окуя болуп калуучу бул маарекелик ишке астейдил мамиле жасашкан. 14-сентябрга чейин акын, журналист менен китеп күйөрмандарынын, мектеп окуучуларынын жер-жерлерде жолугушуулары, китепкөйлөрдүн конференциясы, тарых музейинде, райондук маданият үйүндө маалыматтык китепкана борборунда көргөзмөлөр болгон. Акындын өмүрү, чыгармачылыгы боюнча фотостенддер, массалык маалымат каражаттарына жарыяланган ар кыл ой туундулары газета-журналдар менен, китептери атайын текчелерге коюлган. Обончу, аткаруучулар ак-талаалык акындын тексттерине жазылган ырларды чеберчиликте ырдоого мурдатан камданышкан. Маарекенин сценарийин режиссёр Гүлжан Кемелгазиевна Турдуманбетова түзгөн. Акындын жазган ырлары боюнча чоң программадагы концертти музыкалык мектептин директору Казыбек Элетенов даярдаган. Кеңири масштабда, көп элдин катышуусу менен республикалык деңгээлде өтүүчү салтанаттуу аземге комиссиянын тең төрайымдары акимдин орун басары Элмира Ашырбаева, райондук маданият бө-

лүмүнүн башчысы Марипа Мукановалар комиссия мүчөлөрү менен бирдикте алдын-ала шайма-шай даярдыкты түзүлгөн иш-чаранын негизинде жүргүзүшкөн. Китепканачылар эң сонун көргөзмөлүүлүккө жетишишкен

Улуттук Жазуучулар Союзунун жаңы төрагасы, Кыргыз Эл акыны Омор Султанов 11-августта акындын маарекесин кичи мекенинде өткөрүү боюнча комиссия түзгөн, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор Ажыбек Кадыркулович Касмалиевге, райаким А. О. Кулматовго кат жолдогон.

Күткөн күн келип, 14-сентябрда райондук маданият үйүндө салтанат башталды. Сахнада шаңдуу үн жаңырып, Өмүрбектин жарык дүйнөгө келген сентябрь айын шаттаган ыр саптары ободо куштай шаңшыды. Аңгыча, ымыркай баланын кадимкидей ыңаалап ыйлаган доошу угулуп, үн күчөдү. Музыка катуулап басылып, «Ай-аалам угуп үнүңдү, жан-жактан кулак түрүлдү. Эч адам калбай уккула, төрөлдү бир уул, сүйүнчү!»– деген сөзгө улай, жаңы төрөлгөн наристени көтөрүп, бактылуу ата-Дөлө, таалайлуу эне-Сейне өнөр секисине келишти. Перзентти колго алып, жалпы элден бата алып, атын Өмүрбек коюшту. Буга удаа салтанатты алып баруучу Гүлжан 60 жаш жөнүндө жалындуу ыр саптарын чубатып, кечээги бир наристе бүгүн 60ка чыкканын шаңдап, юбилярды сахнага чакырды. Өмүрбек ага алдына түркүн гүлдөр коюлган көркөм креслого дүркүрөгөн кол чабуулар астында келип отурду. Алгачкы сөз маарекелик комиссиянын төрагасы Сейтек Кулубаевге берилип, ал чакан билдирүүсүн саясатташтырбай, өз дилинде акын кандай болсо ошондой кеп кылууга белсенгендиги, аземди башкаларда өткөн маарекелерден кескин айырмалады десек жарашат.

Жыйындын дагы бир өзгөчөлүгү башынан аягына чейин ар бир сөздөн кийин Өмүрбек аганын сөзүнө жазылган обондуу дастан же ыры аткарылып, аудитория менен сахнанын байланышы эч үзүлгөн жок.

Сөз аким А. О. Кулматовго берилип, ал акынга таандык маанилүү сөзүн сүйлөп, коллегия мүчөлөрүнүн атынан белегин, куттуктоо катын тапшырды.

Кыргыз улуттук Жазуучулар Союзунун атынан келген акын, «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер», Алыкул сыйлыгынын ээси Кожогелди Култегин өз сөзүндө маараке ээсинин элетте болсо да акын-жазуучулар арасында күчтүү таланты менен чоң абыройго жеткенин, адабий чөйрөдө өзүнүн «Дөлөевдик» жаркыраган орду бардыгын, калемдештеринин кимиси болсо да, кайда жүрсө да акынды ысык ымалада кеп кылышып, жылуу пикирлерин билдиришээрин, поэзиясынын нукуралуулугун, ал турмуштан гана терең акыл менен ааламдык кыял чабыт аркылуу, табият менен коюн-колтук алышкан көркөм ойлоо кудуретинен жаралып, өзгөчө коздукта алынганын, турмуш чындыгы менен шөкөттөлгөн, реалдуу жашоонун ар кырын көркөм тили аркылуу жеткире, терең философиялуу жазган, бийик адамдыгы бар, ыйманы таза, дили аппак, активдүү чыгармачыл аракеттеги айтылуу акындын, адамдык чоң паразатын зор эргүү, чын пейили менен астейдил айтты. Жазуучулар Союзунун төрагасы Омор Султановдун жана өзүнүн атынан башына ак калпакты кийгизип, жонуна улуттук саймалуу кооз чепкенди жапты. Акын Кожогелдинин бир дем менен бүткүл залды өзүнө тартып алган күчтүү дем поэзиясы элдин бүйрүн кызытып, салтанатты чыныгы ыр майрамы жасап койду.

Ал эми улуттук жазуучулар Союзунун жаштар боюнча жетекчиси, «Айтыш» фондусунун, «Калемгер» адабий клубунун жетекчиси, Жолдошбай Абдыкалыков атындагы сыйлыктын лауреаты, акын Мирлан Самыйкожонун укмуштуудай куюлуштурган сөзү жана жаштыгына жарашкан бийик пафостогу окуган ырлары, куттуктоосу эл маанайын ого бетер көтөрүп койду.

Карыя журналист Сулайман Мамбеталиев өзүнүн атындагы сыйлыктын биринчи лауреаты Ө. Дөлөевге кал-

пак кийгизип, чапанын жаап, Кыргыз Эл депутаты Аскар Салымбековдун, анын жубайы Гүлмира Мамбеталиеванын атынан алардын белектерин тапшырды. Жазуучу жана драматург, коомдук ишмер Бактыбек Максутов «Айкөл Манас» баянынын» эки, «Эр Семетей баянынын» эки томдуктарын, «Сейтек баатыр баяны» китептерин белектеди. «КР эмгек сиңирген мугалим» Таалайбүбү Насырымбекова, губернатор Ажыбек Касмалиевдин атынан облфинансы бөлүмүнүн башчысы Камчыбек Кадыралиев, кесип бирдиктеринин облустук Кеңешинин төрагасы Аманатбек Молдалиевдин атынан М. Кучкачов, «Ак-Талаа-Эл» коомунун атынан Свердлов районунун салык инспекциясынын жетекчиси Жапаркул Орозобеков, Нарындан Кеңешбек Акматалиев, Бердибек Эсенбаев, «Теңир-Тоо» газетасынын редакция жамаатынын атынан журналист Жусуп Акиев жана айыл өкмөт башчылары, мекеме жетекчилери, Куршабдан келген досу Калдар Табалдиев, ошондой эле акындын коңорчоктук туугандары, бир катар жаш таланттар, чыгармачыл инсандар куттукташты. Көптөгөн жакшы санаалаштардан Бишкектен, Нарындан куттуктоо каттары да келген, алар эл алдында окулуп берилди.

Ө. Дөлөевдин 60 жылдыгы айтылуу акын Кожогелди аябай баса белгилеп, өтө ыраазы болгондой, саясат той эмес, эч бир жасалмасыз, ар бир адам ак жүрөгү, таза пейили менен атайын келип катышкан, ак дил сүйлөгөн, бүткүл эл жактырган, чыныгы элдик той болду. Той поэзия майрамы, ыр майрамы, элдик талантты майрамдоо тою аталды. Маарекенин башынан аягына чейин улуу дебей, кичүү дебей поэзия кечесине айланды.

Азем клубда туура 3 саатты камтыды. Ага удаа Орто-Сырт кафесинде 120 адам катышкан дасмал үстүндө да той кечеси өттү.

Эмесе, ушундай элге жарашкан, чыныгы элдик, жасалмасыз той жергебизде көбүрөөк болсо экен. Ал үчүн акын Өмүрбек Дөлөевдей көөнөрбөс таланттуу, бийик

адамгерчиликтүү, табигый таза, ак дил жаралган адамдар да көбүрөөк болуш керек. Буюрса, уучубуз кур эмес, акындын адабиятта, журналистикада шакирттери арбын. Бул үлгү, бул өрнөк той элибиздин сыймыгы!

*Шахназар Жанболот уулу,*
*юбилярдын шакирти, кесиптеши.*

## УШУНЧАЛЫК СОНУН ТОЙ БОЛДУ

Көп эле тойлорду республиканын булуң-бурчтарынан (акын-жазуучулардын ж. б.) көрүп жүрөбүз, көбүнчө саясий той кылып алышат. Тойду саясаттап, бир-эки ооз сүйлөп, конвертин тапшырып коюшат, чыныгы дилин төгүп отурушпайт. 15-20 минуттан кийин андай жасалма, тажатма тойдон чарчайсың жана сөзсүз ошентет деп эле күтүп отурасың. Ал эми, Өмүкемдин тою ушунчалык бир жан дүйнөнү тазартып, көркөмдөгөн, катышкан элдин баарынын көңүлүн көтөргөн, кушубак кылган, бир сонун сүйүнүч жасаган, жогорку деңгээлдеги, республикалык масштабдагы айтылуу той болду. Ушунчалык душевный тойдон отурган элдин баары рахат алды. Ошол айтылган ар бир сөздөр, ушунчалык чын жүрөгү, ак дили менен айтылганы кадимкидей байкалып турду. Бул тойдун саясаттуу тойдон айырмасы – акындын эли-журту, ар бир адам тойго өзүнүн өмүрдөгү бир чоң жакшылыгы, бактысы, элдин, райондун тарыхый, даңктуу окуясы катары баалап келгени! Мен буларды акындык таза жүрөгүм менен ак сездим. Өмүкенин эмгеги элине ушунчалык сиңген экен. Өмүкенин кызматы калайык-калкына ушунчалык өткөн экен. Келген кишилердин баарысы жүрөгүн ачып, ушунчалык бир адамдык жан дүйнөсү менен ачылып-чачылып, абдан кубанычта, чоң сүйүнүчтө отурушту. Тигиндей-мындай бир жасалмалуулукту эч сезбедик. Жогоруда айткандай, тойдун дээрлик көбү саясий тойго айланып, аттуу-баштуу адамдар, бийлик ээле-

ри анча-мынча сөздөрүн эрине сүйлөп, бир аздан кийин даяр шылтоосун көтөрө чалып, кечирим сурамыш болуп кетип калышат. Аким А. Кулматов баштаган коллегия мүчөлөрүнүн керээлден кечке жаадырап-жайнап эл-журту менен жарык маанайда отуруштары, тойго чейинки иш-чараларды эң жогорку деңгээлде уюштурушкандыгы Өмүкенин калайыкка ак кызматын, чоң талантын сыйлагандык эмей эмне? Буга акын суктантууга, баалатууга татыктуу! Акимдин биринчи орун басары Сейтек Кулубаевдин маарекелик комиссияга төрагалык жасашы, чакан билдирүүсүн жасалмасыз, нукура терең мааниде, элге жеткиликтүү тилде айтып бериши анын келечегинен көптү үмүттөндүрөт. Өмүкенин тою, толук, кеңири маанисинде алганда чыныгы той болду. Той деген ушундай болот! Тойдун жакшы өтүшүнө бардыгы шартталганына той өзү чоң күзгү болбодубу.

Ак-Талаа-таланттардын мекени. Ак-Талаа-ырдан бүткөн жер экен! Ак-Талаа эли-ырдан бүткөн эл экен! Тойдо эмне деген гана ырлар ырдалбады! Демейде, жума бою сыналгы, үналгыдан берилген ырларды такай угуп отуруп бир канааттанбайсың. Дагы бир жагы тойдо ар ким ар кандай пейил-ниетте, кыял жорукта, көз караштa түр көрсөтүп коюу үчүн жасалма да келишет. Бир аздан кийин эле биринин сөзүн экинчиси укпай, тамадасы да ээ боло албай, өздөрүнчө эле талаалай башташат. Мындайда тойдун баш-аягы билинбей калат. Өмүкем эл жүрөгүнө төп жеткен экен, ушунчалык бир кадырлоонун, сыйлоонун сересинде жашап жүрүптүр. Бир да жерде бирөөгө акаарат кылбаптыр, чатак чыгарбаптыр, тартип бузбаптыр. Кайда жүрсө адамдык бийик касиетин карманган экен. Жетекчилик менен, райондун айыл өкмөт, мекеме, мектеп башчылары, өзгөчө карапайым калкка ушунчалык алынган экен. Өмүкени досторунун арасында Курманбек баатырдын бүгүнкү күндөгү Аккан досу десек абдан жарашат. Себеби, акынга берилген арноо концерт-

тен 60 жылдыгын угуп алып, Оштун Куршабындагы досу ат арытып, 1500 чакырым жол басып келбедиби! Мен ал досуна күнү бою чогуу болдум. Толук маанисинде, Өмүкем ушунчалык чоң бактылуу адам экен! Адамдын бактысын адам көргөзөт, мындай салтанат күндөрү огобетер даңазалайт. Өмүкенин тою Өмүкенин кыргыз элиндеги бир бийик адам экендигин даана көргөздү! Тойго келгендер өздөрүн Өмүкеге татыктуу кармап отурушканы так ошол бийиктигинен өрнөктүү, тарбиячылык эмгегинен, талантынан, элге жасаган чоң урмат-сыйынан. Өмүкенин тээ 70-жылдарда жазган:

«Келгиле, тоолор сабаа, суулар кымыз,
Уялап аскаларын көктө жылдыз.
Ат менен Айдан туруп салам берет,
Кечээги бир ууч өскөн элим кыргыз!» – деген ыр саптары дайыма менин жадымда. Өмүке, көрсө аттанганда эле камдуу, жандуу, тоолордой шандуу, чыгармачылыкка Омор Султанов айткандай «шайма-шай даярдык менен» поэзиянын, чоң, узак, бүтпөс сапарына түбөлүк аттанган экен. Аны өзү бүгүнкүгө чейинки орошон эмгеги, бүгүнкү 60 жылдык эли-журттуу поэзиясы, журналисттик ишмердүүлүгү менен эң сонун аныктады, башкаларга үлгүлөдү, нускалады, нарктады, салттады. Өмүке элетте, борбордон эң алыскы, жаратылыш шарты эң катаал айыл жеринде туруп, шаарга кетпей, кыштакта жашап-иштеп эле элге, жерге чоң эмгек сиңире тургандыгын эки кылымдап жашап, турмушу менен далилдеген биздин адабияттагы, бүгүнкү күндөгү бирден-бир дадил акын. Республикада ар бир эле райондун «Дөлөеви» жок! Өмүрбек Дөлөев жалгыз гана Ак-Талаада! Өмүрбектей чыгаан талантты, талыкпаган, тынымсыз эмгеги, кажыбас кайраты, эли-жерин аябай сүйгөндүгү, өжөрлүгү, алган максатынан кайра тартпастыгы, чыныгы патриоттуулугу менен Ак-Талаанын гана энчисине жаралган Ал

бүткүл кыргыз элине асыл кенч, маданий байлык экендиги баарыбызга белгилүү. Ар бир райондо бирден Өмүрбек Дөлөев болгондо, кыргызстанда башкача жашоо болмок! Ошондуктан, кымбаттуу ак-талаалыктар! Сиздерден сурап кетээрим, жаркылдаган жалындуу акынды ушу 60тан ашкандан кийин да анын бийик кадырын, ордун көбүрөөк билип, анын жөнөкөйлүгүнөн «катардагы бир киши» дебей, бийиктигин, чоң талантын даана сезип, урматтап, сыйлап жүрсөңүздөр?!

Кары дебей, жаш дебей, улуу-кичүү дебей өздөрүнүн өмүрдөгү бир чоң кубанычындай тойдо жайдары, дүйнө капар, көртирликтен бийик олтурушса, калемдешибиз, белдүү жазуучубуздун тою ушунчалык чыныгы элдик мүнөздө өтүп жатса, кантип толкубайсың, териңе батпай сүйүнбөйсүң! Бул той баарыбызга үлгү, өрнөк болуучу той. Өмүкемди элдик тою менен тойдун соңунда да бир жолу өзүмдүн, улуттук жазуучулар кошуунунун атынан кызуу куттуктап коймокчумун!

Дагы бир айта кетүүчү нерсе, тойдун төрт тарабы төп келди. 120 адамдан турган эки топту бирдей жогорку деңгээлде, эки жолу, кыргыздын ондон ашуун негизги, улуттук жана башка даамдары менен кынтыксыз тейлөө сейрек кездешет. Мен той дасмалынын жогорку сапатта даярдалганын Өмүкенин жубайы, жеңем Айнашка айта кетмекчимин. Райкеңештин төрагасы Байыш Үтүров пар келген жубайлар жөнүндө, турмуш, тагдыр оош-кыйышы тууралуу ушунчалык бийик сөздөрдү айтып отурду эле. Укканымды той, жеңенин жасаган иштери, адамга мамилеси, бул жакшылык үчүн жанын таштап мээнеттенгени, аны өз көзүм менен көргөнүм далилдеди. Букен жеңе да аздек аялзаты эле, бейиши болгур. Таанышып, чай ичишкен жагдайыбыз бар эле. Үй төрүнөн сүрөтүн көрүп, да жолуккан учурларды кайрадан эске салдым. Жакшы адам унутулабы! Сүрөтүн ардактап конок үйүнүн төрүнө илген Айнаш жеңенин адамдыгына ыраазы бол-

дум. Турмушта экинчи аял көзү жок болсо да биринчисинин тиги-мунусуна башкача мамиле кылат эмеспи. Эки күндө кылдай да андай нерсени жеңенин кирпигинен да байкай алган жокмун. Мындан да Айнаш жеңенин чыныгы аялзаттык мээрбандыгын, бийиктигин көрдүм.

Тагдырда экинчи никеде Өмүкемдикиндей бактылуу жол боло бербейт. Өмүке мында да акылмандыгын, кыраакылыгын, турмушту терең билгендигин көрсөтүптүр. Угуп эле «экинчи аялы» деген ой келбесе, Айнаш жеңенин өзү менен тең жарышып, көзүн карап турган эки келини Айнура менен Назираны, балдары Кылыч, Жылдыз, Сыймыктын ыйбаасын, терең сыйын сезип туруп, өзү төрөп алгандан ашык көрөөрү айкын баамдалып турат. Демек, Өмүкенин баштагы толук турмушун Айнаш жеңе деңгээлинен бөксөртпөптүр, кемий калган тагдырын дароо толуктап алыптыр. Айнаш жеңе пакиза, ак сөөктүү, жубайына, бала-чакасына аябай жарашкан, өзгөчө ызааттуу, адамга сүйкүм, аялзатына таандык бардык жакшы нерселердин баары колунан келген, оозунда акылдуу, жетик сөзү бар, келишимдүү кийинип, өзүн дайыма келбеттүү, таза алып жүргөн, сымбаттуу, суйсалган, Өмүкеге өтө камкордук кылган, чыгаан аялзаты экенине бир келип көрүп, акындык көзүм жетти. Адегенде Бишкектен келип, аттан түшүп, Өмүкеге учурашканда эле, акынды бутунан башына чейин кийингенин карап эле жеңеге баа бергенмин. Анткени, эркектен аялынын камкордугу толук көрүнүп турат да. Жеңенин тазалыгы, сарамжалы, уюштургучтугу, ак көрпө жайыл адамдык сыйы, сейрек даярдалуучу, өзүнчөлүккө ээ болуучу дасмалы тойдун чыныгы болушуна жеткиргенин да айта кетмекчимин. Өмүке менен жеңе бири-бирине төп жана жарашыпат. Жеңе келгенден бери экөө келин алып, наамга жетип, ардактуу ардагер аталып, эки небере көрүп, жеңе ак жолтой, ак ыздүү аял аталыптыр! Кут болсун!

Жалпылаганда, бакты, жакшылык деген баары айкалышканда гана пайда болот. Өмүкемдин тою, райондун жетекчилиги башынан аягына чейин тик турушкандыгы үчүн, акын эли-журтунун жүрөгүнүн тереңине жаштайынан жеткендиги үчүн, ага-тууган, дос-тамыры, кошуна-колоңу, куда-сөөгү коштоп, сүрөп алгандыгы үчүн, кайын журту кызынан артык сыйлашкандыгы үчүн республикалык деңгээлде өткөндүгүн азис меймандардын атынан атпай журтка ак дилден билдирип коймокчумун.

Бардык адамдардын сүймөнчүктүү кишиси, алтымыштын босогосун эли-журту менен бирге аттаган таланттуу, бийик адамгерчиликтүү Өмүкебизге ак тою кут болсун! Өмүке көп жашасын! Өмүке көп жашаса, чың ден-соолуктуу болсо, элине берээри арбын. Өмүкенин өнөр, талант казынасы эми гана ачылууда. Бар бол Өмүке, эли-журтуң менен!

***Кожогелди Култегин,***
*акын, «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер», Алыкул атындагы адабий сыйлыктын лауреаты, »Азаттык» эл аралык радиосунун Кыргызстандагы кабарчысы, Улуттук Жазуучулар Союзунун Ө. Дөлөевдин 60 жылдыгын өткөрүү боюнча комиссиясынын төрагасы.*

## АППАК ТОЙЛУУ САЛТАНАТТУУ КӨЧ КҮЗДӨЙТ, ЖАКШЫ АДАМГА ЖАКШЫ КААЛОО СӨЗ БҮТПӨЙТ! (Ноябрь, 2007-ж. «Айыл турмушу», 3-беттен)

**Эл-жер деп эрезеге жеткен акын**

Жетик акын, карапайым, терең түшүнүктүү, асыл адам, айтылуу журналист Өмүрбек Дөлөев күрдөөлдүү күздө, ак төөнүн карды жарылган убакта 60 жашка эли-журту менен бирге толуп олтурат. Өмүрбектин дегеле, өмүр, турмуш жолун карап олтурсак, ал бардык нерсени дайыма өз убагынан, мерчеминен өткөрбөй жасап, ага жетишип келгени таасын байкалат. Баетов айылында 37 жылдан бери жашап, ошончо жылдар басма сөздө мээнет-

тенип, кайсы мезгилин алсак да беттеген максатын толук ишке ашырган. Бул жеке адамдык эрдикке тете иш. Маарекеси да ошондой орошон окуя десек жарашат.

Райондук маалыматтык китепкана борбору жыл башында эле юбилейге карата иш-чара түзүп, акындын да пикирин угуп, ишти ургаалдуу жүргүзгөнбүз. Китепкананын залдарына атайын көргөзмөлөр уюштурулуп, Ө. Дөлөевдин өмүрү, чыгармачылыгы, талант жолу, журналисттик ишмердүүлүгү, турмуштагы адамдык туруму боюнча конференциялар, жолугушуулар, көркөм окуулар жогорку деңгээлде өткөрүлдү. Бул багытта жыл бою материалдар көбөйтүлүп топтолуп, элге эң кызыктуу жагдайды түздү. Ш. Бейшеналиев атындагы орто мектептин мугалимдер жамааты жана окуучулары менен жолугушуу кечеси эң кызыктуу өттү. Юбилярдын өмүр баяны, чыгармачылык жолу боюнча китепкананын балдар бөлүмүнүн кызматкери Гүлназ Сулайманова, ал жердеги китеп көргөзмөсү боюнча китепканачы Гүлзат Өмүралиева кеңири баяндама беришти. Бул жерде мектептин атынын алп жазуучунун ысмында коюлушунда, райондун тарыхында биринчи жолу «Талант» музейинин бул мектепте түзүлүшүндө акындын патриоттук эмгеги жаркырап айтылды. Мектептин жогорку жана кенже класстагы окуучулары акындын ар кандай темадагы ырларынан көркөм окушуп, Өмүрбек 1982-жылдан бери үзүрлүү жетектеп келаткан «Үмүт оттору» адабий ийриминин мүчөсү, жаш педагог Гүлбарчын Мамытбекова акындын жыйнагындагы 165 ырдын темаларынан куралган эң сонун ырын, арноо саптарын окуп берди. Обончу, аткаруучулар Б. Ободоев, Г. Турдумамбетова, Э. Молдалиев, П. Эрмамбетова, А. Абдыкадырова, Кеңеш Тойтуковдор акындын текстине чыгарылган обондуу ырларды аткарышты.

Жасалган жаркын иштер, өзгөчө карапайым калк үчүн айрыкча кызыктуу болду. Көргөзмө акын-журналисттин ишмердүүлүгүн ар тараптан ачып берип, адабият-

тагы, маданияттагы, райондун 40 жылга жакын мезгилден бери социалдык-экономикалык, маданий өсүүсүндөгү Өмүрбектин кашкайган ордун эң таасын тастыктады десек болот. Анда «Колхоз эмгегинен» колдоого алынган», «Айыл турмушунан» аттанган», «Нарын правдасынан» наркталган» «Теңир-Тоодон» телчиккен», «Акындын чыгармачылыгы изилдөөлөрдө жана эл пикиринде», «Акындын обондуу ырлары жана дастандары», «Акын-журналисттин сыйлыктары», «Салттуу калемгердин санжыра сандыгынан», «Казыбекти калайык-калкка жеткирген», «Ак Мөөрдүн айперилигин аныктаган», «Окумуштууларыбызды ойротко жеткирген», «Карапайым адамды кадырлаган», «Эмгекчилди элге тааныткан», «Жетик адамдарды желектей көтөргөн» деген темалардын алдындагы экспонаттар эле мааракe ээсинин ат көтөргүс эмгегин айтып, көргөзүп турду. Ал эми кийинки эле убакта жазгандарынын негизинде Ак-Талаанын атанган уулдары тууралуу «Ж. Акималиевди ардактаган», «Д. Берикбаевди белге чыгарган», «К. Асановду ашуу ашырган» деген баш сөздөр менен аталган буклеттер, «Ачылбаган дүйнөлүк бир сыр жаткан, Ак чаптардын арасынан ыр тапкам» аттуу туу сөздөрдүн астында акындын юбилейине арналган ар кандай материалдары, китептери, макалалары, көптөгөн сүрөттөрү, Тайлак баатыр, хан Шырдакбек жөнүндө жазгандары, обондуу ырларынын тексттери менен ноталары орун алган. Маркум художник Кайыпбек Султангазиев тарткан чоң панно, портреттер, жолдоштук азил катары тарткан сүрөттөрү өзүнчө эле атайын көргөзмө болгондугун да айта кетмекчибиз. Ал эми, 2000-жылы 3000 нускада чыккан «Кыргыз поэзиясынын антологиясында» 1860–1960-жылдарда туулган 100 жылдыктагы 181 акын-жазуучулар кирген. Анын 2-бапындагы 136 акындардын (1901–1954-жылдарда туулгандар) ичинде жалгыз Өмүрбек Дөлөевдин болушу (393–384-беттерде) эле анын адабияттагы ордун аныктап басылмалар,

очерктер жыйнактары, анын ырлары адеп жарык көргөн «Учкун», «Жалын», «Перевал» альманахтары, акындын орусчага которулган ырлары чыккан газета-журналдар келген адамдарды абдан таасирлентип, кайдыгер калтырган жок.

*Зоя Молдакунова,*
*Ак-Талаа райондук маалыматтык китепкана борборунун директору.*

## БАКТЫЛУУ АКЫН БАСМА СӨЗДӨ, СЫНАЛГЫДА

Адамды, анын адамдык, инсандык касиетин, зор талантын элге маалымат каражаттары жеткирет, жакшылык-жамандыкты өз деңгээлинде, эли-журту менен бирге көтөрүүсү камтылат, зоболосу, сыймыгы айкын көрүнөт. Өмүрбек Дөлөевдин таланты, бүтүндөй эмгеги эл-жерине арналгандыгын маарекеси көрсөттү. Жумурай журтка аны республикалык, облустук, райондук газеталар жетине албай жеткиришти.

Быйыл улуттук Жазуучулар Союзунун «Кыргыз адабияты» гезити жаңы чыкты. Аны 1–15-июлдагы алгачкы №1-эле санына «Куттук» деген рубриканын астында «Тоголок жашка толгон ким?» деген темада 90дон 50 жашка чейинкилерди куттуктап, ардагерлик 60 жашка чыккандардан «Жетинин бири кыдыр» дегендей, жетинин бири катары Өмүрбекти да белгилеген. Жаштардын «Суперинфо» гезити, КР улуттук расмий төл гезити «Кыргыз туусу», «Ден-соолукка миң кеңеш», Кыргыз Жазуучулары менен маданий ишмерлеринин гезити «Адабий Ала-Тоо», «Кут билим», облустук коомдук-саясий гезит «Теңир-Тоо», КР мамлекеттик расмий гезити «Эркин-Тоо» сыяктуу басылмаларда анын чыгармачылыгы, жетишкен ийгиликтери тууралуу кеңири баяндалып, акын, жур-

налист даңазаланды. Бул, эң оболу Ак-Талаа жергеси, анын байыркы түптүү эли таланттуу уулу Өмүрбек аркылуу даңкталды дегендик. Ал эми кыргыз телеберүүсүндө 8-сентябрь, ишемби, 9-сентябрь, Жекшембиде акын жана жубайы Айнаш Арыкованы балдары, кыйбастары куттуктаган, артынан чыгаан ырчы Улара Жапарова Ө.Дөлөевдин «Ак Мөөрдүн арманы» дастанын аткарган, эсте калаарлык арноо концерти болгон. Анда алып баруучулар Гүлшан Молдоева менен Бактыбек Мамытовдор Өмүрбектин кайнежеси «КР эмгек сиңирген мугалими» Таалайбүбү Насырымбекованын төмөндөгү куттуктоо ыр саптарын бабына келтире окуп беришкен. Анда төмөнкүдөй белгиленген:

Элиң үчүн зор максатты беттеп ак,
Эмгектенип, көрүндүң бир чектен ак.
Ак-Талаага бирге айтылат Өмүрбек,
Мындай эң чоң бактыларга жеткен аз!
Ак тоюна ак тилектер куш болсун,
Жеткен сыймык, дөөлөттөрү кут болсун.
Кыргыздын бир мыкты акыны, журналист,
Күтпөй турган бактыларга туш болсун!

Негизи, шаарда жашап, иштеген «кыйын» деген акын-жазуучулардын юбилейлери деле акын агабыздай кеңири масштабда маалымдуулукка ээ болбогондугун Бишкектен келген аттуу-баштуу Кожогелди Култегинге окшогон мыкты акын-жазуучулардын чын дилдеринен айткандарына биз да толук кошулабыз

***Токторбек кызы Айдай,***
*Э. Карасартов атындагы орто мектебинин 9-классынын окуучусу, «Үмүт оттору» адабий ийриминин мүчөсү.*

## МААРАКЕНИ МАКСАТЫНА ЖЕТКИРИШТИ

Акын Ө. Дөлөев 50гө жакын обондуу ырлардын, бир нече айтымдуу дастандардын автору. Тээ 80-жылдардан баштап республикага таанылган, айылда-элетте жашаган чоң таланттын чыгармаларына композиторлор Сатылган Осмонов, Атайбек Бөдөшов, Жалил Сыдыков, Кыдыкбек Усупбаев, Адылбек Кыязов, Шарипа Кемелгазиева, Хабибилла Азиреткулов, Шеркул Дүйшөналиев, Бейшенаалы Ободоевдерден тартып, Ак-Талаада жашаган обончулардан бери кайрылышууда. Акындын 60 жылдыгына арналган салтанатта анын ырлары, ага арналган сценкалар райондук маданият үйүнүн артисттери жана башка сырттан келген таланттар тарабынан аткарылды. Режиссёр Гүлжан Турдуманбетова сценарийин да жазып, аземди да жогорку деңгээлде алып барды. «Акындын төрөлүшү» инцендировкасында Дөлөнүн ролунда Казыбек Элетенов, апасы Сейненин ролун Гүлжаз Сулайманова, Өмүрбектин кейипкерлигинде Бекманбет уулу Амандын 5 айлык перзенти Ислам болду. Наристенин келечеги үчүн да бул илмекайып жакшылык деп ойлойбуз. Төкмөлөр Эрлан Молдалиев, К. Элетенов, Перизат Эрманбетовалар акындын ыр, дастандарында Бейшенаалы Ободоев, Бурул Дүйшөева, Айнура Абдыкадырова, Наргиза Абдыраева, Г. Турдуманбетовалар угуучуларды ыраазы кылышты. Ыр майрамына айланган кечеде акындын «Наристем» деген ырына музыкант Марат Бердалиев жаңы обон чыгаргандыгын Б. Дүйшөеванын аткаруусунда бет ачаар жасады. Ушунун өзү да анын поэзиясына обончулардын тынымсыз кайрылып турушканынын далили. Акындын шакирттери адабият талапкерлери Гүлбарчын Мамытбекова, Илич Сатыналиев, Медерина Бекбоева, Айдай Токторбек кызы, Жылдызбек кызы Тумаркүл, ошондой эле дасыккан ка-

лемгерлер Жаныбек Кырбашев, Мукан Сыдыков, Кармышбек Океловдор маараке ээсине арналган ыр саптарын эл астында, кол чабуулар астында окуп беришти.

*Жылдызбек кызы Тумаркул,*
*10-класстын окуучусу.*

## ӨМҮРБЕКТИН ТАЛАНТЫН КЫТАЙ ЭЛИ УГАТ

2006-жылы үйдө – Коңорчокто радио угуп отурсам кытай берүүсүнөн Өмүрбек Дөлөевдин сөзүнө жазылган «Шырдакбектин арманы» дастанын музыкалык өзгөчө шаң менен берип калса болобу. Чыбык минип жарышып, чүкөнү бирге атышып, бирге велосипед тебишип, бирге талаалап, бирге тоолоп, кереметтүү ак чаптарга бирге чыгып, бирге ойноп, окуучулук күндөрдүн, студенттик күндөрдүн, андан кийин турмуштун татаал жолдорун бирге баскан жан курбуң, болгондо да кыргыз элине таанымал, эч бир саяпкер таптабай эле чапкан сайын күчөгөндөн күчөгөн, өзүн-өзү таптаган талбас тулпар, чаалыкпас дулдулдай дүбүртү алыска угулуп, барган сайын барааны чоңойгон, келбети сүйкүмдөнүп, ырлары оттонуп, жазгандары жалпыга терең сиңип, ойлору эли-журтунун сезиминде, жүрөгүндө дандай өнүп жаткан бийик адамдын өзүң менен бирге жашап жүргөн жерден жараткан чыгармасы улуу Кытай жергесинде жаңырса, аны Ак-Талаадан уксаң, бүткүл кыргыз өлкөсүнүн эли укса эмне деген бакты?! Ак дилиңден боконо сөөгүң болкулдап, баласынын дүйнөлүк жакшылыгын өз көзү менен көрүп, өз кулагы менен уккан энедей, деңиздей толкуп, дайрадай ташып, кубанычың коюнуңа батпай жашыйсың. Денең сыгып чыгарган таалайлуу жаш кирпигиңди ирмелтпей куюлат. Окурман, угарман бактысы ушул да! Мен ушундай сыймыкка туш келгениме бактылуумун.

Айтайын дегеним, жандай сүйгөн миңдеген окурмандары, угармандары бар Өмүке автор эң бактылуу адам!

Акындын ыры 1985-жылы, Москвадан чыгуучу, 15 союздук республикалардын ар бирине эки барактан орун берилген, түстүү сүрөттөр менен өзгөчө шөкөттөлүп чыгарылган миллион нускада басылган «Родина» календар-журналына «Ленин ар бир адам болуп жашайт» деген ыры басылган. Аны адабий ийримдердин жетекчилеринин республикалык кеңешмесинде 1984-жылы, декабрда «Арашан» чыгармачылык ойканасында жазуучулар союзунун секретары, маркум Жолон Мамытов жалпы элге сүйүнчүлөгөн. Көрсө, жазуучулар союзуна ал календар чыгып жатканы жөнүндө Москвадан басмадан билдиришкен тура.

Мына ошол сыймыктуу уулубуздун 60 жылдык тоюна арнаган «Бийикте бийик ойлор туулуучу» аттуу ырымда ушул фактыларды камтыгамын. МаараКеге катыштым, республикалык деңгээлде, эң жакшы өттү. Өмүрбектин үйүндөгү тойду башынан аягына чейин тарткан видеотасмадан баарын көрүп, огобетер ыраазы болдум. «Сырттанды сырттан билет» дегендей, чыгаан акын Кожогелди «Ар бир райондо Өмүрбектей бирден адам болсо... « дептир. Сейрек айтылчу, сейрек чыккан сырттан адамга айтылуучу сырттан сөз! Кудай кут кылсын. Өмүрбек ырдан бүткөн Адам! Өмүрбекке арнаган менин ырым да бүтпөйт. Ушунча кызыгуу, ушунча суктануу, ушунча кумардануу менен өмүрүм өткөнчө Өмүке тууралуу жаза бере тургамын. Бар гана бол Өмүке! Сен түбөлүккө бар адамсың!

*Жаныбек Кырбашев,*
*акын, «Ак-Талаа районунун ардактуу атуулу».*

## АТА УУЛУН АК ЖАЛГАСЫН!

Баетов айлында УАМ согуштун катышуучуларынан О. Байсеркеев, Ү. Акматов, А. Баатырбеков сыяктуу эле саналуу адамдар калдык. Ак-Талаанын тарыхында бир болуучу акындын 60 жылдык жыйынына катышууга үйбүлөбүзгө автомашина жиберишкен экен, рахмат. Сыр-

коолоп калып бара албай калдым эле. Аксакалдарга ат чаптырып чакырткан ушул мамилесинде эле Өмүрбектин карыларга канчалык сыйы жатат. Мурда да атайын айттырган. Эң кыл чоку бийик адам Өмүрбектей жерге окшоп жапыз болот.

Мен 85 жашка чыктым. Өмүкеге эптеп чоло таап, күч-кайратты жыйып, тою артынан үйүнө бардым. «60тын белгиси» деп, башына өз топумду кийгиздим. Ала-Тоодой калпагы менен Аким Баатырбеков да «сен 85ке чыккыча биздей пенсиядан өксү болбо» деп бир айлык пенсиясын ыроолоду. «Жакшылык жалгасын» деп, ырым кылдык. Аксакалдардын ыйык милдети ушул эмеспи.

Салтанат астында КР өлкөдөгү алгачкы «Эл мугалими» Мукаш Базаркулов, жубайы Насипа экөө келип, бата тийип, өмүрүң узун болсун, сен да буюрса «Эл акыны» наамын ал» деп, ардагерлик айлыгын тапшырып, улуттук сайма калпагын башына кийгизип, чепкенин жонуна жаап кетиптир. Мукаш эр Тайлак сыяктуу кыргыздын намысына туруп, керегине жараган бүгүнкү күндөгү эл баатыры. Бул бүткүл элдик жогорку сыйды тартынбай айтууга анын ченсиз, кынтыксыз, акылдуу ишмердиги, сейрек чыгуучу адамдык бийиктиги кенен жол берет. Өмүрбектин эрдиги так Мукаштай, Кубаттай, Турдудай, Жамин, Жумандай агалары, Дөөлөтбек, Карыпбектей курбулары, кыргыздын эң чыгаан адамдарынан ак дил калемдештери, мамилелештери, түбөлүк сыйлашаар Улуу-кичүү жолдоштору эң көп үчүн өсүп-өркүндөп, жакшылыкка, бак-таалайга улам өрүүлөп, билинбеген бийик жылдыздай таланты жаркырап бийик болуп, көктөгүдөй көрүнүп турбайбы!

Жалгоолор жарашсын, ыроолор илмекайып келип, өмүрүнө бекем орнолуп, «элдик» деген эрдик титулу кылымдарды аралай берсин! Оомийин, ата уулун ак жалгасын!

*Кубаталы Байбачаев,*
*улуу согуштун 85 жаштагы ардагери.*

# БАТА МЕНЕН КӨГӨРГӨН АДАМ

Акын менен райгезитте корректор болуп 6 жыл чогуу иштештим. Редакцияга жаңы келсе да анда комсомолдук иштерди дароо колго алып, уюмдун секретары болуп, жаштарды алдыга баштап кетти. Редакциянын дубал газетасын эң кызыктуу чыгара баштады. Комсомолдун райкомуна бюро мүчөлүккө кабыл алынды. Райондук «Комсомолдук прожекторду» үзбөй чыгарып турду. Тез эле мекеменин эле эмес, райондун коомдук иштеринин активдүү, бирден-бир катышуучусу болуп калды. Элге-журтка жазгандары, өзүнүн адамга ийкемдүүлүгү аркылуу аз убакытта таанылып чыга келди.

Элде Өмүрбектей элдик бактыга, жакшылыктарга жеткени аз. Элде Өмүрбектей өз тагдырын, турмушун чайналбастан өз ордуна, өз нугуна, өз жолуна дароо салган адам сейрек. Ал жашоодо кыл чайнап күндө эрөлгө чыгып, турмуштун чоң майданындагы салгылаштарда жеңип турган элдик баатыр адамдай туюлат мага. Акындын адамдык эрдиги да элге таандык. Анын бардык убакта кылчактабай, артын карабай, ар нерсени түз, тике беттегени мага жагат. Жетип турган жеңиштери да ошондон болсо керек деп, ак сезем.

Өмүкемдин той эмес күнү да тойдой салтанат. Жубайы Бурганбү ченсиз акылдуу аялзаты эле, өзүнө куп жарашкан. 34 жыл бою Бурганбү менен Өмүрбектин чоң бактысы түптөлгөн. Анын жолун мыктылап улап кеткен Айнаш Арыкова да аялдын сырттаны. Өмүрбектин чоң бактысы-аялдан ак жолдуулугу, турмушта аялдарын айныбай, туура, так, өзүнө чен алып, өзүнө, эл-журтуна, ага-тууганына, кийин бала-чакасына ылайыктап, жаңылбай тандаганы, өзүнүн өмүр тагдырын, максатын чыгаан аялзаттарынан жаземдебей көрүп, аялдан өзүн айкын таап алганы. Айнаштын эрдиги-Өмүрбектин оой түшкөн тагдырын түзөдү. Чуркап келаткан сайкүлүктү

мүдүрүлтпөй сүрөп кетти. Марaага жеңиштүү жеткирди. Элдик акындын ээликкен учкул ойлорун огобетер оболоткон Айнашка эли, Өмүкеге биздей ак жүрөктөрү ыраазы экенин айтып коюу кудайкалыс карылар үчүн парз.

Эчки жашым калды. Өмүке азыр деле мени менен чогуу иштешкен мезгилдей ийкемдүү. Ошондо мен эжелеп, тердеп-булап, чарчап-чаалыгып, эптеп окуп аткан гранканы, бетти Өмүке ала коюп окушуп, бүтүп калсам, илбериңкилик менен колдон алып, цехке чуркап жеткирип берүүчү. Кээде шамалдай шашып, желдей жээлигип, чуркап жүрсө да адамга куюндай ийрилип, жүрөгүнө кирип кетүүчү. Анын 60 жашында ушулар эсиме келди. Жай, шашпай, жүдөбүрөөктөй жүргөн мен үчүн корректор кезимде Өмүрбек ушундай эске сакталыптыр.

Газетага да сырт кабарчы элем, жазып жүрдүм. Эми, «карып» дегендей, көптөн бери калем кармай элек болчумун. Жакшылык, Өмүкенин 60 жылдыгы дагы бир ирет мени 10 жылдан бери күткөн калемимди кайра карматты.

Өмүкенин өмүрү узун болсун, кайгы-капасыз, так ушундай дайыма жеңиштүү болсун! Өмүкенин китеби көбөйсүн, мен бу жарыкчылыктан өткөнчө окуп жүрөйүн.

*Шайлоо Кулманбетов,*
*77 жаштагы карыя.*

## УРМАТТУУ КҮЙӨӨ БАЛАМ ӨМҮРБЕК ЖАНА СИҢДИМ АЙНАШ!

Мына бүгүн күркүрөгөн күздө, ак төөнүн карды жарылган убакта, жаркыраган жарык күндө пайгамбар жашка толуп, маарекеңди белгилеп жатасың.

Өмүке! Акын Байдылда «Ашуудан берген отчетум» – деп айткандай, кутман курак жашка чыгып, артыңа бир кылчайып, басып өткөн жолдоруңа көз жүгүртүп, саресеп салып, эл-журтуңа отчет берген кезегиң. Сенин жазган чыгармаларың, айрыкча ырларың адамдардагы не бир купуя сезимдерди козгоп, мааниси жана мазмуну терең, туура, так, жеткиликтүү берилет. Аны бүгүн кечеңде белгилеп коюу бизге милдет.

Өмүрбек жана Айнаш! Түзүнөн бурулушу көп, кубанычынан түйшүгү көп ак жолдо жарык чачкан күндөрүңөр көп болсун. Экөөңөр тең элдерге кубаныч тартуулап, эмгегиңерден баар таап, көптөгөн алкоо сөздөргө ээ болуу менен, эмгектин алдыңкыларынан аталып, эң жогорку сыйлыктардын ээси болдуңар. Уул үйлөп, кыз чыгарып, куда күтүп, өрүшүңөр жайылып, неберелерди эркелеткен убагыңар.

Силерге чың ден-соолукту, иштериңердеги ийгиликтерди, эл-журттун ичинде эсен болушуңарды, ынтымактуу үй-бүлөлөрдөн болуп, уул-кыздардын урмат-сыйын көрүп, бактылуу жашооңорду каалаймын!

Кутман курак-60 жаш куттуу болсун,  
Үйүңөргө ырыс-таалай, кубаныч толсун.  
Узак жашап, ден-соолукта эсен болуп,  
Башыңарга кетпес дөөлөт, бакыт консун!

Бар болгула курбу-курдаш арасында,
Төрдүн көркү болгула кыз-уулдарга.
Жетелеп, эркелетип неберени,
Жеңиш болсун ар убак тууңарда.

Жетимиштен желип өтүп, токтобогун,
Сексен жашта čеңселип, бар болгунуң.
Токсон жаштан секирип алдуу-күчтүү,
Жүз жаш менен жүздөшүп, кол созгунуң!

*«КР эмгек сиңирген мугалими»,*
*эжеңер **Таалайбүбү Насырымбекова***
*жана уулдары, кыздары. 13-сентябрь, 2007-ж.*

**Телеграмма № 53**

**УРМАТТУУ ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВИЧ!**

Кубаныч тартуулаган 60 жаш курагыңыз кут болсун! Сизге чың ден-соолук, узун өмүр, бактылуу турмуш, чыгармачылык ишиңизде албан-албан ийгиликтерди каалаймын!

Сизди терең урматтоо менен Ат-Башы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким **К. МААТКАБЫЛОВ.**

*13-Сентябрь, 2007-жыл. Ат-Башы айылы.*

Эли-журтубуз терең сыйлаган жана кадырлаган урматтуу **ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВИЧ!**

Сизди 60 жылдык торколуу тоюңуз менен чын ыкласыбыздан, ак дилибизден, аруу тилек менен куттуктайбыз!

Сиз «60» деген өмүр белесинен артка кылчайып карасаңыз, ар кимдин бешенесине буйура бербеген асыл нарк, кымбат дөөлөт-акындык, жазуучулук, журналисттик ак жаркын талантыңыз, адамдык асыл сапаттарды аздектеген кудум улуу тоолордой калбаат, оор басырыктуу мүнөзүңүз, кудум элеттин өзүндөй жалындуу, элестүү, кыр-

тышы бай, улам өөрчүп туруучу алтын ой, көөнөрбөгөн алтын сөздөр менен баяндалган орошон ойго толгон чыгармаларыңыз, канаттуу ырларыңыз менен атпай кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанылып келесиз. Чап болгон менен чалкайып жаткан берекелүү Ак-Талаа жергесинин атак-даңкы легендага айланган ак жаркын инсандарынын тагдыр-таржымалын терең иликтеп, улуттук маданияттын, элибиздин көөнөрбөгөн нарк-насилин жаңы табылгалар менен байыткан алтын казынаңыз аркылуу улуу тоолордон улуу таланттар чыгаарын айгинелей алдыңыз. Эмесе, өмүр көчүңүз байсалдуу болсун! Чыгармачылыгыңыз Теңир-Тоодой бийиктеп, эл-журтуңуз, үй-бүлөңүз менен эсенчиликте болуп, дөөлөттүү өмүр сүрүңүз!

## ӨМҮКЕ, ӨМҮРҮҢӨ КЕЧ КИРБЕСИН!

Тагдырың ыроологон улуу байлык,
Жашоодон өлбөстүктү алдың кайрып.
Булактайт ыр дайрасы жан дүйнөңдүн,
Аккандай тыным бербей улуу Нарын.

«Алтымыш» айтканга оңой болгон менен,
Ар кырдуу, сырдуу дагы, бушаймандуу.
Өмүрдү өтөлгөлүү өтөп келдиң,
Элиңде тагдырың зор жышааналуу.

Кут болсун »60 жаш» кутман курак,
Дагы-дагы даңкын жарсын асыл туяк.
Өмүке, өмүрүңө кеч кирбесин,
Жеткирсин бардыгына бактың курап.
Кыргыз эли сенден дагы көптү күтөт,
Бийикке сермелүүчү шарттуу убак!

## АЛ ЭСТЕЛИК ӨЗҮНӨ -ӨЗҮ АРНАГАН!

Ак-Талаанын акыны арыбаган,
Аргымактай чуркаса талыбаган.
Ата-Журтту ырдаган алп жүрөгү,
Алтымышка келсе да карыбаган.

Ак-Талаанын шумкары шаңшып учкан,
Асманында мелжиген таңшып учкан.
Ак жайыгы, жайлоосу, суусу, ташы,
Акын ырын аздектеп, жыргап уккан.

Ырларында – тагдыры бардык элдин,
Ыйманында жашоосу көктүн, жердин.
Кудурети колдогон Көктеңирдин,
Купуя сыр ырында Өмүрбектин!

Бийигинде тоолордун түнөп калган,
Жарыктардан бөлүнүп, жарык жанган.
Анын ыры түбөлүк түгөнбөгөн,
Ал эстелик өзүнө-өзү арнаган!

Сизди терең урматтоо менен: КР Жогорку Кеңешинин депутаты **Аскар Салымбеков,** «Дордой» Ассоциациасынын вице-президенти, философия илимдеринин доктору **Гүлмира Мамбеталиева.** 14. 09. 2007-ж.

## БУЛ КҮНГӨ МЕНИ ЖЕТКИРГЕН

Алтындан калем кармаган,
Өмүрүн элге арнаган.
Ырларын окуп эс алам,
Аман жүрсө деп калам.
Бул уулум менен
Сыймыктанам, мактанам.

тышы бай, улам өөрчүп туруучу алтын ой, көөнөрбөгөн алтын сөздөр менен баяндалган орошон ойго толгон чыгармаларыңыз, канаттуу ырларыңыз менен атпай кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанылып келесиз. Чап болгон менен чалкайып жаткан берекелүү Ак-Талаа жергесинин атак-даңкы легендага айланган ак жаркын инсандарынын тагдыр-таржымалын терең иликтеп, улуттук маданияттын, элибиздин көөнөрбөгөн нарк-насилин жаңы табылгалар менен байыткан алтын казынаңыз аркылуу улуу тоолордон улуу таланттар чыгаарын айгинелей алдыңыз. Эмесе, өмүр көчүңүз байсалдуу болсун! Чыгармачылыгыңыз Теңир-Тоодой бийиктеп, эл-журтуңуз, үй-бүлөңүз менен эсенчиликте болуп, дөөлөттүү өмүр сүрүңүз!

## ӨМҮКЕ, ӨМҮРҮҢӨ КЕЧ КИРБЕСИН!

Тагдырың ыроологон улуу байлык,
Жашоодон өлбөстүктү алдың кайрып.
Булактайт ыр дайрасы жан дүйнөңдүн,
Аккандай тыным бербей улуу Нарын.

«Алтымыш» айтканга оңой болгон менен,
Ар кырдуу, сырдуу дагы, бушаймандуу.
Өмүрдү өтөлгөлүү өтөп келдиң,
Элиңде тагдырың зор жышааналуу.

Кут болсун »60 жаш» кутман курак,
Дагы-дагы даңкын жарсын асыл туяк.
Өмүке, өмүрүңө кеч кирбесин,
Жеткирсин бардыгына бактың курап.
Кыргыз эли сенден дагы көптү күтөт,
Бийикке сермелүүчү шарттуу убак!

## АЛ ЭСТЕЛИК ӨЗҮНӨ -ӨЗҮ АРНАГАН!

Ак-Талаанын акыны арыбаган,
Аргымактай чуркаса талыбаган.
Ата-Журтту ырдаган алп жүрөгү,
Алтымышка келсе да карыбаган.

Ак-Талаанын шумкары шаңшып учкан,
Асманында мелжиген таңшып учкан.
Ак жайыгы, жайлоосу, суусу, ташы,
Акын ырын аздектеп, жыргап уккан.

Ырларында – тагдыры бардык элдин,
Ыйманында жашоосу көктүн, жердин.
Кудурети колдогон Көктеңирдин,
Купуя сыр ырында Өмүрбектин!

Бийигинде тоолордун түнөп калган,
Жарыктардан бөлүнүп, жарык жанган.
Анын ыры түбөлүк түгөнбөгөн,
Ал эстелик өзүнө-өзү арнаган!

Сизди терең урматтоо менен: КР Жогорку Кеңешинин депутаты **Аскар Салымбеков**, «Дордой» Ассоциациасынын вице-президенти, философия илимдеринин доктору **Гүлмира Мамбеталиева.** 14. 09. 2007-ж.

## БУЛ КҮНГӨ МЕНИ ЖЕТКИРГЕН

Алтындан калем кармаган,
Өмүрүн элге арнаган.
Ырларын окуп эс алам,
Аман жүрсө деп калам.
Бул уулум менен
Сыймыктанам, мактанам.

Дүйнөгө адам бир келет,
Баары чын, жер, суу, күн керек.
Ак эмгек, талант айкашса,
Асемдүү эмгек, күн да өнөт.

Өмүрбек мени
акындыкка жеткирген,
Жол үйрөтүп,
талантымы чебер өстүргөн.
Ар дайым мага көргөзүп,
Катамды оңдоп, текшерген.
Талантымды сездирген.

Кубанычтын толкунуна термелип,
Өмүкем менен бийиктерге сермелип.
Оюмдагы алкышымды айтууга.
Сөз табылбайт жөндөлүп.

Алкоомду билдирүүгө түгөтүп,
Келбейт окшойт жалгыз күчүмөн.
Таап алыш кыйын,
мындай жакшы адамды,
Өлкөдөгү акындардын ичинен.

Таланттын сырын таамай билген,
Так өзү, салмактуу жакшы мүнөзү.
Бул күнгө мени жеткирген,
Жалгыз Өмүрбектин сүрөөсү.

*Алтынказ Ажымудунова,*
*80 жаштагы байбиче, акындын «окуучусу».*

## ӨРКҮНДӨСҮН, ӨСӨ БЕРСИН ТАЛАНТЫҢ!

Бактылуу болдуң, сезилип,
Балалык жашты кетирип.
Жазуучу бийик талантты,
Жатыпсың баштан кечирип.
Ата Журтка таанылдың,
Адабий жактан жетилип.

Татыктуу милдет аткардың,
Тарбия көрүп, такшалдың.
Бааланып башкы эмгегиң,
Басма сөз жагын башкардың.
Таамай, таза чыгармаң,
Таалимин алдың жазгандын.

Кучунаш талант чыңалат,
Кубаттуу күчкө сугарат.
Ар мезгил сайын таанылып,
Арбыган ыр сап уланат.
Эркиндик заман жарчысы.
Эмгеги менен сыналат.

Жакшы шык, талант, жакындык,
Жазмакер ойчул, акындык.
Курап жазган ыр дестең,
Кудурет берген акыл, шык.
Чыгармаң жагып эл-журтка,
Чыңгыздай озуп, алга чык.

Тартуулап белек сунасың,
Таамайлуу ыр сап курадың.
Асыл ыр, дастан жаратып,
Акыл-эс толгон убагың.
Көркөм өнөр жагына,
Көбүрөөк көңүл бурасың.

Ала-Тоомдун ала барчын кушундай,
Өсүп чыктың, басыгыңдан бузулбай.
Өйдөлөгөн башкы чекке жетүүгө,
Алдын-ала күч жумшайсың ушундай.
«Өмүр көчүн» өркүндөтүп, курчуттуң,
Өнөр куттуң, ич дүйнөнү ысытмай.

Көрөңгөлүү көп чыгармаң жаңырды,
Көрүнүктүү ал талантыңдын жалыны.
Өйдөлөгөн өсүү жолуң бийиктеп,
Нечендеген томдук ырлар жазылды.
Эстен кеткис мурас ырын жаратып,
Эмгек менен ачып келдиң бактыңды.

Эр ортондон ашып барат курагың,
Эбегейсиз көп чыгарма курадың.
Чыйырлантып өмүрүңдүн секисин,
Чыгаан эмгек китеп жазып уладың.
Талантыңды тартуу кылып элиңе,
Өзүңдү – өзүң бийиктетип турасың.

Багытыңдын башкы жолу түз болсун,
Жазуучулук эмгегиңиз күз болсун.
Асыл ойлуу, элге арнаган чыгармаң,
Ак-Талаа үчүн Ала-Тоодой күч болсун.
Өркүндөсүн, өсө берсин талантың,
Өмүр жаштын ченем чеги жүз болсун!

Бардык адам бала болуп жетилет,
Баштарынан көп түйшүктү кетирет.
Адабий жактан өркүндөгөн чыгарма,
Акыл сезим, эмгек менен чечилет.
Ар бир ишке көнүп, бышып, жетилип,
Башкы жолуң-бак-таалайды кечирет.
Өмүрбектей өсүш жолун улантса,
Келечектин алп акыны дедирет.

**Өмүрбектин келечектүү 2200-жылдын акыны болуусун каалап жаздым: – Мамет Абышбаев.** 31-август, 2003-жыл. Баетов айылы. 81 жаштагы карыя акын.

## АЙТААРЛЫК АДАМ ЭКЕНСИЗ

*(Акын Өмүрбек Дөлөевге)*

Ак-талаалык Өмүке,
Айтаарлык адам экенсиз.
Өзгөчө талант бар экен,
Өркүндөтүп кетээрсиз.
Чыгармаларың көп артып,
Чын максатка жетээрсиз.

Туз буйруп, чогуу бир болдук,
Туш келип Ысык-Атадан.
Арашан ата ачкан суу,
Айыгат мындан бат адам.
Убайы тийип айыксак,
Ушундан алган батадан.

Ыйык жер Ысык-Атадан,
Ыроолоп ырым сунайын.
Ыймандуу адам экенсиз,
Ырысын берсин кудайым.
Таамай сөз менен таш жарчу,
Тапкычтык сизге сурайын.
Талантың өөрчүп ансайын,
Ташкындап турсун ылайым.
Курч сөзүң үчүн ар убак,
Кубанып мен да турайын.

*Мурат Мурзалиев,*
*Ысык-Ата курорту. Август, 2006-жыл.*

## АКЫН ӨМҮРБЕК ДӨЛӨЕВГЕ

*(«Заман жаңырыгы» китебинен. Бишкек-2013. 112-бет)*

Тай кезинен жаңылбай,
Тагдырын туура тандаптыр.
Таштак жолдо ташыркап,
Колу түшүп калбаптыр.

Мөл талантты табият,
Берген экен болжобой.
Бөжүп салып калыптыр,
Бүгүн, суу төгүлгүс жоргодой.

Өмүкем, өз талантын,
Чоң чабышта билгизген.
Өпкө оорусун өлтүрүп,
Алыкулду тиргизген.

* * *

Өмүр бою талыкпай,
Түйшүктүү, татаал жолдосуң.
Бүгүн кармап минипсиң,
Шырдакбектин жоргосун.

Алдындагы Боз жорго,
Мүдүрүлчү болбосун.
Алыкул, Мидин, Боогачы,
Атыңды сүрөп, колдосун.

Басып өтүп жебедей,
Тулпарлардын неченин.
Калың чаңда тумчукпай,
Камчыланаар кезегиң.

Жүрө бербей чоң топто,
Көп акындын бириндей.
Атып чыккын алдыга,
Байдылдадай, Midиндей.

* * *

Шаңы бар Теңир-Тоонун ырларында,
Комуздун дирилдери ыргагында.
Акбозун Шырдакбектин туура тартып,
Ак калпак кийгизиптир ырларына.

Теңир берген түрлүү талант үлүштөй,
Прозачы, лирик-жорго жүрүштөй.
Журналист да, оратор да, сынчы да,
Төрт аягын тең таштагап күлүктөй.

Ашуудан отчёт берчү курак делет,
Аны эли акындардан сурап келет.
Өмүкем, өтүп кеткен залкарлардын,
Өчүрбөй «Өмүр көчүн» улап келет.

## ЖҮРӨГҮҢДҮН БИР БҮДҮРҮ КАЛГАНЧА

Кан базарда топтон кетип арылап,
Маектештик аңгемени дагы улап.
«Көрүнбөйсүң, кайда болдуң? – десем мен,
Жүрүптүрсүң жүрөгүңдү дарылап.

Аптап эле, жайга ыктатып көлөкө,
Сага айтыпмын, айтчу сөздү бөлөккө:
«Кара жанды карч урбастан, абайлап,
Жазбайсыңбы, күч келтирбей жүрөккө?»

Көрүп туруп адал менен арамды,
Жүрөгүнүн оору, соосун карайбы.
Чындык эгер күйүп жатса чыркырап,
Чыныгы акын жүрөгүн да аяйбы?

Түйшүгүнө эсеп жетпес санаса,
Тоодой жүгү, милдетине жараша.
Тепчип өтөт дешет акын жүрөгүн,
Жер шарынан кетсе эгер жарака.

Автору бол, албан, түркүн сүрөттүн,
Жүрөгүңө оттуу ырларды түнөткүн.
Акынга эч кереги жок, кайдыгер,
Этияттап соккон муздак жүрөктүн.

Учуп келип, акыркы ирет чыңырып,
Бардыккандан жүрөгү оозго тыгылып.
Кайсын жазган кара аргымак жан берген,
Чоң жарышта аппак карга жыгылып.

Токсондогу тоодой Кошой балбанча,
Бул жашоодон баш байгеңди алганча.
Жалбырттаган өрттөй күйүп жаза бер,
Жүрөгүңдүн бир бүдүрү калганча!

*Жаныбек Кырбашев. 18. 06. 14.*

## АКЫН ЖАШАЙТ АРАБЫЗДА

Акындык чексиз дүйнө ченелбеген,
Баарына энчи болуп берилбеген.
Жараткан жазмышына чегип койсо,
Көтөрөт улуу жүктү сыймык менен.

Акын-жашоо, акын-өмүр, махабат,
Ырларында сүйүү, өмүр даңкталат.
Тоону сүйгөн токтоо мүнөз акындын,
Ырлары да керемет тоо жыттанат.

Акын дүйнө-мелмилдеген деңиздей,
Толкун болсо толкуп-ташып, төгүлбөй.
Алдым-жуттум арамдыкка ою жок,
Ырлары да өзүнө окшоп жөнөкөй.

Жаны бирге айылдын эли менен,
Касиеттүү тоолордун деми менен.
Аманат сапарында эң ардактуу,
Жашайт акын ырлардын кени менен.

Күмүш түстүү күз келип бут алдыма,
Жалбырактар төшөлүп калган чакта.
Өлбөстүккө ырлардан сепил курган,
Жан дүйнөсү жаркын акын алтымышта!
Жаратылыш тулкусундай керемет,
Жалындуу акын жашайт биздин арабызда!

***Гүлбарчын Мамытбекова,***
*педагог. «Үмүт оттору» адабий ийриминин активдүү мүчөсү.*

## ЖАРАТКАН БЕРСИН ДЕН-СООЛУК!

Эң жакшы окуп мектепте,
Эстүү уул элең болпойгон.
Жашыңдан жасап аракет,
Жазуучу болдуң олчойгон.

Өзүндөй акын өссүн деп,
Өмүке,
Дубалга илгем «Жаш калем».
«Окуучу уул-кыздарым,
Ойлонуп ырлар жаз»– дегем.

Ошол дубал гезитке,
Ыр жаздың «Сүттүү-Булак» деп.

«Туулган жердин коздугу,
Жүрөккө дайым ынак» – деп.
«Кай жерде жүрсөм элесиң,
Көз алдымда турат» – деп.

Ырынды окуп ошондо,
«Ышкысы бар» – деп койгомун.
Илинген дубал гезиттен,
Ишке ашты минтип ойлоруң.

Арт жакка кылчак карасам,
Ай, жылдар ылдам өтүптүр.
Азыр да мага баласың,
Өмүке,
Алтымыш жашка жетипсиң!

Куттуу болсун алтымыш,
Кутмандуу жашта курагың.
Эр ортондон жаңы өттүң,
Эмгектенээр убагың.
Жараткан берип ден-соолук,
Жүз ашсаң деп турамын!

*Сени окуткан агайың*
*Декен Сатынды уулу.*

## КӨРГҮН ИНИМ, БУЛ ТУРМУШТУН УБАЙЫН!

Жаш баладай «жаз» деп дайым сурадың,
Шыктандым да, бир топ ырды курадым.
Пейлиң кенен, берекелүү адамсың,
Бакыт, соолук, дарман берсин кудайым!

Кең Соң-Көлдө додо болуп күлүбүз,
Биз да аман, ден-соолукта жүрүбүз.

Насибибиз, ниетибиз бир болгон соң,
Таалай тилейм, аман-эсен жүрүңүз.

Кыз-келинге ашык болгон немедей,
Өзүңүздү жакшы көрөм ченебей.
Ырларыңыз том-том болуп көп чыксын,
«Байлыгы!» – деп, мен жүрөйүн кенебей.

«Байлык кайдан?» – деп, эмнеге сурайын,
Ак эмгегиң, аны берди кудайым.
Өтүп кеткен кыйын күндөн өч алып,
Көргүн иним, бул турмуштун убайын!

Аткарылсын алдыда план-оюңуз,
Куттуу болсун алтымыш жылдык тоюңуз.
«Куттук айткан Жибек жана Токон» – деп,
Кут ырымды кабыл алып коюңуз?!

*Токон Кадыркулов.*
*Куртка айлы. 17. 09. 2007.*

## КУТТУУ БОЛСУН КУТМАН КУРАК ТОЮҢУЗ!

Сүңгүп кирип, кыргыз элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан,
Калем менен, кагаз менен жан дүйнөгө сүрөт тарткан.
Кут болсун, торколуу той, алтымыш жаш курагыңыз,
Бүгүнкү туулган күндө, салтанаттуу өтүп жаткан.

Алтымыштын ашууларын, далай-далай ашыңыз,
Кебелбестен, кенебестен, жүзгө жетсин жашыңыз.
Эл көйгөйүн, элдин жүгүн, сиз көтөрүп жүрөсүз,
Калайыктын арасында, соо болсун алтын башыңыз!

Көпчүлүктүн оор жүгүн, көтөрө албайт «мен, мен» деп,
Айта бербейт жөнөкөй эл, «эл-жери үчүн кызмат
кылып келген!» – деп.

«Туулган жердин коздугу,
Жүрөккө дайым ынак» – деп.
«Кай жерде жүрсөм элесиң,
Көз алдымда турат» – деп.

Ырыңды окуп ошондо,
«Ышкысы бар» – деп койгомун.
Илинген дубал гезиттен,
Ишке ашты минтип ойлоруң.

Арт жакка кылчак карасам,
Ай, жылдар ылдам өтүптүр.
Азыр да мага баласың,
Өмүке,
Алтымыш жашка жетипсиң!

Куттуу болсун алтымыш,
Кутмандуу жашта курагың.
Эр ортондон жаңы өттүң,
Эмгектенээр убагың.
Жараткан берип ден-соолук,
Жүз ашсаң деп турамын!

*Сени окуткан агайың*
*Декен Сатынды уулу.*

## КӨРГҮН ИНИМ,
## БУЛ ТУРМУШТУН УБАЙЫН!

Жаш баладай «жаз» деп дайым сурадың,
Шыктандым да, бир топ ырды курадым.
Пейлиң кенен, берекелүү адамсың,
Бакыт, соолук, дарман берсин кудайым!

Кең Соң-Көлдө додо болуп күлүбүз,
Биз да аман, ден-соолукта жүрүбүз.

Насибибиз, ниетибиз бир болгон соң,
Таалай тилейм, аман-эсен жүрүңүз.

Кыз-келинге ашык болгон немедей,
Өзүңүздү жакшы көрөм ченебей.
Ырларыңыз том-том болуп көп чыксын,
«Байлыгы!» – деп, мен жүрөйүн кенебей.

«Байлык кайдан?» – деп, эмнеге сурайын,
Ак эмгегиң, аны берди кудайым.
Өтүп кеткен кыйын күндөн өч алып,
Көргүн иним, бул турмуштун убайын!

Аткарылсын алдыда план-оюңуз,
Куттуу болсун алтымыш жылдык тоюңуз.
«Куттук айткан Жибек жана Токон» – деп,
Кут ырымды кабыл алып коюңуз?!

*Токон Кадыркулов.*
*Куртка айлы. 17. 09. 2007.*

## КУТТУУ БОЛСУН КУТМАН КУРАК ТОЮҢУЗ!

Сүңгүп кирип, кыргыз элдин жүрөгүнөн түнөк тапкан,
Калем менен, кагаз менен жан дүйнөгө сүрөт тарткан.
Кут болсун, торколуу той, алтымыш жаш курагыңыз,
Бүгүнкү туулган күндө, салтанаттуу өтүп жаткан.

Алтымыштын ашууларын, далай-далай ашыңыз,
Кебелбестен, кенебестен, жүзгө жетсин жашыңыз.
Эл көйгөйүн, элдин жүгүн, сиз көтөрүп жүрөсүз,
Калайыктын арасында, соо болсун алтын башыңыз!

Көпчүлүктүн оор жүгүн, көтөрө албайт «мен, мен» деп,
Айта бербейт жөнөкөй эл, «эл-жери үчүн кызмат
кылып келген!» – деп.

А сиз болсо, «кыргызым!» – деп, күйүп-бышып
келдиңиз,
Тарых бетин кучактасын, «Кыргыз үчүн
кызмат кылып берген!» – деп.

Эми сизге, кийинки муун сый көрсөтөөр убагы,
Канчалаган зор кубаныч, бакты-таалай бу дагы.
Куттуктапшат чын жүрөктөн таякесин жээндери,
Куттуу болсун алоолонгон алтымыш жаш курагы!

***Надырбек уулу Нурбек. 15. 09. 2007.***

## АРГЫМАК ЖҮРҮШҮҢДҮ ЭЛИҢ КӨРСҮН!

*(Агам Ө. Дөлөевге)*

Дүбүртү алтымыштын чалып күүсүн,
Арзууңду акындыкка арнап бүтүн.
Жаралып эл-журтуңдун намысына,
Агатай, акын болуп төрөлүпсүң.

Күлгүн жаш, күмүш курак жандап өтүп,
Кутман кез, кут куракка жөлөнүпсүз.
Өмүрдүн балдай таттуу даамын татып,
Мөмөлөп, шагын ийип көгөрүпсүз.

Бийиктеп, кулач жайган зоболоңуз,
Кол жеткис закымдарга көтөрүлсүн.
Өмүрдүн көчүн улап, сапар тартып,
Ыр дүйнө бир өзүңө чөгөрүлсүн.

Татыктуу талантыңа күбө болуп,
Эл-журтуң кубанчыңды бирге бөлсүн.
Алтымыш асыймын деп чаалыкпагын,
Аргымак жүрүшүңдү элиң көрсүн!

***Динара Ысаманбетова.***

## НАРЫНЫМ, ӨСТҮ УУЛ-КЫЗЫҢ

*(«Ыйыгым-элим, мекеним» китебинен. «Бийиктик» – 2009. Үзүндү. 40–41-беттеринен)*

«Ак-Талаанын Алыкулу Өмүрбек Дөлөев» деген,
Руханий байлыктарды акылына чөгөргөн.
Залкар адам туулган жерди туу тутуп,
Сыймыктанып, Мекенинде өсүп көгөргөн.

Туулган жерин туу тутуп, барктай билген,
Айткылачы, туулган жерин ким бар сүйбөгөн?!
Укмуштай акылы жетик, ойлору терең,
Эли сүйүп, Өмүрбекке өтө туура баа берген.

Кадырлап, сыйлап, Ак-Талааны ардактаган,
Ак топосун, чаптарын алтынга алмашпаган.
Өмүрбектин руханий байлыгы өтө терең,
Көзү өткөн улууларга, тарыхына баа берген.

## БИР ТӨРӨЛГӨН АЛЫКУЛГА ЭГИЗДЕЙ

«Терең ойлуу Өмүрбек Дөлөев!» – деген,
Ала-Тоого Айдай жарык көрк берген.
Адамдык сапат акылына айкашып,
Арбап жазат алтын тамыр сөз менен.

Асыл ойлуу, сыры терең деңиздей,
Бир төрөлгөн Алыкулга эгиздей.
«Ала-Тоонун Алыкулу» дешет эл,
Ар бир сөзү оозго татыйт мейиздей.

Айтчу сөздөн ар убакта жаңылбайт,
Ууланганды сөзү менен дарылайт.
Акылга бай, сөзгө чебер Өмүрбек,
Ач кыйкырык, куу сүрөөнгө багынбайт.

«Лауреат, өзгөчө эмгек сиңирди» – деп айтылат,
Медаль, белги көкүрөктө жаркырайт.
Союзга мүчө, облуста ардактуу атуул,
Айдан, Күндөн, жылдыздардан сөз сурайт.

Бар бол, бир бол элиң менен Өмүрбек,
Сенин сөзүң ким айта алат төгүн деп.
Алган наамың, сыйлыктарың кут болсун,
Узак жаша, чөбүрөлөр камын жеп!

*Күмүш Суранова.*

*19. 04. 2008-ж. (Жогоруда аталган китептин 70-бетинен)*

## АК-ТАЛААНЫ СҮЙГӨН АКЫН

Эргип-эргип ыр жазган,
Эринип турбай шыр жазган.
Коомдогу болгон иштерди,
Кошмосу жок чын жазган.
Далилин таамай келтирип,
Далайлардан тың жазган.
Өмүрбектин ырлары,
Өзүнчө эле бир дастан!

Ак-Талааны сүйгөндөн,
Ак дилдикке күйгөндөн.
Өмүрбектей жок чыгаар.
Өрнөктү ойго түйгөндөн.
«Энциклопедия» болуп элине,
Элдик салт, наркты үйрөнгөн.
«Ак-Талаанын Алыкулу!» – деп,
Күйөт ал жан дүйнөндөн!

***Дайырбек Аалыбаев, төкмө акын.***
*Бишкек, 2009-ж. Декабрь.*

## ПАРОДИЯ

*Ө. Дөлөев. «Чын дилимден рахмат»*
*«Үмүт оттору. 190-бет.*

**Мына бүгүн, чыккан күнү айыбым,**
**Жаңы гана көрдүңөрбү таңданып?. .**
**Турмуш деңиз, чөгө түштү кайыгым,**
**Турдум алсыз, секирүүгө камданып.**

**МЕН:**
Буга чейин айыбым чыкпай жүрдү эле,
Мага карап, кими кытмыр күлдү эле.
Топураган көп жолдоштор жанданып,
Кезиккендер ызаат кылып, билди эле.

Эми минтип, чыгып калып айыбым,
Бир айласын таппай турам жанымын.
Таарынгансып, чөгүп кетсе болобу,
Кечээги эле түшүп жүргөн кайыгым.

Секирүүгө кайыгыма калкыган,
Камынам да, кайра жээкке тартылам.
Чындыкты айтуу айып эмес чынында,
Деймин дагы, түшөм анын артынан.

*Ниязбек Бердалиев.*
*«Мен киммин?» китебинин 68-бетинен.*

## АЗ ЭЛДЕН ЧЫККАН АСЫЛДАР

*(Ушундай аталган китепте, 35-бетте. Үзүндү)*

Акындык шыгы билинген,
Адам бар «Эмгек сиңирген».
Ак Мөөрдүн тактап жердигин,
Арыбай, талбай жүгүргөн.

Акынды Дөлөев деген,
Ардактап, сыйлайм бүгүн мен.

Артык жан дейм бул өзү,
Ак-Талаанын бир өзү.
Жазуучулар Союзунун,
Жападан жалгыз мүчөсү.

Жан дүйнөсүн кыйнаган,
Жалыны ичке сыйбаган.
Жакшылык болсо жеринде,
Жар сала калып ырдаган.
Таасын жердештеринин,
Таржымалын жыйнаган.
Тарыхын жазып элинин,
Тастыктап келет кыйладан.
Мекенин сүйгөн бул адам,
Мекенчил эмей, ким анан?!.

*Карыпбек Асанов.*

## КУТТУКТАЙБЫЗ КУТМАН КУРАКТЫ!

*(Акын Ө. Дөлөевдин 65,*
*жубайы Айнаш Арыкованын 60 жашына)*

Алтымыш беш, алтымыш-эки туудай,
Дайра болуп бирге аккан эки суудай.
Эл алдында төбөсү бийик турган,
Эки түгөй -баш кошкон эки Кудай!
Чалкыган көл бул турмуш, ата-апабыз
балапанын ээрчиткен эки Куудай!

Карылыкта дөөлөттүү көп жашасын,
Ден-соолукта кайгысыз, төп жашасын.
Жазга бөлөп, гүлдөтүп дагы-дагы,
Жашоо деген өмүрдүн көрк калаасын.

Түбөлүккө өрнөктүү бүлө аталып,
Бутактатып өстүрүп көп баласын!

Эсен койсун Теңирим алтын башты,
Бүт баалашат силерди калкың жакшы.
Өмүр тоосун жыл сайын ашып шаңдуу,
Башыбызда жүргүлө жаркын, нарктуу.
Уул-кыздар, небере, бир туугандар,
Куттуктайбыз ак дилден кутман жашты!

*Балдарынын, неберелеринин атынан* ***Сыймыкбек, Нурайым.***
*(«Айыл турмушу» гезити. Октябрь, 2012-жыл)*
*«Теңир-Тоо» гезитинин жамаатынан да куттуктоо жарыяланган. («Теңир-Тоо». 9. 11. 2012.,*

## МАЗМУНУ


Улуулар жолу – урпактарга ........ 3
Чоң атам Акымбек ........ 5
Бир белги болсун бүгүн урпагындан ........ 5
Атам Дөлө ........ 15
Апам Сейне ........ 37
Өмүр таржымалы ........ 53
Талант мөмөлөрү ........ 59
Акынга ар кыл жылда айтылган ак тилектер ........ 68
Арымың артыла берсин! ........ 83
Акындын көчөсү ........ 85
Поэзия, кайдан жүрүп жолуктуң?!. ........ 87
Казыбек ........ 91
Өмүр көчү улана берсин... ........ 91
Элесимде акын жаштыгы... ........ 93
Баетов айылынын алгачкы Ардактуу атуулу ........ 96
Кыргыз поэзиясынын антологиясы ........ 97
Кыл калем чеберлеринин көргөзмөсү ........ 99
«Адабий окуу» китебинде ........ 99
Акын ырлары котормодо ........ 100
«Тил, адабият жана искусство маселелери» журналында ........ 100
Адабий кече – ааламга жолго аттантат (1993, сентябрь) ........ 101
Жөрөлгөлүү журналист, демилгелүү акын ........ 101
Акын жана журналист Өмүрбек Дөлөевге ........ 104
Ала-Белден акын иниме ........ 104
Аркардын сакасын өкчөсөк ........ 105
Тандап алып сөз өнөрдүн жакшысын,
Өмүрбек тапты ыр жазгандан бактысын. ........ 108
Уютку алсам деп жүрөм ........ 109
Райаялдар советинен арноо ........ 110
Классташым – кымбатым ........ 111
Сиз өндөнүп ыр жазууга ашыгам ........ 112
«Ак-Талаанын жылдызы» аталдыңыз ........ 113
Көрктөнүп, өмүрлөргө жарык ага ........ 115
Аккууга окшош түгөйлөр ........ 115
Журналистиканын баба дыйканы боло бериңиз ........ 117
Урматтуу Өмүрбек Дөлө уулу! ........ 117
Ардактуу Өмүрбек Дөлөев! ........ 118
Кадырлуу Өмүрбек Дөлөев! ........ 118
Дили таза инсан ........ 119
Сур күлүк ........ 120
Өмүрбектин өмүрү эли менен ........ 121
Акын Өмүрбек Дөлөевдин автордук кечеси салтанаттуу өттү ........ 122
Көркөм дүйнөнүн шаңшууру ........ 122
Өмүрбек иниме ........ 126
Көркөм сөз чебери, мырза өмүрбек замандашыма ........ 126
Автордук кечедеги куттуктоолордон ........ 128
Кудайым сизге узак өмүр берсин! ........ 128
Кийдиң тандап, «поэзия чепкенин» ........ 129

Арноо ........................................ 130
Кош аргымак тең чабылсын байгеге! ........................................ 130
Ак-Талаанын аздектеген кулуну ........................................ 132
Пародиялар........................................ 133
Ө. Дөлөев: «Чын дилимден ырахмат» ........................................ 133
Ө. Дөлөев: «Тоолордо текелер көп ........................................ 134
Алты карыш» ........................................ 134
Ө. Дөлөев: «Кайырмак салып олтурам» ........................................ 134
Сен жашоонун жарчысы........................................ 135
Акын өзү Алыкулдун иниси ........................................ 136
Сенин бактың........................................ 137
Өмүрбекке ........................................ 138
Кааларым сага ден-соолук! ........................................ 138
Ак батамды арнаймын ........................................ 139
Акындын болсун ириси! ........................................ 140
Ыр болуп сизге келсин күндөр шашып! ........................................ 140
Ө. Дөлөев: «Бул дүйнө-музыка» ........................................ 141
Ө. Дөлөев: «Орус кызына» ........................................ 142
Ө. Дөлөев: «Эки ашык» ........................................ 143
Нөшөрдөй ырың менен бактылуусуң!........................................ 144
Сен мекендин чырпыгы........................................ 144
Өзүңдөн өрнөк алып, ыр сунайын!........................................ 145
Кудурет сени колдосун!........................................ 145
Акын Ө. Дөлөевге........................................ 146
Ден-соолук тилейм Өмүрбек!........................................ 146
Тата бер даамын турмуштун ........................................ 147
Аке, алганың менен тең кары! ........................................ 148
Дүбүрт........................................ 149
Кылымдарга агып турчу суудайсың!........................................ 150
Элге берген бакты........................................ 151
Шофер болуп иштеген........................................ 152
Кошунанын жылдызы........................................ 153
«Өмүрбек мектебинин» окуучуларыбыз ........................................ 154
Финансист болуучу........................................ 155
Кайда жүрсө алдыда ........................................ 156
Ар убак ыры бизге жолдош болуп ........................................ 156
50 жылдык маарекеден........................................ 158
Айыл эли акын менен жолугушту ........................................ 162
Ө. Дөлөевдин 50 жылдык маарекесинин өтүшүнөн акын
Ак-Талааны даңктаса, Ак-Талаа акынды даңктады ........................................ 163
Урматтуу Өмүрбек Дөлөевич!........................................ 163
Элүүдөн эч бир ийменбе!........................................ 169
Өркөнүң өссүн Өмүрбек! ........................................ 170
Үзүрүн көр батанын!........................................ 170
Сенин аудиторияң........................................ 170
Өмүрбек биздин Алыкул ........................................ 171
Ак-Талаанын шумкары! ........................................ 172
Ырларың «Өмүр көчү», ага!........................................ 173
Жүздөн нары ашкының!........................................ 174
Спонсор болуп беремин ........................................ 175

Элүү жаш эми сизге кубат болсун! ........ 176
Кантип жазбай коё алам... ........ 177
Ден-соолук каалайм эң таза! ........ 179
Эки өнөр-элүүң кут болсун! ........ 179
Аман бол балам саламат! ........ 181
Тайторудай арыш кер! ........ 183
Өмүке, элди даңктадың! ........ 186
«Өмүр көчү» китеби ........ 188
Ак-Талаанын кутусуң! ........ 190
Карылык батам тийсин! ........ 192
Мен үчүн күн нурундай тийип турган ........ 195
Бапестеп багып жүрөк ........ 196
Ыр дүйнөсүн ........ 196
Үйүңүзгө кут кирсин! ........ 197
Эл сыйлаган акынсың ........ 198
Агабыз-адамдыкка асыл тумар! ........ 199
Өмүрлөш болгон элине ........ 199
Өзүңө бул сапарымдан куттугум! ........ 200
Ырың сүйкүм, жүзүмө нур байлаган ........ 202
Сизди эңсеген жаштар көп ........ 203
Өмүрбек агама ........ 203
Байке, сендей кыргыз уулу көп болсун! ........ 204
Сөз гүлдөрүн белектейм ........ 205
Гүлдестем болсун арнаган! ........ 206
Тост көтөрсөк акын үчүн деп ........ 207
Акынга 2006-жылы, 16-октябрда, «КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер» наамы президент тарабынан берилген. Анын күбөлүгүн райондун 70 жылдык салтанатында «бермет-жал» Ат майданында маданият министри Султан Раев тапшырган. ..... 209
Наам алгандагы куттуктоолордон ........ 209
Өмүрбек сыймык төрүндө ........ 210
Сиздин сыйлык-ар бир Ак-Талаалыктын сыйлыгы жана сыймыгы! ........ 211
Ак-Талаа экөө ажырагыс түшүнүк ........ 212
Тарых чындыгы ........ 214
Жаңы дем менен жазыңыз ........ 214
Акын уулубузга ак батабыз тийсин! ........ 215
Акындын 60 жылдык салтанатынан ........ 216
Кутман курак кут болсун! ........ 222
Өмүрбек өмүр кушундай ........ 225
Активдүү финансист эле ........ 228
Гезит тарыхында биринчи ........ 230
Эмгеги элдик уул ........ 231
Агабыздан эл турмушун окуйбуз ........ 232
«Үмүт отунан» жылынабыз ........ 233
Жаштарды сүрөөгө алып, көтөрүүдө ........ 233
«Талант» деген ажары-бил, элимдин,
«Талант» деген күзгүсү-бил, жеримдин! ........ 234
Акындар-акынды даңкташат! ........ 234
Жаш эле бойдон жүрүңүз ........ 237

Толубайдай саяпкерсиз талантка ........................ 237
Жүздөн ары ашыңыз! ........................ 238
60 жаш-акын үчүн 30 жаш! ........................ 239
Агатайым бүгүн да, эртең кылымдарда! ........................ 240
Түшүнсөк, эртең жомок тарых сөзү ........................ 241
Ийгиликтер жылоолосун! ........................ 242
Кубанычым-куттуктоом! ........................ 243
Сый тутуп сиздей инсанды ........................ 244
Бакыт кушу башыңыздан кетпесин! ........................ 246
Кубанабыз таланттар, куттук айтып! ........................ 246
Алыкулдай ыр жараттың өмүрлүү ........................ 247
Тоюңуз менен! ........................ 248
«Ак калтар» дастанына азил ........................ 249
Дөөлөттүү болуп өмүр сүр! ........................ 250
Күлүк сымал күүсү жанбас дегеле ........................ 251
Элдиң куту, сыймыктуубуз Сиз менен! ........................ 252
Мараага келет акын караан үзүп ........................ 252
Тилегим ........................ 254
Жери айтылат эрлер даңкы чыкканда,
Жергем толсун күндө жакшылыктарга! ........................ 255
Куттуктоолор куш болсун, ........................ 255
Юбилярга кут консун! ........................ 255
Куттуктоолордон ........................ 255
Жердешибиз желектей баарыбызга! ........................ 258
Айтылуу уул чыгып алтымышка,
Ак тою эң чоң майрам калкыбызда! ........................ 290
Ак-талаадан чыккан айтылуу талант ........................ 290
Он үчүнчү редактор ........................ 296
Өмүрбек-ак шумкардай туурубузда,
Урмат-сый-талант ээси уулубузга! ........................ 300
Карылардан сөз кенин казып алган ........................ 300
Жакшылыктардын себепкери ........................ 302
Бирге иштешип келебиз ........................ 305
Ак-талаанын алтын калеми ........................ 305
Акынга арбак дагы ыраазы ........................ 307
Жакшы адамга-жакшы сөздөр жарашат,
жакшы адамды-жакшы адамдар баалашат! ........................ 309
Эмгек, талант бактысын жасап койгон ........................ 309
Таланты тааныткан таалайлуу адам ........................ 310
Ак-Талаанын ак чабына ыр төшөңүз! ........................ 312
Бийикте бийик ойлор туулуучу ........................ 313
Түбөлүк адамдарга бакыт берет ........................ 315
Таалайлуу адам мезгил менен тандалды,
Талант тою ак-талаада шаңдалды. ........................ 316
Ушунчалык сонун той болду ........................ 320
Аппак тойлуу салтанаттуу көч күздөйт,
Жакшы адамга жакшы каалоо сөз бүтпөйт! ........................ 325
Бактылуу акын басма сөздө, ........................ 328
Сыналгыда ........................ 328
Маарекени максатына жеткиришти ........................ 330

Өмүрбектин талантын кытай эли угат........................................ 331
Ата уулун ак жалгасын!........................................................... 332
Бата менен көгөргөн адам........................................................ 334
Арноолордон ......................................................................... 336
Урматтуу күйөө балам Өмүрбек жана сиңдим Айнаш!............... 336
Өмүке, өмүрүңө кеч кирбесин! .................................................. 338
Ал эстелик өзүнө-өзү арнаган!.................................................. 339
Бул күнгө мени жеткирген ........................................................ 339
Өркүндөсүн, өсө берсин талантың!........................................... 341
Айтаарлык адам экенсиз .......................................................... 343
Акын Өмүрбек Дөлөевге............................................................ 344
Жүрөгүңдүн бир бүдүрү ............................................................ 345
Калганча ............................................................................... 345
Акын жашайт арабызда ........................................................... 346
Жараткан берсин ден-соолук!................................................... 347
Көргүн иним, ......................................................................... 348
Бул турмуштун убайын! .......................................................... 348
Куттуу болсун кутман курак тоюңуз!........................................ 349
Аргымак жүрүшүңдү элиң көрсүн! ........................................... 350
Нарыным, өстү уул-кызың ....................................................... 351
Бир төрөлгөн Алыкулга эгиздей................................................ 351
Ак-Талааны сүйгөн акын........................................................... 352
Пародия ................................................................................ 353
Аз элден чыккан асылдар......................................................... 353
Куттуктайбыз кутман куракты!................................................. 354

**Өмүрбек Дөөлөев**

**ӨМҮР АШУУЛАРЫНДАГЫ ИЗДЕР**

Дизайнери *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Басууга 20.06.2017-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84$^1/_{16}$.
22,5 б.т. Нускасы 500.

«Улуу тоолор» басмасы.
Бишкек ш., Ю.Абдрахманов көчөсү, 170 А.